ТОКТОШ АБДИЕВА



# БАЛА ЖАНА ААЛАМ

2018

*ТОКТОШ АБДИЕВА*

# БАЛА ЖАНА ААЛАМ

(Повесттер жана аңгемелер)

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1867

Бишкек - 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А14

Абдиева Токтош
А14 Бала жана аалам: Повесттер жана аңгемелер. –
Б.: 2016. – 208 б.

ISBN 978-9967-28-138-7

Жыйнактагы чыгармаларда, Ааламды сактап турган наристелердин адам болуп калыптанышына, жаратылыштын таасири зор экени чечмеленет.

А 4702300100-16
ISBN 978-9967-28-138-7

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
© Абдиева Т., 2016

# ПОВЕСТТЕР

# БАЛА ЖАНА ААЛАМ

## *Жол боюнда*

Берекеси төгүлө, наксыраган жайдын аптабы да оттун табындай лепилдеди. Түшкө жуук айылдын тоо тарабындагы үйүнөн алты жашар бала маанилүү жумушунан кечигип аткансып, кулун жүрүштө чыкты. Төбөсүндө ойноп, эки ийнин эңшерилте баскан ысыкты этибарга албады. Көчө мыдырап ээн болчу. Балага айыл ичи уйкудан ойгоно электей сезилди. Ага-эжелери кечээ кечинде сүйлөшкөндөй колхоздун жер-жемиш бакчасында эмгектенген энесине жардамга кетишкен. Энеси балага,– сен мага көп жардамдаштың, эртең каалаганыңдай эс ал,–деген. Желе басып келатып, чакан эки көчөнүн кесилишине жеткенде буйдала калды. Себеби чыгышка түз кетсе жол бир топ узарат. Анын үстүнө ал көчөдө уйкусу качкан ажаан иттер бар. Ушуларды эске ала, төмөн кетчү тар көчөгө бурулду. Бурулаары менен таман тийип-тийелекте, бырыксый көтөрүлгөн боз топуракты уюлгута таскактады. Шашканы айылдын көл тарабында жашаган тайатасы Абдыкеге барып жомок айттырмак. Кандай жомок угаарын кыялына жууштура албады. Кыштактын жүлүнү сымал, дал ортосунан өткөн кара жолго жеткенде тык токтоду. Ата-энеси кулагына куйгандай, кара жолдо машине барбы, жокпу, оң, солго алактабай кароого тийиш. «Ашыкпаган киши араба менен коёнго жетет,» дейт атасы. «Коён арабага өзү түшөбү, ыя? Мүмкүн ал коён эшектей кырчаңгыдыр. Аны кантип билсе болот, ыя?»– деп өзүнө суроо салды. Бирок, «Баланын иши чала,» дегендей коён жөнүндөгү оюн унутуп, кеңсе тарапты карады. Адамдарды караңдаган караанынан таанууга аракеттенди.

Кара жолдун боюндагы башкарманын кеңсесине тизгиндеш жайгаштырылган имараттардын тобу айылдын маданий борбору сыяктанчу. Мектеп, төрөт үйү, гараж, кампа, дүкөндөр, мончо, бала бакча, почто, аптека, клуб, радио түйүнү биринен бирине өтүп, жолдун эки тарабын ээлечү. Ата-энеси менен бул имараттардын бирине киргени

бала үчүн чоң салтанат эле. Эми борборду суктана, каадалуу, жаймажай тиктеп турду. Каадалуу турушунда жолдун батыш, чыгышына көз чаптырды. Кыштактын баш-аягы жол менен жарышкандай чексиз бүбүлдөдү. «Ой–иий,– бала таң кала күбүрөдү,–жол биздин айылды ээрчитип, кайда алып кетет, ыя? –Ойлоно түштү.– И, эстебедимби, жол космоско барат,»–суроосуна жооп тапканына сүйүндү. Кайра жообунан күмөнсүдү. Себеби, мектептеги жогорку класстын окуучулары космос деп асман жөнүндө кеп кылышат. Түшүнүксүз сөздөрдү айтып, талашып-тартышат. – Жол башы космосто эле,–деп койду кайра өзүн ынандыра күлмүңдөп. Бирок, жол аягы кайда такалаарын билбегендиги үчүн шаабайы сууй түштү.

Кара жолдун асты жагына өтөөрүндө сол тарабынан машиненин үнү угулду. Жалт карады. Апакай «Волга» экен. Күнгө чагылыша зуудап өтө берди. Балага «Волгада» бараткандар өзгөчө адамдардай туюлду.

–«Булуттай аппак, шамалдай тез экен. Космоско уччу «Волгадыр,» – кыялына ишенди. Өзүнүн да булуттай удургуп, шамалдай сызгысы келди. Шамалдай сызса тайатасы айткан төгөрөктүн төрт бурчун тез эле айланып, космосто отуруп калаарын элестетти. Элести карегинен чыгарбай шамалга айланмак болду. Төшүн кере, колдорун эки жакка жайып, башын чулгуй жүткүнө калды. Жол ортосуна түшүп сызаарында ак «Волга» кеткен тараптан кызыл «Жигули» көрүндү. Кыялы чачыла кетенчиктеди.

Бала бул эки маркадагы машинаны өзү айткандай түркүн «көйнөк» кийсе да жаземдебей тааныйт. Колхоздун «Волгасын» башкарма, «Жигулисин» айылдык кеңештин башчысы айдатчу. Эки сый машинеден башка залкайган трактор жана жүк ташуучу машинелер бар. Машинелердин бирин баланын атасы Жумаш айдайт. Атасы айдаган машиненин кабинасына отуруп калса баланын кубанычы койнуна батпай кудуңдайт. Жумаш өз ишине бүйрө, акты карартпай таза иштеген киши. Айдаган машинесин колхоздуку дебей жеке менчигиндей бапестеп, карегиндей сактайт. Жол тандап этият айдайт. Гаражда иштегендер, «жоргодой таптайсыз аба»–деп там беришет. Талаа жумуштарына чыкчу колхозчулар: «Жумаштын машинесине

–Кетпесең кой,–деп колун шилтей тайатасыныкын көздөй зымырады. Тайатасынын үйүн айылдын кайсы тарабында жүрбөсүн көзүн жумса да табат. Тайатасы алма багынын көлөкөсүндө үч киши менен отуруптур. Алар ырчы Садык, тамырчы Беккулу жана Борбук молдо эле. Кылымдап жашап келаткансыган бул үч адамды бала таанучу.

–Салоомалейкум,–деди тарткынчактай ийменип. Жарптары жазыла алмустактан сөз козгоп, сөздүн аягына чыгалбай аткан аксакалдар, көктөн түштүңбү дегендей, баланы чолуй караштгы да саламды жылуу алик алышты.

–Оо, Болот мырза, кел, келегой,–деди тайатасы,–баш кийиминди кийсең болмок. Баштан өткөн ысык тула бойду эзет. Мындай отуруп, сөзгө кулак сал,– астыларына төшөлгөн кара саңсаң көлдөлөндүн бош жагын жаңсады.

Кырка жээги ак, кара бучкактардын курамы менен кооздолгон көркөм көлдөлөңдү бала жакшы көрөт. Анткени, тармалдана былкылдаган көлдөлөңгө оонай жатуунун ырахаты өзгөчө. «Мындай буюмду тайенемден башкалар жасай албайт»– деп ойлойт. Себеби, башка үйлөрдөн көлдөлөң көрө элек.

Аксакалдар ар кандай доорлор, адамдар, башчылар жөнүндө сөз козгошту. Эл үчүн башын сайган баатырларды алакандарына сала сүйлөштү. Өкүнүштү. Каткырышты. Талашты-тартышты, бирин-бири толуктады. Айтор, Урум байбиче чайга чакырбаса доордон доорго өтүп, отура беришээри бышык эле. Санжыраны ырдап айтып, ырчы Садык аталган карыянын;– «Абдыке, өгүнү,–элдик мурастарды чогултуп жүрөм,–деп Фрунзеден келген жигитти мага жибериптирсиң. Төрт күн үйдө жүрүп, тажаганча жазып алды. Санжыраны Абдыке деле жакшы билет дедим. «Бул жазылгандарды борбордогу элдик мурастарды иликтөөчү жооптуу ишканага өткөрөм. Айтуучу катары сиздин ысымыңыз жазылат» деди,– деп маңдайы жарыла айтканы гана баланын көкүрөгүн уялады. Борбордо иштеген адамдарга суктанды.

Үйгө киришкенде тайенесинин дасторкону жайылуу экен. Даамы тилге жабыша былкылдай бышкан куймак жеп, камкаймак куюлган чайдан таткана ичишти. Сары

май менен балга көөлөнгөн талканга, каймак, сүзмөгө табиттери анча чаппады.

–Абдыке, жээниң санжыра, салттын маңызына тиши өтпөсө да ойноп кетпей тыңшаганына караганда чөйрөнү да, сыйды да баалаган жакшы адам болот,–деди ырчы Садык.

–Болсун, болсун! Керегени кеңитип, уукту улачулар ушулар,–деди Борбук молдо менен Беккулу тамырчы да балага ыраазы боло карап.

### *Долоно кыз баяны*

–Тайата, – бала тайатасынын достору кетээр замат эркелей кайрылды,–бүгүн да жомок айтасыңбы?

–Адеп короодо жаткан карагайдын чөркөсүн экөөлөп жаралы. Жомокту иштен чарчаганыбызда айтайын, Болот мырза, – тайатасы шашпай туруп, эшикти көздөй басты..

–Көйнөгүңдү чеччи, чайкап коёун,–деди тайенеси. Каздан качып жыгылганын билдиби дегендей тайенесин жалт карады да көйнөгүн унчукпай чечти.

Чөркө балага Чекит айдаган трактирдин дөңгөлөгүндөй чоң көрүндү. Тайатасы чөркөнүн дал ортосуна темир шынааны кагып туруп, кара балта менен кериле чапканда чөркө так ортосунан экиге бөлүндү.

–Тайата,–бала безилдей чекчейди,–чөркөнүн ичи курт экен. Тигине, тигине, кыймылдады!

–«Жыгачтын жумшагын курт жейт, Кишинин жумшагын киши жейт».

Бала тайатасын элтейе карады.

–Кишинин да мүнөзү жумшак, өзүнчө ой жүгүртө албаган оопайлары бар. Аларды шылуундар жеке кызыкчылыктары үчүн пайдаланат. Кааласа шакаба чегет. Басмырлайт. «Кишинин жумшагын киши жейт» деген ошол.

Бала түшүндүм дегендей башын ийкегиледи.

–Кайсы дарак катуу же бышык экенин билесиңби?–деди тайатасы чөркөнүн жартысын тикесинен коюп атып.

–Табылгы,–бала шыдыр шыдыр айтты.

–Туура, камчы сап, сабоо табылгыдан жасалат. Бышык да сыйда дарак. Дагы кайсы даракты бышык деп ойлойсуң?

–Оюмда эч бири жок,–бала чынын айтты.

–Эсиңе түй, долоно дарагы,–деди тайатасы.

–Долонону көргөм,–деди бала сүйүнө.

–Көргөнүңдү унутпаганың жакшы,–Абдыке баланы кубаттай сүйлөдү,–экөбүз чарчачудай эмеспиз. Чөркөнү майдалай жарып атып, долоно дарагы жөнүндөгү жомокту айта берейин. Сен угуп атып, жараңкаларды сарайдын отун жыйчу бурчуна ташый бер.

Бала милдетин аткарууга дилгирленди.

Тайатасы жомогун баштады.

–Аалам пайда болуп, адамдар өмүр сүрө баштаганда бир үй-бүлөдө кыз төрөлөт. Бул жакшылык адамдар үчүн баа жеткис жаңылык болот. Кыздын атын ата-энеси Долоно коёт. Жер жаңы калыптангандыктан бетинде чөптөн башка эч нерсе болбоптур.

«Анда биздин айыл, биз кайда элек?»– деген ички суроолорунан улам баланын көзү алайды. Сурагандан тартынды.

–Көз кайкыткан жашыл ээндикте аз сандагы адамдар менен жейрендер гана жашаптыр. Жейрендер чөптүн бүрүн жесе, адамдар чөптүн тамыры менен тамактанышчу экен. Долоно кыздын даңкын акылы жана сулуулугу чыгарат.

Күндөрдүн бир күнүндө асмандан апакай, муздак топурак себеленет. Адамдарга топурактын колго тийээр замат суюктукка айланганы жагат. Бир топ күн топуракка оонап, оюн курушат. Топурак күндөн күнгө коюлана эленет. Жер бети ак топурактан көрүнбөй калат. Адамдардын көңүлү чөгүп, күлкүсү токтойт. Үшүгөндүктөн сөөктөрү сыздап, өздөрүн кайда катаарын билбей калчылдашат. Муздак топурак өчөшкөндөй элене берет. Элене берип, калыңдыгы адамдардын тизесинен ашат. Адамдар басалбай калат.

«Жыргап чана менен жүрүшпөйт беле» деп ойлоду бала. Оюн ачык айтууга көнелек болгондуктан унчукпады.

–Адамдар ачкалык менен үшүктөн өлө баштайт. Жейрендер муздак топуракты буттары менен тепкилеп, чөптүн бүрлөрүн издейт. Бирок, бүрлөр сейрек табылат. Себеби, үбөлөнүп, ак топуракка жуурулушуп калган. Адамдар да ак топуракты тырмактап тытып, чөптүн тамырларын издейт. Жер тоңгондуктан тамырлар табылбайт. Тырмактары муздак топуракты тынымсыз тыткандыктан жарыла жарааттанат. Жарааттарынан кан токтобой алсырашат.

–«Догдурга барышпайбы, –деп ойлоду бала кабатырлана,–баса догдурлар да жок болгондур,»–суроосуна өзү жооп берди.

–Ошентип адамдардын көпчүлүгү кансырап, суукка тоңуп жана ачкачылыктан кырылат. Жейрендер да азаят. Долоно кыз бул ааламаттан адамдарды жана жейрендерди сактагысы келет. Бирок, кантип сактаарды билбей, кайгыга батып, көз жашын төгө берет. Көз жашын төгүп атып Теңирден өзүн адамдар менен жейрендерге керектүү курал жасап коюусун өтүнөт. «Тилегимди бер Теңири?» – деп тиленип атып, жайкалган дарак болуп калат.

- Долоно! Долоно! Сен дагы муздак, ак топурактын кыйноосуна чыдабай ушинтип калдыңбы?

- Долоно, бизге жердин, күндүн маанисин түшүндүрчү эмес белең. Аларды баалагыла дечүсүң.

- Долоно, сенин сулуулугуң, акылың бизди бириктирчү. Эми кантебиз, айтчы?– деп адамдар даракты тегеректей топурашат. Ошол тапта дарактын бир бутагы карч сынып, муздак ак топуракка сайылат. Жейрендер бутактын жумшак бүчүрлөрүн сугалактана жейт. Адамдар жейрендерди ойлоно карап турушуп, бутактан сындырып алышат. Сындырып алган таякчалар менен чөптүн тамырларын казып жейт.

- Долоно, сен ыйыксың. Бизди сакташ үчүн өмүрүңдү кыйдың. Атыңды эч качан унутпайбыз. Бул дарактын аты Долоно болсун! – дейт адамдар Долоно кызга ыраазылыгын билдире чөк түшүп.

Ошентип адамдардын тукуму сакталып калат. Долоно таяктын учу тийген жерлерден ар түрдүү дарактар менен жемиш бактары, эгиндер өсүп чыгат. Баса, жер бетинде таштар жана гүлдөр пайда болот. Таштар Долоно кыздын

көз жашы, гүлдөр Долоно кыздын калкына көрсөткөн урматы экен.

–Болот мырза, ушуну менен бүгүнкү жомок бүттү,–– деди Абдыке.

Бала өзү менен өзү отургансып унчукпады.

Абдыке «Жомоктун маанисине түшүнгөн эмес го» деген ойдо баланы кирпик астынан карады. Бала ичинен бир нерселерди талдагандай ойлуу эле.

–Тайата, жомок чындыкпы?– чочугандай сурады.

–Чындыктын төркүнүн табыш өтө татаал. Адам акылы жетилген сайын ак-караны элештире алакеттенип атып, чындыктын изин табат. Жомокту да талдай уккан адам андан бир тамчы чындыкты илип алат. Анткени, жомок күрөш менен үмүттүн тутуму. Долоно кыздын кенедейинен элине жакшылык каалап, жамандыктан калкалагысы келгени чындык. Ал эми кыздын даракка айланганы баатырдыктын белгиси. Ошону менен бирге көңүл кушун көкөлөтчү үмүт.

–Баары бир жомок жакшы. Уга берем, – кыял туткунунан чыга элек бала тайатасынын айтканына түшүнүп-түшүнбөй жоош момурады.

–Укканың кубандырат, Болот мырза, – тайатасы баланы баамдай карап, эскерте сүйлөдү, – азыр уккандарың кулагыңда калса маанисин эртең түшүнөсүң. Эми кийин да үйүңө жөнө. Кеч кирип кетет.

–Тайене,–деди бала көйнөгүн кийип атып,– көйнөгүм кантип күн жыттанып калды, ыя?

–Күн бүгүн жерге жакын тийди, – деди тайенеси, – сенин көйнөгүңдү бат кургасын деп күн нуру тике тийген өрүктүн шагына жайгам.

Бала тайенесине мулуңдай карап, тайатасына суроо узатты.

–Тайата, кыздар эмне үчүн коркок эмес? – Көз алдына өзүнө курбалдаш кыздын каздарды чыбыгын шилтей ийре айдап бартканы элестей түшкөн. Каздар жолдон дагы чыга калабы деген ички чочулоосу бар эле.

–Кыздар сергек. Кайраттуу, – деди тайатасы, – Кайраттуу адам эч нерседен коркпойт, Болот мырза. Коркунуч

сага жакындаганда сен андан да күчтүү жана акылдуу экенине ишен. Акыл баардык жамандыктан куткарат.

## *Керемет кокту*

1950–60–жылдардагы кетик тиш уул, кыздардын оюну да, оюнчуктары да башкача эле. Секелек кыздар колдорунан келишинче чий куурчактын түрлөрүн жасачу. Кимдин куурчак кызы сулуу болсо ага сөйкө салууга бардыгы куштарланчу. Ошондуктан секелектер куурчакты сулуу, көрктүү жасоого аракеттенчү. Бири-бирин байбиче, келин, кудагый аташчу. Чий куурчакты келбеттүү жасай албай ыйлаган секелектер да бар эле. Курбулары – Бул эркек куурчак, ушундай эле болот,–деп сооротчу.

Оюндун очогуна бышкансыган уул балдардын таманы таң аткандан кара күүгүмгө чейин Жер менен кошо айлангандай тынчу эмес. Бирок, алар ойноп атса оюнун таштап, китеп окуп атса китебин калтыра туруп, ата-энеси эмнеге жумшаса, ошол ишти бүтүрчү.

Уулдар өздөрүнө тете тапшырылган жумуштарды машинелерин дырылдата айдап жүрүп бүтүрчү. Көкүрөктөрүндө курсагымды кантип, кайдан тойгузам деген сыяктуу тиричиликтин убайымы жок эле. Чогула калышчу да бут кийимдеринин ички капталы эзилгенче жуушаң тебишчү. Чикит, токту сурамай, жөө жарыш, тай чапмай оюндарын ойночу. Машинелерин жарыштырышчу. Машинелеринин тетиктери жупуну болчу. Бир кулачтай кабелтең зым жана темир алкак табылса бүттү, машине даяр эле. Бирок, бул эки тетиктин табылышы оңойго турбаган. Зымдын колго кармалчу учун төгөрөк ийип, экинчи учун үч бурчтук формасына келтирип, ага алкакты кыстарышчу да айдап кете беришчү.

Болоттун да кол челектин алкагы кыстарылган машинеси бар эле.

–Алактап төшкө чыгып кетпе,–энеси уйду кайдан издээрине багыт берип атты,– Өстөндү бойлой, чоң кокту тарапты байка. Баса, жумуштан кийин өсүмдүктө иштегендердин жыйыны болот. Кечирээк келем. Үйгө каралаш,–короонун оозуна чейин узата басты.

–Макул,– машинесин ойдолото от алдырып атып, энесин жагалдана карады.

Жазгы алашалбырт аяктап, жер жашара жашылданган учур эле. Чоң коктунун оозуна чукул боз үйдөй сары таш бар эле. Ээндикти эңсеп, сыр түйүп калган боз уландар ташка чыгып отурганды жактырчу. Ташта эч кимдин жоктугуна сүйүндү Болот. Себеби, ташка чыгып, туш- тарапка дүрбү салууну көптөн бери эңсечү. Таштын боору атайын жышылгандай сыйгалак эле. Сандалын бутунан силкип жиберип, ташка жабышты. Жабышканы менен өйдөлөй албады. Бирок, ийреңдей тырмыша берди. Майнап чыкпаган соң таштан алыстай бир топ аралыкка басып барып, артына кылчайды. Кандай чуркаарын саресепке салгандай саал турду да ташты беттей тызылдады. Бул ыкманы мектептин спорт аянтчасындагы бийиктикке секирген окуучулардан көргөн. Ошентип балапандай канат кага күчтөнө секирип, кайрадан ташка жабышты. Таштын үстүндө жаткансыды. Козуй түштү. Абай салса буту жерге эки эле карыштай жетпейт экен. Өзүнө ачуусу келди. Алакан, таманын таштан албай жылдырып, өйдөлөөгө аракеттенди. Көшөрө тырбалаңдап атты. Жогорулап бараткансыды. Көпкө тырбалаңдады. Шымынын шыпырылып баратканын да байкабады. Тиштене ашмалтайлана, таш тытып атып, таштын үстүнө чыкты. Чекесинен куюлган терин сүртө өрөпкүй маашырланды. Баятан жанбүлөгө түшүп атып чарчаса да тизе бүкпөдү. Эгин талаалары, токой, көл үзүлүп, кесилбей тегиз көрүндү. Ооба, асман алдында баары бир бүтүндүктө туташ жатты. Жадакалса ийреңдеген ичке жолдор да кооз көрүндү. Бул ажайып көрүнүшкө таң калды да суктанды. –Космос ушул,– деди кыялдана,–мен космостун борборунда турам. – Өзүн ишенимдүү сезди. Көз жеткен жерде баладан башка адам жок эле. Кыштактын тоо жагында чыгыштан батышты көздөй чоң суу акчу. Ошол гана байыркы күүсүнүн аягына чыгалбай, күңгүрөнүп атты. Суунун эки жээги ит мурун аралаш майда бадалдуу токой эле. Бадалдар жыш болгондуктан токойго мал түгүл тайгандар тумшук сойлото алчу эмес. Токойдун чоң коктунун оозуна тушташ четинен каалгый баскан эки адам чыкты.

–Ой–иий,–деди бала жанында бирөө тургандай, чочуй да таңдана,–тигиниси Чекит го, ыя?

Чекит дегени пастек бойлуу, кең далылуу, тууралжын жигит. Трактир айдайт. Жолдоштору тамашалап Чекит атап жүрүп, ага бул ысым биротоло ыйгарылып калган.

–Тигиниси ким, ыя?–Бала экинчисин таанбай атты. Дүрбүсүн пайдаланды. Дүрбү дегени бармак, сөөмөйлөрүн тийиштире, манжаларын алаканын көздөй түтүкчөлөнтүп, көзүнө такай коёт. Дүрбүсүн оң, солго тегерете жүткүнө карап атты. Баары бир экинчи адамды таанбады. Дүрбүсүн нечен ыкмада колдонсо да натыйжа чыкпады.

–Ой атаа, дүрбүгө батпаган солдогой тура,–экинчи адамды таанбагандыгы үчүн ичи ачыша жалп отурду.

Экөө дүнүйөсү түгөлдөй жайкала басып баратты.

–Ии–ии,–деди бала негизги нерсени эстегенине сүйүнө,–«жапма челектер» го.

«Жапма челек» дегени спирт ичимдиктери жаштардын бүйрүн кызытып, айылды аралай баштаган. Жаштар карыялардын көзүнчө ичпегени менен ар кандай айыңдар дүрт эте, көпчүлүктү кооптондурчу. Кийинки учурда айылдан окчунураак токойдун четинде ичкиликтин бош бөтөлкөлөрү тоголонуп калаарын айтышчу.

–«Кайдандыр ооп келген бейбаштар жаштардын атын булгап, айылыбызга шек келтирүүдө.»

–«Жаштардын айрымдыры азыткыларга кошулуп, «жапма челектикке» ыктаган шекилдүү. Бул башталыш жакшылыкка алып барбайт,» – деп орто муундан жогоркулар чочулачу. Ар кимиси өз уулун колдон чыгарбаска тырышчу.

Бала экөнө чуркап жетип,– силер «жапма челексиңер»,–деп айткысы келди. Бирок, уйду табыш керектигин ойлоду. Уйдун кол байлаган макоолугуна кыжырланды. Эртең менен энеси уйду,– көк жыттасын,– деп көчөдөгү кол арыктын жээгине чыгарган.

–Боор ооруса, боорго тепкен былчыгый. Сен тентип кетпегенде...– Бала күбүрөнө кейиди. Кейип атып, таштан көчүгү менен сыйгалана түштү. Сандалын бутуна илип

атып, «уй коктудабы же Коңурдун жонундабы?» –деп ойлоду. Төлгө салмай болду. Сол алаканын жаая ага чыйт түкүрдү.

–Ачык айтып, ак сүйлө. Уй кайда?–деп оң алаканынын кыры менен түкүрүктү бөлө чапты. Түкүрүктүн жарымы көл тарапка ыргып, жарымы сол бутунун жанына түштү.

–Көл азыр муздак, – деп койду каадалуу кобурап,– былчыгый энем айткандай коктуну майкаңдап аткандыр. Ошол жактан карайын, – ушул бүтүмүн туура тапты. Машинесин кылдырата коктуну беттеди. Майда тамчылар тамчылады. Асманды жалт карады. Кербен жүрүштөгү булуттар батыштан чыгышка удургуп, асман жолдорун талашып аткан сыяктанды. Машинесин өңкөңдөтө тездеди. Уй коктунун башындагы мал туягы тийелек шакектей түздүктө экен.

–Ой–иий былчыгый, коктунун оозуна батпай, төрүнө чыккан тура,–үнүнөн наарaзылык сезилди. Коктунун ичи иримдене тунуп, күүгүм талаш маалын элестетти. Мурда бул залкайган коктунун ичин көргөн эмес. Машинесинин дөңгөлөгү ыргый бергендиктен колуна ала коюп, уйдан көзүн албай тызылдады. Жамгыр көйрөңдөнө дабырап, бала менен жарышып келаткансыды. Ооба, балага ошондой туюлду. Эки жагын караганга шаасы жетпей, чимирилди. Аба муздак тартып, жамгыр шатырата төктү. Бала уйга жеткенде энтиге делдейди. Уйдун тумшугунун учунда апакай музоо жатыптыр. Ал башын калтаңдата, буттарын жыйалбай бышкырынып атты. Уй музоону тынымсыз жалай берди. Бала музоону тургузмакка жанына тизелей калды. Ушул тапта тоо-ташты чакмак алчудай күн күркүрөп, чагылган чартылдады. Чочуган бала кармана албай, музоого катар жата калды. Корkконунан да, үшүгөнүнөн да денеси дүрүлдөй калчылдады. Алма-чөлмө суу болгонун, уй музоосу менен кошо жалап атканын билбеди. Калчылдап жатып, тайенеси үйрөткөндөй келме келтирип, Кудайга чын ыкласынан жалынып, жардам сурады. –«О кудай, –деди кекечтене,–эл ичин, жер жүзүн бузукулардан шайтан-шабырлардан сакта. Чагылгандын огунан, зилзаладан, бөөдө кырсыктан оолактат. Элге, үй-

бүлөгө биримдик бер? Жаштарга өмүр, ыйман бер? О Кудай, биздей кулдарыңды унутпай тилегин кабылда. О Кудай...»

Ооба бала кудайга тайенесинен укканындай жалынып, бүт тилегин айтып жатты.

Эсинде, өткөн жылы тайенеси экөө дүкөндөн келатканда капыстан эле күн каардана күркүрөгөн. Чагылган жер бетин өрттөп жиберчүдөй, чоктоно ийреңдеп үрөй учура чаңырган. Анда мынчалык корккон эмес.

–Тайене, чагылган кайдан чыгат? Эмнеге чаңырат, ыя?–деген элтеңдей эки жакты карап.

–Чагылган адам баласынын эгедери Кудайдын огу,–деген тайенеси,–Кудай чагылган менен жер бетин жиншайтандардан тазалайт.

–Жин-шайтан змнеге окшош?

– Алар эч нерсеге окшобойт. Адамдын ичине билинбей кирип алып, жаман иштерге азгырган азыткы. Азгырылган адамды ыймансыз таш боор, мерес кылып коёт.

–Алар кайда жашайт? – Безилдей сураган.–Мени да азгырабы?

–Алар баардык жерде, адамдардын арасында жашайт. Түңкүсүн жатаарыңда, эртең менен ойгонгонуңда, корккonуңда келме келтирип, жаман иш жасабасаң азыткылар сага жолобойт. Ошондой эле Кудайга чын ниетиңден тооп кылсаң азыткылар сенден качат. Кудай тилегиңди берсе акылдуу, күчтүү, билимдүү адам болосуң. Уктуңбу?

–Уктум,–кудуңдай жооп берген.

Уй музоо менен баланы алмай-телмей жалай берди. Жамгыр сээлдей басылып, коктунун ичи жарыктанды. Бала башын көтөрдү. Элтеңдей тура калды. Машинеси жанында экен. Эс ала түштү. Айлана ажайып мелмилдеп, Асан-Үсөн маңдайынан жымыңдады. Кареги жылдыздана жайнады. Жердин таттуу жытын ушул коктудан алгач сезди. Коктуда Карга аке баштаган аталарынын изи бар эле. Асман менен жер эриш-аркак экенин да жүрөгү туйду. Бая бозомук жашыл үй тиккен боюнча катып калчудай көрүнгөн жоогазындардын сары ооз балапандай гүл ачканын көрүп кубанды. Мындай назик жоогазындар эч жерде жоктой компойду.

КАРА-КОЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1867

–Ой,–үнү куунак чыкты,– Долоно кыз!– Коктунун жоогазындуу беттиндеги долоно дарагын бажырая тиктеди,–сен да бул жердесиңби?–Баланын наристе жылмайуусу дүйнөдөгү баардык сулуулуктун жыйындысындай эле. Долононун берметтене түйүлгөн бүчүрлөрү энесинин ончокторуна окшоду. Калтаңдай туруп, энесинин желинине жетүүгө аракеттенген музоого сүйүнө карады. Чоң турмуштун босогосун карай алгач кадам шилтегенин бала билбеди. Бул кадамы Умай эненин алаканында баскандай жеңил жана жагымдуу эле.

## *Ууз*

Күндүн нуру жерге жаңы чачыраган. Чакан бидонду аяр көтөргөн бала тайатасыныкына келди.

–Болот мырза,–атын токуп аткан тайатасы чочуй карады,– эмне мынча эрте?

–Кечээ уй музоологон,–деди бала,–ууз алып келдим. Энем муздай элегинде ичкен жакшы деди. Бышырган.

–Бали–ии, ошондой де,– тайатасынын санаасы тына, жай тартты,–жакшы болуптур. – Чий баркыт көрпөчөнү күбүп-кага ээрге салды. –Ат жабдыктарын билесиң, туурабы?– Баланы кыя карады.

–Билем. Үйрөткөнсүз,–деди бала.

–Ууз токчулукту чакырат,– Абдыке басмайылды оңдой тартты.–Илгеркилер бир кашык ууз бир күндүк азык дешччү. Мал көбөйсө короого, короодон үйгө береке кирет. Бирге экини улап, кенен жашаганга не жетсин. Эми ат чаптырганга даяр,– деди жылмая.– Үйгө кирели. Чай иче элекпиз.

–Мен дагы,–деди бала тамшана,–энем «уузду тез жеткир»– деп кубалады.

Абдыке баланын таарына туйт этишинен кызы Зыйнакандын секелек чагын көрдү. Босогосу бекемделе төрү толуп, кулачы дагы узара түшкөндөй бакыбат тартты.

–Кубалабайт, жумшады де,– балага жанаша басты.– Ата-эненин сөзүн түшүнө уккан бала жоктон барды жаратат. Түшүнгүсү келбеген бала барды жоготот. Жоктон барды жаратып, ата-энеге жөлөк болгон жакшыбы же барды жоготуп, көзгө чыккан тирсек болгон жакшыбы?

–Жөлөк болгон жакшы,– бала такалбай жооп берди.

Жаш өзгөчөлүгүнө шайкеш ой жүгүртүп, тереңди териштире албаса да тирсек, жөлөк деген сөздөрдүн маанисин түшүнчү. Тирсектен коркчу. Себеби, агасы Үсөнакундун көзүнө тирсек чыкканда ишине баралбай жүдөгөнүн унутпайт.

–Уй конокко чакырылгансып, чоң коктунун төрүнө барып музоолоптур,–деп сөз баштады бала чай маалында. Тайата, тайенеси баланын таасын сүйлөгөнүнө кубана, сөзүн бузбай кулак түрдү.

–Жаан жоош тамчылап атып эле уйга жеткенимче көнөктөп жиберди. Коктунун кырлары жоголуп кетти. Күндүн күркүрөгүнөн тоолор жарылып аткансыды. Чагылган өлчүдөй чаңырды. Кайда жүргөнүмдү билбей калдым. Бир маалда жаан басылды. Коктунун кырлары жоголбоптур. Ичи башынан аягына чейин күзгүдө жасангандай супсулуу болуп калыптыр. Бирок, тез эле кеч кирди. Караңгыдан коркпой уй менен музоону үйгө айдап келаттым. Айылдын четинен Үсөнакун авам жолукту. Сүйүндүм. Мени издеп жүрүптүр.

–Кечээки нөшөрдө калган тура бала. Залкайган ээн коктудан кыян жүрсө кантмек,– тайенеси бушаймандана сүйлөдү,–жаан дыбырай баштаганда үйгө кайтсаң болмок. Уйду бүгүн деле айдап келмексиң.

–Музоо үшүмөк да,–деди бала.

–Үшүсө жылымак. Телчиге элек музоонун туягынан көзүң өткөн тура.

–Ооба тайене, музоо көтөрүм малдай кибиреди. Карышкыр жолукпаса экен деп кудайдан тилендим. Бирок, корkконум жок,–ууздан татканды.

–Байбиче, сен бөөдө бүлүнбө. Эгерде кечээ Болот мырза уйду айдап келбесе, азыр ууз ичпейт болчубуз,–деди баятан чайынан шашпай ууртап отурган Абдыке баланы эртеңки күндөн жалтанткысы келбей.– Угуп кой Болот мырза, адам барга бапырап, жокко жонулуп жүрүп чыйралат. Кечээ жамгырды шылтоолоп басып кетпей чоң иш жасады. Ошол ишинден баарыбызга жөлөк болооруң байкалды. Коркуп отура берсең колуңдагы ашты бөтөндөр илип кетет. Сергек бол.

Бала ойлоно башын ийкеди.

–Мен энелик туюмда ашыкча кабатырландым,–деди тайенеси,–эненин жүрөгү жумшак, бат эле сыздай түшөт. Эненин жүрөгүн оорутпас үчүн кайратты атадан алган жакшы. Анын үстүнө бул аймак ата-тегиң төрөлүп, торолгон жер. Коркунучсуз.

–Тайенеңдин айтканын эсиңе түй Болот мырза,– тайатасы салмактуу карады балага.–«Жакшы тилек, жарым ырыс» деп сени мырза дейм. Илгертеден акылды пир тутуп, элге алыган жүрөктүү, шар жигиттер мырза аталган. Жүрөктүү бол.

Бала ыйык туткан эки адамына апкаарый да толкундана карады.

Тайенеси үй тиричилигине киришти.

Тайатасы саал унчукпай отуруп, сөз жалгады.

–Тириликте күтүлбөгөн жагымдуу, жагымсыз кырдаалдар көп кездешет. Дагы айтайын кечээ үй-бүлөнүн керегине жарадың. Эр жеткенде элдин керегине жарайсың. Керектүү адам болушту унутпайсыңбы?– Олуттуу сурады.

–Унутпайм,–баланын үнү чыйрак чыкты.

–Унутпаганың жакшы Болот мырза. Коркок кор болот. Коркоксуңбу же жүрөктүүсүңбү ар дайым өзүңдөн сурап жүр. Макулбу?

–Макул,– бала тирикарак жооп берди. Ошол эле замат тайатасынын эки суроосун өзүнөн качан сураарын ойлоно момурады.

## *Таш кырман*

Чоң шашкеге чейин уктаганын бала түндүктүн формасында чамгарактан түшкөн айчыктан (күн желесинен) билди. Убакыт ченемин туюткан айчык түндүктүн четинен ооп, ууктардын баш жагында турган. Айчыкты бала түсүнө шайкеш алтын мөөр атайт. Мөөрдү колхоздун кеңсесине чакырылган атасын ээрчий барып, башкарманын кабылдамасынан көргөн. Башкарманын жардамчысы мөөрдү гезиттин четине тарсылдата басып, тазалап атыптыр. Башкарма атасына,– «Фрунзеге барып, буудайдын үрөнүн алып келесиң»,– деп мөөр басылган кагаздарды берген. Ал киши

отурган бөлмөнүн жасалгасы балага укмуш көрүнгөн. Сүрдөгөн.

Чамгаракты карап жатып, ушуларды элестетти. Ошондой таасирдүү мекемеде иштегиси келди. Жуурканын серпе таштап, төшөгүнөн турду. Ышына тышка чыкты. Теребел кеч күздүн колго илинбеген түркүн боёгуна жуурулушуп, көөнө жаткан. Туштарапка түгөлдөгөндөй көз чаптырды. Туна түшүп, мурдунун учундагы кырманга тигилди. Күркүрөгөн күз башынан кечээкиге чейин бул кырмандын шаан-шөкөтү, зоболосу бийик эле. Кыскасы кутка жуурулуша доорон сүргөн. Дан эгиндеринин баардык түрлөрү сары кыр болуп үйүлүп жатчу. Кырмандын кызматындагы жаштар чарчадык, чаалыктык дешпей, шарактап, көңүлдүү иштешчү. Бала үйүлгөн дандардын төбөсүнөн ылдый куюлуп, чачыла түшкөн четин тепсендиге калтырбай, чогулта шыпырып турчу. Бул жумушту ага кырманчылар тапшырган. Суусагандарга боз үйдөгү челектен аяктап жарма алып келип берип, тынчу эмес. Кызматы үчүн балага эмгек акы төлөө жагдайы эчкимдин оюна келбеген. Себеби ал учурда баланын жашына жараша адамдардын сынына толуп, элегинен өткөнү олжо болчу.

Бала Таш Кырманга тайатасы үчүн келген. Ал киши «Туура бийде тууган жок, Тууганчыл бийде ыйман жок» дегендей колхоздун жүгүн таза, так көтөргөн киши эле. Ошондуктан ушул берекеси төгүлө, көз кычыштырган кырманга сакчы болуп берүүсүн колхоз жетекчилери өтүнгөн. Кечкисин айрым кырманчылар,–Абдыкем менен эрмектешем,–деп кырманда түнөп калчу. Боз үйдүн катарындагы жыгачтан чулгай койгон «ак сарайды» ашпозчу эки келин ээлечү. Жарма ачытылган чоң челек боз үйгө коюлчу. Анткени, боз үйдө жарма жылымык тартпай, жакшы сакталчу.

Самоор боркулдай кайнап, очоктордон от өччү эмес. Даярдалып аткан тамак-аштын жыты кырманды жайпай, иштеп аткандарга дем-күч берчү. Эми Таш Кырмандын байлыгы колунан шыпырылып, керексиздей томсоруп жатат.

Жалгыздык көңүл чөгөрөөрүн алгач сезди бала. Үйдүн жанындагы кумганды алып, жүзүн жууган болду. Илең-

салаң кыймылдап, жаткан төшөнчүсүн жыйнады. Чыгданды ачып, кол челектеги жууратан чыныга куюп жутту. Жууратты тайенеси койдун сүтүнөн уютуп, күн алыс тайатасы экөнө алып келип турчу.

Ишти эмнеден баштаарын талдагандай чайнала түштү. Үйдүн ичин сыдыра карады. Көзүнө эр жактагы керегенин түбүндө жаткан тулубу урунду. Тулубун кубана алып, тышка чыкты. Теребелди бүлкүлдөгөн муздак агым каптаганын бала байкабады. Кырманга төшөлгөн таштардын арасы ачылып калгандыктан түзөң издей аркы-терки басты. Үйдөн обочороок, ат байланчу мамынын жанындагы алакандай дыңга тык токтоду. Чүкөлөрүн чачырата төктү. Тулубун мамынын түбүнө таштап, муштумдай таш менен бастырып койду. Сакасын сылап-сыйпай, эрдине тийгизди. Оң колу менен сол колун атаандаштыра оюндун кызыгына батты. Бир оокамда муздак жел жортуп, көз жеткен жердин баары буурулдана сазданды. Коктудагы нөшөрдү эстеп, асманга серп салды. Өрө кийиздей оор булуттар уюлгуп жатыптыр. Күн булуттардын арасынан кылыя калып, кайра жоголуп, жашынмак ойноду. Булуттар заматта батышты көздөй сүрдүгө удургуду. Бала селт эте көлгө тигилди. Булуттардын асты эчак көл бетине самсаалай сугулуптур.

–Сугалактар, суусунуңар качан канат?– деп кыйкырды бала. Булуттар каткаксый суусаганда көлдөн суу ичээрин айткан тайатасы. Үйгө кирмекке чүкөлөрдү чогултуп, тулупка салды. Кыштак тарапка тигилди. Тал, теректердин оромундагы айыл дүпүйө доголонуп, тынч жатты. Айылды Таш кырман, Кум жал, Көл менен туташтырган жалгыз жолдон караан көрүнбөдү. Шылкыя түштү.

–Коркокмунбу?–Эриндери бүлк этти.

–Жок!–деди башын көтөрө.

–Жүрөктүүмүнбү?

–Ооба,–жообу үчүн ток пейил тартты. Ушул тапта жулкуна жорткон шамал башталды. Көлдүн кара көк тарта оор онтогону жүрөгүн ачыштырды. Күн башка жакка биротоло ооп кеткенсип көрүнбөдү.

–Мына сага!–деди бала. Бирок, кимге эмнеге карата айтканын баамдабады. Мүмкүн тайата, тайенесине, булутка, шамалга таарынгандыр. Мүмкүн,– коркпойм, – деп

тайата, тайенесине сөз бергенине карабай жүрөксүп атканына кейигендир.

Шамал катуулай кагынды. Көл кирпигинен тартчудай самсаалаган булуттарга жүзүн үйрө, сурдана чайпалды.

–Соргоктор!– бала баш-аламан дүмүрөңдөгөн булуттарды жек көрө кыйкырды,–Көлдү соруп бүтөсүңөрбү?!

Баланын ызаалуу үнүн коштогондой шамал бороонго айланды. Сурданган көл толкунун түбүнөн түрө албууттанды. Булуттар көлдүн бетин үздүгө тытмалай берди. Ачуусуна түтөккөн көл алкагынан чыкчудай сапырылды. Сапырылып тим болбой, бучкагына чейин түйүлө толкундарын асмандата байма-бай ыргыттты. Бороон асмандан жерге, жерден асманга чабылды. Булуттардын тойгону тоону беттей сүрдүктү. Өлө-тала көлгө жаңы жеткени толкундарга төш тиреше кара беттенди. Ороло чабылып, учуруп кетчүдөй боздогон бороондон айбыккан бала тулубун бооруна кыса отура калды. Сес көрсөтүп, таш ыргытса тоготпой, кырманды айланчыктаган канаттуулардын бири көрүнбөдү.

–Соргоктор!–баланын көзүнөн жаш куюлду.

Бороон тытына берди.

Көл толкунун толгой ыргыткан ушул турушунда түбөлүк калчудай түрпөткө келди.

Булуттар көшөрө өйдө-төмөн чабуулдаганы менен асмандын булуң-бурчуна карайлай тыгылып, бороондун айдагында калды.

Кырмандын так ортосунан куюн чимирилди. Бала куюндун кайсы тараптан келгенин байкабай калды. Кийиминин бар, жогу билинбей чыйрыкса да үйгө киргиси келбеди. Анткени, үзүк-туурдугу делбиртеген куба төбөл чакан үйдү бороон топтой тоголотчудай сезилди. Балбаалаган көз жашын этибарга албай көлдү тиктеген калыбында селейди. Ошентсе да,–корккон жокмун,–деген ишеними аны эсин жогото туш келди безгенден сактады.

Үйдүн артына, босогосунун эки жагына кагылган казыктар бар эле. Арткы казыкка узун кыл аркан так ортосунан бекем байланган. Аркандын эки канаты түндүктүн эки жагынан ылдыйта бастырылып, учтары босогонун эки жагындагы казыктарга байланган. Бул ыкма боз үйдү солк

эттирбей бороон-чапкындан сактаарын балага эч ким эскертпеген. Анткени, көчмөндүк тирлик көөнөрүп, боз үйдүн баркы, наркы төмөндөгөн. Колдонуудан чыгып, маанисиз ахывалга жеткен. Абдыке; «Боз үйдөн сөөктү гана чыгарып калдык»,–деп кейип кайра ошого да шүгүрчүлүк айтып, каниеттенчү. Кенже кызын теңине узатканда алма багынын арасына алты канат ак өргөөсүн тигип, кудаларын тоскон. Ошондо айылдаштары боз үйдү биринчи көргөндөй кызыгышып, чети оюлбай сакталганына суктанышкан. Той шааниси көкөлөй түшкөн. Бул салтанатты эки көзү тең азиз айылдык ырчы Бейшен комуздун коштоосунда даңазалаган эле.

Бала тулубун бооруна кыскан боюнча отура берди. Бороон булуттарды айдаган соң көлдүн бетинде чимирилди. Көл дал ортосунан атырыла жарылып, бороонду түбүнө түшүрүп жиберчүдөй кара көк тарта күүлдөдү. Бала атырылган тоодой толкундар токойдон серпиле, Таш Кырмандан аша айылды каптачудай сестенди. Таш Кырмандагы куюн байкалбай кандай пайда болсо ошондой жоголду. Көл сүйкүмдүүлүгү менен катар каардуу, сүрдүү экенин сезди бала. Жакшы менен жамандын жанаша жашаарын айтчу тайатасы. Кептин маңызын эми түшүндү.

Бала кечээ эртең менен Таш Кырмандан айылга кеткен. Кайра түштөн кийин тайатасын көчүрүшүп кетмекке тайенеси менен келген. Тайенеси экөнү утурлай баскан тайатасы:

–Жүк тартчу машине бүгүн эмес, эртең түшкө чейин келет экен. Чабарман айтты,–деди.

–Башкарма жумуш бүткөн соң тейпине түшкөн экен. Макул болгонуңча: «Сакчылыкка сиздей ишенимдүү, талоончулар даабай турган киши зарыл. Эски боз үйүңүздү ала барыңыз. Айыл боюнча боз үй сизде эле экен. Чатырдан алдаканча ыңгайлуу,»–деп камкор жетекчидей таттуу божурады эле. Эми күн саамыктатып калган тура,– тайенеси ачуулана сүйлөдү,–Боз үй болбосо жууркан-төшөктү атка арта салып, көтөрүнүп кете бермекпиз.

–Башкарманын жалпыга тиешелүү маанилүү жумушу көп. Колхоздун жогорулай өсүп бараткань жоопкерчиликти талап кылат,– тайатасы эч кандай таарынычы жок

сүйлөп атты,–чарбанын байлыгы баарыбыздыкы. Бир күндүн ары-бериси жок байбиче, чечилип кой?–деди да балага кайрылды.

–Болот мырза, сен тайенеңди жетелеп келдиңби же тайенең сени жетелеп келдиби?

–Чогуу келдик,–деди бала жымыңдай.

–Баракелди–ии, сөз төркүнүн боолголоп калыптыр. Байкадыңбы, байбиче? Дагы тереңдейт,–деди кубана.

–Өмүрлүү, ырыстуу болсун! Балдарыбыз төрүнө ээ болуп турса, төбөбүз көккө далай жетээр,– Урум байбиченин башкармага болгон таарынычы жазыла жүзү толукшуй түштү.

Бала тайатасын көргөндө жомоктордогу акылдуу хандарды элестетет. Анткени, тайатасынын отурган- турганы, сөөлөтү, сүйлөгөнү, жадакалса жупуну сыпаалыгы да элге алымдуу. Сыйлуу. Эч кимден жардамын аябайт.

Эл жатаар маалда ат дүбүртү алыстан угулуп, чарбакер жигит Доскул келди.

–Төргө өт. Жайчылыкпы?–Жигиттин саламын алик ала сый көрсөтө сурады Абдыке.

–Макем тумоолоп калган сыяктуу,–жигит жоош сүйлөдү,–райондук ооруканага алып кетишти. Сизге билгизип кой деди Макем.

–Катуу жыгылыппы?– кабатырлана сурады Абдыке.

–Ичим деп түйүлүп атып, кусуп жибериптир.

–Кудай сактасын, жеңил дарттыр,–Абдыке бул сөзү менен өзүн да, үрпөйө коломтону тиктеген байбичесин да тынчыткандай болду. Бирок, эки ийни шалкая түшкөн эле. Бул бошоңдогон көрүнүшүн бала да байкады. Ушундан улам бир туугандыктын касиетин боолголоду. Ага- эжелеринин эркелеткендеринде ал турмак зекип койгондорунда баа жеткис жылуулук бар экенин сезди.

–Кудай сактасын,–деди тайатасы сөзүн дагы кайталап,–таң ата баралы ооруканага. –Доскул,–жигитке кайрылды,–Түн ортосу ооду. Бүлөң тойго кеткен дейсиң биздикинде кал. Таң ата чогуу жөнөйлү.

–Санааркап отура бербей, мен да барайын,–деди Урум

байбиче,–айылга жетсек, райондон келген автобуска отурабыз. Болот,–балага карады,– эртең менен сени ойготпойбуз, уктай бер.

–Ооруканадан кайтканда кеңсеге кирип, жүк машинесин айдата келебиз. Кандай дейсиң Болот мырза?– Тайатасы кеңеше сурады,– биз менен барасыңбы?

–Ооба, чогуу жөнөйлү,–Урум байбиче ашыга сүйлөдү,– Бокентай жалгыз коркот. Биз менен барсын. –Байбичеге; «Кечигип калсакчы...» деген ой кылт эте баланы калтыргысы келбеди.

–Тайене, мен коркпойм,–деди бала,–үйдө калам.

–Мен беш жашымда жайлоодо үйдү, бир короо койду эки ит менен кайтарып, бир күнү кечке жалгыз калгам,– деди Доскул,–бул жерде кой жок, демек карышкыр чакырсаң да келбейт. Үй үстүндө жыргап уктай бер.

–Доскул ава, эмнеге жалгыз калдыңыз эле?–Бала кызыга сурады.

–Толгоо башталды деп безилдеген тайженемди таякем жакадагы төрөт үйүнө алып кеткен.

–Мен деле кала берем, коркпойм,–деди бала компоюп.

Ооруканага келишсе Мамат уктап атыптыр. Догдурлар,–сокур ичегисин алып таштадык,–дешти.

Бала асманга, жерге, көлгө алмай-телмей көз жүгүртө дале кыймылсыз эле. Доскулдун жайлоодо бир короо кой, эки ит менен жалгыз калганын эстеп, көңүлү саал жумшарды. Боздогон бороон боздоп атып эле жерге сиңгендей тыптыйпыл жоголду. Күн үлпүлдөй мелүүн тийди. Көл дале күүлдөй сапырылып атты. Жер бети чаңга чайыла таарынгандай бозорду. Бала табийгий кубулуштардын кармашы дагы башталабы же ушуну менен бүтөбү ошону билалбай кыймылсыз отура берди. Боз үй балага ыйлап аткандай көрүндү. Бир оокамда көл толкунун ичине тарта чырайына чыгып келаткансыды. Канаттуулар токойдон бириндей көтөрүлүп, бирин-бири чакыргандай сайрай баштады. Жандуу үндөн уламбы баланын кабагы ачыла ыргып турду.

–Мен корккон жокмун!–Тулубун таштай, көлдү беттеп жүгүрдү. Кайра кайрылды. Себеби, көлгө жеткенче тайата, тайенеси келээрин, издешээрин ойлоду. Канаттуулардын

жайыла учкан тобу арбып, теребел калыбына келди. Баланын кареги учкундана токойго кадалып, сулуу куштардын жайыла чыгышын күттү. Алар көрүнбөдү.

Жайкы кечтердин биринде өзү жомоктогондой сулуу, сулуу куштарды көргөн. Ошондо атасы жээктеги тоок баккандарга жем алып келатыптыр. Балдар менен ойноп аткан Болотту чакырып, кабинасына отургузуп алган. Тынбай жобурап келаткан бала Кум Жалдан өткөндө сөзүн жутуп, алая түшкөн. Өзгөчө кооз канаттуулардын машинеден качпай, жайыла басканы баланын оозун ачырган.

–Ата, булар кайсы канаттуулар, кайдан чыгышты?–деген демин ичине ала жооп күтүп.

–Кыргоолдор,–деген атасы,– ушул токойду мекендешет. Ысыкта бөгүп жатып, кечки салкында жем издеп чыккан тура.

–Боздору да кыргоолбу? Тигилерине салыштырганда комсоо экен,–бала байкаганын айткан.

–Коздору кыргоолдордун эркеги, короз аталат. Боздору ургаачысы, бозтек аталат.

–Аа–а, короздору көйрөң тура. Бозу деле сулуу,–деген бала.

Атасы унчукпай ууртунан жылмайган.

Бала кыргоолдорду суктана карай берген..

Алоолоно батып бараткан күндүн кызгылт нуру, кум бетиндеги тукур чөптөргө, эски саймадай алателек тарта, тамырлаш өскөн майда гүлдөр, камыштары сеңселген чийелүү токой кыргоолдорду огобетер керемет көрсөткөн эле. Ооба, тирүүлүктүн касиетин даңазалаган ошол кечтин элеси баланын көңүлүн дагы көкөлөттү.

Көл кармашуудан чарчагандай күрсүнө оор демигип, ачуусун кармана чайпалып атты. Теребел ажайыптана кадимки турпатына кайтты. Эмелеки одоно чаң-тополоң баланын жандүйнөсүнөн учуп кеткенсиди. Ак чардакты туурай, канатын калкылдата ойкуп-кайкый Таш Кырманды көздөй жүгүрдү. «–Учуп баратам,»– деп күбүрөп койду. Учуп баратып, айыл тараптан карегин тартпады. Аздан соң жолдон жүк тарткан машине көрүндү. Кечинде тайатасына жомок айттыраарын ойлоп кымылдады бала.

Өгүнчөрөөк «Шаймерден» деген жомокту айтып берген. Жомок мындай башталган.

–Кайсы бир заманда түмөндөгөн калк жашаган калааны көөдөй түндө жоо каптайт. Жоо уйкуда жаткан калкты баш көтөртпөй кырат. Ошол кыргында бешигинде жаткан бир наристе аман калат.

–Наристе азыр барбы?–Бала күлмүңдөй тайатасын тиктеген.

–Жомок ошол наристе жөнүндө,–деген тайатасы чыда, ук дегендей ишара жасап, айтымын улай,– Мыкаачылар наристени деле найза учуна илмек. Бирок, үйүн курчай тапыраган зөөкүрлөрдү наристенин энеси байкап калат. Уулун чечип алганга үлгүрбөй бешиги менен бакчасын аралай көтөрө качат. Мыкаачылар эненин шилисине найза уруп, бешикти ыргыта тебет.

Болот бышактап жиберген.

–Шүк, –деген тайатасы,–эркек кайратсыз болсо эл кемийт. Сен эртеңки жигитсиң. Байымдуу отуруп ук.

–Бешик гүлдөрдүн арасына көмкөрөсүнөн түшкөн экен. Бала ошол боюнча түнү бою кыңк этпей жатып, эртеси чоң шашкеде чукуранат. Ыйлайт. Маалына жеткен чагы болсо керек. Кара терге чылына ыйлап атып, бешиктен суурула жерге түшөт. Баладан башка тирүү жан жок экен. Себеби, мыкаачылар кансыраган шаарды тоногон соң өрттөп жибериптир. Бала туш келди өрмөлөп кете берет. Ой-кырларда томолонуп, колуна урунган чөптөрдү жейт. Желдей сызып, тез басат. Эки карегинин тең чырагы бешик гүл арасына көмкөрөсүнөн түшкөндө өчүптүр. Жаш баланын назик кареги гүлдүн сабагына сыдырыла түшсө керек. Ошондуктан түнү бою сулк жатып, чоң шашкеге чейин эсине келбеген чыгаар.

–Сага дагы эмне болду?– Абдыке көзүн сыйпалай бүрүшкөн баланы чолуй карады.

–Көзүм кычышып атат,–деди бала күнкүл шыбырап.

–Жаман эмес,–деди Абдыке купуя кубана,–боорукер болот экенсиң. Көзүңдү ушалай бербе, жыртайып каласың. Жыртайгың келбесе жомокко кулак сал.

–Ата Журтунун ажарын көрбөсө да алтын казыгы экенин сезген бала тентиреп жүрүп, бир күнү бешигине чалынып жыгылат. Жыгылганында ошол жерди сыйпалай тастыктап, эмнеден жыгылганын баамдачу экен. Бул жолу да бешикти кармалап, ары-бери жылдырат. Жылдырган сайын кулагына шыңгыраган жагымдуу добуш эшитилет. Бала бешикти кармалап атып, түркүк жыгачынан бармактай катуу нерсени табат. Андан жагымдуу добуш жаңырат. Бала абдан сүйүнөт. Ошондо беш жашта экен. Бармактай нерсе алтын коңгуроо болчу. Коңгуроону ата-энеси бешиктин түркүк жыгачынын баш жагына байлаптыр. Бешикти терметкенде бала коңгуроонун жылаажын добушун угуп жатып уктачу тура. Табылга балага жагат. Ушундан баштап коңгуроолу түркүктү колунан түшүрбөйт. Айрымда жөлөк курал катары да пайдаланчу экен. Анткени, түркүк коңгуроо баланы жырткычтардын азуусунан сактачу тура. Бир күнү коңгуроо кадимкидей сүйлөп, балага мындай суроо берет.

–Колуңдагы түркүккө чалынып жыгылганың эсиңдеби?

–Эсимде. Ал жолугушууну эч качан унутпайм,–дейт бала.

- Анда мен сүйлөйүн, сен уккандарыңды көкүрөгүңө түй,–дейт конгуроо.

- Укканга даярмын,–дейт бала кулак төшөй оңдонуп отуруп.

- Ошондо бутуңа урунган керемет ата-энең сени алпештеп бөлөгөн бешигиң болчу,–коңгуроонун үнү жагымдуу, жумшак чыгат. – Бешик жаткан жер киндик каның тамган калаанын так ортосу эле. Экөбүз табышкандан бери сенин дилиңе кирип, ата-бабаңдын тилин үйрөттүм. Сөз кудуретин туюнттум. Жылдар агылып, күчкубатка толуп, жигит курагына жеттин. Айланаңдагы жагымдуу-жагымсыз жагдайларды жандүйнөң аркылуу айкын сезесиң. Сени Угуз ханга ээрчитип барам. Анткени, хандын сынынан өтчү мезгилиң жетти. Хан акыл менен кайратты пир туткан кыраакы адам. Түптүү калктын түркүгү.

–Бешигим колумда турган соң ата-энем, эл-журтум өлбөптүр,–дейт бала,–мени эрезеге жеткирип, ушунча жыл коргогондугуң үчүн ыраазымын. Эми каңгыбай адамдарга кызмат өтөсөм экен. Угуз ханга качан ээрчитип барасың? –дейт.

- Бүгүн кериле жатып, уктап ал. Эртең таң супасында жолго чыгабыз,–дейт коңгуроо.

Алар Угуз хандын калаасына бир ай жол жүрүп жетет.

–Калаа абдан алыс экен э, тайата, –Болоттун көзү чекчейе түшкөн,–Фрунзеге бир эле күндө барып атышпайбы.

–Анда азыркыдай машинелер түшкө кирбеген. Негизги унаа ат менен төө болгон. Талаада өскөн белгисиз жетимге унаа кайдан табылмак. Жомокту улантайынбы?

–Ообо, ооба тайата,–Болот безилдеп жиберген.

–Ошентип алар калаанын астанасын аттаар замат коңгуроонун доошу өзгөчө укмуш жаңырат. Бул учурда Угуз хан түшкү даамын сызып аткан экен. Ашыга туруп, тышка чыгат. Калаанын эли коңгуроолу түркүк кармап, шартылдай баскан жигитти ээрчип, селдей агылып келатыптыр.

- Ассалоомалейкум урпактардын атасы! – жигит бүгүлө ханга таазим этет. Максаты калкка кызмат өтөө экенин айтат.

- Тилегиң кабыл болсун! – дейт Угуз хан. – Теңирим сени тегиз жараткан экен! Элдин карегиндеги, менин жүрөгүмдөгү жигит пири – Шаймерден турбайсыңбы!– дейт.

- Шаймерден!

- Шаймерден!

- Шаймерден!–деген үндөр туш-туштан ололойт. Толкуган үндөрдү коңгуроонун жылаажын добушу коштойт. Ошондо жигит пири Шаймерден он беш жашта экен. Шаймерден беш жыл Угуз хандын хандыгына кызмат өтөйт. Хан жигиттин жүрөктүүлүгүн, ак кызматын баалайт. Сый катары Шаймерденге киндик каны тамган, талкаланган калаанын ордуна жаңы калаа курушуна жардамдашат. Көз тайгылткан калаа акырындап төгөрөктүн төрт бурчун бириктирет. Калааны Шаймерден башкарат.

- Шаймерден укмуш кыйын экен э, тайата,– бала мулуңдай кубанган.

- Акылдуу адам Ааламды алаканынан көрөт,–деген тайатасы.

## *Дөөлөт тамчылары*

«Өтүгү жокко өзүм барам, чааны жокко салам айт» дегендей кар Октябрь айынын ортосунда эле оор түштү. Терезе айнегине тонгон сайма муздун калыңдыгынан көчө тарап көрүнбөдү. Төшөктөрүнөн тураар замат адаттарынча терезеге жабыша калган балдар селт эте, чала-чарпыт кийинип, тышка чуркап атышты. Эл жаткандан баштап таң атканча жааган кар эч качан эрибестей мустайып жатты. Муздак шамал шыбыргактай желип-жортуп, көчө да, үй да суук эле. Темир мешке жагылган от үй ичин жылыта электе балдардын каалганы тынымсыз ачканы чоңдордун кыжырына тийди.

–Сайгактабай тынчый тур,–деди энеси босогого жетип калган Болотту катаал карап.– Баятан үйгө он жолу кирип, тышка он жолу чыктың. Эми тышка чыксаң кайра үйгө кирбе. Уктуңбу?

–Уктум, –Болот сестене токтоду. Тышка канча жолу чыкканын знесинин санаганына таң калды.

–Үй да, өзүң да жылыгандан кийин төрт жагың кыбыла,–деди энеси уулунун муздак боткодой былтыя калганына күлкүсү келип.

Зыйнакан балдарынын жүрүш-турушун катуу көзөмөлдөчү. Анткени, оюндан башкага көнүл бөлбөй, ээн баш басып көнсө, келечеги кандай болот деп бушайманданчу. Балдарынын бирөөгө күңкор болбой, өз киндигин өзү кесип, чыйрак жетилишин самачу.

От тутана чоктонгон соң Зыйнакан мештин оозун аяр жапты. Таарынды деген ойдо жан дүйнөсү бүлүнө уулуна карады.

–Тышка чыксаң жылуу кийин,–деди көкүрөк күчүгүнө ичи эзиле.– Жылуу кийинбесең суук сени кардай катырып, тоголоктоп коёт.

–Атам мал сарайдын үстүн күрөп аткандыр. Жардамдашайын,–деди бала жарпы жазыла кудуңдап.

–Эмне кууланасың?–деди энеси кабагын үйрө.–Атаңды сен ойгоно электе башкарма чакыртып кеткен. Же сага короодон жолуктубу?

–Жок, жолукпады. Койлорду сугарганга өстөнгө айдап кеткендир дегем,–бала ыйламсырай жалтаңдады.

–Кайпактаба. Короодогу карда койлордун изи жатабы?–Энеси ачуулана сурап, чакадагы суудан чайнекке куюп, мешке койду.

–Карда атамдын, анан мектепке кеткен ага-эжелеримдин издери жатат,– күнөөсүн сезе шылкыйды.

–Тышка чыгаарың менен өстөнгө чуркабадыңбы. Оюнда өстөндүн суусу тоңду. Муз тебем деп сүйүндүң.

–Энеке, туура эмес айттым,–деди бала карегинен жаш тоголоно,–мындан кийин жалган сүйлөбөйм.

–Бул дөөдүрөгөнүң биринчи да акыркы болсун. Эч кимге айтпайын. Мени алдоого ниеттенгениңди бир эле киши укса бүт айыл сага ишенбей калат. Билдиңби?

–Билдим,–бала көз жашын сүртө ушаланды.

–Өстөндөгү суу бир айдан кийин тоңот. Муз тепкенге жетишесиң,–деди энеси жумшара,–атаң Фрунзеден буудайдын жаңы үрөнүн алып келет экен. Сага тумак сата келет.

–Мурда деле үрөн алып келбеди беле,–деди бала кабагын чытый.–Кыш түшүп атса үрөндү эме кылат башкарма?

– Үйрөн башкармага эмес, колхозго керек. Жаздын камылгасын кышта көргөн жакшы. Мурда алып келгени күздүк буудайдын үрөнү болчу. Ошонун нанын жеп атпайбызбы. Үрөн жакшы экен. Кырман тиреле толбодубу. Сен да кырмандын тиричилигине, көпчүлүккө аралаштың. Бата алдың. Буюрса белгилүү, чоң адам болосуң.

–Окуй элекмин да, окубай эле чоңоёмунбу? –Бала мектепке барбай калчудай чочуду.

–Чай кайнады,–энеси мештеги чайнекти ала коюп, дасторкондун жанындагы алакандай тегерек тактайга койду. Жооп күтө кареги жайнаган уулуна карады.

–Келчү сентябрда окуйсуң. Келечекте чоң адам болуш үчүн кичинесинен көптү үйрөнүш зарыл. Ата-энесинин

айтканын угуп, урук-тууганын сыйлаган бала мектепте да жакшы окуйт.

–Тайатам да ушинтип айтат,–деди бала сүйүнө.– Анан дагы даракка чыгаарыңдан мурда кайра кантип түшөөрүңдү ойло,– дейт.

–Тайатаң нусканы чымчыкка эмес, сага айтканын түшүнөсүңбү?

–Кичине түшүнөм,–деди бала,–түшүнбөгөнүңдү сура деген тайатам.

–Ооба, адам барын аз-аздан окуп, улуулардан сурап үйрөнөт. Чай ичкенден кийин, тайатаңкына баргын. Үйдүн көчө жагындагы, короосундагы карларды күрө. Таякең өкмөттүн ишинде алыста жүрөт. Небереси Турдукожо да окууда. Алар биздин жардамдашаарыбызга ишенет.

–Энеке,– деди бала дайыма унутуп калчу суроосун эстегенине суйүнө,–тайатам Москвага эмнеге барды эле?

–Колхоз уюштурулганда, колхозго тиешелүү койду эч кимдин баккысы келбептир. Ошондо атам,– «койду мен багайын. Чарбанын ирденишине кошкон кошумчам болсун,»–деп бир короо койду өткөрүп алыптыр. Анда малчылар үчүн азыркыдай шарт жок болчу. Мал багуу мээнеттүү, бел майыштырган оор түйшүк эле. Бүгүнкү дөөлөтү үчүн тайата нечен кыйынчылыктарды башынан кечирген. Кыскасы көп жылдык кирешелүү эмгеги өкмөт тарабынан бааланган. Жыйынтыгында Москвадагы Бүткүл Союздук Айыл чарба Жетишкендиктеринин көргөзмөсүнө жиберилген. Ал учурда бул сый эмгек алдыңкыларына көрсөтүлгөн өзгөчө урмат болчу. Ошентип тайатаң Бүткүл союздагы эмгектин каармандары менен Москва шаарын аралаган. Кремилде, Лениндин мавзолейинде, даңазалуу Чоң театрда болгон.

–Мен дагы Москвага барам,–деди Болот толкундана.

–Москвада сага суутуп коюптурбу? Эмнеге барасың?– Төртүнчү класста окуган агасы Уран тыштан кире сала тийише сүйлөдү. Ал инисин дайма кычыгына тийип эркелетет. Болот чанда чычалабаса,–тамашалабачы,–деп күлө берет.

–Сен тайатамдын Москвага эмне үчүн барганын билбейсин,–деди Болот Уранды эликтей жылмаңдап.

–Эмнеге билбейм, билем,–деди Уран,–атам айткан. Сен өзүбүздүн койлорду төшкө чыгарып коюп, эсиң оогончо баржаны тиктегендигиң үчүн Москвага бармак белең. Жалкоосуң.

–Жалкоо эмесмин,–Болот туйт этти.

–Жалкоолугуңдан баржадан башканы таанybaйсың.

–Москвага азыр жөнөп атыптырбы,–деди эне уулдарына алмай-телмей карап.– Чоңоёт. Жакшы иштейт. Ошондо барат. Өзүң эмне мектептен эрте келдиң? Сабактан качтыңбы?

–Төртүнчүгө чейин класстар суук деп таратып жиберди,–деди Уран чечинип атып.

Болот айылдын четиндеги тоолордун томугундай төштү, төшкө кой жайганды жактырат. Алгач кой жайып чыкканында асмандан түшө калгансып, көл бетинде каалгый сүзгөн баржаны биринчи көргөн. Сыйкырдуу баржага ошондогу таң калганы, суктанганы алигиче таркай элек. Баржаны карап отуруп, өзү айткандай жыргалга батат. Анткени, баланын көкүрөгүндө эч кимдикине окшобогон жеке романтикасы бар. Төшкө кой жайып отуруп, баржага суктануу менен көл үстүнө кооз, жылып жүрчү шаар курат. Баржанын эбегейсиз зор дөңгөлөгү барбы же чанадай жыпылдак тамандуубу ошону билгиси келет. Айтор, баржаны тиктегени тиктеген. Баржа көл аягы аталган Балыкчы шаарындагы порттон жүктөлгөн жүктү көл башындагы Каракол шаарына чукул Пристанга жеткирет. Бул аралыктагы айылдардын аттарын ата-энесинен сурай берип, жаттап алды.

–Тигине, Балыкчыдан чыкты,–дейт кубана,–азыр Тоңдун тушуна жетет. Анан Тосор, Барскоон, анан...– деп баржанын жүрүшүн айылдардын удулунда тактайт. Тактап атып, кыялын ээрчип, кайда гана учпайт. Төштө отуруп эле Ааламды кыдырат. Фрунзе менен Москвада Дархандын көчөлөрүндө ойногондой эле ойнойт. Баржа каалгый Чычканга жеткенде түш болгонун билет. Өзү божурагандай уктаган койлору ойгонгончо үйүнө жүгүрүп барып, тамактанып келет. Тамактанбаса энесинин ачууланаарын билет. Тамактанып, кайра төшкө чыкканында баржа Дархандын так тушунда калкыйт.

–О–уу, укмуш!–деди бир ирет отурган жеринен учуп туруп.

–Карасаң,– жанында бирөө тургандай эргий сүйлөдү, – Көл сүрөтчү тура! Карасаң! Карасаң! Баржа болбосо көрмөк эмесмин! Карасаң!

Ооба, бала сейрек кездешчү таңкалаарлык коздукту байкаган. Күнгөй кырка тоолору көлдүн үлпүлдөгөн үстүңкү катмарында күмүштөнө көөлгүп жаткан эле.

«Мекеним мейкин, Күндүн нуру төгүлгөн»–деп Уран агасынан үйрөнгөн ырды ырдап да жиберген. Бул учурда баржа Пристанга жакындап калган. Пристандан баржадагы жүк түшүрүлүп, кайра Балыкчыга жеткирилчү жүк жүктөлмөк. Көл бетинде калкылдаган Күңгөй кырка тоолорунан эртең баржа кантип өтөөр экен, ошону ойлоду бала.

## *Доскулдун аңгемеси*

Каалганы ачаар замат бетине чабылган ызгаар баланы токтото албады. Жүгүрүп барып сарайдын босогосундагы кой айдаган солкулдак чыбыгын алды. Жымылдаган жаш кар балага актай барактай көрүнүп, сүрөт тартууга ышкылана түшкөн. Кандай сүрөт тартаарын иргештире бир топ аралыкка секире чуркап барып токтоду. Адеп каркылдаган кара мүртөс каздардын сазайын бермек болду. Каздарды кылчылдата үшүтүп, көздөрүнөн жаш куюлта тартып таштады. Таш Кырмандагы куюнду чиймеледи. Окшобой атты. «Сүрөт тартуу оңой эмес го»– көңүлү чөгө күбүрөндү. Чыбыгын колтугуна кыса туйтуя түштү да кайра карга үңүлдү.

–Ай жөөт!

Үндөн селт этти. Доскул экен. Эшигинин алдын күрөгөнү чыкса керек.

–Сен эмне, менин үйүмдүн жанындагы мага тиешелүү карды чиймелейсиң? –деди олурая тиктеп.

–Кар сиздики эмес,–деди бала Доскулду элтейе карап.

–Анда кимдики?–Ээк кага мурчуйду Доскул.

–Колхоздуку!–Баланын турпатынан наразылык сезилди.

Доскул каткырып жиберди.

–Ай жөөт, колхоздуку болсо эле тебелеп-тепсей бериш керекпи? Кайда баратасың, жөргөлөп?–Күлкүгө чакай суроо узатты.

–Тайатамдыкына.–Бала кетмекчи болду.

–Токто,–деди Доскул,– тамашаладым. Кар табийгаттыкы. Сага тайатаңкындай эски жомокту эмес, жүз жылдан кийин жомоктолчу кызыктуу аңгеме айтып берем.

–Кар күрөп атпайсызбы,–деди бала кылчая карап.

–Карды тил менен күрөмөк беле,–дагы каткырды. Бала да кыткылыктады.

–Жеңең балдарды ээрчитип, төркүлөп кеткен,–деди Доскул олуттуу тартып. –Мен...

–Төркүнүндө төрт ай, үйүңөрдө бир ай болот го,–өсүмдүктө иштеген аялдардан укканын айта салды бала.

Доскулдун оозу ачыла түшүп, каткырып жиберди.

–Ай,–деди анан кабатырлана,–быкы-чыкы аялдардын былгытмасына ишенбе. Укпа. Быкы-чыкылар адамдардын жүрөгүнө тикен сайганды гана билет. Жеңең ата-энесинин жалгыз кызы. Барып тиричиликтерин жөнгө салып туруусу зарыл. Кой эми, былгытмаларды унутуп, жүз жылдан кийинки жомокко киришели.

–О–уу жүз жылбы,–деди бала аңгеме-жомоктун узак же кыска айтылаарын болжой албай,–мен элүүгө чейин эле санаганды билем.–Ии–и,–деди ойлоно,– Сиз жүз жылдан кийинкини кантип билесиз?

–Аңгеме менин башымдан өткөн.–Доскул жоош, муңайым тартты,–короого кир. Азыр короодогу карды күрөйм. Сен жанымда туруп, аңгемени уга бересиң.

Бала кыйыла басып, короого кирди.

–Аңгемени төгөйүнбү?–деди Доскул.

–Ооба,–деди бала Доскулдун жүз жылдан кийинкини билээрине кызыгып.

–Окуя күнгөйдөгү айылдардын биринде болгон,–Доскул аңгемесин баштоо менен кар күрөгөнгө киришти.–Таякемдикинде жүргөм. –Ай жөөт,–үнү чочугандай чыкты,– кулагыңды аңгемеге төшөп коюп, ары-бери басып тур. Кыймылдабасаң селейип каласың.

Бала кеткиси келгендей көчө тарапты карады.

Доскул баланын көңүл коштугун байкамаксанга сала аңгемесин улады.

–Таякемдин огородунда картөшкө түптөп атканбыз. Тепирейген кыштакта кырктай үй-бүлө түтүн булатчу. Ошондуктан баардыгынын жашоо- тиричиликтери, алыс, жакын куда-сөөктөрү бири-бирине дайын эле.

Кыштактын орто жериндеги жепирейген тамдын жанына бир ат чегилген эски араба келип токтоду. Арабада төрт киши бар экен. Төртөөнүн бири улгайган аял, экинчиси жаш келин жана эки жигит эле. Үйдөн чуркап чыккандар арабаны топурай тегеректеди. Арабадагылар да, Сурма апа баш болуп тозо чуркагандар да, бири-бири менен кубана да тартына учурашып атты.

–Катыгүн, кудагыйды түшүрбөй кашааланып алыптырбыз,–деди Сурма апа тиштерин кашкайта, уяң жылмайып. Аңгыча...

–Доскул аба, аңгемеңиз жаман экен,–деди бала.

–Ай жөөт,–Доскул селт эте күрөгүндөгү карды олдоксон ыргытты,–жаман экенин кайдан билесиң? Жаңы баштабадымбы.

–Кызыксыз.

–Көңүлсүз уксаң кызыксыз болот. Эки кулагыңды тең иштет. Кызыгы эми башталат. Ук.

–Угуп атам,–бала кыйнала бүлк этти.

–Кудагыйынын ак жарыла тосконуна ыраазы болгон Бурул арабанын кыр жыгачын таяна өйдө болду. Бир калыпта кыймылсыз отургандыктан буттары кожоюп калган экен. Бурул келини Акгүлдү салт боюнча төркүлөтүп келген. Эки жигиттин бири уулу Туран, экинчиси күйөө жолдош Жакып болчу.

Кызы Акгүлдүн татына кийингени купулуна толгон Сурма кудагыйын колтуктай жайдары басты. Кыз-келиндер Акгүлгө суктана карап, учурашып аттты. Туран менен Жакып арабадагы эки куржунду көтөрүп, кыз-келиндердин соңунан илкиди.

Акгүлдүн атасы Улуу Ата Мекендик согуш алдында утурумдукка чүргөй койгон, камыш дубал жепирейген там эки бөлмөдөн турчу. Ички бөлмөнүн төр дубалдын ортосуна кызыл чыт салынган көөнөргөн бейкасам туш кийиз

ээлечү. Туш кийиздин башында Акгүлдүн атасынын сүрөтү илинип турчу. Төрдүн оң тарабындагы бурчка бир кертим жүк жыйылган.

Алакандай терезеге шишесиз keресин лампа коюлган. Төргө төшөлгөн таар, ала кийиз, алты каттар үйдүн жасалгасын толуктап, тазалыгы менен жайлуу көрүнчү. Акгүлдүн атасы согушка кеткен боюнча кабарсыз экен. Бурул кудагыйлык каадасын сактай төрдө отурду. Ал-жай сурашканча дасторкон жайылып, куржундардын оозу сөгүлдү. Кудагый, кудалар эч өксүгү жоктой төгүлө- чачыла бапырады. Куржундагы кешиктен оозтийип, чай ичилип бүткөн соң тышка чыгышты. Кантсе да...

–Доскул ава кетейинчи,–деди бала күнөөлүдөй шылкыйып.

–А жөөт, сага кашкайган чындыкты айтып жатам. Неге уккуң келбейт, айтчы?–Доскул кар күрөгөнүн токтотуп, балага тигилди.

–Аңгеме супсак экен,–деди бала.

–Ой, согуштун көйү даамдуу болмокпу?–Доскул тырчый сүйлөдү,–Согуш деген кайгы-муңдун очогу. Тирүүлөй өрттөйт адамды. Бешиктеги бала да согуштун тозогуна түшөт. Себеби, анын нан, сүтүн согуш соруп коёт. Жеңиштен кийин элдин тиричилиги тез эле оңолуптурбу?–Балага ачуулана карады.

–Билбейм,–бала жазгана күңк этти.

–Билбегениңден аңгеме сага жакпай атат,–кызуулана сүйлөдү.–Сенин атаң жыргаганынан «Полуторка» машинесин Дархандан фронтко айдап барып, жанын оозуна тиштеп согушуптурбу? Атаңдын нечен ажалдан калганын, мөндүрдөй дабыраган октун астында жарадарларды госпиталга ташыганын билесиңби?

–Билем,–бала тың жооп берди.

–Кудайга шүгүр, билет экенсиң,–Доскул жоошуй сүйлөдү.– Адамдар жакындарынан айрылып, жакыр жашашса да кең пейил болгон. Мен беш жашымда тоголок жетим калгам. Атам согушта окко учуп, энем учук оорусунан көз жумган. Ойногонду унутуп, атамдын жесир жеңеси менен талаадан машак терчүмүн. Чүкөдөй картөшкө издеп,

жылаңаяк, жылаңбаш бүт аңызды кыдырчубуз. Азыр картөшкөнүн майдасын уй жеп атпайбы.

Бала Доскулду биринчи көрүп аткандай таң кала карап турду. «Атам согуш жөнүндө айткысы келбейт. Көрсө согушту Доскул авадан да жек көрөт тура»– деп ойлоду.

–Ай жөөт, азыр кудаларына ким чалдыбары чыккан араба менен барат? Машинелер тандалып атпайбы. Башкармага жараматтанып, кудасына минип барыш үчүн «Волгасын» сурагандар бар. Көзүңдү азыртадан ачпасаң, кийин кол жоолук болуп каласың! –Күрөккө толо кар сузуп, күүлөнө ыргытты. Бала Доскулдун олдоксон кыймылынан элтейди.

–Азыр жепирейген кепеде эмес чатырлары шаңкайган аппак тамдарда жашап атпайбызбы. –Доскул күрөгүн таштай чөнтөктөрүн сыйпалады. Тамекиси жок экен. Дымый түштү. Доскулдун көкүрөгүндө кеткис дарт бар экенин, дарты иреңинен кылыя калып, кайра кайдадыр бгып атканын бала байкабады. Доскул өзү да эмнеге күйкөлөктөп, караан тутаар, сыр төгөөр киши издеп атканын түшүнбөдү. Баланын маңдайында турушун каалаганын гана билди. Эмнеге каалап атканын чечмелегиси келбеди.

–Мен барбасам да согушту жаман көрөм,–деди бала эч кимге айтпаган сырын ачып.

–Ай чуна–ак,–Доскул мостоё түшүп, бырс күлдү,– сен согушту түшүңдө да көрбө,–деди анан,–сен үчүн аталарың согушту. Согуштан аман-эсен келгендер бактылуу. Окко учкандар толтура. Дайынсыздардын эсеби жок. –Карды ыкчамдай күрөдү.

–Согушту фашисттер жакшы көрөт,–деди бала,–ошолор баштаган дейт.

–Атаң айттыбы?

–Ооба.

–Фашисттерди кудай алсын. Аларды кепке кошкум келбейт. Андан көрө, сарайдан күрөк алып чык да кар күрөш. Антпесең тоңосуң. Эскертейин, менин ангемем жан дүйнөмдүн жеке согушу же оорусу. Көп жылдардан бери көөдөнүмдү эшип келет. Сыягы бүгүн ошол оорумдан

арылгым келген окшойт. Ошондуктан аңгемемди уккуң келбесе да мени сыйлап угуп кой. Макулсуңбу?

–Макул,–бала жоош унчугуп, кар күрөгөнгө киришти.

–Сурманын кайниси Уста үйүнөн улак алып келип, меймандардын тышка чыгышын күтө, короодо аркы-терки басып жүрдү. Үйдүн каалгасы да ачылды. Уста очоктун жанындагы бир колтук саманды тегерене искеген улакты жетелей, Бурулга учураша маңдайлаш тура калды.

–Кудагый,–деди анан өтүнө сүйлөп,–Кудайдан жакшылык тилеп коёлу.

Бурул тыгыла түштү. Көңүлүндө өп-чап тиричиликтеги кудагыйын каржалткысы келбеди.

–Бөлөк-бөтөн эмес, өз болгон соң ушуну жөн койсок жакшы болот эле,–деди терс кабылдашпаса экен деп чочуса да дилиндеги таза пикирин билдирип.

–Антпеңиз, кудаларга кол жуудуруш салт,–деди Уста улакты баары бир соёбуз деген түрпөттө.

Бурул өтүнүчү суу кечпесин түшүнүп, алакан жайып, батасын айтты.

Кыз-келиндер дагы эле Акгүлдү суктана карап атышты. Акгүлдү чырайына огобетер чыгарган башындагы бир байлам ак шалпар жоолугу, кызыл гүлдүү ак торгун көйнөгү, кара сатин чыптамасы, кончу кызыл, жашыл жиптер менен саймаланган, өкчө така хром өтүгү эле. Кыздар Турандай жигит тапкысы келсе, согуштан күйөөсү кайтпаган келиндер ичтеринен өксүдү. Акгүлдүн кийгендери кайыненеси Бурулдуку болчу. 1923–жылы келин болуп босогосун аттаганында маркум кайын атасы кытай соодагерлеринен эки кап тыбытка ооштуруп алган. Бурул да ушул кийимдерди кийип, ата-энесине учурашканча төркүлөп барган. Ошондон бери чаң жугузбай сактап жүрүп, келини Акгүлгө кийгизген.

–Доскул ава,–деди бала кар күрөгөнүн токтотпой,– сиз ал үйдөгү тойдо жоксуз го? Мен сизди качан келет деп эле чыдап угуп атам.

–Ай жөөт, мен анда чимкириктей сүйкүмсүз болчумун. Чоңдордун катарында турмак белем,–деди Доскул жылмайгансып.

Бала Доскулдун чимкириктей чагын түркүн элеске келтире кыткылыктады.

–Картөшкө түптөп бүткөндөн кийин Сурма апанын үйүнөн обочороок, өзүм сыяктууларга кошулуп, ойноп жүрдүм. Бирок эки көзүм Акгүлдө болчу.

–Акгүл жеңиз беле?–деди бала.

–Жөөт, сени тетик десем чылгый аңкоо турбайсыңбы,– Доскул каткырып алды.– Ага арзып калгам, түшүндүңбү?– Жүзү албыра түштү.

–Аа–а,–деп койду бала түшүнгөн сыяктанып.

–Мен ага арзып же азыркыча айтканда суйүп калгам,– Доскул күрөгүн таштап, аркы-терки арыштады.

–Мен деле ата-энемдм, тайата-тайенемди, бир тууган-дарымды сүйөм. Айылдаштарымды, досторумду бүт баарын сүйөм,–баланын жанары жана сүйлөдү,–анан көлдү, талааны, тоону, жомок укканды сүйөм.

–Ай жөөт, сенин сүйүүң башка сүйүү. Мен жар сүйгөм. Жар деген өмүр бою бирге жашачу түгөй.

–Анда Акгүл менен качан жашайсыз?–Бала ынталуу сурады.

Доскул баланы чекчейе карады да каткырып жиберди.

– Ошондо он экиде эмес жыйырмада болгонумда Акгүлдү күйөөсүнөн тартып алмакмын,–күлүп көрбөгөндөй мустая сүйлөдү.

–Ийе,–бала кар күрөгөнүн токтото элтейди.

–Ооба, Акгүлдү ушул күнгө чейин сүйөм. Ошол боюнча аны көрбөдүм. Бирок жүрөгүмдө жашайт.–Муңайым тартты.

–Ал сизди сүйдү беле?–Бала суроосунун маанисин билбесе да кайсы бир кинодон укканын айта салды.

–Акгүл мени оюндан башканы билбеген чаңдаяк катары гана караган,– саал тыныга сөзүн жалгады.– Кемигенин жанындагы кыз-келиндердин арасынан көрөсала чуркап барып, Акгүлгө чукул энтеңдей тура калдым. Казандан кара улактын этин чыгарып атыптыр. Акгүлдүн деминен көзүм алачакмактанып, башым айланды. Тердегенимди айтпа.

–Акгүлдөн коркуптурсуз да,–бала Доскулду шылдыңдай кыткылыктады.

–Ай жөөт, эмнеге корком? Сүрдөгөм,– Доскул чычалагандай бакылдады.

–Эмнеге сүрдөйсүз?–деди бала күлкү аралаш,–ал мугалим же башкарма беле.

–Ай, сен эмнени түшүнмөксүң,–Доскул колун шилтей күйпөлөктөдү,–Акгүлдүн жанында тура бердим. Ал эт салынган табактардын биринен шыйбылчактын жарымын алып кармата койду. Ачка десе керек. Огобетер шалдайдым, –уялба, жейгой,–деди боорукер карап. Ыйлап жиберчүдөй үнүм буулду. Этти, табактарды көтөрүп, баары үйгө кирип кетишти. Акгүл да кетти. Мен шакелге байланган торпоктой жалдырап туруп бет кенди бездим. Чарчаганда марчалуу адырдагы чекенденин арасына отура калып, негедир ыйлап жибердим. Көпкө ыйладым окшойт.

–Жарты шыйбылчакты ыргыттыңызбы?–Бала кабагын үйрө сурады.

–Ыргытууну ойлогон эмесмин. Себеб, мен үчүн ал тумардай болчу.–Доскул ошол окуя эми эле башынан өткөндөй толкундана суйлөп атты.–Ыйлап отуруп шыймылчактын тишке илинген этин жедим да тырмактай сөөгүн мизилдете тазаладым. Колго жөрмөлүп тигилген шым, көйнөгүмдө чөнтөк жок эле. Кайда катаарды билбей карайлап атып, көйнөгүмдүн этегине түйүп, шымданып алдым.

–Чөнтөксүз шымды кийбей койбойт белеңиз,–деди бала.

–Биз силердей тайтактачу эмеспиз. Анын үстүнө жетим болсом колго тийгенди кийчүмүн.

–Шыйбылчак азыр да катылуубу?–Баланын көзүнөн көргүсү келгени байкалды.

–Таштыбы,–Доскулдун үнү кейигендей чыкты,–аны күндө бир нече ирет көрүп, кайра көйнөгүмдүн этегине түйүп алчумун. Баа жеткис мүлкүм эле. Бир күнү алаканыма салып, сылап-сыйпап атсам жерге түшүп кетти. Эңкейгенимче таякемдин кандеги жутуп жиберди.

–Кызык экен,–бала кыткылыктап жиберди.

–Сага кызык. Анда мен өзүмдү өлүк деп эсептегем,– Доскул туталана улутунду.

Бала кыткылыктай берди.

–Жөөт, сага эмне болду?–деди Доскул.–Токтот, ичегиң түйүлөт.

–Менин да койдун коргоолундай темир шаригим бар болчу,–бала күлкү аралаш сүйлөдү,– чөнтөгүмө бет аарчыга ороп катчумун. Бир жолу мен да алаканымда тегеретип ойноп атсам дагырадагы алманын калдыктарына түшүп кетпедиби,–бала унчукпай калды.

–Анан?– Дпскул маекти узарткысы келди.

– Калдыктарды уй жеп аткан. Шарикти да сугунуп алды. Какаган жок.

–Какаган жокпу?–Доскул бырс күлдү,–Ай жөөт,– баланы эркелете сүйлөдү.–Уй кепич жутса да какабайт. Дагыраны тумшугунан тартып албайт белең.

–Уй күшүлдөй жанталашып дагыраны бербей койгон. Энеме айтсам,–уй жутпаса өзүң жутмаксың. Ырас бир балээден кутулуптурбуз,–деп койгон. Ошондон тарта энем чөнтөктөрүмдү текшерип турат.

–Шарикти ким берди эле?

–Досум. Абыланын баласы.

–Дос күткөн жакшы,–Доскулдун үнү салмактуу чыкты,–менин досум жок. Ички бугумду сага чыгарбадымбы. Чоң адамдар да кээде бирин-бири түшүнгүсү келбейт. Сырыңды ачсаң урунттуу учурда сөзгө сындырып коёт. Булагыңды булгабаган, бууданыңа туз жүктөбөгөн чыныгы дос күтсөң бул дүйнөдө армансыз жашайсың.

–Доскул ава, мен сизге достошсом макулсузбу?–деди бала каректери жалжылдай жооп күтүп.

–Алибетте макулмун. Экөбүз сатылбаган мыкты достордон болобуз!–Доскул күрөгүн таштай, баланы бооруна кыса чекесинен өптү.

–Доскул ава, мен окуп Шаймердендей болгонумда, сизди самолёт менен Москвага алып барам. Кремилди жана да баарын көрөсүз,–кубанычы жүзүндө ойноп, бат-бат сүйлөдү.

–Кайсы Шаймерден?–Доскул кулак түрө сурады.

–Жигиттин пиричи. Ал Ааламдай кенен адам.

–Ооба, ооба тилегиң кабыл болсун,– Доскул бапырандай алкады. Ичинен Шаймерден деген атты уккан-

укпаганын эстей албай, –Сага жигиттин пири жөнүндө ким айтты?–деди.

–Тайатам,–баланын үнү шаңдуу чыкты.

–Тайатаң мыкты киши,–Доскул төгүлө сүйлөдү,–эски, жаңыны бирдей алып жүрөт. Согуш жылдары көп үй-бүлөгө мээри түшкөнүн айтышат. Баса, сен кар күрөшкөнү баратпадың беле. Мени кечир? Кармап койдум. Тайатаңдан мен үчүн да кечирим сура. Достоштук де, бирок Акгүлгө болгон мамилемди эч кимге айтпа досум. Ал экөбүздөгү сыр.

–Жарайт. Кете берейинби?–деди бала.

–Барагой досум, барагой, өзүң чече албаган маселе чыкса мага кайрыл.

–Жарайт,– деди бала күлмүңдөй.

Досун көчөгө узата баскан Доскул аны артынан маашырлана карап туруп, короосуна кирди. Ичи ачыла, чөйрөсү тазара көңүлү көтөрүлдү. Үй- бүлөсүн сагынганын сезди.

## *Кара буура*

–Болот мырза корктуңбу? – Тайатасы болуп өткөн окуяны балага чечмелеп бергиси келди.

–Кичине корктум,–деди бала теңселе узап бараткан бурааны кооптоно карап.

–Мен корктум,–деди тайатасы, –төө ысык, суукта ноюбаган жаныбар. Кырк күн суу ичпей чыдап, нечен кысталыштарда адам баласына өзгөчө кызмат өтөгөн. Айрымда гана ачуусу үрөй учуруп, кайгысы жүрөк оорутат. Биз азыр бууранын үйүрүнөн адашып, ачуусу ашынган учуруна туш келдик. Мындай опурталдуу кадамында жолунан жолуккандарды чайнап, тизелеп коёт. Сактанбасак бизди да жөөлөмөк.

–Абдан зор төө экен э, тайата. Көрүнбөгөнүбүз жакшы болгон тура,–деди бала кубана.

–Болот мырза, биз көргөн «ажыдаарды» буура дейт. Жүрүшүн, турпатын эсиңе түйүп кой.

–Э,–бала кайрыла тайатасынын жүзүнө карады,–төө эле болуп турбайбы.

–Алибетте, жалпысынан бардыгы төө аталат. Бирок, башка жан-жаныбарлардай эле төөлөрдүн да эркек, ургаачысы, бар. Ургаачысын инген, эркегин буура дейбиз. Буура сен байкагандай олбурлуу. Бир жашка чейинки төө баласы бото, андан кийин тайлак, кунан, бышты, инген, атан, нар, буура аталат. Шамалдай сызган күлүктөрүн желмаян дейбиз. Кара бууранын күчкө толуп турган учуру экен. Сөз жебей оолуккан зайпана адамдарды,– кирген буурадай кокуй,–деп коюшат.

–Аа–а,–деди бала баятан берки чаташкан оюн жыйынтыктагандай,– бул ата буура турбайбы. Үйүрүн качан табат?

–Туура айтасың, ата буура,–Абдыке баланын ой жүгүртүүсү өңүт алганына кубанды. –Азыр буура эсине келди. Үйүрүн ашыкпай табат. Угуп кой балам, төө жамааты ботосаак болот. Илгерки бир уламышта ингендин жаңы телчиккен ботосун бөрүлөр жеп кетет. Ошондо инген ботосунан ажыраган жерде боздоп жата берет. Адамдардын жер котортобуз деген аракети текке кетет. Оңдой берди болуп, батыш, чыгышты иликтеген дубана келип калат. Ал ингендин маңдайына отура калып, кошо ыйлайт. Ыйлап атып, ингендин арманын айтып кошок кошот. Кошоктун эсимде калганын айтып берейин.

Тоону, чөлдү кыдыртып,
Торолтподум ботомду.
Бал тикенди сыдыртып,
Тойлотподум ботомду.

Карды, гүлдү кечтирип,
Чүлүгүн үзө тептирип.
Чыйралтпадым ботомду,
Атандыкка жеткирип.

Жарылып карек кан акты,
Карасам жошо кай жакты.
Айрылып аппак ботомдон,
Жүрөгүмдү чел басты.

Арманым айтсам түгөнбөс,
Кайгым зилдүү, көөнөрбөс
Өтпөсүн дартым башкага,
Болоюн көзгө көрүнбөс,–

Деген маанайда дубана бир чай кайнам кошот. Инген көз жашын буурчактата бакырып-бакырып алып, туруп кетет.

–Адамдар эмне үчүн ботону жедирбей, бөрүнү атып таштаган эмес? – Бала кыжаалаттана сурады.

–Ал учурда азыркыдай мылтыктардын түркүнү болбоптур. Негизги куралдар чокмор жана токмок экен. Мен бала чакта бул эки куралдын зарылдыгы бар болчу.

–Чокмор, токмокту заводдо жасайбы?

–Жок. Экөө тең колдо жасалат. Жасаардан мурда бышык, катуу жыгачтардан тандап алыш керек. «Токмогу күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет» деген макалды уктуң беле?

–Уккам. Билем,–деди бала,–Таш Кырманга чатыр тиккенде казыгын токмок менен кагышкан. Тайенем,– сонун токмок экен. Казыктар жакшы кагылды,– деген.

–Ооба, казыктары бекем кагылгандыктан чатыр уй жөөлөсө да кебелбей турбадыбы.

–Ботону жеген бөрүнү чокмор же токмок менен жыга чабышпайт беле,–баланын жүзүнөн таарыныч кылыйды.

–Эгер инген алыска безбей айылга чукул ботолосо бото аман калмак.

–Тайата,–бала кайрадан тынчсызданды,–биздин музоону да коктуда калса карышкыр жейт беле?

–Эгерде сен таап, үйгө айдап келбесең карышкырдын кирпигине илинсе жеп коймок,–баланын көңүлүн көтөрө сүйлөдү,– уйду да, музоону да коргоп калдың.

–Менден карышкыр коркобу?–Арсарсый сурады.

–Коркот. Бала болсоң да эркексиң. Адамсың, сүрүң, үнүң бар. Болгону апкаарып кайсалактабай сактана билиш зарыл. Дегинкисин ингендер жумшак, ийкемдүү мал. Бууралар кара мүртөс. Катаал. Эгерде буйткада турбасак ачуусун бизден чыгармак.

Бала сестене дымырады.

Окуя мындай болгон. Абдыке көлдүн төрт мезгилдин тутумунда, бир күндөн төрт ирет чатырай толоорун жакшы билчү. Ошол күндү күтүп жүрүп, көлдүн демейки нугунан аша чалкыганын көрсөтүш үчүн баланы өңөрүп, көлгө жөнөгөн. Кум Жалдан өтө берээрде арт жагынан жапайы үн угулду. Кылчая карады. «Кудай ургур»,–ичинен чочуду. Куйругуна от жабышкандай жинигип Кара буура келаткан. Атын темине тизгин какты. Баамдаганындай токойдун четинде бадалдуу буйтка бар экен. Токойду аралап көлгө өтпөй, буйтканы пааналады. Себеби, «Башка нелер түшпөйт да бутка нелер чалынбайт»–деген ойдо балага бууранын опурталдуу учурун көрсөтмөй болду. Жууку дарыясы да буртулдай бууракандап кирип турган. Буура дарыяны тескери бурчудай талпайган күчтүү таманы менен жээгин жапшыра басып, оозунан жинин чубрута айкырып келатты. Дарыя бууранын жолун торочудай чамынып, жээгиндеги жаш көчөттөрдү, чириген дүмүрлөрдү коңторо оромунда аласалдырды. Аласалдырып баратып кайра туш келди бүркүп, кайра жаңыларын тутуп, эшиле, күргүштөй акты. Суунун сай жаңырткан күүлдөгүнөн бууранын башы айланды. Чалыштай ачуу бакырды да солго кескин бурулду. Кудай жалгап бурулган жагында мыдыраган жан жок эле. Талаанын тарпын чыгарчудай локулдап өйдө-төмөн жинигип атып, буйткага чукул келди. Тыныга түшүп, башын силкилдете букулдап, заарасын төгүп жиберди.

Бууранын коңурсуган заарасы кумурсканын уюгун селдей каптады. Беймарал жашоо өкүм сүргөн уюкта ааламат башталды. Кумурскалардын тирүүсүнөн өлгөндөрү көп болду. Башы үзүлгөн, буту сынган чигерлерин (балдарын) эне кумурскалар тегерене чырылдады. Чырылдап атып, «күйгөндөн айтам бир сабак» дегендей, уюткулуу уюкту коргой албаган, чалгынчы, сакчы башчысына наалат айтышты.

Заарасын төгүү менен колтугуна кирип, шакаба чеккен шайтандан зорго кутулгансып, шалпая түштү Кара буура. Көзү тостоё, денеси салмактанып, аягын оор шилтеди. Арткы оң таманы заарага көөлөнгөн уюкту чачырата сер-

пий өттү. Уюктун бырын-чырыны чыкты. Аман калган кумурскалар туш-тушка сенделип, тирүүнүн өлүгү сыяктанды.

–Тайата, байкуштар үйсүз калбадыбы. Кайда барышат?–Кареги жашка толгон бала шыбырай сурады.

–Кумурскалар чыдамдуу, чыгымдуу. Кайра чогула калышып, эки-үч күндө уюк жасап алышат. Жер бетинде жашаган адамдардын санына салыштырганда сыягы кумурса көп,–баланын десин кайтарбаш үчүн айта салды. Бирок, бул сөздө кандайдыр бир чындык бардай сезилди.

Кара буура азыр эле башынан не өткөнүн унутуп, уйгактуу Ак Жар тарапка илээлей кетип баратты.

Абдыке көлдүн бул жайдагы табышмак каткан керемет кубулушун балага көрсөталбай калганына өкүндү. Ошентсе да ат тизгинин көлдүн Жуукунун суу күргүштөй куюп аткан мерчемине бурду.

Көл агындыларын ала салдырган, боржоктогон ылай сууну ноюбай тереңине тартып, кайра берметтенте бетине чыгарып атыптыр. Бала бул көрүнүштү карап туруп, тайатасына суроо бергенди да унута таңыркады.

## *Мазар*

Таң менен кошо ойгонуп чарбачылыгына киришкен айыл эли көл тарапка көз жүгүртө кооптоно чочуду. Чочутуунун сүрү да, баш катырмасы да бар эле. Жүрөгү опкоолжуган айрым үй ээлери уюн бадага кошконду унутту. Себеби, коркунучтун жышааны сыяктанган жагымсыз көрүнүштү терең кабылдашты. Көчөдө топтошкондордун карааны арбыды.

–Табийгаттын керемет сулуулугун наадандар гана талкалайт! Мүмкүн ал наадан арабызда тургандыр,– айылдык врачтын бийик үнү күңкүл күбүр-шыбырды жерге чапкансыды.

–Доскул кечикти. Мазардын изине түшүп жеткире иликтеп аткан го,– сугатчы Абакир Доскулду күткөндөн чарчагандай кобурады. Тургандар жандана түштү.

–Ал баланын миңгени көк шилең го,– Султан карыя үшкүрүнө шыпшынды.

–Мазар жетекчилерге жакчу эмес,–башкы агрономдун энеси көкүрөгүндөгүнү айтып жиберип, сөзү районго учуп жеткендөй аптыкты.

–Көпшөк башчыларга мазар түгүл эл жакпайт. Элдин көркүн, пейлин ошол тонойт,–деди Абакир,–элге көпшөктөргө мазар барктуу болчу.

–Айтканыңар жөндүүдөй,– Батма байбиченин үнү калтаарый чыкты,–бирок, балдарыбыздын канаты жайылып келатканда, соолгурдуку, согуш чыкпаса экен.

–Мазардын кыйылышын жамандыктын белгиси катары карабаш керек,–мугалим Апыш сестенгендердин көңүлүн тынчыткысы келди,–Ырас, мазар көл жээгиндеги токойдун падышасындай обомелжип, суктандырчу.

Айылды сагынып, алыстан келатканда көзгө биринчи урунчу. Айылыбыз тээ–тиги залкайган, көркөм дарактын тушунда деп сапарлаштарга айылыбыздын кайда экенин мазар аркылуу туюнтчубуз. Башка касиетин билбейм. Алибетте, кыйган пенде жооп берүүгө тийиш.

–Ооба, ооба,–деди орто жаштагы адам жолдун айрылышында тургандай оң, солго карап,–мазар керемет болчу.

–Бийиктигине жараша көлөкөсү көп жерге түшчү,– жаш келин кысынса да оюн айтты,– каймана касиетти чала молдолор таңуулады. Терс ойго башыбызды ооруталлы.

Кечээ эле келген дештиби айтор, келиндин сөзүнө маани беришпегендей суз дымырашты. Аздан соң көчөнүн аягынан Доскул көрүндү. Жетээри менен тегеректей суроо жаадырышты.

–Баарыңарга бир жооп,–деди Доскул,–Мазардын ордун зорго таптым. Себеби, «бөрүлөр» жиксиз тегиздеп кетишиптир. Заңкайган мазардан зардектей чабынды жок.

–Жаңылыш башка жерге барып жүрбө,–Абакир күмөнсүй сүйлөдү.

Тургандардын көпчүлүгү Абакирди коштоду.

–Ишенбесеңер барып көргүлө,–деди Доскул,– «бөрүлөр» калдыксыз жептир.

–Ыймансыздын кесепети эл-журтка эмес, өз башына тийсин–деди Батма байбиче шуу үшкүрүп. Чогулгандар үн-сөзсүз тарай баштады.

Чоң шашкеде ойгонгон Болот чикиттин кызыгына баткан тестиер балдардын жанына келди.

–Мазар кайда?–Көл тарапты карап алып, үрпөйө сурады.

–Кап, эрте келбейт белең,–деди чикит чапчу тестиер таягын алчыланта серпип.–Мазар сени таштап, сенин космосуңа учуп кетти.

Ызаланган бала шарт бурулуп, тайатасыныкына жөнөдү.

–Тайата,–короого кирээр замат ашыга сурады,–Мазар кайда?

–Ийе Болот мырза, –тайатасы алма бактан үн салды. Бала алмаларын көтөрө албай ийилген шактарды кызыга карап алаксый түштү. Тайатасы баккан алмалар балдан таттуу да гүлдөн жыттуу. Бала ушинтип айтат. Өзгөчө алтын түстүү «Наливка» укмуш. Кыш түшкөндө карды өзүнөн үйлөп таштагансып, күнгө чагылыша чатырайт. Тиштин учу тийгенде эле ширеси ууртка толот. Чоңдугун айт. Кош колдоп жебесе кочушка батпайт. Тайатасы так ошол «наливканын» түбүндө чалгы курчутуп отуруптур.

–Мазарга эмне болгон? –Бала суроосун кайталай маңдайына чөк түштү.

–Ашыкпа, сурооңо тереңдей жооп берейин,–деди тайатасы.–Үч жашымдагы тиричилик элес-булас эсимде. Ал кезде биз жашап аткан ушул кыштак жок болчу.

Баланын көзү «кыштак кайда эле?»–дегендей алая түштү. Сурагысы келди. Бирок, мурда эскертилип жүргөндөй кептин жыйынтыгын күтүп, унчукпады.

Абдыке баланын түрпөтүнөн кыштак жөнүндө сурагысы келгенин байкады. Ошону менен бирге сөзгө байыс берип, угуп, ой жүгүртүүгө багыт алганын билди. Сөзүн улады.

–Бул конуш Кеңеш өкмөтү бизди отурукташтырганга чейин топурагы майга көөлөнгөн талкандай бопураган дархан талаа болчу. Ошондуктан кыштагыбыз Дархан аталган.

–Ой–ийй, кыштак жокто көл да жок беле?–Бала чекчейе сурады.

–Оболтодон көлдүн качан пайда болгонун эч ким билбейт, ыйыктыгы ошондо,–деди Абдыке. – Көлгө биздин аталарыбыз тооп кылган. Биз да тооп кылабыз. Атам чарбакер, элге алымдуу, иш жагдайында талапты катуу койгон мыкты киши эле. Үч жашымдагыны билгеним атам, «эр жигит ээрден түшпөйт»–деп айырмачка отургузуп, чылбыр, тизгинди колума карматып, жылкы күзөткөнгө чыгарган. Алибетте, жылкычы жигиттер бар болчу. Ошолордун арасында жүрүп, жылкычы уул аталгам. Жылкылар деле ичкен суусун, баскан жерин сагынат окшобойбу.

Жаз чыга тоо этектей көчүп, конуш жаңырткаңыбызда, айрым күндөрү жылкылар баш бербей күтүрөп көлдү беттечү.

Ооба, Абдыке ошол өткөн мезгилден, баланын суроосуна тиешелүү табылган жоопту чакандай баяндап атты.

–Селдей агылган мындай учурунда жылкыларды артка кайрыш айырмачта отурган мен түгүл күч-кубаттуу жигиттердин колунан келчү эмес. Жарыктыктар көлгө жеткенде четине кыркалай тизилип, көлдүн суусун шимирчү. Ошол кезде азыркы уурдалган мазар чыканактай көчөт эле. Жылкычылар жээкке келгенде: «бөтөнчө жыгач экен,»–деп тегерегин тазалап койчу. «Элүү жылда эл жаңырат, жүз жылда жер жаңырат» дегендей кийин жайкала жетилип, мазар аталды. Дегиңкиси биздин аймакта мазар көп. Бул көчмөндүккө байланыштуу болсо керек. Себеби, кайсы бир конушта кайткан маркумдун бейитине, «айланып кайра келгенде табылбай калбасын»– деп белги коюшкан. Белгини колдон келишинче сейрек кездешчү дарактардын көчөттөрүнөн, көчөтү болбосо бутактарынан кыйып алып, бейит башына отургузган. Кыш-күрөөдө укурукту деле белги катары колдонгон. Жерге батыра сайылган укурук жер семиз болгондуктан жаз алды тамыр байлап көктөгөнүн айтышчу. Мазар аташчу. Белги үчүн таштарды да пайдаланган.

–Чарчадыңбы?– балага кайрылды.

–Жок,–бала далысын түздөй жымыңдады.

–Азга чыда, суроону толук жооп берейин,–деди Абдыке.

–Жууку капчыгайынын баш жагындагы чакан тектирчеде аалым адам Буйлаш уулу Арстанбектин бейити бар эле. Атам мени ээрчите барып, куран окучу. Кийин токтолуп калганымда барып, бейитти таппай калдым. Белги таштар да көрүнбөйт. Тектирчени манжа сойлогус калың шибер каптаптыр. Биздин мазар да бир маркумдун бейитиндеги белгидир. Кийинки жылдарда кабыгы көңдөйлөнүп, өзөгү чирий баштаган. Отун үчүн кыйган найсептин деле чекеси жылыбайт. Мазардын жоголгону эмес, найсептердин пайда болгону коркунучтуу.

–Найсептер кайдан келди?–Баланын кабагы чүрүшө элейди.

–Куурай башын сындырбай, оңой олжого чөмүлгүсү келгендер ар бир айылда бар. Мүмкүн өзүбүздүн айылдандыр. Кудай өмүр берсе далай өзгөрүүлөдү, карама каршылыктарды көрөсүң. Байлыкты да, өмүрдү да жер ооштуруп эч ким таппайт. Экөө тең эл ичинде. Азыр акыл жыйнай элексиң. Ошентсе да аркы-беркини божурап сени зериктирдим. Эми жомок айтып берейин.

Баланын көзү жайнай түштү.

–Кайсы бир замандарда ак чычкан деңиздин түбүндө жашаптыр. Чалкайган деңизде ал жалгыз болгондуктан деңиз жаныбарлары ыйык тутат. Падышалык тактан суу арстанын кетиришет да такка ак чычканды отургузушат.

- Падышабыз бизге окшобогон жана бир да тууганы жок айбан. Ошондуктан калыс жана тең болот, – деп кубанышат деңиз жаныбарлары. Алар падышасына жаңы таажы, жаңы такты кандай жасаш керектигин бир ай талкуулайт.

- Такты миң жыл мурда биздин деңизге чөккөн кеменин сыныктарынан жасайлы, – дейт каакым гүлүндөй (Медуза) жаныбар сунушун алгач айтып.

- Кереги жок, – дейт чий куруттай (Налим) балык чырпылдап,– ойлогулачы, кеме кургактта жашагандардын мүлкү. Биз кургактагылардан өзгөчө сулуу жана чыйракпыз. Падышабызга эски сыныктардан таажы, так жасаганыбыз уят.

- Өзүбүздөгү берметтердин күлгүн кызылынан тандап, таажы менен такты окшош жасайлы, – дейт зор балык,– (Көк Кит) деңиздин да көркү чыгат.

- Жарабайт, – деди жаян балык, – биз күндүн нуру менен деңиздин шапатасынын айкалышынан такты да, таажыны да жасайбыз. Миллион түстө кубулжуган таажы менен так даңкыбызды чыгарат. Туурабы? Ойлонуп көргүлөчү?!

- Туура, туура, – дешет аз жымжырттыктан соң баардыгы, – ак падышабыз аман болсо баркыбызга жетет. Ошондуктан жаныбызды аябай кызмат кылалы! Анда деңиз шапатасын жана күндүн нурун чогулталы!

Бир ооздон ушу чечимге келишет. Жакшы иш баштагандарына сүйүнө деңиз шапатасы менен күндүн нурун чогултууга жөнөшөт. Ушул тапта ак чычкан Ааламда жок таажы кийип, Ааламда жок такка отургандан сүрдөп, деңиз түбүн күн-түндөп казып, кургак жерге чыгып кетет. Жер үстүндө да эркин жүргөндөн коркуп, ушул күнгө чейин дүмүрөңдөп ийинден ийин казып, күн өткөрөт экен. Суу жаныбарлары болсо сүйүктүү ак падышасын дагы эле издеп жүрөт дейт.

–Мен падыша чычкандай суу жүрөк болбойм,–деди бала.

–Жыйынтыгың жакшы,–деди тайатасы.

–Башкарма да болбойм.

–Себебин айтчы?

–Ал дайма сөгүнөт. Түкүрүнөт. «Жакшы жашоону каалабасаңар тигил дүйнөгө кете бергиле» деп урушат колхозчуларды.

–Анын оройлугун кайдан көрдүң?

–Энеме жардамдашып, колхоздун бадыраң, помидор, сабизин отошконго барам. Ошондо көрөм.

–«Кылып ичкен кыйын аш, Кыдырып ичкен оңой аш» деген макал тегин чыккан эмес. Кандай заман болсо да бел чечип иштебей, бирөөнүн эмгегин жеген ысапсыздар болот. Башкарма ошолорго кыжырданат. Атам үч жашымдан жылкы четине койгон дебедимби. Кээде айырмачка өбөктөп, ат жалында уктап калчумун. Атам:– «Уйку душман балам, азыр аттан, кийин аштан жыгат. Чыйрал»,–

дечү. Болот мырза, азыртадан чыйралбасаң кийин чыйрактардын бирине кулак, бирине туяк болуп күн кечиресиң. Кандай доор болсо да чыйрак адамдын жонуна камчы чабылбайт. Башкарма жатып ичээрлер колхоздун атына шек келтирет деп ачууланат. Баардыгы бирдей эмгектенсе деп ойлойт. Ошентип жалкоолор өзүн эле эмес, башкаларды да кыйнайт.

–Өсүмдүктө иштегендерден Седеп апанын отоосу бүтпөйт,–деди бала,–кечээ энем; «өсүмдүккө убал. Жардамдашалычы»–деди. Жардамдаштык. «Айланайын Зыйнаш, сообума калбадыңбы»– деп коюп, жармасын ичип отурат. Байкуш өсүмдүктөргө чырмоок оролуп, өстүрбөй атыптыр.

–Андайларга сөз өтпөйт,–деди Абдыке,–бирок эмгек акыны таза иштегендерден көп алгысы келет. Колхозчулардын арасындагы чатак ошондон башталат.

–Чоң кишилер да жалкоо болот экен э, тайата,–деди бала көңүлү чөккөндөй.

–Жалкоолук чоң-кичинеге бирдей оору. Ал ооруну адам өзү чакырып алат. Эсине келбесе айыгышы татаал. Энеңе көмөктөшкөнүң баарыбызды кубантат.

–Энем да кубанабы?–Баланын көзү жайнай түштү.

–Кубанат. Көпчүлүктөн,– балаң эмгекчил,– деген сөздү уккан ар бир ата-эне кубанат.

–Бүгүн да жардам берейин дегем, бирок энем,– тайатаңкына барып, алма багын тазалаш,– деди. –Бала жаркылдай сүйлөдү.

–Анда чакмак даярдап, самоорго чай кайнат. Тайенең да тер чача самоордон чай ичип, –колум узарды,– деп кубансын. Жумушка курсакты кампайтып алып киришебиз. Мен огороддогу бедени чабам. Сен чачылганын тырмайсың. Тырмооктун копшолгон сабын да бекиттим,–деди Абдыке.

Бала мулуңдай үйгө кирди. Тайенеси жүз жылдан бери кыймылдабай отургансып, тигүү машинесинин жанын койбой курак курап атыптыр.

–Ой–иий тайене, мунун баарын кантип курадыңыз? Сонун экен,– бала байчечекейдей төп келишкен кооз курактарды кызыга карады.

–Булардан туш кийиз, төшөк жасап, үйлөнгөнүңдө сага берем,–деди тайенеси эркелете карап.

–Эк,–бала ыңгайсыздана туйт этип, самоорду алып, короого чыгып кетти. Чакадагы суудан самоорго чөмүчтөп куюп атып, тайатасына карады. Тайатасы күрмөсүнүн ички төш чөнтөгүнөн сарамжал бүктөлгөн гезитти алып чыкты. Гезиттин кабатын жазбастан, үстү жагынан этият айрып алды. Аны конус формасында ороп, ортосунан чыканактанта жеңил бүктөдү.

Тайатасынын ар бир кыймылы балага тааныш. Ичинен эми тигинтет, минтет деп тастыктай берет. Тастыктаганы туура чыгат.

Тайатасы жан чөнтөгүнөн тамеки баштыгын алып чыкты.

Бала самоордун капкагын жаап, оттугуна от тутантууга киришти.

Тайатасы баштыктагы тамекиден алаканына өлчөлүү экчеди. Аны конустун кененче жагына салып, оозун кынаптай бекитти. Ошондон кийин гана конустун ичке жагын эрдине кыпчып, дагы бир чөнтөгүнөн ширеңке алып, конус чылымын тутантты.

Самоордун оту да керенейинен аша жалындады.

Тайатасы жаш жигиттей түз, байсалдуу отурган калыбында тамекисин тарта баштады.

Баланын ой жүгүртүүсүндө Ааламда чылымды тайатасындай жасап чеккен киши жок. Анткени, бала жолдоштору сыяктуу эле чылымдын түрлөрүн тымызын сарепке салат. Колхозчулар бырпырак махорканы, кеңседе иштегендер күлүк атчан «Казбекти» чегет. Шаардан каттаган кызматкерлердин чеккени такыр башка. Кагаздары асем, кооз, жибектей үлпүлдөк. Аталыштары түркүн, тил сындырат. Айылдык дүкөндө андайлар жок. Баары бир тайатасынын конус чылымына эч кимдики жетпейт. Тайатасы Мукамбет абышка огороддунда бапестеп баккан тамекинин таза туурандысын стаканын он тыйындан алат. Он тыйынга эки бөлүктөн турган окуялуу, сонун кинону көрүүгө болот. Тайатасынын эмне үчүн тамеки тартып калганын да билет.

Өспүрүм чагында тайатасынын мурду таңдан кечке канаптыр. Кеч кыстай кытай соодагерлери келип,– түнөп кетели,–деп өтүнүшөт. Соодагерлердин бири,–«балага тамеки чектиргиле, болбосо майып болуп калат»,– дейт. Чын эле тамеки тарткан соң мурду канабай калат. Эки-үч ай өтүп, кайра канайт. Ошондон тарта чылымды биротоло чегип калыптыр. «Азыркыдай догдурлар болгондо бул балээге жакындабайт элем. Сен жакындаба, жакындасаң жаныңа киши жолобой ичмек жыттанып каласың,»– дейт тайатасы. Ичмек жытанаарын эстегенде баланын кускусу келет.

–Болот мырза?

Ойго чөмүлө түшкөн бала үндөн селт этти. Тайатасы маңдайында туруптур.

–Самооруң кайнап төгүлүп атпайбы,–деди жылмая,– кайда жүрөсүң?

–Тамекилерди ойлоп жибердим,–бала суунун кайнаганын байкабай калгандыгы үчүн өзүн күнөөлү тутту.

–Сага анын кереги эмне,–деди Абдыке,–азырынча тамеким бар. Сени алып келегой деп Мукамбет чоң атаңкына жумшабайм.

–Мен башкача ойлодум,–деди бала ачыла сүйлөп,–тамекилердин жаман жыты космоско жетсе ал эмне болот? Түтүндүн баары асманга учуп атпайбы.

–Түтүн талдын башына жетпей тарайт. Бирок, туура айтасың,–деди саал ойлуу,–бизге жашоо берип аткан асман, жерди сакташ милдетибиз. Тамекини кудай алсын. Самоор кайнаганын тайенеңе айт.

Бала үйдүн каалгасын ашыга ачып, кирип кетти.

Абдыке дары-дармексиз заманда, нечен жаштардын өмүрү кыйылганына жана тамеки чегип калганына өкүндү.

## *Талаа компасы*

Баардык эле адамдар сыяктуу баланын да аталарынан калган белеги бар. Ал улуу мекени, чакан айылы. Айылы жаратылышы төрт тарабынан төп келген, уламыштарга бай жерден орун алган. Түндүк тарабы калкайган тоолордун этегин эркелей жазданат. Чыгышында байыркы

Жууку дарыясы агымын токтотпойт. Батышында Байгазынын багы дүпүйөт. Түштүк жагы кулачын көлгө кере суйсалат. Көл менен айылдын ортосундагы талаанын чыгыш канатында жердин байыркы топчусундай кеберденип, картайган Кара Дөбө жатат.

Жарык дүйнөгө келээрибиз менен адам санына кошулуп, көз ачып көргөн жергебиздеги табийгий белектер пендечиликте кээде унутулат. Кээде башкалардын сөөмөйү аркылуу эске түшөт. Кара Дөбөнүн шыбагы шыбыраган табышмагына жандырмак айтуу татаалдай.

Өткөн кылымдын экинчи жарымында жергиликтүү аксакалдардын эскерте сүйлөгөнүн кулагым чалды эле.

«Кара Дөбө биз бала чакта азыркы көрүнүшүнөн алда канча бийик болчу. Дөбө жөнүндө түркүн уламыштарды көп уккандыктанбы айтор, төбөсүнө даап эч ким чыкпаган. Боорундагы кыйма-чийме жолчолор, суурдун ийниндей оюктар жок эле. Дүңүнөн байлык издегендер кутун учурду.» Ооба, Абдылдабек, Экей, Мукалай аталар баштаган карыялар ушинтип айтчу.

Кара Дөбө жөнүндөгү уламыштарды, жоромолдорду айылдыктар бөтөнчө анын тегерегиндеги эгин талаасында иштеп жүргөндө эстерине түшүрчү.

Жомоко айланган уламыштардын биринчисинде, бул чөлкөмдө даңкы далайды дегдеткен зор хандык жашаптыр. Хандын Айдан да, Күндөн да сулуу кызы ооруга чалдыгат. Оорусунан сакайта албай табыптардын башы катат. Акырында кыз тогузунчу Ааламдан келген жигит менен түшүндө таанышып, аны жактырып калганын айтат. Хан жигитти асман, жерден, төгөрөктүн төрт бурчунан издетет. Табылбайт. Жигиттин табылышынан үмүтү үзүлгөн кыз санаага чөгө саргарып жатып, бул дүйнө менен коштошот. Хан кызы үчүн шаардын четинен жети ак өргөөнүн ордундай жай даярдатат. Жайга кызынын сөөгү менен кошо бүт казынасын койдурат. Ошентип, төбөсүнө кара туу сайылган залкайган дөбө пайда болот. Ушундан кийин хан калкына мындай деп кайрылат: «Журтум, колуңардагы мүлкүңөр жарыкчылыктагы жашооңорго каалаганыңардай жетет. Кара Дөбөнүн астында казына эмес, кан жыттанган ажал жатат. Өтүнүчүм, кайгылуу изди басып,

«Бүлүнгөндөн бүлдүргө албагыла». Ынтымакты сап тута жер которуп, жаңыча жашоону баштайлы. Аманчылыктан артык байлык жок экенин айгине көрдүңөр.»

Эл хандын кайрылуусун кабылдап, түп көтөрүлө көчүп кетет. Кылымдар өтүп, шаар жоголуп, мелмилдеген талаада Кара Дөбө гана калат.

Экинчи уламышта жер талашкан баскынчыларга каршы катуу согуш болуптур. Ошол согушта курман болгондордун сөөгү коюлганы айтылат.

Үчүнчү уламыштын өзөктүү жагы бул мелмилдеген мейкиндиктеги хандыктын жоокерлери туш тарапка серп салчу Кароол Дөбө экен. Дөбөнү хан тоо койнунан чым алдырып келип жасатканын айтышчу.

Совет өкмөтү орногондон кийин кайсы бир жылдары «изилдөөчүлөрбүз» деген топ келиптир. Бирок, Кара Дөбөнү укуп-чукуган «изилдөөдөн» кандай майнап чыкканын жергиликтүүлөр билбейт.

Кара Дөбө кийинчерээк талаа компасы сыяктанчу. Себеби, коларага жараган балдар түндүк, түштүктү, батыш, чыгышты Кара Дөбө аркылуу ажырымдаган.

Анткени, ата-энелер мал жайдырганда,– Кара Дөбөнүн түндүк же түштүгүнө жай. Батышында колхоздун бедеси, чыгышында картөшкөсү бар. Сак бол, –дешчү. Малын издеген балага кезиккендер: «ай чунак, издеген малың Кара Дөбөнүн чыгышында же батышында жүрөт. Чурка, бедеге кирип, ичи жарылат»– деп коркутуп да коюшчу.

Болот да мал жайып, издеп Кара Дөбөнү нечен тегеренген. Кээде түндүк-түштүктү айырмалай албай башы айланчу. Андайда тегерене көлөкөсүн карачу. Туш келди баскан малга ачууланчу. Ачуусу малын көргөндө тарап, киного барчудай жаадырачу.

Бир күнү Болот Кара Дөбөгө ойногону бараткан чоңураак балдарга кошулду. Тамандарын тапырата жорго салдырып, үзөңгү кагыштыра Кара Дөбөгө бат эле жетишти. Жетишээри менен кароолго туруш үчүн каракөтөн кармашты. Болоттун кичинекей арык манжалары кылыч таяктын кылда учуна жабышты. Балдар Болотту биринчи көргөндөй карады.

–Ой, бул кантип, кароолдо турат?

–Жооптуу милдетти аткарууга жарайбы?

–Каракөтөндү кайра кармайлы. Муну дөбөнүн башынан ким көрөт да үнүн ким угат?–деп наразы болушту балдар.

Болот оюнчулардын тентек сөздөрүнө маани бербеди. Негизги багытоочу болуп, кароолго турaарына ишенди.

Акыры балдар сыноо иретинде Болотко мүмкүнчүлүк берип, эки топко бөлүндү. «Душмандар» тобу туш-тушка чачырап, саман үймөктөргө жашынып атты.

Мекенчил жоокерлер бириндей Кара Дөбөнү курчады.

Кароолго турчу жоокер Болот узун таякты улам бир колуна оoштуруп, Кара Дөбөнүн чокусуна капталдай чыгып баратты. Өрөпкүүсүнө ачык тийген күндүн аптабы кошул- ташыл болуп, башынан ылдый тер акты. Кылчайып артын карабай чокуну тиктеп көшөрдү. Чокуга жеткен соң асман мелжиген алкак тоолорго көз чаптырды. –О–Уу,–деди кубана,–бул тоолорго ким чыгат? Тиги чокулардан космоско учуу оңойдур,–кыялы бат эле тоонун чокусуна чыгып, каректери жайнай түштү. Азыркы милдетин кантип аткараарын элестеткенде тизелери калчылдады. Саман үймөктөргө көз жүгүрттү. «Душмандардын» айрымдары алысыраактагы үймөккө жаңы эле жетиптир. Түштүк жактагы үймөктөн үчөө суурула чыгып, Кара Дөбөнү көздөй бужүңдөй келатты.

–«Душмандар» түштүктөн кол салат! –Болот үнүнүн жетишинче кыйкырды. Батыштан да сойлогондор көрүндү.

–Батыштан!–Чырылдай дагы кыйкырды.

Жоокерлер үнгө жооп бере жашынган буйткаларынан чыгышты.

–Ата Журт үчүн!

–Чабуулга!

–Жеңиш үчүн!– деп ураан чакырышты.

–Батыштан! Түндүктөн! Түштүктөн! Чыгыштан!–деп дөбөнүн чокусунда кара терге түшө чимирилип атты Болот. Үнү жоокерлерге жеттиби, жокпу, тер төккөн кызматы кандай бааланат буларды ойлого чактысы жетпеди.

Кармашуулардан кийин жеңиш туусу Ата Журтчуларга тийди. Болот дөбөдөн сыйгалана түшүп келатты.

–Сен кыйын экенсиң,–деди топко жетээри менен топ башчысы,–Батыш, чыгышты жакшы билет турбайсыңбы. Бизди адаштырган жоксуң. Бүгүндөн баштап биздин топко кошулдуң. Бая сага ишенбегендиктен кароолдо турушуңду колдобогом. Азаматсың!

Болоттун көзү жайнай күлүңдөдү.

–Келчү аптада окуу башталат. 1972–жылды узатып, 1973–жылды тособуз. Кандай сонун!–Бешинчи класстын окуучусу Кайрат кубана оромпай тепти. Көпчүлүгү аны коштоп бака-шака түштү.

–Ошону айтсаң. Эрте турмай...–деди Кайраттын классташы Мурат,– окуу жылынын башталышына сүйүнгөнү же сүйүнбөгөнү билинбей.

Топурай айылды беттешти. Болот топтон калбай дикилдеп келатты. Жүрөгү дүкүлдөй, кыялы мектепке байланды. Күндөрдүн бат өтүшүн тиледи. Көз алдына жакын адамдары, алган белектери жана мектеп тартыла түшүп толкунданды.

–Мектепке толук даярсың. Окусаң өсүмдүктөрдү жалгыз багып, самоорду өзүм кайнатып, жүдөйт окшойм,–деп энеси бетинен өөп бир куту түр карандашты карматкан.

–Бизди уят кылбай жакшы оку,–деген ага-эжелери китеп, дептерлерин даярдап.

Тайенеси чий баркыттан костюм тикти. Баланын өз сөзү менен айтканда ак көйнөгүн кучактай кычырап илинүү турат.

–Жүрөктүү болсоң каалаганыңа жетесиң,–дейт тайатасы.

–Бокен, муну сага Фрунзеден алып келдим. Тынчтык күндүн бактылуу уулу бол,–атасы кынаптай оролгон калың кагаздын бүктөмдөрүн ачып, жалтылдаган кара портфелди сунган.

Бала портфелди бооруна кыса сүйүнгөнүнөн тердеген. Ыйлагысы да келген.

Азыр Болот портфелин ачып, китеп, дептерин көргүсү келди. Үйүнө тез жетүүнү самап, балдардан бөлүнө тызылдады.

Март 2015.

# АЧА ЖОЛ

Айнек эки капталы палаталарга толгон узун далисте баратып, өрт өчүрүүгө керектелчү шаймандар коюлган буйтка бурчка кайрылды.

- Дагы эле турасызбы? – Кууш терезенин түбүндөгү аялдан таң кала сурады.

- Палатага азыр кирем. – Аял ордунан козголбой жооп берди.

- Азырыңыз качан? Тихий час бүткөн. Үч сааттан бери тыгылып, ушул бурчтасыз.– Айнек жай басып, аялдын жанына келди.

- Валентина кыйналып атат. Отура албадым. – Аялдын үнү пас чыкты.

- Кыйналса эмне экен. Дубалды карап жатып алыңыз.

- Анте албадым. – Аял күнөөлүүдөй жалтактады.

- Ашыкча боорукердиктин зарылдыгы жок, – деди Айнек, – ар бир адам өз жаны, өз жашоосу үчүн күрөшөт.

- Катуу кыйналууда. Алган уколдору, ичкен дарылары таасир этпегендей.

- Этпесе этпестир, – Айнек камырабай сүйлөдү, – Валентина өмүрүнүн аягына чыкты.

- Кантип? – Аял кескин чочуганын байкабады.

- Аныкы өтүшкөн рак, – деди Айнек, – жакында керебети бош калат. Илдиреп дагы бирөө баш бакканча тынч уктайсыз. Төрт, жети койкалуу палатадагылар бирин-бири шишке сайгандай озондошот. Сиздин палата рай!

- Бечара, – аял кабатырлана халатынын жакасын кармалады,– өзү да сезет бейм, өлүм жөнүндө көп сүйлөйт.

- Кетүүгө даярданып бүткөн тура. Жарыкчылык ага кымбат эмес.

- Ошондойбу, – аял Айнекти чолуй тиктеди.

- Улар деп атыңыздан атасам болобу? – Айнек өтүнө кайрылды. – Жашыбыз чамалаштай.

- Болот, – аял илбериңки жооп берди.

- Дары, бинт, шприц тартыш болсо, мага кайрылыңыз, – деди Айнек. – Баардыгына жеткире албайбыз.

Улар ыраазылыгын билдире жылмайды. «Ооруканадан да теңчилик качкан тура» деген ой кылт этип, чөгө түштү.

– Иш күнүм аяктады, – Айнек чөнтөгүндөгү саатын карап алып, медициналык кызматкерлердин бөлмөсүн көздөй кетти. Палаталардын улам биринин каалгасы ачылып, үлдүрөгөн-шалдыраган оорулуулардын жуунчу жайды, муздаткычтар коюлган бөлмөнү, дааратрканы көздөй баскан кечки тиричиликтери башталды. Керебеттен жамбашын көтөрө албай жалдырап жаткандар канча.

Улар да палатасын беттей илкиди. Каалганын туткасын зааркана кармап, ачаары менен Валентинанын маңдайын чекирейе тиктеп, катып отурганы үрөйүн учурду.

- Кудайдын каарына калсам керек. Кыркылдап атып, өлбөй калдым, – деди Валентина үздүгө кышылдап.

- Оору акырындап пайда болгондой акырындап жоголот тура. Операция жасалаар замат ким чуркап кетиптир? Убакыт керек. – Айнектин сөзү мээсинен кетпей бушаймманданган Улар палаталашынын тагдырына ичи ачыша керебетине учкай көчүк басты. Өзүн палатада түгүл Ааламда артыкбаш сезди.

Валентина кайрадан окшуй баштады. Улар Валентинаны карагандан айбыкты. Бирок, кайра далиске чыгып кеталбады. Валентинаны оорусу кыйнай баштаганда колубуту жансыз солдоюп, башы көөдөнүнө бата, үзүлүп бараткандый кыркылдайт. Улар Галя жокто аралыгы бир кез эки керебеттин ортосунда алектенет. Валентинанын жаздыгын өйдөлөтөт, ылдыйлатат, желпийт. Аракетинен тыянак чыкпайт. Палата тар болгондуктан аба жетишпейт. Каалганы кененирээк ачса кыры Улар жаткан керебеттин аягына такалат. Терезе туюк салынгандыктан ачыш мүмкүн эмес.

- Суу?.. Суу?.. – деди Валентина жаналакетке түшө кышылдап. Улар стаканга атайылап куюп койгон даяр сууну Валентинанын эрдине кармады. Валентина суудан

илеп тартып алып, ошол замат какап-чакап, эсин жоготту. Улар врачтарга жүгүрдү.

- Дагы башталдыбы? – оорулуулардын тизмеси жазылган журналды барактап отурган врач Уларга жайбаракат карады.

- Эсин жоготуп койду, – врачты тура жүгүрөт деп ойлоду. Антпеди.

- Азыр медсестра келет. Барып, укол куят, – врач кайра журналга үңүлдү.

Улар унчукпай чыгып кетти. Валентина эсине келип, каалга тарапты кадала тиктеп отуруптур.

- Врачтарга бардым, – деди Улар актангандай, – бошобой атышыптыр.

- Куруп калдым, – Валентина шыбырай энтикти, – буканын мүйүзүндө сайылып тургансыйм. Бука оюн салат. Мүйүз ичеги-боорумду эзет.

- Эжеңдин келээр маалы болду, – Улар сөздү бургусу келди.

- Аларга кедергим тийди, – Валентина жашый сүйлөдү, – үй-бүлөсүн таштап, күнү-түнү мени күзөтөт. Кечээ балдарыңды көрүп, кир-когун жууп кел деп көшөөрүп атып, үйүнө араң жибербедимби. Өтө боорукер. Узак, татыктуу өмүр сүрсө экен.

- Бактылуусуң, – деди Улар.

- Эмнеге? – Валентина кулак түрө башын саал көтөрүп, жылмайганга аракеттенди.

- Эжең бар.

- Ооба, ооба ал жагынан бактылуумун. Болбосо... – Каалга жай ачылып, колуна шприц кармаган Айнек кирди.

- Жакшынакай жамбашыңыздын тынчын алайын, – деди ал күлүмсүрөй. Валентина капталдай жатууга ниеттенди.

- Сизди өзүм эле кыңайтып алам. Кыймылсыз жаткандардын далайына он жылдан бери ийне сайбадымбы. Тажрыйба жетишет. – Сүйлөп атып, уколду жасап койду.

– Илбериңки зат, – деди Айнек чыгып кеткенден кийин Валентина,– ийне сайган - сайбаганы билинбейт. Эс ала түшөм.

- Колу жеңил дешет, – Улар Валентинанын көңүлүн көтөргүсү келди.

- Аскердик милдетин өтөп, Сибирде жүргөн уулума каргыш тийген оору менен алышып жатканымды кабарлабагыла дедим. – Валентина уколдон кийин тың сүйлөдү. – Турмушка эрте чыккам. Тунум да, кенжем да ошол. Оорунун мүнөзүнө жараша убакытты эсептедим. Эки айдан кийин уулум биротоло келет.Келгенинче жашайм.

- Врачтар сакаясың дешпедиби, – деди Улар Айнектин да, Валентинанын да айтканына ишенгиси келбей.

- Ошентип атышат. Алардын илимий тажрыйбасына муюшканым менен кайда баратканымды эримдин көзүнөн көрөм.

- Кантип? – Улар койсоңчу дегендей ээк какты.

- Жалжылдаган карегинин тереңинде нөшөрлөгөн ый турат.

- Эриң колунан келсе кеселиңди өзүнө алууга даяр, – Улар көңүлүндөгүнү айтты.

- Жүрөгүнүн тазалыгында чек жок. – Валентинанын жүзү жандана жымырады.– Бирок, көздүү чөркөнүн түйшүгүнө кантип түтөт. Тажайт. Азыр булганган ич кийимдеримди жерге тийгизбей жууп, астымды тазалап атат. Ар бир нерсенин бүтүшү бар. Кеткеним аларга да, мага да жакшы.

- Кеткенден башканы ойлобойсуңбу? Бир мүнөткө болсо да өзүңдү сакайгандай элестетсең боло. – деди Улар.– Жан дүйнөнүн каш кагым жаркыганы бир күндүк өмүр.

- Ушул турпатым жакшылыкка жалгашууга улуксаат береби? – Валентина манжалары барсайып, чыңала шишиген кыймылсыз буттарын тиктеди.– Операция жасалганына ок экинчи күн, жылыш жок. Жоон ичегимди талкалап, жука чурайымды тиреген шишикти кесип таштаганы менен белимден ылдый шал болбодубу. Рак жабышса тозоңдойт тура.

- Шире жутасыңбы? – деди Улар алаксытмакка.

- Айрандан берчи? – Валентина кысына сурады.

Валентина оюна кандай тамак-аш түшсө ошону жепичкиси келет. Бирок беш-он мүнөттөн кийин кайра кусат.

Кайра жейт, кайра кусат. Кусканында түйүнчөктөй түйүлөт. Сөөктөрү бырын-чырын талкаланчудай зыркыраарын айтат. Ичинде ийнеге илээр аш калбай, ичеги-карынынын кырындысы чыккан соң бир топко сулк жатат. Жатканында камгактай жеңил, морт көрүнөт. Бул ооруканаы аялы байырлаган көпчүлүк эркектерге салыштырганда Валентинанын жубайы жапакечтиги, таруудай карасы жок тунуктугу менен аялына болгон сүйүүсүнүн түбөлүктүү экенин айкындады. Анын кыймылында, сөзүндө эч кандай жасалмалуулук же анткордук жок эле. Валентина: «көздүү чөркө болуп жашабайм» деп өлүмдү тилеп зар какшаганы менен эри үчүн Валентинанын көздүү чөркө болсо да маңдайында турганы өзгөчө мааниге ээ экени анын турпатынан туюлуп турчу.

* * *

Улар Илим Изилдөө Институту аталган (оруулар кылкөпүрө дечү) Онкологиялык ооруканага коркунучтуу дартка чалдыгып жатаарын ойлобогон. Жашы кыркты чапчып, турмуштун ачуу-таттуусун таразаладым дегени менен кылкөпүрөнүн тутумунда бала бойдон экенин туйду. Аны ооруканада оорусуна барабар түйшөлткөн жагдай иреңдерин боз шишик баскан адамдардын үмүтсүз көз караштары эле. Алардын баарын жамандыкка кыйчу эмес. Келип-кеткен айрым бакан ооздордун: «Мында жаткандардын токсон беш пайызынын суусу түгөнгөн» деген күбүңшыбыңдарын кулагынын сыртынан өрткөрчү. Кызыгың түшкүр, эч качан арыбастай көрүнгөн өмүр аттуу сүлкүлдөгөн жорго минип, гүлбакчаны аралап келатып эле кылкөпүрөнүн босогосуна бир тийди. Босогодон ичкери аттаары менен коомдун талабы сыяктантып, чала сабат, өзүмчүл жетекчилер бурмалай койгон кыйчалыштар, иштин кызыкчылыгын көздөгөн талаш-тартыштар, айлык акы кечеңдеп, өп-чап тойгон күндөр, тууган арасындагы жана үй-бүлөчүлүктөгү боло калчу пикир келишпестиктер, бутка урулган чалмалар деги койчу баары ыбырсыган гөр пенделик экенин түшүндү. Врачтар менен болгон ар кыл маектери тынымсыз кагылган коңгуроодой кулагынан

кетпеди. Жолдомо менен кылкөпүрөгө жатканында кайрадан кароодон өттү. Бул кароо – тиги дүйнөгө кетчү ача жолдосуң, бейишке жөнөйсүңбү, тозокко түшөсүңбү белгисиз, – деген таризде эле. Бирок Улар сакайаарына ишенчү. Анткени, анын сүйүүсү жалпыга ыйгарылгандыктан керт башынын кокую эсинен чыгып, коомдун тутумундагы, түйшүктүн чордонунда жүрчү. Жаратылышты денесинин бир мүчөсү катары кабылдачу. Түш оой табияттын кышкы сулуулугун карегине чөгөрүү үчүн тышка жөнөгөн.

- Кайда баратасыз, эже? – Биринчи кабаттын чыга беришинен жолуккан бөлүм башчысы Касен Мукамбетов Уларга ынталуу карады.

- Аба жутайын дедим, – ооруканын тартибин буздумбу дегендей тартына жооп берди.

- Суукка урунуп албаңыз, – деди Касен, – жакында операция болооруңуз бышык.

- Тез эле келем, – күрмөсүн кымтылана ыкчам басып, тышка чыкты. Чыгаары менен тоо суусунун шапатасындай жагымдуу аба боюн сергите жеңилдене дем алды. Кыш күчүнө кирип, кар кечээ эле таңдан кечке элене жааганы менен күн үлпүдөй тийип, короо ичи магдырап, тынч эле. Кардын кан тамыры сыяктанган бир таман таш жолдун четтеринде күрөктүн сыдырындысынан калган кыроолор эзиле куюлган көз жаштай жыбылжый эрип, бучкагын жая баштаптыр. Улар бир таман тоңголок жолдон бурула бала чагындагыдай күрткүгө сүрөткө түшүп, кар тоголоктоп ойноп, бул муңдуу чөлкөмдөн алыс–алыс безгиси келди. Аттин, бирок бутуна чидер салынгандай ачаланган ийрек жолду таштай албады. Жолдун кайсы ийрегине бурулбасын кылкөпүрөнүн алты имаратынын бирине алып барат. Короодо өзүнөн башка жан жок эле. Ары илкиди. Бери илкиди. Шимшилеген жолбун иттер менен мышыктар да көрүнбөдү. Кар бетинде чымчыктардын тырбыйган издери жатты. Тапочкасынын резина таманы бутун муздата баштады. Ооруканanын бедирейген терезелери чоочун жана сүрдүү көрүндү. Ошол терезелердин булуң-бурчтарына далдаланган миңдеген көздөр өзүн сынай карап тургансыды.Алгач ирет көздөрдөн жазганды. Кайда

жашынаарын билбегендей ийрек жолдун үзүмун тыта баскан Улар бүгүнкүсүн же эртеңкисин эмес, өткөнүн ойлогусу келди. Журналистканы аркалаган адепки жылындагы аткарган бир иши көз алдына тартылып, ууртун жылмайуу аралады. Жылмайган калыбында оорукананын залкайган каалгасын ачты. «Тозоктун жайлоосундай» сапырылган бул оорукананын босогосунан баштап, сайсөөктү сыздата сыбызгыган көмүскө ыргактар көңүлдү чөгөрүп жиберчү. Дарылардын ачуу жыты боюна сиңип, сүлдөрүн сүйрөгөн оорулуулар тозоктун отуна эчак куйкаланган сыяктанчу. Улар палатасын көздөй шыпылдай басты.

Мындан ончакты жыл мурда Республикалык Жер Иштетүү Институтундагы агрономдук кызматынан өз өтүнүчү менен бошоп, бала чагынан сугу түшкөн жаштар газетасынан иштей баштаган. Редактор: «Жумушчу жаштардын кечки мектебинин директорунун мыйзамсыз иштери жөнүндө мугалимдерден кат түштү. Ошону тезирээк териштирип кел. Адеп кат менен тааныш» деп беттери толо жазылган беш баракты сунган. Улар мектепке келип, директорду сураштырса он биринчи класстын окуучуларынан бүтүрүү экзаменин алып аткан экен. Карпа-курпа кирип барууну ылайык көрбөй эшигин тыкылдатты. Жооп болбоду. Убакытты бекер өткөрүүнү каалабай улуксаат сурап, каалганы ачты. Директор конфет соруп, манчыркай отуруптур.

– Дымагың күчтүү го, эшик чертип маданияттуусунуп!.. Келе зачеткаңды?.. Мүмкүн билет алып, жооп берээрсиң?.. – Улардын саламын этибарга албай кекете булдуруктады.

– Зачеткам жок. Мен...

– Зачеткаң жок эмнеге келдиң? – Уларды сүйлөтпөй конфетин жута бакылдады. – Үч жыл силердин артыңардан салпактаганча, маймылга мурдун чукуганды үйрөтсөм, эмдигиче аренага чыкмак! Акыбетим кайтмак! Өзүңө-өзүң балта урдуң! Жаңы окуу жылында кайра ордуңа отурасың! Орто мектеп түгүл, жогорку окуу жайынан бешти бүтсөң да сөөгүң жумушчу боюнча калат! Барагой!

– Ачууланбаңыз Усуп Мамырканович, зачеткам ушул, – Улар кабарчылык күбөлүгүн сунду.

– Келиңиз, келиңиз. – Директор карбаластай тура калып, өзү отурган олчойгон креслону ийиле көрсөттү.

– Мындай эле отурайын, – «Уялбагандан өзүң уял» демекчи Улар парталардан окчун, билеттер жайылган столдун жанындагы орундукка отурду. Директордун пастыгына кыжырданганын билгизбей сөзүн улады, – бүтүрүү экзаменин берүү үчүн кезекте турган окуучулар менен баарлаштым. «Жыл бою сабак өтүлгөн эмес. Өз алдыбызча даярдандык» дешти. Көпчүлүгү сизди тааныбайт экен. Сыягы мугалимдердин редакцияга кат аркылуу билдирген өтүнүчтөрү жүз пайызга туурадай.

– Ой, айланайын, «улук болсоң кичик бол» дегендей азыркы байкабастык менден кетти, – деди креслого төрөпейил отуруп атып. – Ток этээрин айтсам, кол алдымда ойду-тоону оттогон өңчөй арызчылдар иштейт. Баса, жакын отурбадың. Даамдан оозтий, – иш столунун үстүндөгү кофеттерге көз таштады, – экзамендин шартты, салты ушул. Күндүн ысыгы да акактатып жиберет, мүмкүн боржом ичээрсиз? – Терезеге тизилген бөтөлкөлөргө колун созду.

– Түйшүктөнбөңүз, – Улардын үнү жай чыкканы менен директордун жойпулугуна жипкирди, – Булар окуучулардан өндүрүлгөн го, – деди директорду кыйгай карап.

– Кантип өндүрүлөт? – Директор Уларды ормоё карап, чукчуңдады. – Мен андайды билбейм, жегич эмесмин! Дасторкон өзүмдүкү!

– Чөнтөгүңүз коромжуга учурабагандыктан, иш столуңуздун үстү той дасторконуна айланып, кымбат баадагы конфеттер үйүлүп-жыйылып жатса керек. Окуучуларды гана эмес, өкмөттү алдайт экенсиз.

– Кандайча алдайм?! Факты жок! – Директор кызарататара чекчейди.

– Факты жокпу? Жылдап сабак өтпөсөңүз да айлык акыны күндө сабак өткөн мугалимдерден көп алат турбайсызбы. Бухгалтердин колундагы эсеп-кысаптарды көрдүм. Окуучуларыңызды таанывагандыктан мени он биринчи

класска экинчи жыл отургузмай болдуңуз. Кубанычтуумун.

– Ишимдин көптүгүнөн байкабастык кетет. Эми айланайын, экзаменди токтото туруп, ыңгайлуу жерден сүйлөшүп, түшүнүшөлү,– директор бүжүрөй чебеленди.

– Экзаменди жүйөөсүз токтотууга сиздин да, менин да акым жок, – Улар олуттуу айтты.

– Токтотууга эмнеге акым жок? – Директор төш кере менменсиди, – Мектепте мен кожоюнмун! Сизге кыл кондурбайм. Ишти кынтыксыз жана пайдалуу бүтүрөм!..– Кыйды жылмайды.

– Бүгүнкү «үлгүлүү» иштериңизге мугалимдердин билдирүүсүн кошумчалап, сиз сыяктууларга сабак болсун үчүн газетага жарыялоого туура келет. Коомдун күрөө тамыры болгон жаштарды коргоо милдетибиз. Жакшы калыңыз, – Улар класстан чыкканда далистин баш жагында беш-алты мугалим сүйлөшүп туруптур. «Сөзгө келиңиз» деп кошо баскан директор аларды көргөндө жалт бурулуп, класска кирип кетти. Мугалимдер катында редактордон: «Директордун кылтагына түшүп, жүз грамм менен арзыбаган тыйынга алданбаган журналисттерден жибериңиз?» деп өтүнүшүптүр.

– Чындык ким тарапта экен? – деди редактор Улар кабинетине кирээри менен кызыга сурап. Улар бардыгын ийне-жибине чейин айтып берди.

– Директор аксакал киши экен. Жумшак сүйлөшпөй, курчтук кылдым окшойт, – өкүнгөнүн да жашырбады.

– Сөз жагдайга жараша жүрүптүр. Аксакалдык наркын өзү сакташы зарыл, – деди редактор.

Ушул тапта жумушчу жаштар мектебинин директору кабылдамада отурганын айтып, секретарь кыз кирди.

- Оо, чагылгандай жүрүш жасаптыр. «Тажрыйбасы» мол го, – редактор мыйыгынан жылмайды, – кирсин.

- Саламатсызбы? Саламатсызбы? – Директор саламын үстүккө-босток айтып, үч бүктөлө лыпылдай кирди. Кирээри менен сенсиңби дегендей Уларга кыйгачтай, редакторго жакынсый жебиреди. – Айланайын иним, жаштарга укук берсе төбөгө чапчудай.

- Отуруңуз, Усуп Мамыркановиç, – деди редактор ордунан козголо орундук жаңсап, – шашпай сүйлөшөлү.

- Ооба, ооба айланайын, шашпай сүйлөшөлү. Түшүнүшөлү... Мал-жаныңар аман дегендей, денсоолук жакшыбы? Ишиңер жүрүшүп атабы? Үй-бүлө тынчпы?

- Рахмат, баардыгы өз нугунда, – деди редактор, – кандай жумуш менен келдиңиз?

- Ой, атасынын гөрү, күнү-түнү чарк айланмай, иш чачтан көп. Убакыт таап, өзүңө кайрылдым. Бүгүн жоопту экзамен алып аттым эле. Ошол тапта...– Уларга карап-карабай кабаарыды.

- Мен кете берейинчи, – Улар ордунан турмакчы болду.

- Чогуу сүйлөшөбүз, – деди редактор.

- Айланайын иним, өзүңө келгем. Эркектерче дегендей... – директор мулжуңдай кыйпычыктады.

- Иш эркектер үчүн, аялдар үчүн деп бөлүштүрүлгөн эмес. Даражабыз бирдей. Анын үстүнө бул киши жаш болсо да редакциянын ишенимдүү кабарчысы. Сиздин иш «жөндөмдүүлүгүңүздү» көзү менен көргөн соң мугалимдердин билдирүүсү чындык экенин ырастады. Эгер сизди эмгек жамааты ак жеринен күйгүзүп атса комиссия түзөлү. Дыкат текшеришсин, – редактор директорду суроолу тиктеди.

- Эми айланайын, өзүңө ишенип келдим. Бир атадан тарап, оң кол менен сол колдой тектешпиз. Кеминдин кулундары ынтымактуубуз. Тээ–э илгертеден ата-бабаларыбыз кыйынчылыктарда бирин-бири жамандыкка кыйбаган. Эми кой үстүнө торгой жумурткалап турганда майдабарат үчүн салттуу ынтымагыбыз ыдырабасын. Өркөнү өсчү терең жигит экенсиң, айланайын, – директор салаваттуу көрүнгөсү келгендей чалкалай бурчуйду.

- Максатыңыз эмне? Ток этээрин айтыңыз? – Редактор жактырбаганын билгизбей жай унчукту.

- Ушул суроонду күтүп аткам, айланайын, – директордун каректери жылдыздана жайдаңдады. – Жаштайымдан жакшынын баркына жеткен адаммын. Ага-инидей сүйлөшөлү... Атаңды билчүмүн... – Уларга эмне отурасың

дегендей кырданды. Улар анын кырданганын байкабагансыды.

- Туура түшүнүңүз, – деди редактор, – текти козгоп, тууганчылыкты сүрүштүрүүнүн зарылдыгы жок. Эгер педагогикалык майдандагы бүгүнкү катаңызды чындап сезсеңиз мугалимдерден, окуучулардан кечирим сураңыз. Кемчиликтериңизди тез арада жөнгө салыңыз. Коммунисттик партиянын мүчөсү экенсиз. Бийик ишенимди булгабаңыз. Бул кеңешти сизге көптү көрсөңүз да аргасыздан айтуудамын. Ишти колго алсаңыз, өзүмчүл көз жумдуулугуңузду газета бетине жарыялабайбыз. Мындай кечиримдүүлүк сиздин буга чейинки эмгегиңизди жана жашыңызды сыйлаганыбыз. Бирок, Элге Билим Берүү министирлигине кабарчынын жыйынтыгы менен мугалимдердин билдирүү катын жиберүү милдетибиз.

- Ап бали–и, – деди директор жайкактай, – кантсе да Кемин журтунда ыйман бар. Арызчылардан арылсам иш сөзсүз оңолот. Сөзүм сөз. Министирликтеги бакандай орунда көздөй кишим отурат. Бая ошого барсам болмок экен... Жакшы кал, айланайын, – редакторго балпайган толук манжаларын сунду. Ушундан беш күн өтүп, Улар Билим Берүү министирлиги тарабынан директордун иштен бошотулганын укту. Кубанып да өкүнүп алды. Өкүнгөнү мамлекет тарабынан элдин эсебине ыйгарылган каражатты кулкунуна куйган жоопту кызматкерлердин иш орундарынан жылуу–жумшак бошотулганы эле. Кубанганы журналистикадагы дагы бир ишинен арабөк калбай жыйынтык чыкты. Ооба, учурунда чийкидей көрүнгөн ал иштерин азыр канагаттануу менен эстеп, кылкөпүрөнүн кучагында жатканын азга болсо да унутту. Палатанын ичи мурдагыдай эле күлүмчү жытка толуп, Валентина астына жайылган сүлгүгө үздүгө окшуп атты.

* * *

Бул дүйнөнүн айтып бүткүс ажайып касиетине суктанбаган жан жоктур ов! Ымыркай түйүлүп, жетилген уясынан козголуп, жарыкчылыкка көз жараар замат жашап калуу зарылдыгын боолголой, эне сүтүнөн мурда бир грамм

аба искейт. Аба жүрөк ритмин жаратылышка туташтырат. Күч жыйнай түшкөн ымыркай адам экенин туйгуза барылдайт. Эс тарткан сайын адамдык баркы менен коомдогу ордун жоготпоо үчүн күрөшөт. Келечекке жол тапкысы келет. Ооба, келечекке жол аччу ыйык күрөштү айрымдар тескери аласалдырат. Андай адамдар өзүн бөтөнчө жаралгандай сезип, коомдон бийик тургусу келет. Керт башынын кызыкчылыгы үчүн үй-бүлөсүн да уйпалаары бышык. Алар Теңир берген бактысын туйбай «Бактылуу боло элекмин» – деп хандын казынасын көксөйт. Улар айылдашы Хансулууну да жашаган коомун урматтабай, чөйрөсүнө кайдыгер караган өзүмчүл пенделердин катарына кошчу.

Бир ирет адабий-көркөм журналдан Хансулуунун образына тектеш жазылган аңгемени окуду да журналды кол сумкасына салып койду. Көп узабай комузчулардын республикалык кароо-конкурсуна кабарчылык иши менен баратып, сейил багынан Хансулууга жолукту. Амандык сурашып, коштошоорунда «Ушуну окуп койчу?» – деп журналды Хансулууга берди. Хансулуу үйүнө келген соң: «Француз духисинен бешбетер бергени ушул, бечаранын» деген ойдо журналды көңүлсүз барактап отуруп, «Эркек баркы» деген аңгемеге көз жүгүрттү. «Кандай эркек экен, ботом? Чын эле барктaлчу оёнбу?» – шыңк эте күбүрөндү. Ачуусу да келди. Ал күнү досторунун бири колуна илинбей зериге баштагандыктан аңгемени аргасыздан окумай болду. Тереңдеп окуган сайын аңгемедеги Гүлүмкандын образынан өзүнүн жүрүм-туруму кылыя калып атты. Кылыйган сайын ичи уйгу-туйгуланып, күйүп-бышты. Хансулуу мектепти бүткөндөн бери кандайдыр бир чыгарманы окуп, искусство таанып же табийгаттын кереметине суктанып, адамдарды жана адам экенин баалап, таасирленбеген. Курбалдаштарынын ортосундагы ар кандай темадагы талаш-тартыштарды кулагынын сыртынан өткөрчү да баарын билген сыяктанып, көпчүлүк жакка ооп, алакан чапчу. Көркөм адабият боюнча сөз жүрсө «жазуучулар карайлагансып кечээки же бүгүнкү тиричиликти жазат. Бул билимсиздик» деп наалычу. Достору чогулган дасторкон жыйынынын ар биринде Хансулуу өзүн алардан ар дайым жогору кармачу.

- Эгер мен чыгарма жазсам чыгаан жазуучулардан он эсе жогору жазмакмын,– деди бир ирет. – Аттин, өңчөй эркектердин түйшүгүнөн жазганга колум жетпейт,– кабагын чүрүштүрө үшкүрүндү.

- Оо, андай асыл ишти жаратууга убакыт табыш керек, – Хансулуунун сырын билбеген жигит сүрөөгө алды.

- Көргөн-билгендерин жаза бергендерди баалабайм, – Хансулуу колун шилтей көйрөңдөндү, – Жазганга жараша мощный роман жазам. Роман гана!

Азыр Хансулуу «мощный романдарынын» эмес, өзүмчүл, бекерпоз, эри жалынып өтүнсө да ичкиликти таштабаган, иштегиси келбеген аялдын үй-бүлөдөгү орду, баркы жана анын коомчулукка жасаган мамилеси жөнүндөгү аңгеменин туткунунда калды.

- Ух–хх, макоо, кыздар кызыгып, колтугунда турса селпейген, сетер аялына неге көшөкөрлөнөт, – Хансулуу аңгеменин башкы каарманы эркекке ит атайы тутула тилденип алды, – Сетердин же деникиндей акылы болсо экен. Өзү сүйрөп жүрүп, медшколду бүтүртүптүр... Анысы академик даражасын алгандай жаржактайт. Дымагы күчтүү найесептин.

Хансулуу удаасы менен үч уул төрөдү. Уулдары төрөөлөр замат энесине ат көтөргүс сый алып келип атты. Азыр үчөөнүн тең бой тарткан учуру. Хансулуунун күйөөсү Мамбет атадан жалгыз болгондуктанбы, айтор үй-бүлөсүн карегиндей барктачу. Хансулуу күйөөсүнүн бул урмат-сыйына тубаса тунук акылым менен жеттим деп ойлоп, Мамбетти каалаганындай калчачу. Бактысын төрөдөй төрт эркек көкөлөтүп турганын билчү эмес.

- Өлүксүз! – Хансулуу аңгеменин авторуна, Мамбетке же каармандарга жинденгени белгисиз журналды босого жакка ыргытып жиберди. Колуна кармата койгон Уларды каргады.

- Кайран өмүрүм, – саамдан соң кыжаалат күбүрөндү, – кор болуп, өтүптүр да...

Урунаарга тоо таппай туталанган Хансулуу жок издегендей бөлмөлөргө силкине кирип-чыгып жүрүп, журналды кайра алды.

«Ичкиликтин кесепетинен кан басымы кескин жогорулаган Гүлүмкан ооруканага жатты. Сатар Гүлүмкан эсине келгенине карабай төртүнчү күнү да түнү менен анын жанында отурду.» Аңгеменин кийинки абзацы ушинтип башталыптыр. Бул сүйлөм Хансулуунун куйкасын огобетер курушттурду. «Эркек аттууларда, айрыкча менин эримде, көөдөн менен көз жок.» – Хансулуу маңдайында бирөө тургансып бакылдады. – «Мен болбосом, менин көкшүнүм бакандай министирликтин каржы бөлүмүн башкарат беле? Жок! Тиги болсо эч нерсеге жарабаган алкаш сетердин өмүрүн тилеп атпайбы. Көкшүндү Мамбет атыктырганымды журт түгүл, алыш-катыштар билбейт. Алкаш Гүлүмкандын бактысы бир эмес, миң качырга жүк тура!» – журналды кайра ыргытып, креслого шалак отурду.

Хансулуу акыркы модадагы кийимдерди издеп, дүкүндөрдү кыдырганда же шаар четинде досторунун коштоосунда көңүл ачууну каалаганда жалпы автоунааларга түшкүсү келбей кыйналат. Ошентсе да, эринин жакасына жармашпайт. Анын мажирөөлөгүн, өзгөчө номердеги машине минчү кызматка эч качан жетпесин гана эскертет.

- Соолгурдуку, жаштык кылып жаңылбаганымда башы тирүү эркектерден тандамакмын! Эми мунум: «Такси чакырып ал» дейт бүжүрөп, – ачуусуна чыдабай креслодон ыкчам туруп, бөйрөгүн таяна ары-бери басты да каткырып жиберди. – Баса, мажирөөнү күтүп, кечке үйдөн чыкпай отурчу белем... Кайда барсам эрким, колум-жолум бош. Эй дегенимде баары даяр... – Жайдарылана жымыңдады. Телефондун жанына барып, саал кетенчиктей кайрадан кыжырданды.

- Арам көкшүн, тилимди эчак алып, министир сөрөйүнүн үстүнөн тоголок арыз жазганында анын ордун ээлемек. Эми чүйгүндөп казы-карта бышырып, суутуп, күтүп тургансып, элүүгө чукулдады. Ким чоңойтот муну?! – Өкүрүп-өксүп ыйлагысы келди. Ыйлай албады. Журналды утур ыргытып, канчалык чычаласа да өзүнүн сөзү менен айтканда «үйүндө бутуна илээшип, топураган төрт эркек» өзүнө өзгөчө жакын жана кымбат экенин алгач

ирет сезди. Жок жерден жандүйнөсүнө бүлүк салып, журналды колуна карматкандыгы үчүн Уларды да ачуу тилин агыта бая каргаганындай каргашка дити барбады.

* * *

- Ичегилериңиздин жетимиш пайыздан көбүрөөгүнүн соо жери жоктой. Ийректеринде сууга толгон баштыкчалар арбын. Майда, чоң шишикчелер бар.

«Эмне болсо да карап бүтсө экен» деп ойлогон Улар кушеткага жабыша онтолоду. Колоноскопия процедурасы оорукчал ичегилер үчүн денеге тикенек сайылгандай ачуу эле.

– Жарым саатта ичегилериңиздин теңин гана көрдүм. Аппаратты дыкаттап, өйдөлөтө жылдырууга аракеттенүүдөмүн. Чыдай туруңуз, – хирургдун үнү таасирдүү чыгып атты. – Сөзсүз операция зарыл. Бирок жамандыкты ойлоп, коркпоңуз. Ооруга гана өзгөчө, иштиктүү мамиле жасаңыз. Күн өткөрүп операцияны создуктурсаңыз кеч болуп калат.

– Карап бүттүңүзбү, Владимир Иванович? – деди Улар ичегилеринин ооруганына чыдабай кекечтене сурап.

–Аппаратты дагы мүмкүнчүлүк таап жылдыра албадым. Бүттү, – врач өзү да эс ала түшкөнсүдү.

– Ооруканага артрит менен жаткам. Сизге Кудайдын буйругу менен көрүнүп калдым. Сиз тапкан бул дарт арыктаганым болбосо тынчымды көп алчу эмес. Маани да бербегем, – деди Улар.

– Аттин, денсоолугуңузга кайдыгер карабаганыңызда операция алты ай мурда жасалып, жеңил өтмөк. Калдыксыз сакаймаксыз, – деди хирург мээлейин чечип атып, – артрит эч нерсе эмес. Полиптин азырынча доброкачественный экени көрүнүп турат. Операцияны ашып кетсе жыйырма беш, отуз күндөн кечиктирбеңиз. Кечиктирсеңиз злокачественныйга айланат. Андан соң баары бир, жамандыкка гана алып барат. Операциясыз айыктырам деген табыптарга ишенбеңиз. Дарттын жөн-жайын карточкаңызга толук жазып, сизди дарылап аткан палаталык врачка тапшырам. Эгер сунушумду макул тапсаңыз,

операцияны башка ооруканалардан эмес, Онкологиялык Институттан Касен Мукамбетовго жасатсаңыз натыйжалуу аяктайт. Ал киши ажалдын оозунан жулуп алып, далай адамдарга өмүр берген. Мыкты хирург.

– Сизге чоң рахмат, – Улар Владимир Ивановичке ыраазылыгын билдире коштошту. Лабораториядан палатага келип, ичегилеринин ооруганы басылганда гана полип кандай дарт экенин саресепке сала баштады.

– Кошумча табылган ооруңуз боюнча тынчсызданбаңыз. Анализ толук чыкканда дарттын мүнөзү такталат. Полип чоң эмес. Рентгенден да көрбөдүкпү, – палаталык врач Зоя Максимовна эртең мененки кароодо жана андан кийин да ушул сөзүн кайталады.

– Тынчсызданбадым, – деди Улар, – ооруканада убакыт өтпөйт экен. Үйдө же иште таң менен кечтин ортосу өтө кыска.

– Аялзаты үй тиричилигин кызмат менен эриш-аркак алып жүрөбүз, – Зоя Максимовна жайдарылана сүйлөдү, – эр күтүш, бала тарбиялаш да милдетибиз. Ооруканада жатканда жан баккандан башка түйшүк жок. Палатада жалгызсыз. Артритиңизди дарылоону убактылуу кыскарттык. Гастрит жана холестицитиңизди дарылай беребиз. Кан басымыңыз спортсмендикиндей.

– Ошого шүгүрчүлүк, – деди Улар, – артритке көңүл деле бөлбөдүм. Сахнага чыгып, бийлеп аттым беле. Карылыгыма жетээр бутум.

– Айтканыңыз туура, – Зоя Максимовна дилгир жооп берди. – Кезектеги палатага барайын.

Доктор эшикти жабаары менен палатанын ичи деги эле киши кирбегендей тунжурай түштү. Улардын балконго чыккысы келди, бирок оюнан тез айныды. Теребелди туман каптап, бозоруп жаткан. Анын үстүнө коомду өйдөтөмөн өкчөгөн кайра куруунун «шаанилүү» бийик сөздөрү сымал өпкөдөн билинбей өткөн сыдырым оңой жоо эмес эле. Ошондуктан дагы бир илдетти чакырып алуудан чочуду. Жаздыгын бийиктете коюп, керебетке жамбаштады. Өзүн терең карычылыкка жетпөөчүдөй сезди. «Эгер карылык карылар үйүндөгүдөй кайды-муңдуу болсо ага жетүүнүн зарылдыгы жок» деп ойлоду. О, бир жылы

Жер Иштетүү Институтунун кол кабышын жеткирип, областтык карылар үйүнө барганы, карылардын эс алчу жалпы залында алар менен маектешкени кылт эсине түштү. Карыялардын ар бири көз алдына тартылды. Жаш чактарында баардыгынын коомдо орду, үй-бүлөдө баркы бар экенин өз ооздорунан уккан. Таза жашап, колхоз, совхоздордун, өнөр жай ишканаларынын өсүп-өнүгүшүнө зор салымдарын кошкондоруна ынанган. Аяган.

- Кайсынысын айтайын... Кезегинде Республикадагы алдыңкы чарбалардын бири Ленин атындагы колхоздо техника инжинери болчумун. Гаражыбыз кардарларды райондук МТСке караганда сапаттуу тейлөчү, – деген жашы сексенди таяган Петр Воронцов. – Аймагыбызда колум тийбеген машине, комбайн, тракторлор жок эле. Райондук чоңдордон тарта: «Пётр Воронцович, ушуну карап койсоңуз?» – деп чалдыбары чыккан ар кандай маркадагы машинелерин сүйрөтүп келип, артымдан жүрчү. Ошентип алтымыш алты жашка чейин иштеп, эл катары эс алууга чыктым. Жашоом бал каймактай былкылдап өтүп аткан. Балдарды жеген-ичкенден өксүтпөй ончакты чочко, каз, өрдөк бактым. Алтымыш тогуз жашымда байбичем ак кан оорусунан каза болду. Байкушум, «Чүрпөлөрүбүздүн мүнөздөрү терс», – деп кеп салып калчу. Көңүлгө түйбөгөм.

- Балдарыңыз чогуу турчу беле? – Улар батынбай сурады.

- Ооба, чогуу турчубуз, – деди Пётр чал үшкүрүнө, – Алты бөлмөлүү чоң үй салгам. Эки баламды тең окуттум. Жогорку билимдүү болушту. Үй-бүлө курушкандан кийин да биз менен жашашты. Азыр уулум врач. Кызым мугалим, – чал сыймыктана башын көтөрдү. Башын көтөргөнү менен карегине жаш чогулуп, үнү каргылдана чыкты. – Үч неберем бар, мектепте окушат. – Чал карманалбай болкулдап ыйлап жиберди. Жашы заматта сакалынан ылдый куюлуп, эңиштей отургандыктан калчылдаган тизесине төгүлүп атты.

- Балдарыңызды сагынгансыз го, келишээр, – деди Улар чалды сооротку су келип.

Чал огобетер бүрүшүп, үнүн чыгарбас үчүн эрдин бекем кымтып, шолоктоду.

- Балдары таштап кетиптир, – деди баятадан ооз ачпай отурган абышка кабатырлана сүйлөп.

- Кантип? – Улар чочуп алып, суроосу үчүн бушайманд談анды.

- Эми бул байкуш сүйлөй албайт, – деди абышка, – билишимче жооп берейин. Балдары «денсоолугуңду текшертели» деп көшөрүп алып, ооруканага жаткырышыптыр. Анан залкайган үйүн малы менен кошо сатып, Орусияга кетип калышыптыр. Азыр баары эле оңой олжо издеп калышпадыбы. Пётр бул үйгө көнбөй атат. Келгенине үч ай болду.

- Ыйлагандан пайда жок, – деди Улар чалга карап, – кайгыра берсеңиз күч-кубатыңыздан тез кайтасыз. Балдарыңыз сизди сызга отургузса аларды неберелериңиз сызга отургузат. Эсенчилик болсо угасыз.

Пётр чал кемселинин чөнтөгүнөн бет аарчысын алып, сүртүнгөнү менен көз жашы ээ-жаа бербей куюла берди.

- Ооруканадан кийин бул үйгө келген турбайсызбы? – деди Улар чалды ыйын токтотоор деген ойдо.

- Түз эле келбедим, – чал чыйралгансыды, – селсаяктын тонун кийгенимди билген соң өз айлыма баргандан намыстанып, ар кайсы айылдарда жан сактадым. Бирөөлөрдүн малын бактым. Дагы биринин чөбүн чаптым дегендей. Кайрымдуулар табагыма аш салып, бош бөлмөсүнүн бир бурчуна жаткырса, айрымдар сарайынан орун берчү, – чалдын көз жашы токтобогондуктан үнү дирилдей чыгып атты, – шыпаа болуп айлыбыздын мурдакы башкармасы кезигип калып, ушул үйгө алып келди. Жакшы адам, ахывалымды сурап, келип турат. Эч кимге таарынбайм. Тентиреп калганыма гана ичим ачышат.

- Сен эмес балдарың тентиреди, – деди абышка, – аларыңдын күлү дodoлонду дейсиңби. Жүрүшкөндүр сандалып. Үйдүн акчасын ичип-жеп түгөтүшкөндүр.

- Сенин кызың деле сонун эмес, – залдын экинчи бурчунда байпак түйүп аткан кемпир сөзгө аралашты, – ушул

айылда жашап атып, ак дилинен атакелеп келип, көңүлүңдү көтөргөнгө жарабайт.

- Келип атпайбы, – деди абышка, – бет аарчы менен самын алып келип берген.

- Ооба, ооба келген, – деди кемпир мыскылдай, – азыр күз ортосу. Жазында келип пенсияңдан «тамеки үчүн» жыйнаган акчаңды алып кетпедиби. Ал чогулганамманы болжоп, акчага келет. Кайдагы самын...

- Мына бет аарчым, – абышка көйнөгүнүн төш чөнтөгүнөн эскилиги жеткен бет аарчыны алып чыкты.

- Ал чүпөрөгүңдү жаңы төрөлгөнүңдө ата-энең ыроолосо керек, – деди кемпир. – Көрсөткөнүң көрсөткөн. Мактанганың мактанган.

- Самынчы? – Абышка жалтактай карады кемпирге.

- Самындын кесиндисин де, оңбогон кызың эки бурчун да эмес бир бурчун кесип келиптир, – кемпир колун силкти, – айтпачы ошол кызыңды. – Уларга карады, – бул жердегилер бир үй-бүлөдөй болуп калдык. Кыйышпайбыз. Элеңдеп эки жакты карап, кызын күтүп эзилбей көксөсү суусун деп атпаймынбы.

- Эри аракеч, – абышка ыйламсырады, – кызым жумушсуз. Балдары бар. Жаш кезимде жетекчилер мактап койсо колхоздун койлорун бөпөлөп, төлдү арбын алып, чыгашасыз асырап жүрө бериптирмин. Кийинчэрээк жакага тооктун уясындай эки бөлмө тамды араң салгам.

- Күйөө балаңыз аракеч болсо да бир жерде иштейби же чарбачылык менен алектенеби? – Улар кулак түрө сурады.

- Кайдагы иш, кайсы чарбачылык, – абышканын ындыны өчө шалпайды, бирок сөзүн улады. – Байбичем жол кырсыгынан каза болгондо колхоздун койлорун өткөрүп бергем. Акырындап жыгач усталыкты кесип тутуп, ончакты тоок, эки-үч кой күтүп, кызым экөөбүз тынч оокат өткөрүп атканбыз. Күйөө сөрөй жыпыңдап жүрүп, кызымдын башын айландырды да үстүбүзгө кирип алды. Казак тараптан ооп келиптир. Эч жерде иштөөчү эмес экен. Документи жок. Дагы эле иштебейт. Эки балалуу болушту. Кантсе да теги эмеспи, касиети колдосун деп улуу

жээнимдин атын Абай койгом. Зээнду болчудай. Күйөө баламжөнжүрбөй устачылыкка зарыл шаймандарымды четинен сатып, кукунуна куйду. Куружалак калдым. Кызыма айтсам: «Аларыңды бирөөлөрдүкүнө унутуп таштадың» деп мойнобойт. Үйгө киреше бербеген соң бул жакка келе бердим.

- Келебербедиң, кууп чыгышты, – деди кемпир. – Менин бул үйдү пааналаганыма беш жыл болду. Иван экөөбүз отуз жыл ынтымактуу жашадык. Бала көрбөдүк. Тагдыр ушундай экен. Сенден мурда мен өлсөм деп бири-бирибизди аяп турган чагыбызда жаштайынан куюндап кеткен сиңдим күүшөлгөн буудайдай болуп келип калды. Көп узабай Иван экөө кашкайып туруп, бирин-бири сүйөөрүн айтты. Карабет сиңдим кош бойлуумун деп какылдады. Карайлап ушул үйгө келдим. Иван менен сиңдимден башка медерим жок болчу. Бир жыл ыйладым. Ызаландым. Экинчи жылдан баштап маралдай маңкайып, ушул үйдүн ээси өңдөнүп калдым.

- Сиңдиңиздин мурдакы күйөөлөрүнөн балдары бардыр? – Улар коомайлана сурады.

- «Биринчи ирет курсак көтөрдүм» деди ал чебич, – кемпир каш кага кайдыгерленди.

- Бул бир бурчта бүрүшүп жатса сиңдиси кересин чачып, өрттөмөкчү болуптур. Чатак чыкпаса алар менен түтүн булата бермек экен, – абышка коомайлана сүйлөдү.

- Ошенткен ал шакмар, – деди кемпир кебелбегендей, – анда олбурлуу болмокчумун. Ички бөлмөдө уйку-соонун ортосунда жаткам. Кересиндин жыты мурдума шак тийди. Көзүмдү ачтым. Ширенке тарткан жатыптыр. Тура калдым. Ошол көз ирмемде шыйрактан алып, башын жерге чапкым келди. Бирок төрөлө элек баланы аяп, бетине жаба түкүрдүм да эшикти тарс жаап, чыгып кеттим. Тышкы босогодо үч литрлик чакада кересиндин калганы туруптур. Аны ала коюп, дубалга илинген килемге чачып, тигинден жулуп алган ширенкени чактым. Шоонадай кара түтүн быкшый түшүп, жылтырай оттонду. Кол шилтеп басып кеталбадым. Ички бөлмөгө ыкчам кирип, күзгүгө каранып аткан сиңдимди ийинден аткый тарттым эле, арбак жакалагансып, чочуганын айтпа, шакмардын. Сүйрөп, короого

алып чыктым. Шакмар жаналакетке түшө жулкунуп, колумдан чыгууга далбастады. «Ай бузуку, ээлик этчү үйүңдүн кантип өрттөнгөнүн көрүп тур» деп ажатканынын жанындагы дөңгөчкө лык отургузуп койдум. Эмнеге экенин билбейм, күлкүм келди. Күлүп аттым. Керектүү буюм-тайымдарымды мурда эле чемоданга салып, тоокканага катып койгом. Аны алып, короодон чыгып баратсам, чөп оргонго кеткен Иван келди. «Шакмарың мени өрттөйм деди. Мен үйдү өрттөдүм. Сенин мастыгың менен күрөшкөн кайран жаштыгым. Качан киши элең?» – дедим да баса бердим. Кетип баратып, терезенин жылчыктарынан түтүн чыга баштаганын көрдүм. Соолгурдуку, экөөбүз тең лесхоздо иштегендиктен үйдү жыгачтан салдык эле.

- Сактап калышыптырбы? – деди Улар.

- Балээниби. Сүйүшкөндөр алапайларын таппай чака, чайнектеп суу чачып, безеленишиптир. Өстөн да алыс. Коңшулар жардамдашыптыр. Ошентсе да үй бурчумга келбей өрттөнүптүр. – Кемпир камыга улутунду.

- Аларды аяйсызбы? – Улар таң калгандай сурады.

- Пенде эмесминби, кээде кайда самсып жүрүшөт деп эстейм.

- Алар сени эстейт дейсиңби, – деди бая сырттан кирип, босого жактагы орундукка көчүк баскан байбиче. – Акыркы насиптерибиз ушул үйдө экен. Менин келгениме жетинчи жыл. Жети жыл мурда алты карып элек. Көбөйүп баратабыз. Учурунда ой укмуш дедиртип, кыздардан чыккан чабандардын бири болчумун. Догдурлар суук тийгенден дешти, айтор буту-колум какшай ооруп жүрүп, минтип чойройуп калганда келиндин кемсинткенинен кудай сактасын деп бул үйгө каалоом менен келдим. Өзүңдүн балдарың барбы, балам? – Байбиче Уларга чукул кайрылды.

- Бар, – деди Улар жылмая, – бакчага барышат.

- Адам экенин билип, абийирдүү эс тартышсын. Абийирден өткөн байлык жок.

Ушул тапта баардыгынын каректери жашка чайылып, жүздөрү муңдуу эле.

- Учурунда коом жүгүн көтөргөн алп эмгегиңиздер үчүн рахмат, – деди Улар маектештери менен коштошо. –

Кайсы жерде, кайсы ыкмада болсо да жарыкчылыкта жашоо бакыт. Сиздердин колуңуздарда да бакыт турат. Эсен болуңуздар.

Маектештери Уларды тышкы чоң дарбазага чейин узата басышкан.

«Байкуштардын азыркы ахывалдары кандай болду экен? – деп ойлоду Улар, – балдары кайрылдыбы же...»

Эшик аяр ачылып, бөлүм башчысы Мукамбетов кирди. Улар керебеттен тура калды.

- Жата бериңиз, – деди доктор илбериңки, – анализдериңиздин жыйынтыгы жакшы чыгыптыр. Ошону айтмакка кайрылдым.

- Рахмат! – Улардын каректери учкундана түштү.

- Касен Мукутович, – уктап жаткансыган Валентинанын үнү талаптуу чыкты, – менин качан өлөөрүмдү айтыңызчы?

- Качан жакшы болооруңузду айталам. – Касен адатынча ынанымдуу, жай сүйлөдү, – Ооруңуз өтүшүп кеткендиктен операцияга чейин ахывалыңыз өтө оор эле. Баш көтөрүп отурмак тургай сүйлөй алчу эмессиз, туурабы? Азыр Кудайга шүгүр, кризистен чыктыңыз. Күчүңүзгө акырындап толосуз.

- Демек, үмүт бар экен да, – Валентина докторду жылуу карады.

- Үмүт эмес, ишеним бар. Көзү ачыктарга алданып жүрө бергендиктен көбүрөөк кыйналып калдыңыз.

- Касен Мукутович, – Айнек киресала бдыылдап жиберди – кабылдамаңызда эки адам чыдамсыз күтүп атат.

- Сизге ишембиде операция жасайбыз, – Мукамбетов Уларга кайрылды. – Шишик доброкачественный экен. Терс ойлорду мээңизден күбүңүз.

* * *

Сырттан жароокерлене кирген Валентинанын эжеси Галя менен жайлоонун абасы кошо киргенсип, палатанын ичи тазара түштү.

- Кудайдан шыпаа болгону жүзүңөрдөн көрүнүп турат, гүлдөрүм! – Көңүлдүү сүйлөп атты. – Чара-чара пельмень түйүп, этти сөөгү эзилгенче кайнатып, бир апталык тамак-аш даярдаганча убакыт чендетпей өтүп, кеч келдим, берекем! – Колундагы олчойгон баштыктарын бурчка таштай коюп, сиңдисине жетип, чекесинен өптү. Кайрылып Уларга колун сунуп мулуңдады. Улар ахывалы дурус экенин туйгуза Галянын манжаларын секин кысып, керебеттеги төшөнчүлөрүн оңдоду да далиске чыкты. Кудай жалгап далис ээн экен. Көнүмүшүндөй буйтка булуңчадагы кууш терезенин түбүнө барды да эс ала түштү. Ооруулуулардын кайгы-касреттери менен өз ахвалы жүрөгүн оорутканда ушул терезенин түбүнө келет. Анализдеринин негизинде медициналык илимий тастыктоолордун жыйынтыгын күтүп, кылкөпүрөдө жатканына сегиз күн болгон. Сегиз күндө сексен жылдык азап-тозокту тартты. Мээсин тыныктырган бул кууш терезеден жашынмак ойногонсуган ийреңдеген ичке, чукул жолдорду, автоунаалар өткөн чоң жолдун үзүмүн, өйдө-төмөн кадамдаган түмөн адамдарды көрөт. Көргөнүнө канагаттанат. Чоң жолдун астындагы майда үйлөр тараптан музыка угулду. Музыка автоунаалардын моторунун жаңырыгынан үздүк-создук угулса да, көңүлүн көтөрдү. Кайсы бир жылы айылдан келген агасы айтып берген окуяга жуурулуша түштү. Кайра куруу, жаңылануу, адам фактору дегендердин барк-баасы, талаптары көкөлөп турган учур эле. «Улуу тоого шаты салынат экен» деген кабар түшкү чайдан кийин айыл ичин мөндүрдөй сабап жибериптир.

– Акыркы жылдары түшкө кирбеген оош-кыйыштарды баштан өткөрбөдүкпү, болсо болоор.

– СССРди кулайт деп эч ким ойлогон эмес! Кулады!

– Кулаганга чейин СССРдин кемчилигин издеп, сындачу белек? Жок! Эми иштин көзүн табалбай атып, анда көп нерсеге укуксуз, пас элек, деген сыяктуу дооматтарды айтып, тилибизден чаң чыгат, – дешиптир айылдыктар.

Бул уу-дуунун чагылгандай тез таркашынын башкы себеби бар экен. Жаңы шайланган Айыл өкмөтүнүн

башчысы: «Чарбанын чамгарагын көтөрчү иштермандардын толук кандуу иштешине шарт түздүк» – деп райондук жетекчилерге ооз көптүрө билдирет. Түзүлгөн шартты көрүү үчүн райондук жана областтык жетекчиликтен өкүлдөр келмек болот. Айыл өкмөтүнүн башчысы аларга «бүтүргөн» кайсы ишин көрсөтөөрүн билбей таң атканча чабалактайт. Эртең менен Ботаалы карыя эсине түшөт.

– Тфуу–у! – Кудуңдаган ал ыргып туруп, кеңсени көздөй жөнөйт.

Ботаалы улан чагынан кыл мерген атка конуптур. Жаңыдан бут шилтеп баса баштаганында кемегедеги корду апчып алат. Жарааты айыгат, бирок чокко күйгөн манжаларынын териси алаканын көздөй тартылып, салаалары жакшы ачылбай калат. Ошол себептен согушка алынбаптыр. Айылдаштары айткандай Теңир баланы келүүчү оорчулукта жетим-жесир, алсыздарга бел болсун деп атайын «жазаласа» керек. Согуш жылдары колго жасалаган жаа менен мергенчилик кылып, насипке буюрган жаныбарлардын эттерин айылдаштарына үлөштүрүп, аларды ачарчылыктан коргоптур. Ошол тапта ал киши: «Жокчулуктун кысымынан кыл мерген болдум» – дечү экен. Жеңиштен кийин мергенчилигин таштап, башкарманын чабарманы болуп жүрүптүр. Улгайганында акылы менен данакер ата аталып, баркына барк кошулуптур. Айыл өкмөтүнүн жаңы башчысы эми өзүн даңктаар жагдай өзүнөн-өзү пайда болгонуна кубанды. Кубанычы койнуна батпай кеңсеге жетти. Жетээри менен айылдык депутаттарды чакырып, аларга көчөдөн өтүп бараткан үч адамды кошуп, опол тоодой байлык берүүчү олуттуу иштин натыйжасын түшүндүрүүгө киришти.

- Жаңы чарбанын чачпагын көтөрүүчү негизги ишти унутуп коюптурбуз, – деди күпүлдөй сөзүн улап, – Ботокемдин жакшылыгын убагында баарыңар көргөнсүңөр. Ал кишини эстен чыгарып, саал пенделик кылдык. Мен го жашмын. Силерчи?.. Бирок кеч эмес. Бул чогулушта ушул маселени талкуулайбыз!

Отургандар сөз төркүнүн аңдай албай дымырады. Жаш жетекчи өзүн иштиктүү кармап, көтөрүңкү маанайда сүйлөп атты.

– Ботокемдин: «Согуш учурунда борчуктан-борчукка секирип, куюлушкан шагылдарды күтүрөтө чуркаганымда жапжаңы чарыгым колго илинбей калчу. Тайтуякка жетпегем. Азыр Кудайга шүгүр, бардыгы бар» – деп айтканы дайым эсимде. Эми өксүктү толтуруп, аңчынын иштешине шарт түзөлү.

– Кандай шарт? – депутат Үсөн мыйыгынан жылмая кирпигин ирмегиледи. – Туш тарабы кыбыла дегендей балдары жакшы чыкты, кашында. Каалаганын ичип-жеп, Бакайдай нуска айтып, төрүндө отурат.

– Иштөө шартын айтам! – Өкмөттүн үнү өкүм чыкты.– Урмат-сыйда бакыват жашаганын билбейт, көрбөйт бекемин?! Депутаттар өзүңөрдөн башканы ойлобойсуңар!

– Сөздү ала качып, маанисин бурба! Бала эмеспиз. Ой калчап, ишке ашчу жүйөнү айт! – Үсөн ачуулана кызаландады

– Депутат сен түшүнбөсөң кантип өйдөлөйбүз? Президентибиз эмгекчилерге шарт түзгүлө деп какшап атпайбы. Ал кишинин идеясына кимиңер каршысыңар? – отургандарды сыдыра тиктеди.

– Ботокем аңчылыкка чыкпайт го, – эсепчи мурдунан күңкүлдөсө да оюн айтты.

– Чыгат! – Өкмөт бурк этти. – Али тың! Мурдагыдай аскадан аскага, жардан жарга секирбейт! Аркар, кулжа мекендеген зоого шаты менен чыгат! Шатыны болоттон жасайбыз! Колуна четтин тапанчасын беребиз. Мерчемдүү жерге жеткенде каалагандарын четинен ата берет. Картайган чагында аңчылыктын кумарына батып, сөөгү агарсын!

– Ой тобоо–о, – деди профсоюздук комитеттин төрагасы үнү калтырай,–кийинки өсүштөр укмуш болду. Биринен кызыгыбыз таркай электе экинчиси чыгат. Бул сунушту жараткан сиз да укмуш экенсиз. – Айыл өкмөтүнө таңдана карады да сөзүн улантты. – Аскага илинген болот шатыга сексенден өткөн чоң атабыз чыгаары менен кайып болуп кетпесе экен. Шумдугуң кургур, бул шаты чындыгында керектүүбү же сизди эркиңизге койбой кайбереңдин этин сагынган жогорку кайра куруучулардын оюнубу?

– Жаштыгыңа карабай тапан көрүнөсүң! Жайгара, жылма сүйлөп, төбөгө чыктың. Ыргып кетпе! – Айыл өкмөтү профсоюздун төрагасын оозуңду бас дегендей каат тиктеди. – Уктуңарбы, – деди анан жалпы кайрылып, – жомоктонтуп жобурабай сөздү кыскарткыла! Эмне тапшырсам ошону аткаргыла. Талаада жаткан кызмат жок!

– Биздин пикирибизди кулагына илбеген соң неге чакырат? Кеттик, – деди экинчи депутат ордунан тура жөнөп.

Бул жаңылыкты уккан ардагер башкарма: «Ботокем ордун басчу мергенчи даярдабаганы абийир болуптур. Тоо жаныбарларынын кыгы жерге түшмөк эмес тура. Тажрыйбаны бат топтоду. Шаты менен кампалардын чатырын тешкен «чычкандарды» кармасын,» – деп жылмайган экен.

* * *

Улар палатасына кирип, керебетине көчүк басаары менен өксүп ыйлагысы келди. Себеби Валентина менен болгон бир күн мурдакы маеги көөдөнүн мыжып, тынчтык бербеди.

- Бизге окшоп ичегисинен шишик алдыргандар кылкөпүрөдөн чыгаар замат майыптык китепчесине ээ болот экен, – деген Валентина кышылдай сүйлөп.

Терезе жактагы кайчылдак орундукта отуруп, тор түйүп аткан эжеси Уларды жымырыла карап алып, унчукпаган.

– Кылкөпүрөдө жаткан соң ар кандай жагымсыздыктардын болооруна даяр туруш керек, – Улар ичи ачыша, бирок токтоо сүйлөгөн. – Майыптык өмүрдү чектебейт. Биз ушул күнгө чейин даң салып жашадык. Тубаса майыптар канча. Кемсинүүнүн зарылдыгы жок. Коомдо баарыбыздын ордубуз бар. Ата Журт тегиз, тең!

– Биз түрткүнчүк, сүйкүмсүз майып болобуз. Андан көрө өлгөн жакшы, – деген Валентина.

– Тантыраба, ичегиңди бүт алып таштап, заңыңды чыгарыш үчүн капталыңды тешип, банка байлаган жок.

Андай мүшкүлдү да көрүп атпайбызбы. Сакайасың, оор жумуш гана жасаба, дебедиби врач.

– Врач алдап атат, – Валентина көшөрдү, – кечээ эле коңшу палатадагы эркек каза таппадыбы. Аны да «Жакшы болдуң. Үйүңө чыгасың. Үч айдан кийин келип, текшерилип кет» дешкен тура.

– Шайыр жигит болчу, – деди Улар ыңгайсыздана, – далисте келатсам алдымдан тосо: «Мага перидей эки эм кыз келди! Экөөнү эки колтугума кысып, эркелетем! Бактылуумун!»– дейт жалжалактап. Жактырбай басып кеткем. Байкуш, көрсө ошол күнү үйүнөн кат алыптыр. Палаталаштары: «Эгиз кыздуу болуптур. Жерге батпай сүйүнүп жүрөт,»– дешти. Ага жасаган мамилемден уялдым. Издеп жолугуп,– кыздарыңдын бешик боосу бек болсун, – деп куттуктап, эм деген сөздүн маанисин түшүнбөгөндүгүм үчүн кечирим сурадым. «Рахмат, эжеке, жакында кыздарыма учурашам,» – деп жетине албай кубанган.

– Кубаныч-кайгысы ичине кетти шордуунун, – Галянын түрпөтүнөн жигитти эле эмес жанындагы экөөнү да аяганы көрүндү.

– Уктайлычы, – деди Валентина үшкүрүнө.

– Менин да кирпиктерим жабышып турат, – Улар сол жамбашына оодарлып, дубалды карап бүк түштү.

– Бүгүн онунчу палатадагы бош керебетти ээлей турайын, – деди Галя Валентинага жүз буруп, – азырынча керегим жок го, жарыгым. Кайра-кайра келе берээрим бышык.

– Барагой, – деди Валентина.

– Жарыкты өчүрө кетеңизчи? – деди Улар. Дилинде караңгылыкты, ээндикти эңседи. – Терезеден түшкөн шоола жетет, – деп кошумчалап койду.

* * *

Түндүн бир оокамына чейин жакшылык-жамандыктын ортосунда уктай албай чайналганы менен таң ата сергек ойгонду Улар. Валентина да ойгоо экен. Саламдашып, ал-жай сурашкан соң жуунмакка душка кетти. Душ менен

ажаткананын тазаланбаганына иренжип келатып, тамыры кууураган көчөттөй илдиреген аялды эри ооруканага жаткырганы ээрчитип келгенин көрдү. Оорулууларды кабыл алуучу бөлмөнүн эшигин жалпалактай ачкан эри аялды киргизе салып, жылт койгондо Улардын денеси дүркүрөдү. Палатасына отургусу келбей, сүлгү, самынын таштап, кайра далиске чыкты.

- Кокуй, жыгылып каламбы деп коркпой жалгыз кантип келдиңиз? Кийимдериңизди ким алып кетет? Ооруканага жатаарыңызды үй-бүлөңүзгө айттыңыз беле? – деп Айнек суроо үстүнө суроо узатып, эмелеки аялды онунчу палатага киргизип баратты. Эрдин бекем кымтыган аял эки жагын алактай карап, эрин издеди. Улар кууш терезелүү бурчуна барып тыгылды. Шаар ичин туман каптагандыктан көчө кыймылы илең-салаң көрүндү. Илээшкен боз туманды карап туруп, жарык дүйнөнүн тозогу – рак дарты деген тыянакка келди. Тозоктун казанында дагы канча кайнаарын болжой албай каңырыгы түтөдү. Сүлдөрү калган адамдардын көз жашына батташкансыган далистин комсоолугу денесин бирде терге чылап, бирде күбүргө түрткөндөй муздатып атты. Жүрөгү кысыла үлп-үлп сокту. «Колумдан эмне келет? Эч нерсе...» – Улар кылкөпүрөдөгү даамдаштарынын жансоолаган көз караштарынын алдында чабал экенине, аларга да, өзүнө да жардам бералбаганына кейиди. Туман акырындап суюлуп, жолдун астындагы белгилүү окуу жайынын имаратынын бир бурчу шооналана көрүндү. Улардын аталаш эжеси ушул окуу жайында кафедра башчысы болуп иштейт. Жашы элүүгө чукулдаганы менен басыгы жеңил, денеси ийилчээк, кызыл жүздүү аял. Үч күн мурда келип кеткен. Ошол күнү Улар бир литр бор ичип, рентгенине түшүп, күрөө тамырынан кан тапшырып келип, кроватына жаңы эле кыйшайган. Каалга чертилди.

- Да, – деди Валентина.

- Ай–иий, палатаңарда бүкшүгөн жыт бар экен! Капырай... – Аял каалганы жаппастан бакылдады. – Желдетип туруш керек!

- Келиңиз, келиңиз, – Улар керебетинен шашыла турду.

- Сенин бул жерде жатканыңды күйөө баладан уккам, – деди аял Уларды бетинен өпкөн болуп. – Иштин көптүгүнөн көңүл сураганга чолоо тийбейт. Азыр да студенттерге тапшырма бере салып, чым койдум. Деги оңолуп атасыңбы? – Уларды төнө тиктеди.

- Жакшымын, – Улар жылмая жооп берди.

- Ии–ии, жакшы бол, жакшы бол, – деди аял башын ийкегилей, – бир далай арыктаптырсың...

- Отуруңуз. – Улар терезенин түбүндөгү орундукту аялга жакын тартты.

- О, жок! – Аял кескин чочуду. – Убакыт тар! – Колундагы сумкасынан сүлгүгө оролгон чакан айнек банканы алып, керебеттин жанындагы тумбочкага коё салды. – Пельмень! Ресторанга заказ берип түйдүрдүм! Ооруканын тамагын оозго алышка жарабастыр...

- Рахмат, бекер убараланыптырсыз, – деди Улар. – Тамак-аш жетиштүү. Туура түшүнүп, кайра ала кетиңиз? – Ичинен «Кескин айтып, таарынтып алдым го?!» деп өкүндү.

- Эмне дейсиң, тамак иче албайсыңбы?!. – Аял жапакечтенгендей элтеңдеди. – Догдурлар ахывалыңды билеби? Жашырба...

- Тамактын баардык түрлөрүн жакшы сиңирем. Догдурлар чек койгон эмес. Ишениңиз, болгону тамак арбын, муздаткычка да, курсакка да батпайт.

- Операция жасашабы? – деди аял олуттуу түр көрсөтүп.

- Жакында жасашат. – Улар жоош унчукту.

- Оорунун канчалык деңгээлде зыяндуу экени ошондон кийин билинет тура... Кой, кетейин, – деди аял саатын жүлжүйө карап, – убактым тар.

- Пельменди калтырсаңыз да сүлгүңүздү унутпаңыз, эжеке. – Банкага оролгон сүлгүнү алып бермей болду.

- Жок, жок, – аял кабагын чытый безилдеди, – тим кой, көтөрүп жүрөмбү, мейманга барам.

- Оордугу жок го, – деди Улар көзүн алайта.

- Ушул ооруканадан ошону алып чыкмак белем! – Аял дилиндегини айтып жиберди.

- Буюм сиздики, – Улардын кашы серпиле түштү.

- Иш колду байлайт, келалбасам таарынба, – деди чоюштай.

- Таарынбайм, – Улар эжесин узата басты, – эсенчилик болсо көрүшчү күндөр көп.

- Ооба, ооба, – деди аял, – тилегибиз сонун, бирок эч ким түбөлүктүү эмес...

- Жакшы барыңыз. – Улар эжесин биринчи кабатка чейин узатууну ойлосо да палатадан чыгаар замат тык токтоду.

- Кош! – Аял Уларды карап-карабай шыпылдай басып кетти.

- Мунун сага кандай жакындыгы бар? – Улар каалганы жабаары менен сурады Валентина.

- Аталаш эжем.

- Мен кыргызча сүйлөй албаганым менен баарын түшүнөм, – деди Валентина. – Бул шайтандын ичинде бугып жаткан чириги оозун ачелекте жыттанат экен. Сүлгүсүн алса биздин оорубуз бир жерине жабыша калчудай чочуду. Коргонду.

- Ошенттиби? – Улар Валентинага күнөөлүдөй карады.

- Ошентти. Түшкөн кирипигиңден айлансын!

- Келбей койсо болмок.

- Эмнеге келбейт, келип узун сабак кеп чогултуп кетти. «Сиңдим рак менен ооруду. Онкологиялык ооруканада өзүнө окшогон өлөсөлүү неме менен бир палатада жатат»– деп «ыйлактай», тааныган-тааныбагандарына «боорукердигин» далилдейт.

- Далилин мезгил көрсөтөөр. Ушак негизги кесиби экенин мурда үстүртөдөн билчимүн. – Улар керебетине чыканактай жатты.

Гезит сатып келүүгө чыккан Галя кирди.

Улар элпек туруп, эжеси алып келген пельменьди алып, «казан, казан аш жеген эки итим бар» – деп арыткан тамак-аштарды чогултуп алчу санитарга жөнөдү.

* * *

- Ие, Уларым, сураштырып жүрүп араң таппадымбы, – үн кулагынын түбүнөн чыкты. Кылчак караса жетинчи палатадагы Жибек апа экен. – Көчүк басаар жери жок бул оюкта эмне турасың? – деди ал киши.

- Жөн-жай эле, көчөнү карап...– Улар улуу кишиге издеткендиги үчүн жана жеке мүшкүлү баарына туюлуп калгандай тайсалдады. – Эмнеге издедиңиз? – Апаны көңүлдүү кароого аракеттенди.

- Аа–а, алдыңа, эрмектешейин дедим...– Апа муңайым күлүмсүрөдү.

- Ошол элеби, – Улардын санаасы тына – Кайсы палатага баралы? – деди дилгирлене.

- Муздаткычтар коюлган бөлмөдө тепейген эки-үч орундук турат. Көрүп сүйүнүп кеттим. Сыркоолордон башыңды көп ооруткан менмин, – деди жазгактай.

- Агадил сүйлөшкөндөн чер жазылат. Мен да жалгызсырап турдум эле. – Экөө катарлаш басты.

- Бул ооруканага экинчи ирет жатышым, – деди Жибек апа муздаткычтар бөлмөсүнө кирип, отурушаар замат.– Анда да соёбуз дешкенде кетип калгам. Эми да соёбуз дешет. Макул болдум эле, кайра айнып турам.

- Эмнеге айныдыңыз? – Улар ынтаалуу сурады.

- Сойгондорунан кийин жеңилирээктери үч-төрт күн, ооруураактары он беш-жыйырма күн төшөктөрүнөн турбай атышпайбы. Догдурлар «Палатага чыкканыңызда жаныңызда сөзсүз жакындарыңыздын бири болсун» дешти. Антип кирпигимди карап, саргарып отурганга ким түтөт. Жатындаш эже-сиңдим жок.

- Уул-келиндерим шаарда дебедиңиз беле?

- Шаарда, – Жибек апа тайсалдады,– ушул эле шаарда, – бышыктай сүйлөдү. – Эки уулум тең таңдан кечке жумушта. Келиндерим балдары менен алек. Чалым тирүү болсо небелерине көз салып турмак, – апа мөлт эткен жашын бирөө көрүп, эликтечүдөй манжалары менен сүртүп жиберди.

- Уулдарыңыздын келгенин көрүп жүрөм, – деди Улар, – ыймандуу, жакшы адамдар. Сизди өздөрү кезектешип карайт.

- Куу кекиртек ичип-жейт, уулдарыма шерменде болбоймунбу.

- Уулдар өзүңүздүкү. Алардан уялгандай элдин мүлкүн уурдап алып, баш калкалап жаткан жоксуз. Келиндериңиз деле балдарын алгоолошуп карайт.

- Ай, ким билет, экөө тең балдарына кароо. Анын үстүнө «Заңды убактылуу капталыңыздан түтүкчө аркылуу чыгарышыбыз мүмкүн» – дешти. Эл ичинде мурдакыдай жүралбасам, жашаганым курусун. Балдарды да бөөдө чабылтып-чачылтпай сойдурбай өлгөнүм жакшы, туурабы? – Жибек апанын үнү кардыга, бирок ажалга моюн сунгандай чыкты.

- Бул жыйынтыгыңыз туура эмес. – Улар көңүл улоонун зарылдыгы жок экенин ойлоду. – Эгер балдарыңызга операция керектигин айтпай ооруканадан чыгып кетсеңиз алар сизди эч качан кечирбейт. Кудай алдында күнөөлү болосуз.

- Аа–аа, алдыңа... – Жибек апа манжаларын тынымсыз кырсылдатты. – Мени баккыла деп сойлуп жатканча мурдагыдай күч бербесем да күнүм бүткөнчө балдарымдын Атаконушуна жандуу кулпу болуп бергеним артык, – Жибек апанын денесинин калтыраганы кабаттай кийген халат күрмөсүнүн тизесинен саал бүлкүлдөй жылышканынан байкалды.

- Врачтар «Операция жасатпасаңыз алты ай жашайсыз» дешти дедиңиз, туурабы? Эгер операция жасатсаңыз балдарыңыздын Атаконушуна алты ай эмес алты жыл же андан көп жылдарга жандуу кулпу болуп бересиз. Небелериңиз бой тартат. Алардын улам бирин Атаконушунан күтөсүз. Ошондуктан операция жасатыңыз.

- Ошентейинби? – Жибек апа Уларга арсарый карады.

- Бөлмөнү бошоткула, жууйм, – деди каалганы булка ачып, суу толтурган чака менен шыпыргы көтөрүп кирген аял. – «Күндө туусам күндө жок, күндө жылаан жеп коёт» дегендей күндө мизилдетем. Күндө шатала, – сүйлөнүп

атып босогодо жаткан мүшөктүн кесиндисин алды. – Берген айлык акылары алакан ысытпайт.

- О, кең дүйнө...– Жибек апа башын ийкегилей үшкүрүнө турду.

Улар палатасына кирсе Галя Валентинаны тамактандырып атыптыр.

- Тамагыңар таттуу болсун! – деди да тамактанаелектигин эстеди. Бирок тамактанууга табити тартпай керебетине чалкалай жатты. Санаасы бул ирет да ооруканадагы туздаштары үчүн сапырылды. Күүгүм коюланып, жылдыздар көрүнө баштады.

- Азаматым, – Галя тамакты оюндагыдай жеген сиңдисинин чекесинен кубана өөп, идиштерин жуумакка ашканага кетти. Валентина унчукпастан уйкуга баш койду.

Улар шалкайып жата бергенден тажап, чалкайган асман бетинен жылдыздарды эркинче көрмөккө тышка жөнөдү. Асман ачык эле. Корпустун эшигин ачаары менен бадырайган жылдыздар тосуп тургандай жымыңдады. Рак оорусу түшүнө кирбегендей сергий түштү. Оң тарабындагы үйүлгөн кардын түбүнө кубулжуган кара «Волга» жыбылжый токтоду. «Волгадан» олчойгон термос көтөрүп, Жибек апанын кичүү уулу чыкты. Көкүрөгүндө «Апа сөзсүз операция жасатат» деген ишеним пайда болду. Толкунданган Улар корпустардын биринен экинчисине жеткен бир таман, чолок жолдордун тутумунда басып жүрүп, оромпай тээп ойногон балалыгына беттеше түштү. Балалык курагында оор жоготуу менен кайгы болоору акыл-сезимине жуушпаган. Ошентсе да 1953–жылдын мартында эсейе түшкөнсүгөн. Себеби Советтер Союзундагы адам баласынын атасы, жашоо-тиричиликтин булагы аталган И. В. Сталин көз жумду. Айылдыктар жер титирегендей бозорду. Ыйлабаган, эртеңки жашообуз кантет деп санааркабаган киши калбады. Ал турмак мектептин каарду директору баш болуп, мустайган мугалимдер да бышактаган. Жаш-кары дебей тынчсызданган. Айылдын чок ортосундагы зым карагайга илинген радиону телмире тиктешип, Москванын берүүлөрүн жүрөксүй тыңшашкан. Так

ошол күнү аба чыкыроондоп, муздак жамгыр лепилдете себелеген. Жамгыр басылаары менен айылды, тоо-талааны бууранын даакысындай илээшкен туман каптаган. Көздөрү кызарган мектеп окуучуларынын каруууларына да кызыл кыйууланган кара чүпөрөктөрдү байлашкан. Кечээ эле ыр сабагында:

«Сталин өз атабыз, Эркин өсүп жатабыз!» – деп ырдашпады беле. Ажалдан өткөн карабет күч жоктугун ошондо алгач сезген. Келечекте мугалим болом деген тилеги Сталин менен кошо кеткенсиген. Бирок Сталинди жерге берүү менен жашоо токтободу. Адамдар уйкудан чочуп ойгонгондой көргөн түштөрүн жакшылыкка жорушуп, айланкөчөк ата жаз менен жарышты. Улар огороддун кырка четине тал отургузган атасына жардамдашты. Үйлөрүнүн көчө тарабындагы этектей жерге эки түп өрүк тигишти. Мектептин терезе айнектерин жуушуп, спорт аянтчасын тартипке келтиришти. Күн сайын тиричиликтин улам жаңысы, керектүүсү пайда болуп, жашоо бутактанып, түрдөнүп, тамырлай берди. «Желин айрылап сүт чыгып, Жер жарылып чөп чыгып» жаз гүлүн чача уюп турду. Ошондой болсо да коомдун колкосумун деген жетекчилердин арасындагы «бармак басты, көз кыстылык» «салттуу» түрдө жең ичинде ойноктоду.

- Ой Темике! – Биригадир Жакып таң ата көчө жактан кыйкырды.

- Баратам, – Улардын атасы Темир күрмөсүн шаша кийип атып, үн салды.

- Буудай чабыгынан адатынча үрүл-бүрүлдө кайтат деп кечээ сага кайрылбадым, – бригадир бакылдай сүйлөдү. – Азыр чабарманды күтпөй өзүм келдим. Ал бечара жумушуна башкарма менен тең, чоң шашкеде чыгат эмеспи.

- Эсенчиликпи, анчалык неге ашыктыңыз? – деди Темир.

- Эсенчилик, эсенчилик, – деди бригадир, – сени район бүгүндөн калбай келсин дептир. Кыязы, мыкты чарбакер катары сыйлайт го. Тике биринчи секретарга кирет экенсиң.

- Кичи Тайпактагы дандын түш жарымдык чабыгы калган. Ошону бүтүрүп, Кургак Саздагы жүгөрүгө өтмөкмүн. Жумуш кычаган учурда чакырыгын токтото турбайбы. Сыйына ыраазы элем.

- Ээ, Темике, биздин колдон эмне келет, – бригадир үргүлөгөн атынын жалын сылады, – ушул байкуш экөөбүз бири-бирибизди аяганыбыз менен телпеңдегенибиз телпеңдеген. Айт десе айтмай. Бас десе басмай. Өткөндө областтын чоңу: «Жамаат боюнча эмгектик көрсөткүчү мыкты. Ушул кишидей иштесеңер коммунизм эчак курулмак» – деп күпүлдөдү. Акыйкат айтты деп кубандык. «Соцалисттик эмгектин баатырлыгына сунуштайбыз. Керектүү кагаздарын бергиле» – дешти. Бере салдык. Анан эмгектик көрсөткүчү сеникинен төмөн ак камыштык Ысак кетпедиби. Эмнеге мындай десек «Силер документтерди убагында тапшырбагандыктан, баатырдыкты колдон чыгарбайлы дедик» дешпедеби, кашкайып туруп. Ушул туура жооппу? Башкарманы бучкактап жүрүп, документтерди мөөнөтүнөн он күн мурда жеткиргенбиз. «Баардыгы туура» дешкен.

- Жаке, ал иш өттү, кетти, – деди Темир, – эч кимге таарынбайм. Ден соолук барда иштегенден артык ырахат жок.

- Ой, алардын алдамчылыгы күйгүзүп атпайбы, – деди Жакып туталана, – баатырлыкка жок дегенде сага теңтайлашты өткөрүшсө бир жөн.

- Буйтактата беришсе баатырлыктын деле баркы кетет, – деди Темир. – Районго түштөн кийин жүгөрүгө өтөөрдө барайын. Кежирдигимден сизге сөз тийбесин.

- Ошент, Темике, ошент. Жакшы адам кекчил болбойт. Эмнеге чакырышканын өзүңдөн угаарбыз. – Жакып атынын башын буруп, темине жөнөдү.

Ошол ирет Темирге сый көрсөтүшүп, Москвадагы Бүткүл Союздук Айыл Чарба көрөзмөсүнө жибермей болушуптур. Бул жаңылыкты укканда Темирдин эле үй-бүлөсү эмес бүтүндөй айыл кубанган.

- Биздин төбөбүз да көрүнсүн журтчулукка!

- Колхоздун жумушун Темирдей жанын сабап бүтүргөндөр чанда.

- «Трактирге рахмат айткыла» деп жаркылдап жүрүп, алакандай ала калтырбай жерди тегиз айдайт. Чагымда кериле жатып, кенен уктабайт.

- Данды комбайын менен коромжусуз оргонун айт. Агарып-көгөрчү жөнү бар.

- Обулус бир сындырды. Чоңдордун чаргытмайын кечирбеске чара жок, – деп атышты айыл калкы.

* * *

Темир жолго чыгаар күнү алардыкына башкарма келди. Айылдаштарынын бири кирсе, бири чыгып, дасторкон жыйылбай бапырап атышкан. Башкарма чай ичип отуруп, иштермандыгынын негизинде колхозду областтагы алдыңкы чарбалардын катарына кошконун көтөрүлө айтты.

- Сиздин баркыңызды Темир агадай күжүрмөндөр көкөлөтүп атпайбы, – деди жаштар бригадасынын жетекчиси Жолчу.

- Ие, силер да карап турбагыла, – деди башкарма, – зор күчсүңөр. Кашар качан бүтөт? Кыш босогодо!

- Кайсы кашар? – деди Жолчу.

- Кайсы, кайсы?.. Ичке Суудагы! – Башкарманын жүзүнөн аксымдыгы кылыйды.

- Ичке Суудагыны төрт күн мурда бүткөнбүз, – деди Жолчу, – азыр Башат Төрдөбүз. Орунбасарыңыз сизге айтам деген.

- Сатыбалды илең-салаң ооруп жүрөт. Айрым маселелерди бутташтырып да алат,– тынчсызданганcыды. – О чунак, – жайдаңдай күлүмсүрөдү, – өзүң деле айтып койбойсуңбу.

- Сиздин издегенге убакыт керек. Азыр районго цементке баратам. Темир аганы куттуктай өтөйүн деп кайрылдым.

- Ырас, ырас, – деди башкарма өзүн-өзү кубаттай, – эми эсиме түшпөдүбү. Сатыбалды экөөбүз экинчи кашарды бүткөнүңөрдө силер үчүн оюн-шоок уюштуралы дегенбиз.

- Эмгек акыбызды берсеңиздер оюн-шоокту өзүбүз маштайбыз, – Жолчу башкарманы суроолу тиктеди.

- Беребиз, беребиз. – Башкарма колундагы бош чынымы дасторкондун четине койду. Темирге карады.

- Даярдыгың толук буттубу же жетпегени барбы ?

- Баардыгы жетиштүү, толук, – деди Темир.

- Алыска жол тартканда жанында тыйындын көбүрөөк болгону абзел, – Темирдин коңшусу Чулу көңүлүндөгүнү айтты.

- Канча акча керек? – Башкарма иштиктүү сурады. – Кассадан алдырып берем.

- Ыраазымын, – деди Темир, – ага-тууган, айылдаштарым капчыгымды кампайтты. Кассадагы акча жаштар бригадасына керектир. Кыш кылычын сунганча кашарларды бүтүрүшүп, үй-бүлөдөгү тиричилигин да камсыздандырышсын

- Бакыйган он беш республиканын жүрөгү Москвага баратасың, – деди башкарма Темирдин сөздөрүн кулагынын сыртынан өткөрө бажактап. – Ал маданиятуу шаар, дүйнөнүн булуң-бурчунан улуктар топтолот. Алдагы калпагыңды кийип барасыңбы? – Темирдин үстү-башын тинте карады.

- Ооба, – деди Темир.

- Ботом, калпак кийсе маданияттуу шаарга киргизбей коёбу? – Төрдө отурган байбиче башкармага кыңайды.

- Азыр шляпа кийет, шляпа! – Башкарма үнүн кыраттанта, көтөрүңкү чыгарды. – Калпак эски доордун кийими! Темирди узатканча райондун борборундагы башкы складдан меники сыяктуу шляпа сатып берем.

- Шляпа издеп убаранбагыла, – деди Темир, – калпакты жактырышпаса Москвага деле барбайм.

- Сени чоң жерде корунбай басып-турсун дегеним. Өзүң бил! – Башкарма кабагын үйрө кыртыштады.

- Эмнеге корунат? Корунгандай Кыргызстанды тузга отургузуптурбу.

- Калпакты жеригенибиз – ата-бабаларыбызды жеригенибиз, – дешип отургандар кужулдаша түшүп, Темирге ак жол каалап, бата беришти.

Темир ал сапарынан көңүлдүү кайтты. Москванын коздугун, тазалыгын, элинин кичипейилдигин жактырды. Айыл чарба көргөзмөсүндөгү ар бир республиканын эмгекчилери жараткан кирешелүү байлыктарга суктанды. Москвалыктардын жана чет мамлекеттерден келген меймандардын калпакка кызыга карашып: «Колубузга алып көргөнгө улуксаат бересизби?» дешип суранышканын сыймыктана айтты. Ал тургай алар Темирдин калпагын кийип, сүрөткө түшүшүптүр. «Аттин, эмнеге калпакты чанабыз?» деп өкүнүп да атты.

Азыр Улар атасы айткан ошол элестерге ачык асман алдында аралышып, көңүлү көтөрүлө сергектенди. Ошол эле замат мээсине «Мен ата-энемди жоготкондой балдарым мени жоготот» деген ой жабыша калды да жүрөксүй сестенди. Балдарын аядыбы же эрте өлүмдөн корктубу, ажырымдай албады. Чыйрыкканын сезди. «Палата тыштан суук» деди оюнда. «Мага эмне болду…» өзүн теске сала чыйрала түштү. Түн тереңдеп, көчө кыймылы сээлдеп калган. О дүйнө менен бул дүйнөнүн таразасы сыяктанган оорукананын каалгасын аргасыз ачты.

Таң менен кылкөпүрөнүн кыйыктарында демейки буурул тиричилик жанданып, оорулуулар бүгүн бармын дегендей палаталарынан чыга баштаншты. Жаздыктан башын көтөралбай, далис көз кайкыткан алыскы-алыскы мейкиндиктей сезилип, бүрүшүп-чүрүшүп солуп жаткандары канча. Ушул маалда Кара Кол шаарынан он беш жашаар өспүрүмдү агалары көтөрүп келди. Анын көрүнүшүнө дит багып карай албады Улар.

– Териси сөөгүнө жабышып калыптыр. Тирүү экени жылтыраган көзүнөн эле билинет.

Жергиликтүү догдурлар «Эки ирет операция жасап, аянбадык. Мал болуудан калды. Борборго сүйрөп чарпылбагыла» дешсе болбой алып келишиптир. Биздин Ка-

сен «Токтоосуз операция жасайм» – дептир. Ай, ким билет...–дешип кылкөпүрөдөгүлөр өспүрүмдүн таржымалы менен өз тагдырларын таразалап атышкансыды. Баланын энеси Кудай менен Касенге жалынып, асман-жердин ортосунда чырылдады.

Касен балага төрт саат операция жасады. Төрт сааттын жыйынтыгын кылкөпүрөдөгүлөр кулак түрө күттү. Баланын энеси операция бөлүмүнүн каалгасынын түбүндө аягы менен тик турду. Балдарынын, медициналык кызматкерлердин: «Тышка чыгып, аба жутканча ары-бери басып келиңиз» – деген сунушун четке какты.

Касен операция жасап бүтүп, каалганы ачаары менен энеге беттеше түштү.

- Уулуңуздун өмүрү сакталды, – деди чарчаганы турпатынан сезиле, – оперпация таза, жакшы аякталды.

Эне чөгөлөй калып, Касендин бутун кучактай, ыйлап жиберди.

- Коюңуз эжеке, кантесиз, – ыңгайсызданган Касен эненин колун тизелеринен чыгарып, колтугунан сөйөй тургузду, – шамалдай тез отурдуңуз. Кармай калууга үлгүрбөдүм.

Эне ыйлап да, догдурду алкап да атты.

- Уулуңуздун ичегилеринин алтымыш сантиметри полип жараатынан чирип, ал жерден суу да өтпөй калыптыр. Кесип таштап таза ичегилерин кайра жалгаштырдык. Мурдакы операцияларынын биринде сокур ичегисин алыптыр. Булардан тышкары мөөндүн уч жагындагы шишик тамырлап баратыптыр. Кабатырланбаңыз, уулуңуз азыр реанимацияда. Үч күндөн кийин палатага чыгат. Үйүңүздөргө бара бериңиздер. – Касен кабинетин көздөй басты.

Эне догдурга жалына берди.

* * *

Улар жолдомо менен онкологиялык ооруканага жатканы келгенде ооруусуна тиешелүү ушул бөлүмдүн кабылдамасына кирген. Кабылдамада жашоодон үмүт үзгөн үчөө отуруптур. Кабыл алып аткан доктор аларга кайсы врач

дарылаарын айтып, жатчу палаталарына алып барууну Айнекке тапшырды. Андан соң, эски таанышындай Уларга жылуу карап, карточкасын барактай дарттын чоо-жайы менен таанышты.

- Сизди өзүм кароого алып, операцияны да өзүм жасайын, макулсузбу? – деди.

– Макулмун, – Улар кылчактабай жооп берди. Дилинде Владимир Иванович айткан Мукамбетовго көздөшүүнү каалаганы менен ыраңы жылуу доктордун сунушун кайтаргысы келбеди.

- Анда сүйлөштүк, – деди доктор, – бирок кайрадан анализ алып, оорунун мүнөзүн илимий негизде тактайбыз. Ошондон кийин гана операция качан жасалаарын айтабыз. Азыр сизди Айнек бешинчи палатага алып барат. Эки керебеттик палата. Бир эле оорулу жатат.

- Рахмат, өзүм эле бара берейин,– Улар бейтааныш жолго чыкчудай апкаарыды.

- Мейлиңиз, – деди доктор. Айнек да келип калды.

- Ушул бөлүмдө Касен Мукамбетов деген мыкты хирург бар дешкен. Ал киши азыр кайда? – Палатага келатышканда Айнектен сурады.

- Эми эле сүйлөшүп чыкпадыңызбы, – деди Айнек бүлкүлдөй күлүп, – кайра баралыбы? – токтой калды.

- Жок, жок, – уялганынан Улардын бети чымырай ысыды. – Таанызбайт элем. Укканым боюнча сурадым. Жөнөкөй, жылдыздуу адам тура.

- Билими күчтүү, – деди Айнек кадамын шилтей, – өлөт деген нечендер Касен Мукутовичтин колунан тирилген. Бул киши өзүнүн камкордугуна алып, бактыңыз бар экен. Жолуңуз болот.

- Айтканыңыз келсин! – Улар докторго өзүнөн-өзү туштукканa үчүн толкунданды.

Улар ооруканага эки жылдык эмгек отпускасына чыгаары менен жаткан. Кызматташтары кайсы бир курортто же жайлоолоп эс алып жүрөт деп болжошкондур. Ооруканага түнөгөн бешинчи түнү гана оорулуулардын тиричилигине көнгөндөй тынч уктады. Түш да көрдү. Түшүндө кара топурактуу айдың талаада келатыптыр. Келатып тык

токтойт. Себеби жолунда жезден жасалган сөйкө, шакектер чачылып жатыптыр. Эч ойлонбой туруп, алардан кочушуна чогултуп алат. Кайра булардын кереги не деген ойдо бирөөнү тандап алып, калгандарын орду-ордуларына коёт. Тандап алган шакеги деле начар экен. Начар болсо да аты жоктугуна салып, кайра чыгарып атып, колунан түшүрүп жиберет. Шакек тоголонуп барып, чуңкурга түшөт. Эңкейип караса чуңкурча эмес, төрт бурчтуу тик жар экен. Шакек чөптүн жардагы тамырына илиниптир. Жардын түп жагы чексиз түздүк сыяктанат. Улар шакекти алуу үчүн ылдый түшүүгө ниеттенип, чыканактарын жардын кырына ыкчына коюп, бутуна таканчык таппай салаңдап турду. Түпкүрдөгү түздүктөн каалгый баскан караандар көрүндү. Улар: «Жакшылык кылып, шакегимди алып бергилечи?» – деп эки-үч курдай өтүнсө да эч кимиси кайрылбады, көңүл бөлбөдү. Аздан соң шакеги көрүнбөй, өзүнөн-өзү жардан чыгып, мелмилдеген талаада кетип баратты. Бирөө колуна кызыл шурудан көркөм жасалган чапакты карматты.

Эртең менен ойгонгонунда күндөгүсүндөй тура калбады. Уктаган сымал мемиреп жатып энесинин: «Өмүр да наристе сымал эркелеткенди, бакканды талап кылат» – деген сөзүн эстеди. «Кудай менен эне бир мезгилде – башка күн тутулганда эске түшөт тура, – деди ичинен. – Ага чейин экөө тең ыйманга жараша, алыстан да жакындан шам сыяктуу бирде өчүп, бирде күйүп тургансыйт. Бул эки күчтү баалаган адам эч качан кор болбосо керек». Турмакчы болуп, башын көтөргөндө кайсы бир палатадан канкакшай чыккан үн кулагын жарды. Керебетине кайра жабышты. Адатынча көңүлүн көтөрөөр жакшы окуялардан эстегиси келди. Негедир Сарайчынын оо дүйнө кетээринде балдарынан сураган өтүнүчү кайта-кайта жадына келе берди. Анда тестиер чагы болчу. Жайдын толуп турган учуру эле. Чоң энеси экөө эшигинин алдындагы жаңгактын түбүндө талкандык арпанын ташын терип отурушкан.

- Ботом, жаныңар жай алганын көрбөйм. Тарамыштай таралып эле атасыңар! – Керкашка обочодон эле сүйлөнүп келатты. Зайыптын өз аты ким экенин, эмне үчүн Керкашка аталганын жаштар ыпым билчү эмес.

- Он эки мүчө барында жамбаштап жатуу чекилик, – деди Шааке байбиче, Керкашка чукул келгенде.

- О кокуй, эмнеси чекилик? Жамбаштап жатуунун сөөлөтүнө не жетсин! Сарайчынын балдары тепкедей үйүнүн ичин үч көтөрүштү. Тим эле ачкачылыктан кырылып атышкансыйт, укмушуң кургур. – Керкашка Шааке байбиченин колтугуна жалп отурду.

- Бирөөнүн үй-бүлөсүнүн аркы-беркисин көкөлөтө сапырган апыртмаң калбады. Токтолсоң боло. – Байбиченин үнүнөн сөздү узарткысы келбегени туюлду.

- Ий–ий, жеңе! Күйгүзбөгүлөчү, апыртманы билбейм! Көргөнүмдү айтам, – Керкашка күйүгө сүйлөдү. – Бул дүйнөнүн жыргалына кекиртегинен батып, татпаган дамы, көрбөгөн жери калбай, сексенди серпип жашаса да Сарайчы өлгүсү келбей, чабалактап атпайбы.

- Ал байкуш райондун борборунан алыс чыккан эмес, – деди Шааке. – Согуш башталганда жашы кыркты аралаган киши эле. Нечен азап-тозокторду көрдүк. Сарайчыны эркек деп, ит өлчү оор жумуштарга жумшашчу. Улуу баласы согушка кетип, окко учту.

- Айланайын жеңее–е, алар убагында болгон дечи. – Керкашка моюн бербеди. – Сарайчы жаланкыч менен кармашып атып, жөөлүдүбү же ачкөздүгү кармадыбы, айтор бир маалда: «Гезит... Гезит...» – деди көзүн акшыңдата кышылдап. Куурагырдын калган сөздөрүн жан түшүнбөдү. Какап-чакап атпадыбы. «Ата, кайсы гезит?» – деп бухгалтер уулу үстүнө үзүлүп түштү. Кантсе да эсепчи эмеспи, түгөт. «Оролгон гезит... Ваа–ай, эми силер... Кайдан...» – деп онтолой булдуруктап, эси ооп калды. Балдары кайрадан үйлөрүнүн ичин үч көтөрдү. Оролгон гезит табылбады. Эки баласынын тең көздөрү ач карышкырдыкындай кызарып, бири-биринен озо аңтаңдашат.

- Гөр оозунда жаткан атасына сураганын таап беришке жанбүлөгө түшүшкөндүр, анын эмнеси жаман? – деди байбиче суз сүйлөп..

- О коку–ууй, – Керкашка арт жагына кылчая эрдиндеги асмайын шалп түкүрдү, – көп жашаганыңар менен туюк турбайсыңарбы! Балдары гезитти эмес, ага оролгон

алтынды издеп атышат, катыгүн! Кимиси мурда тапса, алтын ошонуку болоорун билишет, жексурлар!

- Кайдагы алтын, – Шааке кыжаалаттанды. – Сарайчы байкуш эгилген дандай берекесин элге чаччу. Уулдары да ыймандуу. Баса, отура берсең алтындын бир үзүмү сага тиймек.

- Ачкүснөндөр үзүмү түгүл кыпынын карматабы, – аял силкине бултуңдады. – Сарайчы коркутуп атат дешкенинен киргем. Мен үчүн бешбармак жасап, чабылды дейсиңерби! Азыр деле барам! Алтынын табышкандыр эмдигиче.

- Барагой, – деди байбиче.

Ушул тапта жогортон чуу чыкты. Шааке байбиче ката түштү.

Сарайчы издеткен гезит дубалга илинген күзгүнүн артында эле чүпөрөккө оролуп жатыптыр. Гезитке Сарайчынын атасы өлгөндө Партиянын райондук комитетинин биринчи секретары менен колхоздун башкармасынын «Ак Булак колхозунун мыкты дыйканы Сарайчыга атасы Сейитказынын дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу аза кайгысын тең бөлүшөт» деген көңүл айтуусу басылыптыр.

* * *

Элетте 1970–жылдарга чейин туулган күндү белгилөө калктын жашоо-тиричилигине сиңбеген. Маани да берилбеген. Улардын аталаш агасы борбордо жашап, кайсы бир чоң кызматта иштейт дешчү.

- Ой, бул баягы бешикте жаткан күлкүчү кызыңарбы? Сулуу болгон тура, – деди чоң кызматтагы агасынын тай сойдуруп кетмекке тууганчылап барган аялы.

- Кудай пендем десе акыл-эс берсин. Сулуу деле эмес. – Улардын энеси абысын келинине ойлуу карады.

- Көз тийет деп чочуп атасыңар го, – келин шаңкылдай сүйлөдү, – мен эки уул төрөбөдүмбү, эгер кыздуу болсом төбөмө көтөрмөкмүн.

- Эки уул аз. Шаардыктар бала багуунун күнүмдүк түйшүгүнөн качып, чек коё баштыды. Бул айлампа айылга

да тарайбы дем чочуйм. Жок дегенде эми бирди төрөп ал, балким кыз болоор, – деди Улардын энеси.

- Ойи–иий, жеңе, ушул тапта казандай курсак көтөрсөм, кайниңер качып кетпейби, – келин кытылдай күлдү. – Өзүм да иштен калам. Бир адамдын тапканы бүтүндөй үй-бүлөгө жетпейт. Андан көрө кызыңарды мага кошуп бергиле. Жайкы каникулун текке кетирбей шаар көрсүн. Мен да кыздуу болгонсуп калайын.

- Кызыма мыкты окусаң, мыкты иштейсиң деп көп эскертем. Кудай өмүр берсе шаарды көрөөр, – энеси көңүл кош жооп берди. Ошол эле замат кызынын жүзүндөгү кубанычты байкап – бараар-койоорун өзүнөн сурайлы, – деди.

- Кана Улар, чыныңды айт. Барасыңбы шаарга? – Жеңеси шаштыра күлүндөдү.

- Барам, – Улар дилгир айтты да ата-энесинен улуксаат сурай электигин ойлоп, жалтактады.

- Барагой, – деди энеси, – Кудайга тобо, ортон колдой үч уулубуз үй-жай күтүп, очор-бачар канаттары жайылып отурат. Атасы: «Балдарга жаштайынан өйдө-төмөндү ылгыта жүргөн жакшы « деп калат. Демек, барышына каршы болбойт. Анын үстүнө Улар көкүрөк кучүгү эмеспи, эркинче өстү.

Ошентип Улар жеңеси менен шаарга келген. Агасынын квартирасы үч кабат үйдүн экинчи кабатында экен. Шаар жана кабат үйлөрдү көрбөгөн Уларга баардыгы жомоктогудай туюлган. Агасынын квартирасынан кинодогудай телевизорду, телефонду көргөн. Агасынын улуу баласы Мырза экинчи классты бүтүптүр. Кичүүсү Эдилхан үч жашта экен.

- Сен он үчтөгү чоң кызсың. Бүгүндөн баштап бөбөктөрүңө баш-көз бол. Биздин жумуш эрте башталат. Агаң да, мен да балдарды тейлегенге үлгүрбөйбүз. Эдилханды бала бакчага эртең мененки жети жарымда жеткиресиң. Кечкисин жетиде кайра аласың. Бакча бир эле көчө алыс. Анан көрсөтөм. Мырзаны ойнотуп, убагында тамак-

тандырасың. Кыскасы, күндө эмне иш бүтүрөөрүңдү кагазга жазып, колуңа карматып турам. Үй тиричилигиндеги жумушчубуз эс алганга кеткен, – деди жеңеси.

Ошол жайдын каникулу Улардын эсинен кетпей калды. үй оокатынын ыбырсыган түйшүгүнө түткөнү менен Мырзанын тээжиктиги жанына батчу. «Тиги дура менин кепкамды таппай атат. Тобум ошол үчүн жарылды. Бышырган сүтүн ичпейм!» деген сыяктуу дооматтарын айтып, мамасына телефон чала берчү. Мамасы кызматтан келээри менен уулунун айткандарын териштирип, мебелдердин уңкул-чуңкулдарына сөөмөйүн жорголото кандай тазаланганын текшерчү. Астана тактайды жылаңаяк басып көрүп, «Таманыма жабышты, чала жуупсуң,»– деп чакчарылчу.

– Ата-энеме кетем, – деп ыйлады Улар бир ирет.

– Быйрыңдаба! Ресторандын муздаткычындагы тайдын этин азыр барып бышыртып, чүйгүн закускалар менен үйгө жеткиртем. Ашпозчулар келип, жетишпегендерин даярдап, дасторконду шөкөттөйт. Кечинде кадырлуу меймандар келет. Агаңдын юбилейи. Меймандар келгенден кеткенче балдарды чуулдатпай ойнотуп туруш милдетиң.

– Юблей деген эмне? – Улар ыйын токтото өзүнө тааныш эмес сөздүн маанисин билгиси келди.

– Аа, байкуш, – жеңеси эликтей каткырды.– Мырза айткандай эле дөдөй турбайсыңбы! Бүгүн агаңдын туулган күнү. Кырк, элүү дегендей тоголок жашка толсо юбилей дейт.

– Туулган күндү белгилейби?

– О, келесоо, булар малканада жашайт го! Биз үй-бүлөбүздө баарыбыздын туулган күндөрүбүздү белгилейбиз. Сыйлаша билген татыктууларды мейманга чакырабыз. Алар белек берет. Мырза менен Эдикандын достору кичине болгондуктан ата-энелери менен келет. Мисалы, апаң айткан, сен он үчтөсүң, туурабы?

– Туура.

– Кайсы ай, кайсы күнү туулгансың?

– Билбейм.

– Э, ботом, туулгандыгың тууралуу күбөлүгүң барбы?

– Аны да билбейм. Эч кимден сураган эмесмин.

– Болуптур эми, дөдөш, – деди түшүндүргөндөн тажагандай. – Өткөн туулган күндөрүң үчүн юбилейден кийин сени майрамдатам. Пейилим кенен, шаарды, музейлерди көрсөтөм. Бүгүн айткандарымдын баарын кынтыксыз жаса. Уктуңбу? Убадам убада.

– Уктум, уктум! – Улар ченебей сүйүндү.

Жеңесинин убадасына ишенип, тапшырмаларын чарк айлана бүткөрүп жүрдү. Юбилей үч күн катары менен өттү. Белекке белчесинен батып, чөнтөгү толгон жеңеси: «Музей жабык экен, шаар аралатам» деп Уларды ээрчитип, дүкөндөрдүн бирине келди.

- Бул аттуу-баштуулар из салган маанилүү дүкөн, – деди кирип баратышканда көкүрөгүн кере, – сатуучуларына эмес, деректирине барабыз.

Алар кабинетине баш бакканда ордунан тура калган директор «Тоюңуздар кут болсун! Үйүңүздөргө кут толсун!» деп өңтөлөңдөй утурлап жепилдей куттуктады.

- Айтканың келсин! – Жеңеси анын үстү-башын сынай карады.

- Чарчагансыз го, эс алыңыз? – директор илбериңки өтүндү.

- Эсим ооду, – чоё сүйлөп, ыпта жактагы жумшак орундукка үшкүрүнө отурду. – Агаңдын юбилейин өткөрөм деп чабылдым...

- Жакшылыктын түйшүгү жан жыргатат, – директор «жеңекесинин» көздөгөнүн жана келгендеги максатын тап жылдырбай баамдаган сезимталдыгына ыраазы эле. Болбосо «агасынын»юбилейи жөнүндө каңшаар да уккан эмес. Чоңдор кол алдындагыларды, кызматы кичинелерди шаан-шөкөттөрүнө чакырбасын жакшы билчү. Алардын кимиси болбосо да үй-бүлөсүнөн бирөө тойго чейин же тойдон кийин кайрылаарын өздөштүрүп бүткөн. Ошондуктан баардыгына «Тоюңар кут болсун!» деп жайкактап кол сунчу.

- Ал кишиге белек камдагам, – деди директор, – баруга эки көзүм төрт болду, чолоом тийбеди... – Шашпай кыймылдап, иш столуна чукул коюлган тумбочкадан эркектин суусар тебетейин сууруп чыкты.

- Дурус экен, – жеңеси колун созо тебетейди шап алды, – чак келбесе алмаштырасың.

- Турган иш, тикмечи аял кыйбас досум, – директор жагалдана жылмайды. – Белекке арналган өздүк буюмдарымды жаныма койбосом, жакшы билесиз, мурда өтүгүн майрык баскандар азыр «сабаттуу»... Ай-буйга келбей дүкөндүн ичин тытып жиберишет. «Жакшылыкка жакшылык», байкемден аянбайм.

- Алибетте, байкең жөтөлбөгөндө өмүрүң өткөнчө бала бакчанын боткосун бышырмаксың. Сыйлуу чөйрөгө аралашуу түшүңө да кирмек эмес, – жеңеси маашырлана кыткылыктады.

Директор мыкты делинген кийимдердин улам бирин «куржунунан» сууруп чыгып, сүлкүлдөтө кармап, жеңесине кийгизип атты. Акыры жеңеси өлчөмү туура келбесе да баасы кымбат көйнөктү тандады. Директор көйнөктү байкоостон көрсөтүп алып, ичи ачышканын билгизбей жайдаңдады. Көйнөктү «байкесинен» кызматы чоңдорго сактаган эле.

- Канча таштайын? – Жеңеси кол сумкасын ачып, тарсайган булгаары капчыгын кармалады.

- Койуңуз! – Директор чочуган сыяктанды. – Булар менин белектерим. Чоң кызга да ырым этейин. Биринчи көрүп атам. – Бурчтагы шкафтан илинүү турган татына көйнөктү алып чыкты. – Назик чырайыңды ого бетер ажарлантат, жагабы?

Баятан эки аялды алмай-телмей карап, босого тарапта турган Улардын бети алоолоно башын ийкеди.

- Тамчы тамат, өрт болот дегендей буларга акт жазаарсың... – жеңеси кыйды жылмайды да «белектер» салынган баштыктарды деректирге көтөртүп, кабылдамадан дардаңдай чыкты. Тышта зериккенден уйкусу келген агасынын шопуру машинесин айланчыктай, күтүп туруптур. Үйүнө келгенден кийин: «Көрдүңбү, биздей иштермандарды эл багат, силерди ким багат?» – деп Уларга заңкылдады да ага берген көйнөктү «Сага жарашпайт,»– деп сандыгына тыкшырды.

Ушундан үч күн өтүп Уларды: «Адам кылып, көзүңдү ачтык. Эми ата-энеңе барагой» – деп автобуска салып жиберди. Анткени үй жумушчусу Венера бир ай алгылыктуу иш издештирип жүрүп, жолу болбой кайра келген эле. Улар ошондон кийин ал тууганларын көргөн жок. Алар да тай сойдуруп кеткен боюнча айылга барбады. Улар орто мектепти бүткөн соң Айыл Чарба Институтунан окуп, агрономдук кесипке ээ болду. Жер кыртышын Изилдөө Илимий Институнан эмгек жолун баштады. «Эки тизгин, бир чылбырды» колуна алып, басма сөз жаатында да жөндөмүн сынады. Өзү азил-чыны аралаш айткандай, Республикада Улардын изи түшүп, колу тийбеген жер кыртышы калбады. «Даамду нан жеш үчүн тандырды тиктебей, жерди баккыла. Тойгузгула» – дечү дыйкандарга жер иштетүүнүн жол-жобосун түшүндүргөн сайын.

Агрономдун жүрөгүн ондогон гектар жерлерге суу жетпей кайраkы жатканы өйүтчү. Мелмилдеген талаалар бүрдөйт, гүлдөйт элек деп арманын айтып, ыйлап айткандай туюлчу. Съезддерде, областтык, райондук жыйындарда: «Жерибиз ссуга мол болгону менен пайдаланууну билбейбиз. Натыйжада жүздөгөн гектар жерлер кайраkы жатат. Аларга көңүл бөлүп, суу чыгаруунуздарды өтүнөм?» – деп какшачу. Жетекчилер: «Өтүнүчүңүздү колдойбуз!» – деп алакан чабуулдардын астында көпчүлүктү күбө тутуп, салтанаттуу берген убадаларын отурган жерлерине калтырышчу. Ырас, айрым кайраkы жерлерге суу жеткенде маңдайы жаркып, кубанган күндөрү да болду. Демилегени Улар көтөрүп, аны ишке ашырууну да Улар аркалаганы менен сыйы, урматы чоңдорго ыйгарылчу. Бирок, бул жагдай агрономду түйшөлтчү эмес. Элге пайдалуу жагын биринчи планга койчу. Сүйүнчү.

Оо бир жылдары жаз менен кошо Кызыл Суу районуна барган Улар көпчүлүктүн ортосунда ыңгайсыздана дымыган. Күздү-күздөй чапкылап жүрүп, райондогу Кум Бел айылынын жыйырма гектар кайрак жерине суу чыгарткан эле. Суу жүргөн каналдын атын кумбелдиктер Улар канал аташыптыр.

- Сиздерге ыраазымын!–деген саамдан соң толкундан-ган Улар, – каналды жеке өзүм эмес, силер менен мамлекеттин колдоосунда бүтүргөм. Эгер ат койууну каалasaңар Биримдик кканалы атайлы.

- Колубузда эмгекти баалаган орден, медаль болбогондуктан ушул шартты ылайык таптык. Жерибе?! – деп айылдыктар айтканынан кайтпай коюшкан. Союз ыдыраганда Улар каналга нечендердин көздөрү кызарганы менен эч ким менчиктештирип алалбады. Улар канал ушул мезгилге чейин кумбелдиктердин айдоо аянттарын гүлдөтүп келет.

Кайра куруунун шарданында ушул эле Кум Бел айылында болуп өткөн күлкүлүү да аянычтуу бир окуяны Уларга Сагаалынын кошунасы сугатчы Көбөш айтып берген.

Мурдагы кызылкулак Сагаалынын үйүнүн жанына «Волга» келип токтоп, ичинен Сагаалы дымаксына чыгат. Шопур өнтөлөй басып, багажды ачат да буттары кайчылаштыра буулган аксарбашыл кызыл койду жерге оодара тартат. Үйүнүн көчө тарабын шыпырып аткан Көбөш машиненин номурун оозун ача тиктейт.

- Коңшулар түлөөгө келишсин, баардыгына айтып кой, – дейт Сагаалы үнүн кошолонто бийик чыгарып. – Кечки мейманга көз тайгылткан эл башчылары келет. Акичүкүңөргө карабай силерди коңшу деп сыйлап атам.

- Жакшылыкпы? – Көбөш отуз жылдан бери коңшуларына көңүл бурбаган кызылкулактын бүгүн кой союп, үйүнө чакырганын кандай болжоорун билбей бүдөмүктөнө сурайт.

- Жакшылыктын анабашы! – Сагаалы төрөпейил жооп берет. – Ушул райондун акими болдум!

- Ие, – Көбөш ишенээр-ишенбесин билбей делдейет.

- Заман чыйралды, – дейт Сагаалы, – кайра куруу мөмөлөчү иштер менен гана алектенет. Жоопту кызматтарга мага окшогон чечкүндүүлөрдөн алат.

Коңшулары Сагаалыга куттук айтып атышканда облустун жыйыны шашылыш кайра башталат. Жыйында

райондун акимдигине улам бирөөнүн ысымы аталып, талаш-тартыштар өкүм сүрөт да Сагаалы таптакыр унутулат. Акимдикке областтагы маданий жайларды сатып жиберип, түрмөгө отуруп чыккан мурдакы ОбКомдун үчүнчү катчысы бекитилет.

Улар айылда болуп өткөн бул оуяны укканда күлөйүн деп күлалбай, зээни кейий, эрдин тиштегилеген.

* * *

Түнкү саат үчтө ойгонуп, ошол боюнча таң атырган Улар түшкү он экиден он мүнөт өткөндө операция столуна жатты.

- Сизге суктанам, – деди Касен, – дени сак адамдай бакыват жүрөсүз. Азыр да карегиңиз тоо чокуларын тиктегендей тереңдикте.

- Асмандан Кудай, жерден өзүңдүн колдооруңа ишенем.

- О, ишенгениңиз жакшы! – Касен жаркылдай дагы бир нерселерди кобурагансыды. Улар көөшүлө уктап бараткан. Көзүн ачканда палатада жатыптыр.

- Операция жеңил, жакшы өтүптүр, – деди керебеттин аягында отурган каркыралык Жийде кудуңдап, – ошондуктан сизди реанимацияга эмес, палатага алып келишиптир.

- Куттуктайм! Коркунучтун баары артыңда калды, – деди Галя.

- Ак тилегиңерге рахмат! Баарыңарды жакшылык жалгасын! – Улар кыйналбай сүйлөдү, – саат канча болду? – Эч жери оорубагандыктан операция жасалбагандай бүдөмүктөндү.

- Бирден отуз беш мүнөт өттү, – деди Галя билегиндеги саатын карап. – Операцияны бир саат он беш мүнөт жасашты. Касен Мукутович палатага сени өзү алып келишип, Айнекке тапшырды. Айнек бизге тапшырып, «Чай ичип алайын» деп азыр эле чыкты.

- Валентинанын ахывалы кандай? – Палаталашына көз таштады.

- Кечээ кечинде уктаган боюнча ойгонбой атат. Бул жакшыбы, жаманбы билбейм, – деди Галя түйшөлө, – Касен Мукутовичке айтсам: «Айлап чала уктап жүргөндүктөн организми эс алып аткандай. Бүгүн ойгонбосо кароодон өткөрөбүз» деди.

- Жаны өзүнө келип атса керек, – деди Улар.

- Ошондой болгой эле, – Галянын каректери ойноктой жымыңдады.,

- Чындыгында, эжеке, бактылуу экенсиз, – Жийде суктана сүйлөдү, – мага жасалчу операция да сиздикиндей жеңил өтсө экен.

- Диагнозу такталдыбы? – Көз ирмемде Улардын бели сызыла ооруп, жүрөгү айланып, кускусу келди.

- Такталган жок. Ичтейиң таза, сөөгүңдө го деп атышат. Сыягы сөөктөрүм чирип аткан го, – Жийденин кареги жашылданды.

- Кайраттуу бол, – Улар керебетинин башындагы сүлгүнү колун созо ала коюп, оозуна баса окшуду.

- Бошсуңар бийкечтер. – Айнек босогодон аттаар замат Галя менен Жийдеге көз таштады. – Эмки милдет меники, тиричилигиңер менен алектенгиле.

Жийде жаш келин. Он сегизге толо элегинде күйөөгө чыгыптыр. Улуусу үчтө, кичүүсү бир жарымда эки уулу бар экен. «Ооруга чалдыкканыма жылга айланды» дейт. Күйөөсү уйчу, өзү саанчы болгондуктан жайкысын айтылуу Каркыра жайлоосун жайлашаарын айткан. Ошондуктан кылкөпүрөдөгүлөр каркыралык деп коюшат. Каркыралык райондук ооруканада үч ай жатыптыр. Адеп бөйрөгүңө суук тийген дешип, анан кара сарык диагнозун коюшуптур. Дарылашыптыр. Бирок төмөндөй бергендиктен Онколгиялык ооруканын ичеги оорулар бөлүмүнө жиберишиптир. К. Мукамбетов: «Ичегилериң таза. Арка сөөктөрүңдүн кайсы бири жылышып кетип, ички органдарыңа терс таасирин тийгизип аткандыр. Дагы кароодон өткөрөйүн. Эгер болжолум чын болсо тиешелүү ооруканага жиберебиз. Коркунучтуу дарт жок деди,»– деп бир ирет сүйүнүп да алган. Кез-кез оң бутунун сөөгү какшай ооруп, сылтып калаарын шыбырыган Уларга.

– Эмнеге врачтарга айтпайсың? – деген Улар чочулай. – Жашыра берсең ооруң өтүшүп, баспай калышың ыктымал.

– Уялам, – Жийде мукактанган.

– Уялгандай дартты өзүң чакыртып алыптырсыңбы. Ден соолугуңду коргогонуң – үй-бүлөңдү коргогонуң. Орду жок тартынчаактыктын зарылдыгы не. – Улар саал ачуулана сүйлөгөн. Жийдени аяган.

– Кечээ үйгө кетким келди, – Жийде ыйламсыраган, – жолду билбегендиктен калдым.

– Кайсы жолду? – Улар кызыга сураган.

– Каркырага же Кара Колго кетчү жолду. Каркырага түз кеталбасам Кара Колго жетсем, андан ары үйгө барышты билем.

– Буга чейин борборго келген жок белең?

– Биринчи келишим. Ооруканага бул жакка жумуштап келаткан аталаш агам ээрчите келген. Кудай жалгап, келээр замат жаттым. Агам үч күндөн кийин кеткен. Ата-энем картаң болсо да балдарды карап калышты. Күйөөм малдан бошобойт. Мал болуп калабыз го, – Жийденин көзүнөн жаш тамган.

– Силердин муундун кесип тандаар курагы коммунисттик партиянын «Ата таягы уул-кызына! Жумушчулардын династиясы өссүн!» деген үндөө, чакырыктардын гүлдөп турган учуруна туш келди. Кычыраган кышта ат жалынан түшпөй, көз жашы жаагына тоңгон кыз чабандардын түйшүгү жеңил беле? Жетекчилер «Жүз койдон жүз сексен козу алам» дедиртип, эл алдында убадаларын бекитишчү. Убадаларынын өтөөсүнө чыгыш үчүн ар бир койду туягынан өөп, жеке жашоолорун унутуп коюшчу.

- Ооба, эжеке, мен да өкмөттүн чакырыгын бел туттум. Райондук партиялык комитеттин жетекчилери: «Мал чарбачылыгында калгыла. Каалаган жогорку окуу жайларынан сырттан окутабыз. Окууну бүтүп, дипломуңарды колго алгандан кийин адистигиңер боюнча иштейсиңер» деди. Жетекчилер айткан соң ишендик. Орто мектепти бүтөөр менен саанчылыкты тандап, классташ айылдашым Чагатайга турмушка чыктым. Ал да «уйчу болом» деди.

- Окутуштубу жетекчилер? – Улар суроосунун жообу өзүнө дайын болсо да сураган.

- Окутушпады. Бизди шыктандырган жетекчилер башка иштерге которулуп кетишти. Окубай калганыбызды бир жылдан кийин түшүндүк. Анан сүттүн планын толтуруп, майлуулугун жогорулатыш үчүн тырмандадык. Дүйнө мага Каркыра менен көзүмдү ачып көргөн Чет айылынын аралыгы боюнча калды.

- Каркыранын сулуулугун сүрөттөөгө тил жетпейт, чиркин!

- Сонун жайлоо, – Жийденин жүзү жаркый түшүп, кайра түнөргөн. – Бутума кесел кантип жабышканын билем. – Тымпыйта каткан сырынын четин чыгарган.

- Тактап айтчы? – Улар кабатырлана кулак түргөн.

- Келин болуп, башыма жоолук салынгандан кийин төртүнчү күнү убададан тайбай Чагатай экөбүз Каркырага көчтүк. Уйчулар үчүн салынган жыгач үйлөр биз сыяктуу жаштарга жетпейт экен. Үзүк-туурдугу самсаалаган эски боз үйдө жашап калдык. Каркыпада күн чайыттай ачык туруп эле кайдан жайдан кара булуттар чогула калып, жамгырын же нөшөрүн төгүп жиберет, – Жийде бир калыпта сүйлөп атты. – Аба ырайы кандай болсо да уйларды сааш милдетибиз. Жумшак дабыраган жамгырлуу таңдын биринде уй саап аткам. Жамгырга мөндүр аралашты. Тоо чокулары тарапка чагылган түштү. Саап аткан уйум чочудубу, айтор башын оң-солго чулгуй тыбырчылыганда туягы оң тиземе шак тийди. Көзүмдөн от чагылып, жер таяндым. Сүткө толгон чакам колумдан ыргыды. Чагатай төштөн ылдый агып, үйдү каптап аткан кыянчанын астын бөгөп, арыкча салып жүргөн. Ахывалымды байкабады. Боз үйүбүздүн жыртыктары аздык кылгансып, түндүк жабуусу жок болчу. – Жийде ызасын жута кекечтенген. Улар келиндин сөзүн бөлбөй дымырай уккан. – Бир топтон кийин Чагатай келип, жөлөп-таяп, эмне болгонумду сурап, жамбаштай жаткан жеримден тургузду. Оң бутум жерге тийбей калчылдайт. «Сени үйгө жеткирип коюп, уйду мен саайын» – деди Чагатай. Оң капталымдан сөйөй кадамдатты. Бутумдун ооруганына чыдабай кыйкырдым. Көтөрүп

алды. Үйүбүз кайсы дейсиң, тамчылар тапылдап атыптыр. «Ушул ыпта ыңгайлуу» деп калдастаган Чагатай жүктүн бурчуна отургузуп, жууркан менен ороп коюп, саанга кетти. Түндүккө дасторкон үчүн алган клёнканы жааптыр, – Жийде үшкүрүнө көзүнүн жашын аарчыган.

- Башка саанчылардын мүшкүлү деле силердикиндейдир? – деген Улар келинди тиричиликтин беймаза уйпалоосунан алыстаткысы келип.

- Алардын жашоосу биздикинен алда канча жакшы болчу. – Жийденин үнү калтырай чыккан. – Айрымдары эски, айрымдары талаптагыдай жаңы там үйлөрдү сарайлары менен ээлешкен. Биз уйларды сарай эмес тегереги шыргыйлар менен курчалган ачык короодо кармачубуз.

- Сүт саачу аппаратыңар жок беле?

- Анын да бузугу ыйгарылган. Сүттүн теңи желинде калчу. Ошондуктан колубуз менен саачубуз.

- «Жаш келсе ишке» дегендей мамиле жасашкан тура.

- Ошентишти. «Силердей чагыбызда түркүн оорчулуктарды жеңгенбиз. Чыдагыла. Чыдасаңар баардыгы силердики. Чыдабай сай-сайласаңар күлүңөр додолонбойт» дешти. Сандалбайлы, тамыр байлайлы дедик.

- Кийин шартыңар жакшыргандыр?

- Сарайга, там үйгө жеткенибиз менен ден соолуктан ажырабадыкпы, эжеке? – Жийде туталана чүрүшкөн.

- Бутуңду ошол замат догдурга көрсөтсөң болмок, – деген Улар кейип.

- Түшкө маал күн чайыттай ачылып, гүлгө чөмүлгөн жашыл дүйнө чатырай керилип жатты. Мен да ооруксуна ордумдан турдум. Оокатка аралаштым.

- Кечки саанга жардамдашалы дештиби коңшуларың?

- Бутум ооруксунбай калды. Өзүбүз жетишебиз деп ынабадым. Уюн саай албай экиленди дешпесин деп намыстандым. Ошондон тарта бутум кез-кез ысып-күйүп ооручу. Ушул жылы чалыштай басып, сылтый баштадым.

- Бутуңдун оорусун Чагатайга айткан жоксуңбу? – Улар шектене сурады.

- Айтпадым. Бүлөсүнүн оорукчал экенин билген эркек сыртын салат дешет.

- Ар ким ыйманына жараша күтөт бүлөнү, – деген Улар. – Айрым эркектер телегейи тегиз, ден соолугу чың аялынан ажырашып атпайбы. Бузулчу эркекке чымындын учканы шылтоо.

- Жол кирем жетип, автобуска кайсы жерден отураарымды билсем үйгө кетет элем, – деген Жийде.

- Өзүңдү курмандыкка неге чаласың? – Улар Жийдеге кабак үйрө караган.

- Билбейм, эжеке, – Жийде ыйлап жиберген.

- Балдарың жаш экен. Ошолор үчүн айыгышың зарыл, – деген Улар. – «Жаман айтпай жакшы жок», ары карап кетсең балдарың кордукту сенден артык көрөт. Айылыңа кетүүдөн мурда айыгууну ойло. Эгер азыр сакайган болсоң жол киреңди толуктап, автобуска отургузуп коймокмун. Эми анте албайм. Ооруканадан сенден мурда чыксам, келип турам. Автобуска да салып коём. Касен Мукутовичке бутуң качантан, кантип илдетке чалынганын сөзсүз айт. Эгер сени башка ооруканага которушса таап алам.

- Бутумду айтсам көпкө жатам го, – деген Жийде арсарый.

- Балдарыңдын тагдырына кайдыгерсиңби? Чагатайга аял табылат, – Улар бул кеңеши келинге оор тийээрин билсе да ал өзүнүн ден соолугу үчүн кам көрсүн деп айткан.

- Тилиңизди алайын, – деген саамдан соң Жийде. – Ичим ачылып, жеңилдеп калдым.

* * *

Улар рак оорусунун денени ууландырган бир күндүк залалы адамды беш жылга картайтаарын кылкөпүрөдөгү муңдаштарынын ахывалынан сезчү. Өзү күзгүгө карануну таптакыр унутуп койгон. Ооруканадан эски бөздүн жибиндей үлдүрөп чыкты. Үйүнө келип, кийимин которуштуруп кийгенче алсырап, муун-жүнү бошоду. Жарым сааттай эс алып, бети-колун жууп, күзгүгө каранды да селейе түштү. Күзгүдө өзү эмес өзүнөн бир канча жаш улуу, тыржыйган аял турду. «Кудайга шүгүр, – деди ичинен

күбүрөп, – Кудайга шүгүр. Кайрылып үй-бүлөмө кошулдум. Бери карадым. Ушуга тооп.»

Ал күнү Улардын үй-бүлөсүндө чакан майрам болду. Балдары, жубайы жетине албай сүйүнүп атты. Эртеси башын куттуктап келген туугандарын белинин үзүлүптүшүп ооруганына кайылдана кабыл алды. Дасторкон жайып, алар менен кошо шаан-шөкөткө батты. Эмгек отпускасынын бүтөөрүнө он беш күн калган. Ушул күндөрдүн ичинде кантсе да тыңыраак басып калууну күсөдү. Чыкыроон мурдун бүтөй койгондой демиктирип, аппак кар көзүн уялта, башын айландырганы менен күнүгө эки маал көчөгө чыкканын токтотподу. Арышы бир кадамдан арбып, денеси чыйралып, жолу узарып баратты. Акырындап үйлөрүнөн эки көчө аралыктагы дүкөндөргө жетип, аларга кирип-чыгууга жарады. Ошондой күндөрдүн биринде төртүнчү шаардык ооруканада иштеген медициналык кызматкер бет маңдай чыгып, ченебей чочуду.

- Ой, барсызбы?! – деп жиберип, көзүн алаңдата кетенчиктеди. Улар сага эмне болду дегендей элтейе калып, ага дароо түшүндү.

- Бармын, – деди күлкүсүн тыйып.

- Өмүрүңүз узун болот экен. – Светлана ашыга сүйлөдү. – Биздин ооруканадан диагнозуңуз такталганда, чындыгын айтайын, сизден түңүлгөнбүз. Операцияны Онкологиядан жасаттыңызбы?

- Ооба, Онкологиядан жасаттым.

- Добро бекен?

- Ооба.

- Бактыңыз тоодой тура, – деди Светлана.

- Туура айтасыз, – Улар дилгир сүйлөдү. – Ооруну өтүштүрбөй операция жасатууга кеңеш берген Владимир Ивановичке алкыш айтуудамын. Кичипейилдик кылып, ал кишиге менден салам айтып коюңуз? Буюрса өзүм барып, ыраазычылыгымды билдирем.

- Апта өттү. Ал кишинин мыкты доктор экенин Москванын жетекчилери билип, чакыртып кетти. Айлыгын жогору коюшуптур.

- Кап, Кыргызстанга да керек эле! – Улар өкүнгөнүн жашырбады. – Мыкты адисттерден кол жуумай болдук.

- Жергиликтүү жетекчилер көңүл бурушпай койбодубу, – деди Светлана. – Эки баласы, жубайы болуп, бир бөлмө барак тамда жашашчу. Москва үч бөлмө квартира бериптир.

- Экономикабыз ооруга чалдыгып, кендири кесилип айтпайбы, – Улар күнөөлүүдөй жалтактады.– Биздикилер жеке кызыкчылыктары жана куру даңк үчүн иштеп атышкансыйт. Даңк оорусунун рак оорусунан артыкчылыгы жок. Экөөнүн тең процедурасы да, операциясы да бирдей. Коркунучтуу. Бирок, билимдүү, кайраттуу, мекенчил жаштарыбыз өсүп келатат. Оңолобуз.

- Оңолуу башкы тилегибиз эмеспи. Бирок, тилектин баары ишке ашмак беле, – деди Светлана ындыны өчө.

- Жакшы тилек адамды сактайт. Канатыбыз талыбасын, – Улар Светлананын көңүлүн көтөрө жакшы сөздөрүн айтып, коштошту. Үйүнө келатып, Владимир Ивановичтин кеткенине кейиди. Эмгек отпускасынын бүтөөрүүнө үч күн калган. Бети-колу чыкыроонго мурдакыдай каканактабай чыйралганын айгине сезди. Сүйүндү. Сүйүнүчүнүн арасында сарайындагы үч кап жүн көз отуна тура калды. «Тез арада тытып бүтүшүм керек, – деди ичинен, – кандай акыбалда болсом да жууркан-төшөктөрдү каптаганга үлгүрүшүм зарыл.»

Ошол күнү түн оогончо жүн тытты. Эмгек отпускасы бүтүп, ишине чыккандан кийин да түнкүсүн тытып жүрүп, он үч күндө бүттү. Тышын мурда эле тигип даярдап койгон, жууркандардын биринчисин каптады. Каптап бүткөнчө нечен алсырап оңолду. Сөөмөйүн теминенин учу чийсе жаны ошол жерде сыяктанды. Бирок бүтүрөм деген оокаттарын өжөрдөнө бүтүрө берди. Анкени, кызым сепсиз калбасын, деген санаркоо көөдөнүн зарынадай тиреп, күнү-түнү тынчын алчу.

Жоопкерчиликти талап кылган иши менен тыным бербеген үй тиричилигинин эриш-аркагында Уларга үй-бүлөсүнө, адамдарга жана жаратылышка болгон суйүүсү жөлөк болчу. Ушундан улам бийлик билгениндей тескеп,

жол канчага ачаланса да сүйүү тамыр байлаган жерде эч кандай жамандык болбосуна көзү жетти.

**2006–жыл.**

# ПЬЕСА

# Кайрылбай калган обондор.

(Бир көшөгө, төрт сүрөтүү пьеса. Пьеса Кыргыз Эл жазуучусу Т.Сыдыкбеков менен байбичеси Асылкүл ападан уккандарымдын негизинде жазылды.)

КАТЫШУУЧУЛАР:

1. АЛЫКУЛ ОСМОНОВ. Акын. 26–28 жаштагы курагы.
2. БАЛА. Акындын 11 – 12 жаштагы учуру.
3. ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ. Жазуучу. 30–32 жаштарда.
4. АСЫЛКҮЛ. Т. Сыдыкбековдун колуктусу.
5. ЖИЙДЕ. Китепканачы жана колхоздун эсепчиси. 18–20жашта.
6. УУЛКЕЛСИН. Окуучу. 9–10 жашта.
7. ЖЫЛКЫЧЫ. 55–60 жашта.

## *БИРИНЧИ СҮРӨТ*.

(1943–жылдын күзү. Окуя Фрунзе шаарында, акын жашаган үйдө өтөт.)

Күз. Эрең мененки күн чыккан маал. Бирок асманды кара булут каптагандыктан үйдүн ичи бозомуктанып көңүлсүз. Жасалгасы ошол учурдагы эмгекчилердики сымал жупуну. Акын терезеге чукул коюлган чакан жазуу столуна өбөктөй отурат. Столдун терезе жакы четинде шишеси көөлөнгөн кересин чырак күйүп турат. Чырактын тегерегинен тарта стол үстүндө беттери ырга толгон барактар жатат.

Чарчаган акын калемин барагына коюп, карышкан манжаларын ачып-жума баш көтөрүп, маңдайындагы баланы көрөт. Балага адеп эчактан чогуу жашагандай, тышта ойноп жүрүп, эми киргендей, жылмая карайт. Бала да жылмаят.

АЛЫКУЛ: – Ой, сен кимсиң? (Үнү салмактуу да жумшак чыгат.)

БАЛА: – Тааныбай калдыңбы? – (Таарына тигилет.) – Таң атып, күн чыкканын таназар албай, жаныңды кагазга таштап отурсаң, таанымак белең. (Бөлмөдөгү буюмдарга көз жүгүртөт.)

АЛЫКУЛ: – Буртуйба дос. (Баланын ачык сүйлөгөнүнө ичи жылыйт.) Илгери-кийин кезикпегендиктен сурадым. Бул тегеректен да көрбөптүрмүн.

БАЛА: – Туура, көптөн бери көрүнбөдүм, көрбөдүң. Көрүшүүнүн зарылдыгы жок эле. (Кабагы бүркөлө түшөт.) Үйүңө келип жолукпасам мен деле сени тааныбайт болчумун.

АЛЫКУЛ: – Ким болсоң да мейманымсың. (Туруп чырактын үлпүлдөгөн шамын үйлөп өчүрөт.) Төргө өт. (Жазуу столунан обочорок коюлган китеп текчесинин катарындагы орундуктарды көрсөтөт.) Чай кайнатып берем. Момпосуй менен жыргап ичесиң.

БАЛА: – Ичип-жеш үчүн келген эмесмин. (Кабагы огобетер бүркөлөт.)

АЛЫКУЛ: – О чунак, (ыңгайсызданат) анда кандай максатта келгениңди айт? Сака, чүкө, китеп, калем, кагаз керекпи? Тапканга жардамдашам. (Кайра орундугуна отурат.)

БАЛА: – Жардамдын кереги жок. (Мукактана сүйлөйт.) Сага караганда тетиги сүрөт жандуу. (Айвазовскийдин «Тогузунчу валынын» дубалга илинген көчүрмөсүн жаңсайт. Көчүрмөнү ыш менен чаң баскандыктан эскилиги жеткен сыяктанчу. Акын баланын айтканына муюгандай унчукпайт.) Сен жамгырын жерге төккөн булуттай, жаныңды жазган ырларыңа сиңирип атасың. (Акынды аяй карайт.) Булут кайра сууга толот. Сен толбойсуң. Өзүң үчүн, өзүңдүн ден соолугуңду коргосоңчу. Электирдин да күйгөнүнөн өчкөнү көп, жыттаганың кересин.

АЛЫКУЛ: – Балакай, акылдуу десем чогоол окшойсуң. (Мыйыгынан жылмаят.) Атаңдай мени сен деп какмалайсың. Ырас, жашоомдун маңызы чыгармаларымда. Аны туура байкадың. (Баланы баласынтпай иш жагдайын түшүндүрүүнү ойлойт.) Көкүрөктөгү Теңир бер-

ген казынаны элге чачпай жашай албайм. Түндө «Махабат» поэмасын аяктадым. Өзүмдү алаканга сала алпештегенге убакыт жок. Пландарым, бүткөрчү иштерим арбын. Дастандарга, эпосторго, тарыхка кайрылсам дейм. Эсиңде болсун, кара курсагынан башканы ойлобогон киши адам эмес. Кересинди согуш жыттатып атат. Гүл жытачу учур алыс эмес..

БАЛА: (Акындын башын сайып иштегенин дагеле жактырбай.) – Чогоол эмесмин. Чындыкты гана айттым. Ден соолугуң үчүн буга чейинки кайдыгердигиң деле жетиштүү. Эми кылымдардан сыр чубап, кылымдарга узатып, «Сен ооруба, мен ооруюн Ата Журт» деп какшап атасың

АЛЫКУЛ: (Ойлуу.) – Ооба, көзүм жумулганча какшай берем. Анткени, тамырыбыз Ата Журттун жүрөгүндө. Тактай айтсам, Ата Журт миллиондогон муундардын чамгарагы. Ошондуктан, оорутпай сакташыбыз зарыл.

БАЛА: (Үнү жумшара чыгат.) – Бул айтканың жүйөлүү. Эми мени тааныбасаң да сөзүмдү чыдап угуп кой. Бармактайыбыздан жетимдик желкебизден сүйрөдү. Каакым чыкканда каалашыбызча терип жеп, карчытыбыз кампайчу. (Акын селт эте тунат. Тунжурй муңаят) Ичегибиз сыдырылып турса да бирөөнүн табагына көз артпадык. Болгону оюнга тойбой, көчөнү чаңдатчубуз. (Жылмаят.) Балдар үйүндө башыбызга Күн тууп, эс тарттык. Окудук. Он бешиңде акын аталып, менден бөлүндүң. (Акын баланы кусалуу тиктейт.) Ал жылдары бетиңдин наары нурданып, шайдоот элең. (Үнү дирилдей түшөт.) Өксүгүңдү толтуруу колумдан келбейт. Бирок, башатыңмын. Жашооң менден башталган. (Көз жашы кылгыра акынды кыйгай карап, босогону көздөй жылат.)

АЛЫКУЛ: – Сен кайда? Токтой тур? (Шашыла балага жакындайт.)

БАЛА: – Жет да кармап ал! (Куунак тарта босогодон жылт коёт. Акын каалганы ашыга ачат. Баланы таппай калат. Бирок, таза аба денесин чыйралта, көңүлү көтөрүлөт. Ала бөйрөк сары, кызыл жалбырактар төшөлгөн короо да, көчө да ээн эле.)

ген казынаны элге чачпай жашай албайм. Түндө «Махабат» поэмасын аяктадым. Өзүмдү алаканга сала алпештегенге убакыт жок. Пландарым, бүткөрчү иштерим арбын. Дастандарга, эпосторго, тарыхка кайрылсам дейм. Эсиңде болсун, кара курсагынан башканы ойлобогон киши адам эмес. Кересинди согуш жыттатып атат. Гүл жытачу учур алыс эмес..

БАЛА: (Акындын башын сайып иштегенин дагеле жактырбай.) – Чогоол эмесмин. Чындыкты гана айттым. Ден соолугуң үчүн буга чейинки кайдыгердигиң деле жетиштүү. Эми кылымдардан сыр чубап, кылымдарга узатып, «Сен ооруба, мен ооруюн Ата Журт» деп какшап атасың

АЛЫКУЛ: (Ойлуу.) – Ооба, көзүм жумулганча какшай берем. Анткени, тамырыбыз Ата Журттун жүрөгүндө. Тактай айтсам, Ата Журт миллиондогон муундардын чамгарагы. Ошондуктан, оорутпай сакташыбыз зарыл.

БАЛА: (Үнү жумшара чыгат.) – Бул айтканың жүйөлүү. Эми мени тааныбасаң да сөзүмдү чыдап угуп кой. Бармактайыбыздан жетимдик желкебизден сүйрөдү. Каакым чыкканда каалашыбызча терип жеп, карчытыбыз кампайчу. (Акын селт эте тунат. Тунжурй муңаят) Ичегибиз сыдырылып турса да бирөөнүн табагына көз артпадык. Болгону оюнга тойбой, көчөнү чаңдатчубуз. (Жылмаят.) Балдар үйүндө башыбызга Күн тууп, эс тарттык. Окудук. Он бешиңде акын аталып, менден бөлүндүң. (Акын баланы кусалуу тиктейт.) Ал жылдары бетиңдин наары нурданып, шайдоот элең. (Үнү дирилдей түшөт.) Өксүгүңдү толтуруу колумдан келбейт. Бирок, башатыңмын. Жашооң менден башталган. (Көз жашы кылгыра акынды кыйгай карап, босогону көздөй жылат.)

АЛЫКУЛ: – Сен кайда? Токтой тур? (Шашыла балага жакындайт.)

БАЛА: – Жет да кармап ал! (Куунак тарта босогодон жылт коёт. Акын каалганы ашыга ачат. Баланы таппай калат. Бирок, таза аба денесин чыйралта, көңүлү көтөрүлөт. Ала бөйрөк сары, кызыл жалбырактар төшөлгөн короо да, көчө да ээн эле.)

АЛЫКУЛ: Чунак! Кайда житти?.. (Эшигинин алдында ойго чөмүлө ары–бери басат.)

БАЛА: – Тааныдыңбы? (Үнү шаңдуу чыгат.)

АЛЫКУЛ: – Көрүнбөйсүң Башатым. (Тегерегин кунт коё карайт.)

БАЛА: (Күлүп) – Жаныңда турам. Издебе. Көрүнбөйм. Сүйлөй бер?

АЛЫКУЛ: (Эргий сүйлөйт.)– Өгүнү түшүмдө мектептин спорт залында барабанда ойноп, ырдап атыпсың. Залга жык-жыйма толгон мугалимдер менен окуучулар сүрөп, алакан чабышты. Ырдап бүтөөрүң менен тыштан кичинекей кыз кирип, сени көздөй чуркады. Колунда сага берчү каакымдын сары гүлдөру бар экен. Гүлдү алдыңбы, жокпу билбей калдым. Себеби, поезддин гудогунан чочуп ойгондум. (Тыныга түшүп, сөзүн улайт.) Башатым, эсиңдеби, мектеп интернаттан кант менен момпозийди биринчи көргөнбүз. Тамагы бал татычу. Бизге кийгизген ак көйнөк, кара шым ыйыктай туюлчу. Аларга чаң жугузбайт элек. (Жылмаят.) Тарбиячы менен мугалимдер таза жүрөт, тартиптүү, жакшы окуйт деп чогулуш сайын макташса ичимден кубанып, дердейе түшчүмүн. Укмуш ырахаттуу күндөр эле. (Тыныга калып, балага кайрылат.) Башатым, сен жан дүйнөмдүн азыгысың. Бүчүр байлаган ырларымдын данегимсиң. Таарынба. Эми ишиме киришейин. (Жүзү жылдыздана шарт бурулуп, каалганын туткасын кармайт.)

БАЛА: – Чай ичкенди унутпа! (Үнү алыстан жаңырат.)

## ЭКИНЧИ СҮРӨТ

Жайдын толуп турган учуру. Жети Өгүз курорту. Түш оогон маал. Акын курорттун чыгыш тарабындагы тоо этектеген дөңсөөдө колдорун артына ала, теребелди суктана карап турат. Көз отунда кусалык да, кайгы да бар. Күкүк үн салат. Үн чыккан жакка кылчаят. Кырк, элүү кадамдай аралыкта, кичинеси кучагы толо гүл жыттап, чоңураагы салмактуу калай чака көтөрүп келаткан кыздарды көрөт. Кыздар тез эле жакындайт.

КЫЗДАР: – Саламатсызбы? (Үндөрү жарыша чыгат.)

АЛЫКУЛ: – Саламатчылык! (Кайдан келатасыңар дегендей кыздарды суроолу карайт.)

БОЙ ТАРТКАНЫ: – Атым Кенже. (Тартына сүйлөйт.) Төмөңкү айылданбыз. Бул кичкинтай шаардан келген жээнибиз. Үчүнчү класста окуйт. Аты Уулкелсин. (Акын Кенже сүйлөп атканда «өзгөнү да өзүндөй барктаган, таза жан болот экен» – деп ичинен баа берет.)

АЛЫКУЛ: (Кенжеге кайрылат.) – Өзүң канчанчы класста окуйсуң КЕНЖЕ: – Орто мектепти өткөн окуу жылында бүткөм. Азыр колхоздо китепканачы жана эсепчи болуп иштейм.

УУЛКЕЛСИН: – Ишке эртең менен эрте, мен туралекте кетет. Таппай калам.

КЕНЖЕ: (Күлүп.) – Ишим ошондой. Эл эртелей жумушка чыгып атканда, кечкисин алар кайтып атканда күчөйт. (Уулкелсин гүлдөрүн чаканын жанына коё салып, чөп башылай учуп-конгон калдырканды кубалап кетет.) Айтор, бири китеп алса, бири эмгек күнүн тактатат. Дагы бирөөлөрү фронттогу уулуна же жубайына кат жаздырат. (Муңая түштү.) Майданга аттанган боюнча кабарсыз уулун кайдан издейм дегендер да болот.

АЛЫКУЛ: (Кызды кайраттандыра сүйлөйт.) – Жаштыгыңа карабай ишиң жооптуу тура. Кайраттуу, намыстуу адам шылтоо издебей, баардык кыйынчылыкты көтөрөт. Жеңет. Согуш бүтөт. Жеңиштен кийин каалаган адистигиңе ээ болуп, Ата Журтту гүлдөтүү үчүн элге дагы кызмат өтөйсүң карындашым.

КЕНЖЕ: – Согуш бүтсө экен. Кайгыны, көз жашты көргүм келбейт. (Акынды бир тууган агасындай сезип, эркин турат.) Күндө бир үйдөн өкүрүк чыгат. (Акындын улутунганын байкап, сөзүн бурат.) Уулкелсин экөбүз башкы Кызыл Жардагы тектирчеден ышкын түп казганга баргандыз. Тектирченин гүлдөрү да сонун. Терип алдык. (Уулкелсинди чакырып, кетүүнү ойлойт, бирок көпөлөктөр менен кошо учуп жүргөндөй бериле ойноп атканын көрүп, жолтоо болгусу келбейт.)

АЛЫКУЛ: (Кенженин сезимталдыгына суктана, кубаттай сүйлөйт.)–Ооба, ооба сонун гүлдөр экен.

КЕНЖЕ: – Кызыл Жардын ышкын түбү да сонун. (Кепти орто жаштагы аялдай токтоо улайт.) Ага боёлгон тери саргарбай кызгылтым тартып, апам мактагандай,

көргөндүн көзүн, кийгендин көңүлүн кубандырган аземи тон болот.

АЛЫКУЛ: (Жайдарылана.) – Андай сонун тондорду кыз-келиндер кийээр.

КЕНЖЕ: (Уулкелсинге көз сала.) – Апамдын

түшүндүрмөсүндө тон биздин элде эркектердин жумушчу кийими экен.

Кыз-келиндер деги эле аял заты сүлөөсүн, кундуз, көрпө ичиктерди кийиптир. Илбирс, карышкыр ичиктер да эркектерге тиешелүү сый кийим экен.

АЛЫКУЛ: (Бир трууган карындашы менен сүйлөшкөндөй чечилет.) – –«Куур тондун ичинде, куурасын жигит өлбөсүн» –деп жигиттерди баатырларча жашоого үйрөтүшкөн тура. Азыр да жүздөгөн азаматтар согушта жүрбөйбү. (Кабагы бүркөлө, түшүп, сөзүн улайт.) Ушул төрт жаганан төп келеген касиетүү жерди бизге куур тондуу аталарыбыз калтырган. (Бет маңдайындагы көгүлжүм, кызгылтым, күрөң жана ак түстөрү куюлушкан карагайлуу тоолорду сугула тиктейт.)

КЕНЖЕ: – «Карынын сөзүн капка сал» дешет го. (Жаш баладай күлмүңдөйт.) Кичине чагымда, маанисин түшүнбөй, – сөздү капка кантип салат,– деп таң калчумун.

АЛЫКУЛ: – Алибетте, балага уютма, накыл сөздөрдүн баары табышмак. Жандырмагын дүйнө таанымында чечмелейт.

УУЛКЕЛСИН: (Жүзү алоолоно, тердеп келет.) – –Калдыркан кармайын десем бардыгы кооз, сулуу экен. Өлүп калабы деп коркуп кармабадым. Жарышып эле ойнодум.

АЛЫКУЛ: – Азаматсың Уулкелсин! (Кубанат.) «Дүйнөнү сулуулук сактайт» деген ушул.

КЕНЖЕ: (Тынчсыздана) – Кечээ кошуна чоң энебиз «Өлгөн арстандан тирүү чычкан артык» болуптур. Түрмөгө кайта-кайта түшкөн ууру колхозду башкарганга келиптир» –деп согушка наалат айтып ыйлады. Баарыбыз ыйладык. Уулкелсин (жылмайып.) «Өлсө да арстан жакшы» деп отургандардын кабагын ачты.

УУЛКЕНСИН: – Арстан эле жакшы. (Акындан уяла, Кенжени таарына карайт.)

АЛЫКУЛ: (Күлүп.) – Уулкелсин туура айтат. Арстан жакшы. Чычкан да өзүнө туштук. Бирок, алиги уурудан чычкан артык, бөбөгүм. (Кызды эркелете карайт.)

КЕНЖЕ: – «Ыймандуу адамдын изи өчпөйт,» деп да айтышат. Бул таза өмүр сүр деген туюнтма болсо керек. (Тааныбаган адамга неге бежиреп атам деген ойдо ыңгайсыздана түшөт. Кетели ишарасында Уулкелсинге карайт. Уулкелсин жүүртө баса отура калып, гүлдөрүн иреттей баштайт.)

АЛЫКУЛ: (Канагаттангандай.) – Жаштардын силерге окшоп эл-жкртка өзөктөш бутактаганы коомдун ат көтөргүс олжосу. (Толкундана сүйлөйт.) Карагылачы, Жер кандай сонун керемет. Ушул улуу керемет бизди тазалап турат. Көрөңгөбүз Ата Журт!

УУЛКЕЛСИН: (Гүлдөрүн кучактай тура калып, бая өзүн кызыктырган көрүнүштү айта баштайт.) – Аба, (Оюн унутуп койчудай шаша сүйлөйт) китептерде Москва шаарындагы эстеликтер бар го жана сизди Кызыл Жардан карап туруп, ошондой эстелик экен дегем. Анан... (Уяла кекечтенет.) Анан...

АЛЫКУЛ: – Анан... (Уулкелсинди жарпы жазыла карайт. Кенже кыздын божураганынан уяла кызарат.) Эстелик эмес, тирүү киши бекемин?

УУЛКЕЛСИН: – Ооба, кадимки киши экенсиз. (Күлүп жиберет. Кайра сүйлөйт.) –Кенже эжем – «Ал курортко келип, Жети-Өгүздүн жаратылышына чөгүп кеткен киши,» – деди. Ишенген эмесмин. Сизди туурай албайм, абдан катып тургансыз. (Көзүн чекчейте акынды тиктейт.)

АЛЫКУЛ: – Эстелик эмес экениме толук ишенчи, бөбөгүм. (Толкунданган акын кыздын алдына чөгөлөй калып, кайра турат. Кызды эркелете саамайынан сылайт.) Дыйкан, малчы, жумушчулар кандай болсо мен да ошолордой кишимин.

КЕНЖЕ: (Тартына күлүп) – Спортчулардай жеңил жана ыкчам экенсиз. Машыгасызбы?

АЛЫКУЛ: – Азыр жок. (Жылмаят.) Мектепте окуп жүргөнүмдө физкультура сабагынан дайыма «беш» алчумун. Ошол даярдыгым ушул кезге чейин сакталды. (Ойлуу тартат.) Убактым жетсе машыгат элем.

УУЛКЕЛСИН: – Аба, борчуктан түшүп келатканда (Жомок айтып аткансыйт.) Кенже эжем күкүк болбодубу. (Кенже уялганынан кызарат. Акын кыздын уялганын байкамаксан болот.) Ошондо сиздин эстелик эмес экениңизге биринчи жолу ишенгем. Эми да ишендим.

КЕНЖЕ: (Ыңгайсыздана.) – Уулкелсинди ишендириш татаал. Баарын далилдеш керек.

АЛЫКУЛ: – Анысы жакшы сапат. Чындыгында күкүктүн үнүн кынтыксыз туурадың. (Уулкелсинге кайрылат.) Атың жакшы экен. Бир прежке канча эжекең бар?

УУЛКЕЛСИН: – Экөө. Сиздин атыңыз ким?

АЛЫКУЛ: (Илбериңки.) – Баса, кечирип койгула? (Кыздарды айыптуудай карайт.) Силерди көргөнүмө кубанып, өзүмдү таарыштырбай калган турбаймынбы. Ысымым Алыкул.

УУЛКЕЛСИН: – Алыкул аба, курортто жашайсызбы?

АЛЫКУЛ: – Ооба, бөбөгүм. (Кызды өзүн өтө жакындай сезет.)

КЕНЖЕ: (Жүзү албыра, иймене сүйлөйт.) – «Тааныбасты сыйлабас адептүүнүн иши эмес» дегендей, сизди мурда көрбөгөндүктөн, саламдашып өтө бербей, айланчыктап айылдык тейибизге кеттик. Оюуңуздан алаксытык. Убактыңызды алдык. Кечирип коюңуз?

АЛЫКУЛ: Кечирим сураар күнөөң жок. Мен үчүн сонун жолугушуу болду. Эс алып калдым.

КЕНЖЕ: (Көңүү жайлана түшкөнсүйт.) – Жакында биздин айылдан Саламат ага кыздуу болуп, атын Тинатин койду. Өкүнүчтүүсү Саламат ага кызынын жанында эки эле күн туруп, согушка кетти. Автандилибиз да бар. «Жолборс терисин кийген баатырдан» китепканага экөө келген. (Акындын жүзү уйкусу канып ойгонгон наристенин жүзүндөй нурданат.) Кезегин күткөндөр көп болгондуктан түнү менен окушат. Китепкананын баркы да көтөрүлдү. Сизге чоң ыракмат.

АЛЫКУЛ: – (Кичипейил өтүнөт.) Таарынбасаң ыракматты Шота Руставелиге айталы. Мен болгону кыргызча сүйлөттүм. Сүйүүнүн күчүн, жеңилбестигин даңазалаган укмуш чыгарма.

КЕНЖЕ: –Бала чагымда,»Адам канчалык жупуну болсо ошончолук иштерман болот» деп көп айтчу атам. (Атасынын согушта каза болгонун айткысы келбейт. Айтса ыйлап жибермейи бар.) Айткан сөзү кашкайган чындык экенине жакында эле көзүм жетти. Убактыңызды алгандыгым үчүн кечириңиз? Жөнөйлү. Жүрөгой, Уулкелсин. (Чөптүн арасынан өйдө көч, ылдый көч сулуу коңузун издеп аткан Уулкелсин чаканын жанынан гүлүн ала коёт.)

АЛЫКУЛ: (Жылмая.) – Эстеликке гүл коёсуңбу? (Колдорун кайчылаштыра көкүрөгүнө алып, түз турат.)

УУЛКЕЛСИН: – Баары бир эстелик эмессиз. (Кытылдай күлөт.) Катыбай эле коюңуз. (Кулкүсүн тыялбайт.) Шымыңыздын багелеги чөпкө жабышты. Көйнөгүңүздүн арты барсайып калды. Мындай эстеликти, китептин бир да барагынан көргөн эмесмин. (Күлүп атып, сүйлөй берет.) Ой боорум ай, чоң энем атамды дайыма «Кыздарыңды багалбай шоона болуп калдың. Заводдо темирдин астында калба» деп айтат. Сиз да шоонадай турбайсызбы. (Баятан Уулкелсинди алдыртан тыялбай, күлкүсүн жута чыңала кызарган Кенже да бырс күлөт.)

АЛЫКУЛ: – Кетирекей, (жарпы жазыла каткырып, кызды көтөрүп ала коёт) гүлдөр сенин колуңда турган үчүн өзгөчө кооз. Шоона эмне экенин билесиңби? (Бетинен өөп, жерге түшүрөт.) Гүлдөн таттуу экенсиң.

УУЛКЕЛСИН: – Билем. (Сүйүнө жооп берет.) Чоң энемден сурасам батинкенин боосунан ичке жүн жип деген. (Билгендиги үчүн акынды мактана карайт.) Гүлдөрдү эртең шаарга алып кетем. Жайып кургатып, дептер таап чаптайм да бардыгын таң калдырып, мектепке алып барам.

АЛЫКУЛ: – Азаматсың! Досторуң тоонун гүлдөрү кандай болоорун билсин.

УУЛКЕЛСИН: – Сиздин да кыздарыңыз көппү? (Ойлуу сурайт.)

АЛЫКУЛ: – Көп, бирок сендей таттуусу жок. (Кенже акындын маанайы чөгө түшкөнүн байкайт.)

КЕНЖЕ: –«Баланын иши чала» дегендей сиздин талантыңыздын алдында жакшы эле уят болдук. (Ыңгайсызданат.)

АЛЫКУЛ: (Жайдарылана) – Кабатырланба карындашым. Күтүүсүз кездешүүдөн ырахат алган мындай учур боло бербейт. Бала чындыктын жүзү. (Уулкелсинди эркелете саамайынан сылайт.)

УУЛКЕЛСИН: – Эстелик болгондон чарчадыңызбы? (Акынды элтейе карайт.)

АЛЫКУЛ: – Ооба. (Күлөт) Чоңойгонуңда мага окшогон эстеликти көрсөң кайрыла жүр.

УУЛКЕЛСИН: – Жарайт!

КЕНЖЕ: (Тартына.) – Үйдө бизди күтүп калды. Жакшы эс алып, эсен болуңуз. (Чакасын ала, кадам шилтейт.)

АЛЫКУЛ: – Кошкула садагалар! (Жүзү балдарын алыскы бир жакка узатып аткан атаныкындай түйшөлөт.)

Кенже менен Уулкелсин дөбөнүн тулаңынан сыйгалана шарактап, көңүлдүү узайт. Аларды

ичи ачыша карап турган акындын карегине ымыркайында учкан кызы Жыпар менен Айдай төнө түшөт. Экөө кол кармаша жүгүрүп бараткансыйт. Акын алардын артынан чуркачудай өрөпкүй түшүп, чарчагандай отура калат.

## *ҮЧҮНЧҮ СҮРӨТ*

1944–жылдын жайы. Жазуучу Т.Сыдыкбеков үй-бүлөсү менен жашаган бөлмө. Буюмдар иреттүү, тыкыйта жыйылгандыктан бөлмөнүн тардыгы билинбей таза жана жагымдуу.

Бөлмөнүн сол тарабында темир керебет. Керебетте астына чакан чемоданды койдуруп алган жазуучу көшөрө иштеп отурат. Алсыз манжаларынан калем жылбышып кетпес үчүн билегинен ылдый, жумшак чүпөрөк менен ыңгайлаштыра оротуп алган. Колуктусу Асылкүл керебетке чукул, жерге салынган төшөктө кийим-кечелерин жамап-жазгап отурат. Каалга сыртынан чертилет.

АСЫЛКҮЛ: – Киребергиле. (Жумшак унчугуп, колундагысын керебеттин астына жылдыра коёт.)

АЛЫКУЛ: (Каалганы шарт ачып, көңүлдүү кирет.) – Салоом алейкум, төрө!

ТҮГӨЛБАЙ: – Алекисалам! (Акындын келгенине жетине албай, саламга кайталай жооп айтып, мулуңдайт.)

АЛЫКУЛ: – Эсенчиликпи, замандаш? (Жаркылдай тозо баскан Асылкүлгө сый көрсөтө учурашат.)

ТҮГӨЛБАЙ: – Санаалаштарым көзгө сүртүлбөй, коолдоп турдум эле. Кыдырдай болуп, төп келбедиңби. (Кол жазмасын этияттай, чемоданды тизесинен жылдырат.)

АСЫЛКҮЛ: – Азыр.(Шаша басып, чемоданды ала коюп, керебеттин баш жагындагы кол жазмалардын жанына коёт.)

АЛЫКУЛ: – Табы келишкен бүркүттөй тоону эңсеп калыптырсың, Көлтөңбайым! (Колун суна Түгөлбайдын маңдайына тизелей калат.) Адеп төрөдөй көрүндүң эле.

ТҮГӨЛБАЙ: – Кой Сарыдан качан келдиң? (Кош алаканынан акындын манжаларын чыгарбай күлмүңдөйт.) – Мындай отурчу. (Оң жагына ээк кагат.)

АЛЫКУЛ: – Кечээ кечинде. Бүгүн мончолоп алып, сага чаптым. Бир айдан кийин кайра Чолпон Атага кетем. Сыягы кышты көлдөн өткөрчүдөймүн.

ТҮГӨЛБАЙ: – Кайда жүрбө жүргөн жериңдин ден соолугуңа шыпаасы тийсе болду. «Оорубаган адам жок, айыкпаган дарт жок» дегендей, сакайчу күндөр алыс эместир.

АЛЫКУЛ: – Ушул турушубузга да шүгүр дейли. Ишибиз жүрүп атат. Жарык дүйнөнүн алаканындабыз.

ТҮГӨЛБАЙ: – Арыктай түшкөндөйсүң. (Үнү пас чыгат.)

АЛЫКУЛ: – Түнкүсүн көбүрөөк иштейм. Эч ким тосскоол болбойт. (Көңүлдүү сүйлөйт.) Күндүзү догдурлардын карамагындамын. Ойлонууга да мүмкүнчүлүк беришпейт. Мүмкүнчүлүк боло калса көл жээктегенди жактырам. Сыягы түнкү ишиме даярдык көрөт окшойм.

ТҮГӨЛБАЙ: – Өзүңдү аясаңчы. (Тымызын улутунат.)

АСЫЛКҮЛ: – Алыкул, бая тышка чыгып кеткениме таарынба. (Чоргосунан буусу буркураган колундагы чоң чайнекти идиштер жыйылган текченин түбүнө коёт.) – Примус капчыгайдан урунган шамалдай уңулдайт экен. (Акын менен жазуучу башын ийкей Асылкүлдү угат.) Сарайчага койчу болдум. Жакшы жери сууну безилдете бат

кайнатат. (Сүйлөп атып, чайды демдеп, тыпырайган тегерек аш столду эки залкарга чукул коёт. Дасторкон жаят. Болгон тамак-ашын алып чыгат.)

АЛЫКУЛ: – Пейлиң ачык замандаш, ошондуктан отуң дүркүрөп күйүп, чайың тез кайнайт. Примусту деле колдонгонду билбей жүдөгөндөр көп. Баса, уулуңар кайда? (Тынчсыздана сурайт.)

ТҮГӨЛБАЙ: – Кең Сууга атасы, менин агам, айылчылатып кетти.

АЛЫКУЛ: (Көңүлү жайлана.) –Туура кичинесинен элжурттун тааныганы жакшы. Шаардан чыкпаган балдардын чөйрөсү тар сыяктуу. Бала үйдө болсо саламдашып эле кайра чыкмакмын. Каргыш тийген учук балдардын назик өпкөсүнө жабыша калабы деп чочуйм.

АСЫЛКҮЛ: – Койчу Алыкул, антип кысынбачы? Оорубаган киши жок. Учук биздин деле этегтибизге эрмешип атпайбы. Кудайдан жакшылык тилеп туралы. Үйгө бир кирип чыкканың бизге бир айлык жомок. Сени күтүп калабыз. (Чыныларын тандай чайды баптай куюп, досторго сунган соң кайра тышка кетет.)

АЛЫКУЛ: – Көлтөңбайым бактылуусуң. (Чайдан таткана ууртайт.) Кудай баардык эркекке Асылкүлдөй колукту бербейт. Асылкүл кашыңда тургандыктан ооруңдан сакаясың. Кадырына жет. (Түгөлбайды олутуу карайт.)

ТҮГӨЛБАЙ: – Айтканың туура. Башым гөргө кирбесе алаканыма салам.(Акынга кыңая көз токтотуп алып, учурун келтире албай жүргөн суроосун узатат.) Кой Сары Жети Өгүз тарапка жакын эмеспи, Кенжеге жолукпадыңбы?

АЛЫКУЛ: – (Ууртунан жылмаят.) Асылкүл жөнүндө айтканың антың болсун. (Чайынан дагы ууртайт.) Кенже мыкты кыз. Кара Колдогу Медициналык окуу жайында окуп атат деп угуп, кубандым. Бактысын уурдагым келбейт. Жаш. Деги эле эч кимге бөгөт болууну каалабайм. Нак сүйүү адамга бир эле келип, тоноп кетет экен. Бул суроону мындан кийин жаңыртпачы. (Чайдан кайтара ууртап, куунак тартат) Иштелген барактарың додолонуп, барандуу экен. Кандай чыгарма жаратып атасың? Ошону айтчы?

ТҮГӨЛБАЙ: – Бүтсөм да эч кимге айталекмин. (Мактанамбы деген ойдо тыныга калат.) Роман. Үстүртөдөн айтайын. Кендирди кескен согуштун кайгы жаадырган касирети. Айрым митаамдардын түлкүдөй мант берген өзүмчүлдүгү. Эл бузардыгы. Калк башына кар түн түшсө да наркын, салтын жоготпогондугу жөнүндө. (Акын кунт коё угуп отурат.) Ошондой эле келечекке ишенимдүү караган СССР элдеринин фронттогу жана тылдагы ынтымагы, биримдиги жөнүндө айтылат. «Биздин замандын кишилери» атадым.

АЛЫКУЛ: – Чочуба, (Түгөлбайды ынталуу, карайт.) тузу оор, чоң жана жоопкерчилиги бийик ишти бүтүрүп азаматсың. Бул мээнетиң дөөлөт алып келет. (Ак жарыла сүйлөйт.) Өзүңө талапты катуу койгон жигитсиң, түшүмүң мол болсун.

ТҮГӨЛБАЙ: – Айтканың келсин! (Ыраазы боло жылмаят.)

АЛЫКУЛ: – Жусупту сагындым, Көлтөңбай. (Чөгө түшөт.) Беш жаш эле улуу экенине карабай атамдай болчу. Акын атап, ак жолго салып, чыгармачылык топко кошуп, элге таанытканын жакшы билесиң. Согуш жутуп койду. Сыйлай албай калдым. Оорумдун айынан балдарын эркелеткенден, тез-тез катышкандан корком. Жүрөгүм ачышат. (Шуу үшкүрөт.)

ТҮГӨЛБАЙ: – Жусуп экөбүзгө эле эмес, элге керек болчу. Чындыкты сыйлап, журт жүгүн нардай көтөргөн лөк эле. (Алыкул баш ийкей угат.) Чөп башылабай, иштин да, сөздүн да баркын чыгарып, маңыздуу сүйлөчү. Убадага бек болчу. Ажаат ачкандан аянчу эмес. Бул согуш далайларды жеди. (Мукактана каңырыгы түтөйт.) Кусейин, Мукай, Жума да кыргыз элинин чырактары эле. Чолпонбайдын кан майдандагы эрдигин кылымдар айтып бүтпөс. Өзүң Чолпонбай жөнүндө «Чолпонбай» аттуу операнын либреттосун жаздың. Сага там бергеним либреттоңдогу каармандардын образын аччу партияларды, сахнага кайсы үндөгү опералык ырчылар ырдап чыгаарынан өйдө тастыктаптырсың. (Жөткүрө тынып, сөзүн улайт.) Айтор, жанрлардын биринен экинчисине өтүп, бир топ драмаларды, поэмаларды жаздың. Алардын көшөгөсү көгөрсүн. (Алыкул

саал толкундана түшөт.) Ушинтип биз да тагдырыбызга буйрулган күрөштүн үстүндөбүз. Айрымдар сымал бирөөнүн колтугуна башыбызды тыгып, жандимиленбей кан түкүрүп, кан жутсак да колубуздан келген ишти элге берип атабыз. (Эрдин кымыра муңаят.)

АСЫЛКҮЛ: – Силерди чер жаза тамашалашып, көңүлдүү отурат десем, үргүлөп аткансыңар го. (Тыштан кире сала жаркылдай сүйлөп, колундагы чакан чараны дасторкондун четине коюп, андагы куурулган картөшкөдөн тарелкаларга салып, «үргүлөгөндөрдүн» астына бирден коёт.) Капырай, чай ичпепсиңер. (Чайлары толук ичилбеген чыныларды карап, бет ажары суз тартат.) Ой, кечирип койгула? (Күлүп жиберет.) Чай куйчу кыз-келин бардай тышта жүрө бериптирмин.

АЛЫКУЛ: – Кабатырланба. Алыбызга жараша ичтик. (Күлүмсүрөөгө ниеттенет.) Кыз-келиндүү да болоорсуң. Ошондо деле ушунчалык ичебиз. Эң башкысы көкүрөккө тынчтык бербеген көйдөгү жарадан утурумдук болсо да арылдык. Сагынычты жаздык.

ТҮГӨЛБАЙ: – Көкүрөк тазаланса санаа азаят. Эми, Алыкул, Асылкүлдүн тамагын жебесек жактырбадыңар деген дооматына калабыз. (Алыкулду уялаш инисиндей эркелете карап, чай чынысынын жанындагы кашыкты алат.) Мактап отуруп, эптеп түгөтөлү. (Күлөт. Алыкул да күлөт.)

АСЫЛКҮЛ: – Чайдан да ичкиле. (Адатынча жадырай сүйлөп, чыныдагы калдыктарды башка идишке куюп, чайды жаңыртат.) Ысыгында ууртасаңар. (Камкордугунан жазбай өтүнөт. Өзү да тамактанат.)

АЛЫКУЛ: – Мактагандык эмес, жакшы аялдын жасаган тамагы да таттуу. Тойсом да жеп атам. (Картөшкө жеп аткан кашыгын тарелканын четине коюп, чайдан уурттайт.) Тамаша дебе замандаш, көңүлүмдөгүнү айттым.

АСЫЛКҮЛ: – Чоң атам Өзүбек «Мейманга жайган дасторконду кыя кесилген казы, карта сыяктуу чүйгүндөргө толтуруп коюп кабак силкkенче, ак пейилден колдогу арпа токочту койсо, меймандын батасы тиет,»–дечү. Ушул сыяктуу насааттарын кулагыма бирөө шыбырап тургансып эч унутпайм..

АЛЫКУЛ: – Ооба, бизди ата-бабалардын насааты, баскан жолу сактайт. Эл-журтунун наркын биобеген адамдын канаты кайрылаары бышык. Акыл уютчу насааттарды жаштарга чача жүрүүбүз зарыл. (Чайдан уууртай картөшкөдөн жейт.)

ТҮГӨЛБАЙ: (Кашыгын тарелкага коюп, чайынан ууртайт.) –Отуз жетинчи жылдагыдай калкка калканыч болчу чыгаандарды тизеге чабуу кайталанбаса болду. Жаштар жашы жетелек болсо да майданга жөнөп атпайбы. Бул көрүнүш кубантат да ыйлатат. Жеңиш болооруна ишенем. (Эргий сүйлөйт.) Улуу келечекти барктоо зарылдыгы баарыбызга тиешелүү. Алыкул сен, «Сен ооруба, мен ооруюн Ата Журт!» сыяктуу ыр саптарың менен ондогон муундарды келечектин туткасы катары даярдап койдуң. Бул зор ийгилик.

АЛЫКУЛ: (Ыңгайсыздана.) – Менин чыгармаларымды жерге таштабай дайым көкөлөтөсүң. (Чынысын дасторконго коёт. Асылкүл ала коюп, чай куят.) Шыктандырасың. Бирок, кыргыздын мекенчил экенин өзүңдөн тааныдым. Тегин жигит эмессиң Көлтөңбай. (Асылкүлгө кайрылат.) «Досуңдун ашын касыңдай ич» деп табагыңды бошоттум замандаш. Карыянын тили менен айтканда, жолуңар узун болсун!

АСЫЛКҮЛ: (Ыраазы боло.) – Ушинтип колдогонуңарда, колумдан бир нерсе келет деп өзүмө ишенип, кубанып калам.

АЛЫКУЛ: – Кубанчу күндөрүң алдыда, замандашым. Көлтөңбайды баладай бапестеп багуудасың, ийгилиги сеники.

ТҮГӨЛБАЙ: – Айтканыңда калет жок, Алыкул. Асылкүл жетелебесе «Биздин замандын кишилери» бүтпөйт болчу. Согуштун каатчылыгын жону менен тосуп, калкалап турат. Баардык тиричилик мойнунда. (Туна түшөт.)

АСЫЛКҮЛ: (Күлүп.) – Байым өтө эле көкөлөтүп жиберди. Согуш үйөрдөнө жер тыткан селдей, эч кимди аябады. (Жүзүн ой чайыйт.)

АЛЫКУЛ: – Замандаш, сен жөнүндө жубайың туурасын айтты. (Жайдарыланат.) Ой, экөңөр эмне жаңы таанышып аткандай созулуп калдыңар? (Алмай-телмей жылмая карайт.)

АСЫЛКҮЛ: (Акынды жалт карайт.) – Аркы-беркини ойлоно түштүм. (Жайдары тартат.) Сурангандан тартынып турдум эле. Эсимден бир жыл мурдагы отурушубуз кетпейт. Ошол күнү кеч бешимде Төкөм «Алыкулдукуна барып келеличи,» – деп калды. «Үйүндө жок болсочу» десем, «Чайын кайнатып ичип, кете беребиз « – деп күлөт. Жөнөдүк. Кудай жалгап, үйүңдө экенсиң.

ТҮГӨЛБАЙ: – Ооба, ооба ал күндү мен да дайым эстейм. (Кубана мулуңдайт.)

АЛЫКУЛ: (Күлөт) – Ошол отурушубуз үчөөбүздүн тең эсибизден чыкпаптыр. (Жаркылдай сүйлөйт.) Анда азыркыга салыштырганда күч-кубаттуу экенмин. Ырдаганга жарагам. Эми Асылкүлдүн өтүнүчүн жерге таштагандан айбыгып турам.

ТҮГӨЛБАЙ: – Сенин курчтугуң, журтчулдугуң, боорукер, сезимталдыгың чыгармачылыгыңа канат берди. Жараткан обондоруң да элдин байлыгы. Көкүрөгүңө камап, көмүскөлөгөнүң катаалдык. Чыгар. Калк араласын. (Акынды ормоё карайт.)

АЛЫКУЛ: (Кабагын чытый.) – Көлтөңбай, байкуш боло калба. Аттиң, экөбүздү ооруу гана уйпалап турат. (Үнү саал кардыга чыгып, суз тартат.) Адыргы, кылычсыз өрмөк токулбагандай чыгармачылыкта эриш–аркакпыз. Мен бере албаганды сен, сен бере албаганды мен берем. Эл жоопкерчилигибизди күчөтүп, эмгегибизди баалап атат. Бул тирүүлүктүн ырахаты. Ал эми тирүүлүктүн тозогу үй-бүлөлүк бактысын кармай албай калуу экен. Силер угуп, жактырган обонумду азыр ырдоого мүмкүнчүлүгүм болбой турат. Кечирип койгула? Курорттон чоң даярдык менен келип, ырдап берем. (Жылмаят.)

(Асылкүл акындын жеке турмушуна баятан аяр мамиле жасап отурса да сөз өзүнөн-өзү Зейнепке такалганына өкүнөт. Ыңгайсызданат. Бул сөз жаңыланса, акындын түнттүгүнө кайтаарын ойлойт. Бул ой Түгөлбайга да кылт эте, чочутат.)

АСЫЛКҮЛ: (Акынга кайрылат.) Биз барган кечте өзүң жазган «Чолпонбай» операсындагы Чолпонбайдын ариясын өзүң чыгарган обон менен ырдабадың беле. Ошол үн дале кулагымдан кете элек. Бирок ошондо,–эми бул обонду операдан угабыз,–дегенибизди унуткарып атпаймынбы. Жүрөк толкуткан андай обонду биринчи угушум. Сөзгө турбаган чыдамсыздыгымды экөңөр тең кечирип койгула? (Акынды бир боорундай, жылуу карайт.) Өзүң айткандай мезгил келгенде, ичиңден кайнап бышкан ондогон обондоруңду угаарбыз.

ТҮГӨЛБАЙ: –Ооба, Асылкүл экөбүз жакшы тилек менен сенден көптү күтүп, өзүбүзчө кобурашабыз.

АЛЫКУЛ: – О досторум, түшүнгүлө мага. (Токтоо, жай сүйлөйт.) Ыйлайын десем ырдагым келет. Ырдайын десем ыйлагым келет. Бирок ырдай албайм. Анткени, оозумдун ичи жошого толот. Жапжаш Чолпонбайдын өзгөчө баатырдыгын Советтер союзунун калкы эле эмес, дүйнө эли үлгү тутту. Чолпонбай жөнүндө меникинен күчтүү чыгармалар жазылат.

АСЫЛКҮЛ: (Сөз Зейнептен алыстаганына кубанат.) – Жергебизге жеңиш келип, көз жаш журтубуздан, сенден, бизден окчун болсун. Кайгы-капа жоголсо оору да жоголчудай сезилет мага.

АЛЫКУЛ: (Үнү салмактуу чыгат.) – Замандашым, аялдардын акагысың. Эмесе досторум, жакында жеңиш боlooруна баарыбыз ишенебиз. Демек, миллиондогон жоокерлер Чолпонбайлар бекер өлгөн жок. (Түгөлбайга кайрылат.) Кадимкибиздей чын ниеттен баарлаштык. Чыгайын. (Турмакчы болот.)

ТҮГӨЛБАЙ: (Чочуй.) – Коё тур?! (Алыкулга тигилет.)

АЛЫКУЛ: – Жакшы отурдук. Чолпон Атадан кайтканда дагы саламдашабыз. (Туруп босогону көздөй басат.)

ТҮГӨЛБАЙ: – Сенин шарапатың менен биз да көчөгө көз жүгүртөлү. (Турмакчы болот. Акындын туфлийин кийгенге ыңгайлап коюп аткан Асылкүл илгиртпей жетип, колтугунан аста сөйөйт.) Үчөө тышка чыгат.

## *ТӨРТҮНЧҮ СҮРӨТ.*

Чолпон Ата курортунун жалпы көрүнүшү. 1950–жылдын күзү. Саат эртең мененки ондор чамасы.

Жаакка жабыша калган чыкыроон. Баш кийимин баса кийип, пальтосунун жакасын көтөрө кулагын калкалаган Алыкул көл жээгине келет. Көл бети булуттанган асмандай калбырдана каралжын.

АЛЫКУЛ: – Айланайын Ысык Көл, (Көл бетин сызыла, сыдыра тиктейт.) жүрөгүмдөн сызылтып, карегимде чайкаган тазалыгымды жаштыгымды, кубанычымды, келечегимдм сага калтырдым! Жер үстүндөгү мүлдө жамандыкты мүмкүн болушунча өзүм менен ала кетем!

БАЛАНЫН ҮНҮ: (Жашый чыгат.) – Обонуңду калтырган жоксуң.

АЛЫКУЛ: (Артын кылчак карайт.) – Башатым, жети жыл көзгө суртүлбөдүң эле, кайрылдыңбы?! (Шыбырай сурайт.)

БАЛА: – Жаныңдамын. (Акындын маңдайлаш сайыла калып, кызуулана сүйлөйт.) Жаштардын оромунда, досторуңдун сыйында, малчы, дыйкандарда, завод, фабрикаларда, нечен жыйындарда болдуң. (Акын көл бетин тиктей, кыймылсыз кулак төшөйт.) Ошол салтанаттардын биринде да мен дегдеп күткөн ачылыш болбоду.

АЛЫКУЛ: –Балакай, кайсы ачылышты күттүң эле?! (Эриндери титирей түшкөн акын баланы тигиле карайт.)

БАЛА: (Мукактана.) –Душмандын ДЗОТуна өз жүрөгүңдү тоскондой, какшана жөтөлүп, кан түкүрүп отуруп жараткан Чолпонбайдын ариясы күткөм. Азыр да ал обон көөдөнүңө батпай, көмөкөйүңдө турат.

АЛЫКУЛ: –Талуу жериме тамырлаба балакай! (Акын күрсүнө кайрадан көл бетине тигилет.)

БАЛА: (Үнү ыйламсырай чыгыт.) –Бул обон меники,– деп автор катары элге тартуулабадың. Жок дегенде Асылкүл экинчи ирет суранганда мүмкүнчүлүгүңө жараша ырдасаң болмок. Анда ахывалың түзүк эле. (Үнү буула түшөт.) Катуусуң. (Акын селт этет. Бала өпкө кага сүйлөй берет.) Байлык аташчу мүлктү айтпадым. Ден соолугуңду

башынан этияттабай, маңдай териң менен кошо чекеңден шыпырып таштадың. Алибетте үйгө жетиң. «Победа» машинесин алгачкылардан болуп айдадың. (Акын көлдү тиктеген боюнча кыймылсыз тура берет.) Өздөрүн өрт атаган акын сымактар артыңдан акшыя карап, «байыды» деп күбүң-шыбың болушчу. Чынбы?

АЛЫКУЛ: (Туталана.) – Үй адам баласынын бул дүйнөдөгү баш калкалачу жайы. Машине күнүмдүк муктаждыктагы зарылдык же муктаждыктын керектөөсү. Керектедим. Кыскасы мен үчүн алар байлык эмес. Чыныгы байлыкка колум жетип-жетпей түтөп турам.

БАЛА: (Жалтактай, бирок токтобой сүйлөйт.) – Сөз оролун кулагым чалган сасык шыбырларга буруп, бузуп алдым. Баалуу аталган мүлккө бир сап ырды алмашпасымды билесиң. Чыгармаларыңдын жарыкка чыгышына да катуусуң. Мээңди сыгып, түркүн электен өткөрөсүң. Эзесиң. Эзилесиң. (Акындын кабагы саал ачылат.) Жазуу столуңдан чекең көтөрүлбөдү. (Акын жылмаят.) Ооруңдан арылмакка курортторго келгениң менен кайра эле жөткүрүп отуруп күн–түндөп иштейсиң. «Түнкүсүн тынч, жакшы уктадым» – деп догдурларды алдайсың. Айткандарым жалганбы? (Көз жашын көрсөткүсү келбей терс бурулат.)

АЛЫКУЛ: (Олуттуу.) –Жалган эмес. (Кадамын шилтей оор улутунат.) Өкүнүп не, обондун жаны нота экен. (Оор улутунат.) Ал жагынан туюкмун башатым. Ошондуктан обондорум көөдөнүмдөн чыкпайт. Анын үстүнө сакайчу учурду күттүм. Эки гана жолу аткаруучулук толук бакытка ээ болдум. (Толкундана түшөт.) Ал учурлар мага өлчөөсүз ырахат тартуулаган. (Кадамын токтото тунжурайт.)

БАЛА: (Калтаарый.) –Жакшылыкка караганда жамандыкты көп ойлоп, чөгө бересиң. Чыгармаларыңдын астында, сен аларды эмес, алар сени жараткандай чөгөсүң. Мунуң туура эмес.

АЛЫКУЛ: –Койчу башатым, көктүгүңө тартпа. (Терең дем алып, кадамын токтотот. Өзүн унуткан сыяктуу тунарыктап жаткан тескей Ала Тоосун сагынычтуу, телмире тиктейт.)

БАЛА: (Акынды сары санаадан арылтыш үчүн токтоно албай, ичи ачыша сүйлөйт.) – Ооба, биринчи жолу өз үйүңдө, Түгөлбай менен Асылкүлгө төгүлө ырдап, чериңди жазгансың. Алар да жетине албай коштогон. Экинчи жолу Жети Өгүздүн Көк Жайыгында эргидиң. Курортко кымыз алып келчү жылкычы таанышкан соң конокко чакырган. (Акын баланын айтканын жымырай угат.) Ал киши убадалашкан күнү токулгалуу жоргосун коштой келген. Жоргону алдыңа тартып, ээрге отураарың менен жол баштаган.

АЛЫКУЛ: –Башатым, мен ал чакырыкты унутканым жок. Сен неге кайталап атасың?

БАЛА: – Ошол учурда абдан бактылуу болчусуң, ошол бактыңды кайыргым келет.

АЛЫКУЛ: (Күлүп.)–Анда өрөпкүбөй жайыраак баянда.

БАЛА: (Жайдарыланат.) –

Жылкычы ашыкпастатан, жер чалдырып баратты. Көк Жайыктын башындагы арча, карагай аралаш өскөн, туландуу булуң кол менен жасагандай керемет эмеспи. Сени булактын боюндагы жаңы көтөргөн өргөөсүнө алып барган. Уулу согуштун майыбы экен. (Согуш, майып деген сөздү акындын уккусу келбей, түнөрө түшөт.) Өргөөнү ошол уулун үйлөндүргөндө көтөрмөк экен. Бирок: –«Касиеттүү кишини чаң тийелек аппак үйдөн тозолу. Неберелериме дөөлөтү жуксун»–дедим деп ачык сүйлөп бапырандабады беле. (Бала эмне унчукпайсың дегендей элтейе карайт акынды.)

АЛЫКУЛ: – Айткандарың калетсиз башатым. (Кушубак тартат.) Баятан бери сени уктум. Ошол кереметке азыр да чулгана жүрөгүм жибиди.

БАЛА: (Жаркылдай сөзүн улайт.) – Жылкычынын дасторконунан даам сызып отурганыңда жылдызың чачырап, өзгөчө куунак элең. Жылкычы зайыбы экөө кирпигиңе байланып калган.

АЛЫКУ:–Аздектелгенимди ошондо байкабаптырмын.

БАЛА:– Байкасаң таш болуп калмаксың. Адамдардын көңүл бөлгөнүн көпчүлүк учурда каалабайсың. Ошондо:

«Кыргыздын жери, кыргыздын пейли үчүн» – деп эч кимди суратпай эле «Ата Журтту» ырдагансың. Жылкычы: «Бали! Бали!» – деп кулачын жая тура калган. Сен

да тургансың. Жылкычы: «Өлбөс адам экенсиң!» деп сени бооруна кыскан.

АЛЫКУЛ: (Толкундана.) – Ал жаратылыш менен адамдардын жүрөгү бирге соккон, сейрек кездешчү Кыдыр даарыган учур болчу. (Эч качан оору корун тартпагандай, чечиле сүйлөйт.) Даңкы далай өлкөнү аралаган, чыгаан сүрөткерлер, холсторунда шөкөттөгөн жаратылыштын көчүрмөсү ошол биз отурган булактуу булуңга чендебейт. (Кайрыла көлдү карап, чөгө түшөт. Көлдүн бети бороон күткөндөй тереңинен чайпала, буурулданып турган.)

БАЛА: (Кейиштүү.) – Жээгинде айлап жүрсөң да көлдү дайыма биринчи көргөндөй карайсың.

АЛЫКУЛ: (Ойлуу.) – Айрым жылдардагы экөбүздүн алым сабагыбыз болбосо, сырымды эч кимге ачпадым. Себеби ар кимдин өз жүгү бар. Көл да мен ойлогонду ойлойт. Жалгыз. Ушул жагдайда санаалаш да сырдашпыз.. (Үнү кысыла чыгат.) Айырмабыз көлдү баары сүйөт. Мени эч ким сүйбөйт.

БАЛА: (Күйкөлөктөй) – Сени да баары сүйөт. Болгону алардын сүйүүсүн байкабайсың. Чыгармаларыңды окугандар жылкычыга окшоп, сени ыйык тутат. Айдай менен Зейнептин сага арналган сүйүүсү сенин ыр саптарыңдай бийик болчу.

АЛЫКУЛ: (Кыжаалаттана.) – Кантип байкабадым макоо?! Сүйүү сен балдар үйүндө ойногон барабан эмес! Нагыз ссүйүүм Айдай менен кошо кетип, кайра кайрылбады. Кыйкымчыл, өөнчүл болуп калдым. Зейнеп мени таштады. (Тунжурай тунат.)

БАЛА: (Жазгактай.) – Калемдештериңдин жоромолуна караганда Зейнеп театр искусствосун сүйгөн, шайыр адам экен. (Айтчуларымды биротоло айтайын дегендей сүйлөй берет.) Сенин баса отуруп, кагаз жыттаганың аз келгенсип, жанда жок түнттүгүң аны тажаткандыр. Анан дагы...

АЛЫКУЛ: (Ачуулана.) – Анан дагы.. Уккум келбейт. Жыпарым чарчабаса мүмкүн аргасыздан отубуз күйүшмөк. Кызымдан соң, ортобузда жылан сойлоп калган.

БАЛА: (Өкүнө.) – Башыңды чыгармачылыкка гана сайдың...

АЛЫКУЛ: (Ачуусу таркабаган калыбында.) – Зейнеп ишинен майнап чыкпаган, эски бөздөй Алыкулду эмес, акындык даңкка чалкалатчу Алыкулду сүйдү. Ал учурда өзүмдү Зейнеп түгүл өзүм өгөйлөчүмүн.

БАЛА: (Өзүн олуттуу тутуруп,таасирдүү сүйлөөгө аракеттенет.)– Он беш жашыңда «Кызыл жүк» деген биринчи ырың газета бетинен жарык көргөндөн баштап, (Акынды таарына карайт.) калемиң колуңдан түшпөй мени унутпадыңбы. Ашмалтай эмгегиңдин натыйжасында гана чыныгы акын болдуң. (Акын жүрөгүнүн согушун саресепке салып аткандай тунжурайт.) «Кызыл жүктөн» баштап ырларың байма-бай жарык көрүп атты. (Бала уламдан улам кызый сүйлөйт.) Жыйырма жашыңда «Таңдагы ырлар» жыйнагың чыкты. Жыйнакты мактанбастан, кексе чалдай кабылдадың.

АЛЫКУЛ: (Токтоо.) – Себеби жыйнагымдын чыкканына, окурмандардын жылуу кабыл алганына ишенбей жүрдүм. Анын үстүнө ырларым чала бышкан сыяктанчу. (Арт жагындагы кумга баткан изин карап, жүзүн ой баса, сөзүн улайт.) Менин бул изимди азыр эле шамал жутат. Адабияттагы изимди да жылдар жутуп коюшу мүмкүн.

БАЛА: (Таарына)– Сен дайыма ушул көйгөйүңдү биринчи планга коёсуң да чыгармаларыңдын баарын жерийсиң. Нечен ырларыңды өрттөдүң. Өрттөп таштап күйүп-бышасың. Бирок, «Чолпонстан», «Менин жерим ырдын жери,» «Махабат,» «8–гвардиялык дивизия,» «Балдар үчүн,» «Жаңы ырлар» жыйнактарың биринен сала бири элдин колуна тийди. Бири да жерде калбады. Ошого да ыраазы эмессиң.

АЛЫКУЛ: – Элге ыраазымын да, карызмын. Себеби эл бечел саптарымды күлүгүнө теңеп окуду. (Көңүлү көтөрүлө түшөт.) Калктын ишеними канчалык бийик болсо, жоопкерчилик ошончолук салмактуу экен. (Тык токтоп, бутунун баш жагына үңүлөт. Чүкөдөй үлүл бычак сыртындай кум жончодон өталбай былкылдап атыптыр. Ала коюп, түзөнчөгө коё салат. Үлүл жол улайт.)

БАЛА:(Көңүлдүү.) – Жеке ишиңе катар В. О. Шекспир, Ш. Руставели, И. А. Крылов, А. С. Пушкин, Ш. Перро, К. Ф. Чуковский, С. Я. Маршакты чыгармалары

# АҢГЕМЕЛЕР

аркылуу кыргыз журтчулугуна тааныттың. Чыгармалардын мыкты которулганын мен эмес эл айтып жүрөт.

АЛЫКУЛ: – Ал чыгармалар менин өмүрүмдү коргогон алтын сепил. Махабат (Маңдайы жарыла сүйлөйт.) менен оорудан запкы жеп, чөгүп турганымда бири жомок айтып, бири дастанын астыма жайып, бири тамсилдерин шыбырап, бири лирикалык саптарын төгүп, канат байлады. Жемишин жеке жебейин деген ниетте, жалпы кыргыз үчүн ырахаттана которо бердим.

БАЛА: – Өзүң да пьесаларды, опера либреттосун, драмаларды жаздың.

АЛЫКУЛ: (Үнү дирилдей чыгып, ашыга сүйлөйт.) – Ооба, ооба кечээ да бул курортко келээрим менен жаңы драма баштадым. Ушунум жакшы чыгат шекилдүү.

БАЛА: (Чочуй сурайт.) – Үшүдүңбү? Жүзүң түксүйүп, эрдиң көгөрүп кетти.

АЛЫКУЛ: – Жок. (Саал тынчсызданат.) Качпа, коё тур? Кайда кеттиң?

БАЛА: (Карбаластай.) – Жаныңдамын.

АЛЫКУЛ:– Мен бул курортту бери дегенде эки-үч ай туруктайм. Жеңишти журт ичинде тозсом дегем. Тоздум. (Кыйнала сүйлөйт.) Ажал менен алпурушуп атып, чындыкты бутага алып, бир топ чыгармаларды жараттым. Эми... (Жөтөлүп жиберет. Чөнтөгүнөн кол жоолугун алып, эрдинен сызыла түшкөн канды иренжий сүртөт.) Эми... (Бет аарчысын карагысы келбей чөнтөгүнө салат.) Дагы иштелчү иштерим бар... төрт-беш жыл керек. Анан.. (Карегги тумандайт.)

БАЛА: (Үнү сыдырыла, сызыла чыгат.) – Врачтар келатат! Сени издеп жүрүшөт го! Кош бол!

АЛЫКУЛ: – Эмне дейсиң? (Эки жагын чарпый карап, баланы көрбөйт. Курорттук жайдан бир топ алыстап кеткенин байкайт. Чыйрыкканын сезет. Карманат.) Мага чала! (Түнөргөн көл бетине көз токтотот. Дайыма көкүрөгүндө турчу – «көлдөй толкуп, көлдөй дымып, жашай берем,»–деген оюу чыйралта, ак халатчандарды утурлай басат. Бири бойлуу, экинчиси кичирээк эки медициналык кызматкер Кенже менен Уулкелсин сыяктанат.)

19–30.01.13.

# АҢГЕМЕЛЕР

## *БИР ТАЛ ЧАЧ*

Кубан үйүнө жакындаганда курсагынын ачканын сезди. Дүкөнгө кирип, тамак-аш азыктарын сыдыра карап атып, чүчпара сатып алды. Жетинчи кабаттагы квартирасынын астанасын аттаары менен каалгаганын кулпусун ичинен шашыла бекитти. Кийимин которууга маани бербей, ашканага кирди. Казандын ичи-тышын кайта-кайта дыкат карады. Мизилдеп таза экен. Эс ала жылмайды. Муздак суунун кранын тегерете үйлөп, сүрткүлөдү да суусун казанга чакандай шар агызып, капкагын жаба салды. «Куйкаланып калса экен»–деген тилекте газ плитасын күйгүзүп, казанды отко койду. Суу кайнаганда желим баштыктын оозун абайлай ачып, чүчпараны карегинен этият өткөрө казанга салды. Кошумча татымдарын да кылдат текшерди. Чыны, кашык, сузгу дайымкысындай эле таза болчу. Казандан көзүн албай, чүчпараны оюндагыдай бышырган соң чоң чыныга бөксөрөөк куюп, аш столунун төр жакы четине абайлай койду. Орундукту да тинте караган соң бакыват отурду. Тамагын таткана ичип атты. Ичип бүтөөрүндө чынынын түбүнөн шакектене оролгон, тааныш бир тал узун чачты көрдү. Кашыгы колунан ыргып, жиндене ыкчам турду.

–Энеңди...–Сөгүнүп жиберди. Сөгүнүп атып, эсине келгендей тып токтоп, келме келтирди. Чекесинен тер жайыла чачты тикирейе тиктеди. Чач шакектене кыймылсыз жатты. Кубандын мээсин «кантип кутулам?» деген дейди суроосу лукулдата баштады. Бул чачты буга чейин өрттөдү. Таштандыга таштады. Чүпөрөккө түйүп, сууга ыргытты. Кескиледи. Жоголбоду. Шаардын четиндеги чытырман токойго алып барып, жерге көмдү. Кутулбады.

Өгүнү түн бир оокумунда алкымына таш кептелгендей мууна кыйкылдап атып, араң оңолгон. Шалдырай туруп, күзгүгө каранса чачтын бир учу алкымына жабышып, шыптагы желедей салаңдап туруптур. Кара терге түшүп атып чачты алкымынан зорго алган. Алган боюнча манжалары карышканча уучуна кысып барып, мискейдеги сууга салган. Сууну тамчы калтырбай, какшыганча кайнаткан. Мискейде чач түгүл чачтын куйкуму калган эмес.

Ушундан кийин жеңишти өзүнө ыйгарып, кымылдап жүргөн. «Бул балакет дүкөндөгү чүчпарага кайдан жабышты?» Суроосуна жооп табалбаган Кубан калчылдай баштады.

Өгүнү көңүлдөш аялын чындап кол кармашаарбыз деген тилекте ресторанга чакырган. Саресепке сала такташтырган иш аракеттери оюндагыдай өтүп атты. Аял да Кубанга кайдыгер эмес эле. Винонун мыктысынан татышты. Ырахаттана бийлеп да атышты. Экөөндө тең бала жок эле. Мүмкүн балалуу болоорбуз деген тилектерин да жашырышпады. Аял кырк, Кубан элүү эки жашта болчу. Балээнин баары самса жегенде башталды. Кубан самсанын четин тишине тийгизээр замат тилине бир нерсе ороло түшүп, самса ары жылбай же бери чыкпай оозуна кептелди да калды. Кубан түркүн ыкмада аракеттенсе да самсаны жута да, оозунан чыгара да албады. Көзү чакчайып, оозунан шилекейи чуурду.

–Самсада сөөк бар экен,–деп безилдеген аял ресторандын жооптуу кызматкерлерин чакырды. Кызматкерлер да эмнеден жаздым кетиргендерин билбей алактады. Бири-биринен шек санай буй түшүп атышып, Кубандын оозунан самсаны алышты. Самсада сөөк түгүл чоңураак кесим эт жок экен. Ресторандын жетекчиси,– самсаны чайнабай, бүтүн жутам деп какаптыр,–деген жыйынтык чыгарды. Кызматкерлер жактырбаган таризде Кубандан оолакташты.

–Чактап сугунбайсыңбы,–деди аял бүлк эте ачуу бүркүп, – итабар уят болдук.

–Бул чач. Чачтын кылганы,–деди Кубан кумсара үлдүрөп.

–Кайдагы чач,–аял жипкире сүйлөдү,–самсаны жара тилип, лупа менен карашпадыбы. Мен да кирпигимди сая тирмийдим. Чач да, сөөк да дегиңкиси кыпындана тууралган эт менен пияздан башка эч нерсе жок экен.

–Чач сыйкырдуу, көрүнбөй пайда болуп, көрүнбөй житет,–Кубан чеке терин сүртө улутунду. –Мени каалашындай мазактап, ыңгайсыз абалга түртөт.

–Дөөдүрөп атканыңды түшүнсөңчү,– аял кабатырлана сүйлөдү,–ач көздүк менен калптын да орду, чеги бар. Тамакка суктугуң аз келгенсип, кайдагы чачты айтасың?

–Өлгөн аялымдын чачы,– Кубан томсоро тунду.

–Жөөлүбө кейбир, ойлоп тапканың жомокко да окшобойт. Эртең аялым тирилип келди дээрсиң. Мени издебе,–аял чочугандай шарт туруп, сүлөөсүндөй сүлкүлдөп эшикти беттеди. Кубан төбөсүнө кайнап аткан коргошун төгүлгөндөй, денесин көтөралбай алоолоно өзүн жоготуп койду. Ушундан кийин кафе, ресторанга барбай калган.

–Шуркуя...–Кубан чынынын түбүндөгү чачты ылгоосуз сөктү. Сөгүп атып, бөтөлкөдөгү уксузду ала коюп чачка жаба куйду. Чач жандана жылтылдап, уксуздун үстүндө каалкыды.

–Сен бир өлүп, мени миң өлтүрдүң! Өчүңдү эселенте алдың! Токтобойсуңбу албарсты!? –Үнү буула туттукту. Чыныны ала коюп, дубалга урду. Чыны быркырай чачырады. Чачтын жоголооруна көзү жетпей бакыра дубал сүздү. Башы айлана теңселе түшүп, отура калды. Аялы тирилип келип маңдайында тургансыды. Жулуна бакылдады.

–Сени ала качып үйлөнгөнүм чын. Төрөбөйсүң деп какыс-кукус кылганым чын. Эркек болгон соң ойнопкүлгөнүм чын. Тилиң тикенек эле. «Сен тушабаганда сүйүүмдү табат элем»,–деп намысыма тийгениң чын. Айтчы албарсты, ушундай сөөдүрөк сөздөрүң үчүн сени алаканыма салмак белем?! Мээң адамдардыкындай иштесе сага болгон сүйүүмдү бааламаксың. Сүйгөндүктөн ала качканымды түшүнмөксүң. Ооба, сенин макоолугуң кыжырымды кайнатчу. –Кубан сүйлөгөндөн чарчагандай, манжаларын кырсылдата оор улутунду. Тынымдан соң кайра күңкүлдөдү. –Ажырашууга макул болбогонум аялы чанып кетти деген шыбыр-күбүрдү жакама жармаштыргым келген эмес. Угуп атасыңбы албарсты? Айрымда сен деле мени сүйгүң келчү. Анткени, жыйырма жыл ичинде бири-бирибизди чырмап салбадыкпы. –Өткөн турмушу жаман же жакшы болгонун иргештиргиси келбегендей тунжурай түштү. Ыйлагысы келди. Ыйлай албады. Эс тарткандан ыйлаганы эсинде жок. Көксөсү суугандай чачты издей чынынын сыныктарына көз чаптырды. Чач шакектене чынынын каптал сыныгында жатыптыр. Саман түспөлдөнүп ка-

тып калган сыяктанды. Бирок кайдыгердене шашпай туруп, терезенин түбүнө барды. Кайра чукул бурулуп чынынын чач жаткан сыныгын шашыла алды. Башына «чачты нанга кошуп итке жедирейин. Иттин ичинде чирисин» деген ой келген. Ушул эле көз ирмемде кулагына бирөө «Баары бир кутулбайсың» – деп шыбырагансыды. Шыбыр көөдөнүндөгү өзүнүн күйүтү болчу.

Чач жабышкан чыны сыныгын кайра ордуна койду. Ушул көз ирмемде кайдадыр житип кеткен адамдык касиети жүзүнөн кылыя калган эле.

–Менден башкалардын баарына боорукер, кайрымдуу элең,– өзүнө окшобой токтоо тартты,– адамдар түгүл жаныбарларга мээримиңди төктүң. Өлүмүңө ашкере боорукердигиң себеп болду. –Алкымы буула түшүп, көз жашы чубурду.

Аялы Гүлбийке эки жыл мурда көз жумган. Гүлбийке барда азыр Кубан карап отурган терезеден жылдын төрт мезгилинде тең канаттуулардын аягы үзүлчү эмес. Гүлбийке терезенин тышкы, астыңкы кашегине улай тактай кураштырып алган. Тактайга канаттуулар үчүн жем чачып койчу. Кышкысын канаттууларга тыйын чычкандар кошулчу. Жем жеген жагынан таранчылар эч бир канаттууну астына чыгарчу эмес. Чоңураак канаттуулардын буттарынын арасынан буйтактай алардын тумшугунун астындагы үлүшүн илип кетчү. Гүлбийке бош учурларында канаттуулардын кыял-жоругун терезеден окчун туруп байкачу. Ошол каргашалуу күнү бир көгүчкөн кеч кыстаса да баш паанегине кетпей, ашкананы шыкаалагансып, кадала тиктеп, тура берди. Тиричиликке алаксыган Гүлбийке бир маалда караса дагы эле кыймылсыз экен. Гүлбийке кесмелик камыр жайып аткан. Учуп кетсин деген ойдо үбөлүктүн учу менен столду тыкылдатты. Кебелбеди.

–Ай татына, сен эмне турасың?–деди чочутмакка үнүн бийигирээк чыгарып, –уч да кет.

Көгүчкөн былк этпеди.

–Уч, уч,–деди колун серпе.

Көгүчкөн кыймылдабады.

–Соо эмессиң го,–Гүлбийке камырдан кол үзө терезени ачып, көгүчкөндү ала койду. Көгүчкөн сол бутун бооруна

тарта диртилдеди. Гүлбийке көгүчкөндү босогого коё салып, аптечкадан пенцилин тапты. Суугa аралаштыра көгүчкөндүн оозуна эки тамчы тамызды. Так ушул тапта жумуштан Кубан келди.

–Бул эмне? –деди зирпилдей,–үйдүн ичи бала эмес, кык жыттанат... Жыргатып койгонсуп...–дагы бир топ кермек сөздөрүн төгүп, ички бөлмөгө киресала эшигин тарс жапты. Ачуу сөз айкашкан олдоксон мамленин далайын унчукпай боюна сиңирген Гүлбийкенин ушул саам жүзү үйрүлө түрчүктү. Бирок, каяша айтпай, оокатын жасаганга киришти. Кийимин которуштуруп чыккан Кубан босогодогу көгүчкөндү аткый алып, терезени көздөй арыштады.

–Ыргытпасаң,–деди Гүлбийке кесип аткан кесмесин таштай, көгүчкөндү талаша катар басып,–бул уча албайт. Бир эле күнгө чыдап кой. Суранам?

Кубан терезени ачып, көгүчкөндү ыргытып жиберип, Гүлбийкенин далысына жайылган чачын толгой тутамдап, бейжай каткырды. Баш териси сыйрылчудай чытырап, ооруксунган Гүлбийкенин каршылык көрсөтүүгө шаасы жетпеди. Кубан Гүлбийкени кыбасы кана сүйрөп келип, диванга итере таштады. Гүлбийке унчукпады. Козголбоду. Кубан буркан-шаркан түшө Гүлбийкени сөгүп атты.

–Ай бетпак, угуп атасыңбы? –Гүлбийкеге чукул келип, демите сурады.

Гүлбийке козголбоду.

–Ай мастан, неге тоготпойсуң? Кулагыңа көгүчкөндүн богу тыгылдыбы? Эриңмин! Тур, тамак бер?! – Кубан чыдамсыздана Гүлбийкени ийинен жулкулдатты. –Тур!

Гүлбийке солк этпеди.

Кайтара жулкулдаттып, аялдын тирүү эмес экенин түшүндү. Ошол замат өлүктү диванга кыңайта жаткырып, дарыларын жанына койду. Тез жардам чакырды.

–Жүрөк оорусунан кетиптир,–деди догдур.

Кубан кызматтан кечирээк келгенин айтып ыйлактады. Гүлбийкенин бир тал чачы бая Кубандын чыпалагына оролгон эле. Бет аарчысын алганда, чөнтөгүнүн түбүндө калган.

10.06.14.

## ЖАШЫЛ ЧАК

Түнү бою уктабай, безилдеп ыйлаган кыз айырмачында теңселип, ушалана баштады.

–Кеңеш,– Акун кызын алаксытмакка үнүн көтөрүңкү чыгарды. –Биз кызыктуу жолдо баратабыз. Азыр Коңурдун Жонуна чыгабыз. Эки жагыңды карап койчу, ашкере кооз. Бизди Кеңеш көрдү деп кубанып калышсын.

Кыз ышына кирпигин ирмегилеп атып, көзүн бадырайта ачты. Атасы айткан кайсы бир жомоктогу жерге түшкөн Ай көрүнө калчудай, туш тарапты элеңдей карады.

–Мына, Коңурдун Жонуна чыктык,–деди Акун,– керемет бекен?

–Ооба, атаке,–Кеңеш чуркап кетчүдөй куржунча үзөңгүсүндөгү буттарын тепилдетти,–сонун экен. Кудум кишиге окшоп түз турат.

Акун каткырып жиберди.

–Ооба, ооба,–деди анан каткырыгын токтото күлмүңдөп. Жолдон окчунураак оң тарапта балкайган суур шиберди жойлой оюн салган чөндөйлөрүн карап, эки аяктай тик турган экен.

–Атаке, чөндөлөйлөр шурудай тоголок анан татынакай экен. Аттан түшүрүнүзчү, алар менен ойногум келип атат,–деди Кеңеш.

–Алар уясына киргенге чуркап келатышпайбы. Эртеңкиге чейин чыгышпайт,–деди Акун.

–Эмнеге уясына кирип кетишет?– Кеңештин кабагы чытыла түштү.

–Чарчашты, уйкулары келди. Жүрөгой бастыралы,– Акун чөндөлөйлөр ийинден кайра чыкканча узап кетүүгө ашыкты.

Айлана магдырап жымжырт эле.

–Мындан аркы жолдор биз жайлаган Көк Ой жайлоосунан да сулуу,–деди Акун Кеңешти уктатпоого аракеттенип,–Азыраак чыда чатагым.

–Чатак эмесмин,– Кеңеш чуйт эте карады атасын.

–Чатак болбосоң эртең менен эмнеге «атка өзүмчө минбесем, догдурга барбайм» деп чыр салдың?

–Өңөрөм дейсиң, сени кантип учкаштырат элем,–деди Кеңеш.

Акун каткырып атты...

–Эмне эле бүгүн күлүп атасың? Кулагым оорубай калгангабы?– Кеңеш атасын жооп күтө карады.

–Алибетте, кулагыңдын оорубаганы бакыт! Азыр түндөгүдөй ыйласаң кадемим катмак. Жакшы догдурга туш болдук. Кулагыңды тез дарылады. Ичкенге дары алдык,–деди Акун,– Эртең менен мага өңөртпөсөң, мени өңөрүп алганыңда азыр үйдө отурмакпыз.

–Ай–ийй, чоңсуң да кантип өңөрөт элем,–деди Кеңеш элтейе.

Акун дагы каткырды. Кеңеш таарына карады.

–Тизгинди жакшы башкарат экенсиң,– Акун кызынын көңүлүн көтөрмөккө мактай сүйлөдү,–жетиге толгонуңда атыңды жетелебей, чылбырды колуңа берем. Мага окшоп, өзүң бастырасың.

–О–уу, кандай сонун!–Сүйүнгөнүнөн Кеңештин үнү бийик чыкты.–Анда сага окшоп карыйм да баарын башкарам!

–Мен отузда элемин,–деди Акун күлкүсүн тыя.

–Эмне экен, сендей зор болом!– Кеңеш отуз жаштын аз же көп экенин билбесе да атасындай болооруна кубанды.

Экөө кобураша Коңурдун Жонунан өтүп, Чет Булакка жетти.

Акун аттардын башын көл тарапка бура, токтой калды.

–Кызым, көлдү карачы. – Көрдүңбү? Тигине,– Акун камчысын бүктөй кармап, тээ–э алыста жаткан көлдү жаңсады.

–Көрдүм,– Кеңеш кайдыгер күңк этти.

–Көл сулуубу же сен сулуусуңбу?–Акун эркелете сурады.

Кеңеш көлдү кадала тиктеди. Ачык асман алдында күндүн нурлары түркүн түстө кубулжуй көл бетине төгүлүп атты. Бала үчүн нурдун түсүнөн көлдүн түсүн ажырымдоо татаал эле. Ошол өтмө катар куюлушкан түстөрдүн чордонунан Кеңешке энеси жана энесинин жердиги көгүлжүм, сан гүлдүү жибек көйнөгү көрүндү. Кеңеш көйнөктү «сулуу көйнөк» атайт. Энеси да ал көйнөктү кийгенде сулуу боло түшөт. «Чоңойсоң сулуу көйнөктү сен киесиң» дейт энеси.

–Энем сулуу!–Кеңештин үнү шаңдуу чыкты. Кыялга бата түшкөн Акун кызын жалт карады. Топудай кебетесине ичи эзиле жылмайды. Кеңештин көз алдында сулуу көйнөкчөн энеси турду.

–Алибетте, энең да, сен да, көл да сулуу,–деди Акун олуттуу тартып. –Көл чөйрөнү көрктөндүргөн касиети менен сулуу. Энең чарбакердиги, акылы жана сага мыкты эне болгондугу менен сулуу. Сен балалык баёлугуң, тазалыгың менен сулуусуң.

–Сенчи?–деди Кеңеш көпчүлүк сөздүн маанисин түшүнбөсө да, атасынын да сулуу болушун каалап.

–Мен кайраттуумун,–деди Акун,–эркектер кайраттуу болуш керек.

–Сулуу болсо деле жакшы,–деди Кеңеш,–сен баардык, баардык аталардан сулуусуң.

–Ооба, эркектер үчүн деле сулуулук артык баш болбойт,– Акун саал ойлуу тартты.– Менин энем, сенин чоңэнең ченде жок сулуу болчу,–деп сөзүн улады,–сулуулугуна ичи күйгөн ушакчылардын оозу тынчу эмес. Себеби, ушакчылар баардык жакшы нерселер керт башында гана болушун күсөйт.

– Чоң энем бар болгондо, ушак да бар беле?– деди Кеңеш таңкала.

– Ушак адам баласы менен кошо жаралган.

– Анда ушак канчага чыкты?

Акун күлүп жиберди.

–Ушактын жашын эсептей албайм. Ошондуктан күлдүм,–деди Акун. – Айтчы, көл, тоо, асман, жерден башка дагы эмнеге суктанабыз?

– Билбейм,–Кеңеш жообунан соң чөйрөнү момурай карап атты. –Күнгө суктанабыз!–деди анан кубана.

–Акылдуум, туура байкадың,–деди атасы жетине албай.– Күн баарыбызды жылытып турат. Баа жеткис сулуу. Экөбүз сонун маектешип атып, жолду кыскарттык. Үйгө да жакындадык. Курсагыбыз да ачты. Эми сулуу көйнөкчөн, сулуу энеңе жетели.

Кеңеш кытылдай жыргап күлүп, куржунча үзөңгүсүн тыпылдата теминди.

09.09.2011.

## *ТОКСОНУНЧУ ЖЫЛДЫН ПЕРЗЕНТИ*

– Кайда келдик, ыя? Кишилер көп го,–деди апасынын жетегинде торсоңдой баскан Туйгун.

–Үйдөн чыгаарда кайда барышты кеңештик беле?– Апасы суроого суроо менен жооп берди.

–Аа–аа, унутуптурмун,–бала күлүп жиберди,– чоң паркка баралы дегенбиз.

–Ооба, чоң паркка жеттик.

–Бат эле жеттикпи?– Туйгун таң кала сурады.

–Баса, сага санаганды үйрөтүп келатып, кайсы жолго түшкөнүбүздү айтпаптырмын. Бүгүн төтө жол менен келдик.

–Төтө деген эмне, апаке?

–Көбүнчө жолго тиешелүү сөз. Чукул, жакын, буйтка жолдордун кыскача аныктамасы. Түшүндүңбү?

–Түшүндүм, түшүндүм. Жакын жол менен келдик,– деди бала мулуңдай.

– Машине айдайсыңбы? Кезек күткөндөр жок экен!– Камыйла шаша сүйлөдү.

–Айдайм, апаке, жүрү!

Туйгун кезекке көпкө турса да паркка келген сайын, машине айдамайынча үйгө кеткиси келбейт.

Эне-бала машине айдашкандан кийин эскилигинен тетиктери кырчылдаган темир селкинчекти тепкен болушту. Сырлары сыйрылган калдырак поездге түшүп саякатташты. Суусу атылып, атылбаган жупуну фонтанды айлана басып, балмуздак жешти. Паркта балдар ойной турган башка илди-барлуу эч нерсе жок эле.

–Эми отуруп эс алалы,– Камыйла эки жакка серп сала, бош орундук издеди. Кайсы күнү болсо да шаардын чордону болгондуктан парктагы кагжыраган беш, алты орундукту ээлөөчүлөр арбын.

Бош орундук четкерээкте балпайган эмен дарагынын түбүндө экен.

– Орундук таптым баралы,–Камыйла баланы шаштыра жетеледи.

– Биринчи ээлейли деп атасыңбы?–Туйгун эркелей жымыңдады.

–Алибетте, тыныкпасак ыкшоолоно берем,–деди апасы таарынтып аламбы деген ойдо уулунун чарчаганын айткысы келбей.

–Булбул эмнеге сайрабайт?– Бала жепирейген кафеден чыккан дүңкүлдөк музыкадан тажагандай суз тартты.

–Булбул ээндикти сүйөт. Паркта чайкана, пивоканалар көбөйдү. Булбул жактырып сайрачу бозум гүл тебеленип жок болду.

Баланын кабагы кескин бүркөлдү.

– Отургучка жеттик,– апасы баланын колун коё берди.–Кел отурагой,–деди өзү көчүк басып атып,– шашпай тыныгалы.

Бала унчукпады.

–Мага таарындыңбы?– Камыйла тынбай сүйлөй берчү уулун улутуна карады.

– Паркка таарындым,–деди уулу бурчуя.

–Паркка таарынба,–деди апасы,– жапжашыл бак-дарактарын аралап, дайым эс алабыз. Ойнойбуз.

– Парк бозум гүлдү жоготуптур да, эми булбул жоголсочу...– бала кабатырлана үрпөйдү.

–Гүлдүн жоголушуна парк эмес, гүлдү тебелеп-тепсегендер күнөөлү,–деди апасы,– бирок булбул эч качан жоголбойт. Шаардын четинен бозум гүлдү таап алып, сайрай берет. Айылга, чоң атаңкына барганда булбулдун үнүн угасың. Демек бозум гүл бар. Боорукерсиң, күчүгүм!– Камыйла уулун астына ала коюп, чекесинен өптү.

–Апа дейм, апаке,– уулу безилдеп жиберди,– күчүгүм дебечи?

–Эмнеге?– Камыйла кулак түрө калды.

–Мен күчүк болсом, сен ит болуп каласың да,–деди бала.

–Тапкычым! Тереңим! –Камыйла күлкүсүн жута, уулун кучактай өпкүлөдү.

–Күлкүң келип атабы?–деди бала көңүлү көтөрүлө.– Кел чогуу күлөлү?

–Сергегим!–Камыйла эми күлкүсүн жашыра албады. Өксүгү көөдөнүн мыжый, калтыраганын билгизбес үчүн күлүп атты. Уулун бетинен, көзүнөн, мурдунан өпкүлөп да атты.

–Мурдумда маңка жокпу?– Бала элтейе сурады.

–Сенин татынакай, кырдач мурдуңдан маңка качат,– деди Камыйла.

Бала апасын мойнунан кучактай кыткылыктады.

–Сенин мурдуң кандай?–деди анан күлкүсүн токтотуп.

–Меники тоголок, мынакей,– уулунун оң колунун манжаларын мурдуна тийгизди. Бала апасынын мурдун сыйпалай көрүп атты.

–Сенин мурдуң эмнеге меникиндей эмес?– Кызыга жооп күттү.

–Сенин мурдуң атаңкына окшош,– уулун көкүрөгүнө кайтара кысып, мойнунан жыттады.

–Кытыгымды келтирбечи,–деди бала кыткылыктай апасынын кучагынан бошонууга аракеттенип.

– Өпкөнүмдү жактырбадың го,–Камыйла уулун жанына отургузуп атып, таарынгандай сүйлөдү.

– Жактырам эле. Кытыгым өзү эле келди,–деди бала апасына башын сөйөй эркелеп.

Уулунун келечегин болжой албай жүлүнү сыздаган Камыйланын көз жашын ээ бербей чубурду.

–Канча көгүчкөн конду, апа?–деди ар бир добушту жаздым кетирбеген Туйгун.

–Бешөө,–деди Камыйла.

–Өңдөрү кандай?

–Экөө кара, бирөө ак, экөө боз,–Камыйла көңүлдүү сүйлөөгө аракеттенди.–Баардыгы татынакай.

–Мен ак менен кара деп ойлогом,–деди бала,–баарынын көзү көрөт бекен?

–Көрөт экен,– Камыйланын үнү пас чыкты. Уулуна эч качан жалган айтчу эмес. Азыр да алдай албады.

–Сен буларды учуп кетет деп коркуп атасыңбы?– деди бала.

–Корккonum жок. Булар кетсе башкасы келет.

–Апаке, эмнеге мени сокур төрөдүң?– Баланын үнү ызалуу чыкты.

Камыйланын чыкый кан тамыры зырп эте, көзү караңгылады. Жооп бергенче көз жашы көлдөдү. Уулун кучактай, астына ала койду.

–Сен эмне ыйлап атасың?– Бала апасынын бетин сыйпалай элтейди.

Апасынын үн чыгарууга чактысы жетпеди.

–Ыйлаба,–деди бала,–мага окшоп, сокур болуп калсаң кантебиз? Экөбүздү ким жетелейт? Атам жумуштан бошобойт!

Камыйла огобетер солуктады.

Бала сооротууга аракеттенип, тыянак чыкпаган соң, апасынын кучагында түйүнчөктөй түйүлүп, эмшеңдй эзиле ыйлады.

Экөө бирин-бири беттеринен өпкүлөп, бирин-бири соортуп, бир топко ыйлады.

–Сен ичимде жатканыңда,–Камыйла токтоо сүйлөөгө аракеттенди,– карегиңдин кудай берген чырагын шайтан уурдап алса керек. Эгер менин карегим сага жараса сүйүнүп бермекмин. Кечир мени? Жалгыз медерибизсиң! Кечир мени?– Көз жашы кайрадан булактады.

–Мындан кийин сени ыйлатпайм,–деди бала апасынын бетиндеги салааланган жашты алакандары менен тыпылдата сүрткүлөп,–ыйлабачы?

–Экөбүз тең ыйлабайлы,–Камыйла жылмайууга аракеттенди.

–Жаныңарга отурсам болобу?– Өтүп бараткан адам токтой калды.

–Отуруңуз,–деди Камыйла.

–Орундук узун, буга көп киши батат,–бала апасынын алдынан жылбыша жерге түштү.

– Пейлиң кенен, жакшы бала экенсиң,–деди бейтааныш.

– Сизди таяк жетелейби?–деди бала бейтааныш отураар замат,–Учу тыкылдак экен.

–Жетелейт,–деди бейтааныш баланын чоочуркабай суроо узатканын жактыра,–темир таяк таш жолдо тыкылдай берет.

–Эмне үчүн таяк жетелейт?–Бала бейтаанышты жымыңдай карады.

–Бутум сынган,–деди бейтааныш.

–Бут сынабы?– Бала селт этти.

–Сынат. Кол да, баш да сынат, бирок догдурлар айыктырат. Бутумдун сыныгы бүткөндө таякты таштайм.

– Таяктын өңү кандай? –Бала отургучту бойлой, бейтаанышка жакындады.

–Кара.

Бала ойлоно унчукпай калды.

–Атың ким, сүйкүмдүү дос?–деди бейтааныш.

–Туйгун,– бала дилгир жооп берип, ысымын чоң атасы койгонун сыймыктана кошумчалады.

–Чоң атаң көрөгөч киши тура, маанилүү ат коюптур,– деди бейтааныш,–менин атым Сопу.

–Сопу байке, мен көрбөйм,–деди бала.

–Кой антпе,–деди Сопу балага кыңая карап.

–Азиз төрөлгөн,–Камыйла күнөөлүдөй чүрүштү.

–Байкабаптырмын. Азиздик кемчилик эмес,–деди Сопу баланы аяй, бир чети ыңгайсыздана.–Туйгун баарын жүрөгү менен көрөт тура. Сезими күчтүү экен.

–Догдурсузбу?– деди Туйгун.

–Жок, композитормун,–Сопу догдур болбогондугу үчүн көз ирмем өкүнө түштү.

–Композитор кайда иштейт?–Кызыга сурады Туйгун.

–Композитор жаңы обондорду, күүлөрдү чыгарат. Чыгарган обон, күүлөрүн адамдар үйрөнсүн үчүн кагазга жазат. Иши ошол.

–Түшүндүм,–деди Туйгун,– мен булбулдун обонун жакшы көрөм. Булбул да өзү чыгарабы?

–Алибетте, өзү чыгарат! Керемет обонду жактырат турбайсыңбы!–Сопу Туйгунду суктана карады.

–Уулум, комуз үйрөтчү агайыңдын келээр маалы жакындады. Жүрөгой,–деди Камыйла туруп атып.

–Комуз чертесиңби?–Сопу сүйүнө күлүмсүрөдү.

–Үйрөнүп атам,–деди Туйгун.

–Азаматсың! Теңир сени тегин жаратпаптыр. Маңдайың жарык, бактың толук болсун! –деп Сопу өзү жаш болсо да Туйгунга каалоосун айтты.

–Айтканың келсин,–деди Камыйла ыраазылыгын билдире.

Ушундан он жыл өтүп, Камыйла катуу ооруп, оорукана да жатты. Өпкөсүнө операция жасоо зарылдыгы турду. Манап ары-бери чуркаганы менен каржы табылбады. Колундагысы күнүмдүк дарыдан ашпады.

–Ата,–деди Туйгун,–мени чоң базарга жеткир. Комуз чертип, ырдайын. Мүмкүн акча түшөөр.

Манап Туйгунду жалт карап селейе тунжурады.

–Күймөлбө,–деди Туйгун,–азыр жөнөйлү.

–Бүгүн күн кечтеди. Эртең чыгалы,–деди Манап уулунун көңүлүн кыялбай.

Эртеси чоң шашкеде ата-бала базарга келди. Уулун колтуктаган Манаптын сол колунда тепейген отургуч, Туйгундун колунда комуз бар эле. Базарга киришкен соң Манап эки жакты жүрөксүй, сыдыра карады.

–Тиги жер ылайыктуудай,–деди анан Туйгундун кулагына шыбырай,–босого тарап болгону менен ээн экен. Эч кимге тоскоол болбойбуз.

Манап көздөгөн боштукка жетээри менен отургучту ыңгайлаштыра коюп, Туйгунду отургузду. Туйгун комузун күүлөп, «Көкөй кестини» чертти. Күүнүн таза чертилишинен улам эл чогула түштү.

–Жаш бала мынча чебер чертээрби,– базардан чыгып бараткан абышка кайрыла токтоду. Күүнү тыңшай басып келип, Туйгундун алдындагы желим баштыкка беш сом таштап,–Өркөнүң өссүн айланайын,–деп алкап да койду.

–Өркөнүн ким өстүрөт?–деди тачка сүйрөгөн киши чөнтөгүнөн тыйын алып, алаканында санай.

–Өкмөт байкең...–Аялдын үнү мыскылдуу чыкты.

Туйгун «Маш ботойду» баштады.

Адамдар колунан чыккан тыйындарын желим баштыкка салып атты. Күүнү атайлап баланын жанында туруп тыңшагандар да, өтүп баратып уккандар да болду.

–«Шыпыргыч» келатат!– Пакет саткан жаш бала Туйгунга эскерте, жанынан жүгүрүп өттү.

Бир тобу шыпшынып алды.

– Комузчу балам, жаныңда жакындарың жокпу?– Бирөө чочулай сурады.

–Мен атасымын,– Эрдин тиштегилей, өзөгү өрттөнүп турган Манап Туйгунга чукул келди.

–Акмак, баласын байлап коюп, жанын багат тура,– деди четтебирээк турган эркек кыжырдана.

–Ичет го,–деди аял. Үнүнөн баардык ичкичтерди жек көргөнү туюлду.

– Ичсе кара башын жесин,–деди дагы бири.

–«Шыпыргыч!»–Алиги баланын үнү чукул жерден чыкты.

Туйгун ата-энесинин ыймандуу адамдар экенин, бирок учурдун бороону алсыратып турганын төктү. Ушул учурда энеси катуу ооруп, сакайышы үчүн каражат зарылдыгын солкулдаган мукам үн менен ортого салды. Өзүнүн 1990–жылдын тополоңунда туулганын, туулгандан ата-энесинин колун байлаган азиз экенин да кошуп өттү.

Буулуга муңдуу чыккан таза үн базардагы жүздөгөн адамдардын көңүлүн бурду.

–Бул баланын арманы сөөккө жетти,–деди сабиз саткан чал,– армансыз киши болбойт, ов!

– Картошкамды карай туруңуз,– деди чалдын катарындагы келин,–балага тыйын берип келейин.

–Токточу,–чал чөнтөгүнөн эскилиги жеткен капчыгын алып чыкты. Ошол тегеректегилер биринен сала бири келинге,–берип кой,–дешип акча сунуп атышты. Мындай жөрөлгө базар боюнча жүрдү.

–Бул жер сахна эмес,–деди милиционер көпчүлүктөн саал тартына Туйгунга ойролонуп,–какшанбай жолуңа түш!

Пакет саткан бала топ ичинен;

«Атаңдын башы, шыпыргыч!»–деп милиционерди көмөкөйүндө сөгүп атты.

Туйгундун баштыгына акча салгандардын аягы үзулбөдү.

–Балага тийбе,– алысыраактан бирөө үн катты,–анын арманы баарыбыздыкы. Сеники дагы!

–Жүрөгой,–Манап Туйгундун далысын сылай, эңкейип баштыкты алды. –Ырахмат журтум!–деди анан тургандарга ыраазылыгын билдире жашылданып.

Ушул мүнөттөрдө Камыйла жарык дүйнө менен коштошту.

18–19.02.2011.

## ЖАҢЫЛАНУУ

Сылыйдын төшөккө жатканына бир ай болду. Алгачкы он күндө эртең-бүрсүгүнү оңолом деген ишенимде сергилең болчу. Күн өткөн сайын ичкен дарылары таасирин жоготкон сыяктуу. Эри мындан ончакты жыл мурда кайткан.

Сылый баш көтөрбөй калган жыйырма күн ичинде келини Толук үй ичин босогодон төрүнө чейин кандай кааласа ошондой чакчелекей түшүрдү. Адеп бооруна шумкардын тулку күмүштөн чегеленип, тегерегине асыл таш чөгөрүлгөн Сылыйдын чон сандыгы сарайга чыкты. Сылый муну байкабады, себеби сандык башка бөлмөдө турчу.

Бөлмөнүн баары тазаланган сон Сылый жаткан керебеттин тушуна тартылган туш кийиз калды. Туш кийиздин кара баркытка түшүрүлгөн саймасы байыркы доордон кабар бергенсип, табышмактуу эле. Анын үстүнө андай туш кийиз айыл боюнча жок болчу. Ошондуктан Толукка жакчу эмес.

–Буларды эмнеге короого чыгардың?– деди түңкү күзөттөн келген күйөөсү Жуман чачылып жаткан эмеректерди жүрөксүй карап.

–Качаңкыга чейин эски үлгүдөгү ыпыр-сыпырларды буюм дейбиз. Жаңылануу зарыл. Буларга азырынча сарайдан орун табылат,–деди Толук чалкалай чачын тарап атып,–Ушулардын айынан өзүбүздү чаң басты.

–Ала кийиз, шырдактын жаңы үлгүсү бар бекен?–Энесинин тирүү экенине кубанган Жумандын көңүлү тынчый күлүмсүрөдү.

–Килем, паластан өтөөрү жок. Үй ичин көркүнө чыгарат. Жашообуздун жетик экенин далилдейт.

–Койчу ошол сасыган жакшыларыңды. Буларды ордуна кой.

–Жакында себим келет,– Толук беш өрдөгүн тайсалдабай учурду.

– «Сеп бербейбиз, алаканыңарды жайбай оокатыңарды жасагыла» дешпеди беле?

– Бермей болушуптур.

–Баары бир буларды ордуларына кой. Апама кудаларынын келээрин айттыңбы?

–Ооруп жаткан кишиге сөз жүгүрткөндөн тартындым. Келгениме бир жылдай эле болуп, даражам пасыраак.

– Кайдагы даражаны ойлоп таптың,–Жуман Толуктун сөзүн тамаша катары кабылдады.–Анда мен айтам кайынжурттун келээрин.

– Коё тур! – Толук астын торой калды.

– Коё турбайм. Сен даражаларын тактай тур, – Жуман колуктусун буйтай каткырып, үйгө кирип кетти. Сылый какап-чакап кыйналып атыптыр.

–Апа! Апаке! – Апасынын колун кармалай чөк түшө калды. Сылыйдын үн чыгарууга кудурети жетпеди.

–Апа! –Жуман ажардана түшкөнсүгөн апасынын чекесинен өөп, апакелеп атты.

Эне уулун баё караган боюнча созула тынчыды.

04.04.2011.

## АТА

Мамат эртең мененки чайдан кийин келишкен кара аргымагына минчү да малчыларды кыдырып кетчү. Айрымдарга өөн сыяктанган ушул төрө жүрүшү өзүнө жакчу. Анткени, адамдардан кайсы бир деңгээлде жылуулук алчу. Чын ыкласынан маектеше ич күптүсүн унуткарчу. «Чогулткан байлык чоочундуку. Алаканымдагы арпа бүлөмдүкү,» –деген тыянагына бек туруп, жеке чарбасын да жөнгө салбады. Балдарынын бакыват жашоосун кудайдан купуя тилегени менен күнүмдүк жашоолорунун жеңилирээк өтүшүнө көмөктөшө албады.

Мектептен да окутпады. Үч уул, бир кызы төртөө тең кенедейинен дөңгөлөктөй чимирилип, чыйрак, бүйрө жетилди.

Жазга маал Маматка куяң оорусу жабышты. Ушундан улам энчисине басылгансыган карагай башчылык кызматын тийешелүү мекемеге өткөрүп берип, жакага түштү. Жакада атасы Октябрь революциясына чейин орустардан сатып алган үч бөлмө тамы бар эле. Өзү айтмакчы аттан түшкүсү келбей, колхоздун гаражына күзөтчү болду. Кыштак турмушу кызы Канымга өзгөчө жакты. Атасы карагай башчылыкта жүргөндө, жайкысын Каным тоо арасындагы уйчу, койчулардан сүт алчу. Сүттү бышырып, майын алып, айран уютуп, сүзмө куюп, курут жайгандан тажачу. Бул түйшүктөн тышкары үй жумуштары чыпчыргасыз мойнунда эле. Бөтөнчө кышкысын кар эритип, кир жууган белин майыштырчу.

Ошондуктан Каным кыштакка түшкөндө жайлоого эс алып чыкандай сергиди. Сейрек көрүшкөн курбалдаштары менен күнүгө жолугушуп, киного да барчу болду. Бирок, курбулары орто мектепти бүтөөрү менен окуу жайларына борборго жөнөп атышты. Бул көрүнүш Канымга адеп кызык туюлса да курбуларынын баары кеткенде жалгызсырады.

Окубай калганына өкүндү. Көөнө тагдыры үчүн кимге таарынаарын билбеди. Тоо арасында өткөн кечээки жашоосу бүгүнкүсү менен кармашып аткансыды. Эс тарт-

кандан билгени, атасы күнүгө эртең менен чылбыр, тизгинин кармай, үзөңгүсүн тээп атып, мындайча эскерткени эле. «Таш Кыяны карегиңден чыгарба. Ал жанын камчыланып, карагай уурдачу кыйсапырлардын жолу. Эсиңе түй. Тектүү киши уурулукка барбайт. Кыйсапырлардын төбөсү көрүнөөр замат кыйкырып, иттерди айдактап жибер. Таанып кал. Сазайын шашпай берем»,–деп какшачу.

Таш Кыя маңдайлаш эки асканын боорундагы бел куру сыяктанган ичке жол. Аскалардын айкашкан түбүн тереңдиги билинбей, иримденген жар ээлейт. Карагай уурдачулар аскадагы жолдун чыгыш жагы менен келип, батышы менен кетет. Бул тартипти катуу сакташат.

Эки жолдун тең баш жагы карагайлуу черди өрдөп, сырт жайлоолоруна тарамдалат. Аяк жагы аска боорунан эңиштей, айыл тараптагы адырга түшөт. Совет өкмөтүнө чейин тоо аралаган сырттагы малчыларды жатакчылар менен байланыштырган жалгыз жол экен.

Уурулар; «Азыр Таш Кыядан аман өтсөм кайрылбайм»–деп Кудайга жалынчу да соодалары жүрүп, акча колдоруна тийгенде айткандарын унутчу.

Мамат Канымдын сүрөттөгөнү боюнча уурулардын кайсы айылдан жана ким экенин илгиртпей билчү. Милицияга кабарлачу. Кабардын жыйынтыгы кандай бүткөнүн өзү айткандай «кыйсапырлардын кезектеги жортуулунан» түшүнчү.

«Далдактап Таш Кыяга кадалба. Отун түгөнгөнүн көрдүңбү, чегедек чогулт. Нандык камыр жуур»,–деп жаздыкка жакын энеси атасы аттанып кетээр замат толгон тапшырмаларды берчү.

«Каным, көйнөгүмдү жуудуң беле?»

«Каным, чайың качан кайнайт?»

«Башымды жуугандай суу жылыта сал»,–деп агалары да шаштырчу. Каным баардык талапты баш чайкабай аткарчу.

Агалары кол-арага жарагандан күндө таң ата жакага түшүп, колхоздун ар кандай чарбачылыгында иштешчү. Жумуш кычаган маалда кыштактагы тамына жумалап түнөп калышчу. Мындай учурда Каным ээнсиреп, агаларын сагынчу.

Жакага түшүшөөрү менен агалары биринен сала бири армияга чакырылып, жоокердик милдетин өтөөгө кетишти. Каным тартынып жүрүп, айылда жез оймок аталган Кермеш аттуу зайыпка барып, сайма сайганды, шырдак ойгонду үйрөндү. Устатына окшоп пахтадан токулган, эски-жаңы түстүү жоолуктардан чубап, сайма үчүн жип даярдады. Талдан кергич жасады. Илме шибегени белекке Кермеш берген. Атасынан суранып, дүкөндөн туш кийиздик сайма үчүн беш кез кара сатин саттырып алды. Сатинди туш кийизге ылайыктай, дубал бооруна ченеп кесип, кергичке керди да саймачылык ишин баштады. Алты айда эки туш кийизди бүтүрүп, үйдүн ичин кулпунтуп койду. Айылдыктар Канымдын ар бир иштин көркүн чыгарган чебердигине суктанды. Энеси Анар ийнени кандай кармаарды билбеген илээнди жан эле. Анысы аздык кылгансып, асмайы оозунан түшпөгөн, уйкучу болчу. Атасы тоодон жакага түшкөн соң бозокорлорго ыктады.

–Каным, атты ал,–деп короого кирелегинде кыйкырат. Каным жүгүрүп чыгып, атын алат.

–Энең кайда?–деди бир күнү.

–Уктап атат.

–Асмайын оозунан куюлтуп жатат экен да...–үнү орой чыкты.

Каным корккондунан унчукпай калды. Атасы мурда мынчалык силкинчү эмес.

–Көргүм келбейт асмайдан мээси айланып, быкшыганын. Келдиңби-кеттиңби менен иши жок!– Атасы камчысын бүктөй үйдү көздөй кыжына басып баратып, кайра тартты.

–Чекпе дебейсиңби! – Үнү кардыга түшүп, акырдын жанындагы дөңгөчкө барып отурду.

–Эмне унчукпайсың?– Канымга таарынгандай ормоё карады.

Кызга ата-энесинин кемчилиги өөн учурачу эмес. Баардыгын жашоонун мыйзам ченемдүүлүгү катары кабылдачу. Бала ата-эненин айтканын кандай болсо да аткарат деген салттуу бүтүмдө, аларды жандилинен сыйлачу. Сүйчү. Каяша айтып, оройлонуу ага жат эле. Ошондуктан кандай жооп айтаарын билбеди.

–Айт энеңе «көк нарын» чекпесин!–деди Мамат камчысы менен жерди тарс чаап.

Каным селт эте селейди.

– Энеңе менин сөзүм өтпөйт. Үч уул, бир кыз төрөп бердим деп жаагымды жабат. Сага эскертээрим, жети атаң эл урматтаган манаптардан болгон. Заман оройунда менин бир катынга баркым жок. Чекенди терип келип, энеңе асмай ийлеп бергениңди токтот! Токтотпосоң эл-журт «Алма сабагынан алыс түшпөйт» дешет. Ал турмак үйүнүн кутун учурган, асмайчы катындын арсыз кызы аташат! Мындай жамаачылар күйөөгө чыкканыңда маңдайыңа чапталат.

Каным дагы селт этти.

–Чайыңды даярда,–атасы ыкшоо туруп, үйдү көздөй басты.

Ушундан кийин Канымда «күйөөгө чыгыш керек тура» деген ой пайда болуп, санааркап жүрдү.

– Асмай тартпачы?–Түшкү чайын берген соң, Каным энесине ыйламсырай кайрылды.–Ден соолукка зыян дейт. Башыңдын ооруганы ошондон го.

–Ушу сен, мага акыл үйрөткүң келеби, ыя!? – Чөнтөгүнөн мүйүз чакчасын алып, ичиндегисин болушунча алаканына силке, эрдине кымырды.–Толтуруп кой,– чакчаны Канымга ыргыта, адатындай чүмкөнүп жатып алды.

Каным чакчаны бош жанаякка салып, үстүн таардын кесиндиси менен жаап койду. Суугa барыш керек эле. Суу алчу өстөн айылдын баш жагында болчу.

Чакаларын апкөчкө кыстарып, көчөгө чыкса мал догдурдун колуктусу Бермет короосун шыпырып атыптыр. Ал да суугa бараарын айтты. Каным сүйүнүп кетти.

–Иним учурашканы келиптир,–деди Бермет Канымга ыктай басып,– кечинде анын урматына кой союп, кошуналарды чакырган атабыз. Сен да ата-энең менен кел.

–Койчу жеңе,– Каным чочуй да күлө сүйлөдү,– кичине болбосом ата-энемди ээрчигендей, уят эмеспи.

–А ооба,–деди бети албыра түшкөн Бермет,– анда экөбүз эртең баштаналы. Макулбу?

–Буга макулмун,– Каным агадил күлүңдөдү.

Эртеси түштө Бермет келип, Канымды конокко чакырып, ээрчитип кетти. Кайната, кайыненеси небересин алып, коңшу айылдагы кыз-күйөөсүнүкүнө, мал догдур ишине кеткен. Үйүндө иниси Күрөңбайдан башка киши жок экен. Каным жигиттен адеп тартынганы менен туруш-турпатын байкаган соң калыбына келди. Дасторкон жайылуу экен. Бермет иниси экөнүн балалык чактарын жетине албай божурап атты. Райондук Элге Билим Берүү бөлүмүнүн башчысы Черик уялаш агасы экенин да сыймыктана айтты. Күрөңбай булоолоно тердеп, үңүрөйүп отурса да ал күңкү баштануу Бермет менен Канымга көңүлдүү өттү. Келин Канымды узата басып, эртеси райондун борборундагы дүкөндөрдөн жок-житиктерин алаарын, чогуу барып-келүүсүн өтүндү. Каным баш чайкабады. Атасына таңсык товарга айланган кепич зарыл эле. Кепич алып келип, атасын сүйүнткүсү келди. Анын үстүнө көптөн бери үйдөн чыгалек болчу.

–Каным, минтип жүрө берсек алчу буюмдарыбызды эч качан таппайбыз,–деди Бермет райондук дүкөндөрдүн биринен дагы куру кол чыгышканда, шылкыны суугандай.

– Бул дүкөндөр деле биздикине окшоп калган го. Бөөдө келиптирбиз,–деди Каным атасынын жыртык кепичтен кутулбасын ойлоп, ичи ачыша.

–Баса, Черик авама баралы,–Бермет жымыңдай сүйлөдү,– Кеңсеси жакын эле. Ал киши киришсе алчуларыбыз табылат.

–Анда баралы,–деди Каным да кубана.

–Өзүң эле кирчи,– Каным мекеменин эшигинин алдына жеткенде тык токтоду.

–Койчу, чогуу кирели,–деди Бермет таарына кабагын чытып.

–Бул кайдагы кыз дебейби.

–Дебейт. Десе супсулуу кошунаң бар экен дээр.

–Тамашалабачы, кайсы сулуулукту айтасың,– Канымдын жүзү тамылжый түштү.

–Тамаша эмес, сулуусуң. Акылдуусуң. Болгону сонун сапаттарыңды өзүң билбейсиң,–деди Бермет дилиндегини айтып,– жүрүчу эми, чогуу кирели?

Черик илбериңки кабыл алды.

–Кошунабыз Мамат атанын кызы. Аты Каным,– саламдашаар замат быдылдады Бермет,– Күрөңбай биздикинде. Эртең кетет.

–Апта мурда жеңең, бөбөктөрүң менен чогуу барып, энеме учурашып келдик,– деди Черик.

– Ооба, ооба Күрөңбай баарын айтты,– Бермет тынчсыздана сүйлөдү. –Биз анча-мынча буюм издеп, таппаган соң кайрылдык.

–Кайрылганыңар жакшы. Бирок, ишимди таштай албайм. Борбордук дүкөндүн башчысына барып, мени суранды десеңер мүмкүнчүлүгүнө жараша издегениңерди таап берээр,–деп Черик экөнү ыраазы кылып узатты.

Ушундан беш күн өтүп, суу алчу өстөндүн боюнда чакалары калып, Каным жоголду.

–Кызыңды издебей эле кой таппайсың,–деди ит атаар Дүйшөк,– өйдө-төмөн чапкылаган Маматка,– Ак Жардан келатсам бир жаңы «Москвич» жолдон бурулуп, кечүүдөгү майда бадалдын арасына кирип кетти. Сыйлашчу «баатырлар» го дедим. Тегирменден өтө ат чалдырып калдым. Чай кайнамдан кийин Каным суугa келди. «Москвич» бадалдын арасынан кылыя калып, үч жигит чыкты да Канымды капыл-тапыл машинеге тыгышты. Кырчаңгымды темине айгайлаганым менен жетпедим.

–Кайсы тарапка кетти?– Маматтын ачуусу тулкусунда ойноду.

–Айылга кирбей, жогорку четки жолго урду.

Мамат атын темине камчыланды.

–Токто, кайда барасың?–деди Дүйшөк,– Жогор жакта толгон айыл бар. Кайсы айылдын жигити бөктөргөнүн азыр эч ким билбейт. Тамыр жайып бараткан бул жосунсуз жорук салтыбызда жок эмес беле. Айрым жаштарыбыз бөрү болуп баратат. Бөөдө жиникпей үйүңө барып, байбичеңди жөндөп, кудаларыңды күт. Машинесине караганда бардар жер. Кыскасы кызың чыйрак жан, бактылуу болсун! Чамынба.

Канымды чырылдатып машинеге тыгышты да эки жигит эки жагынан ныгыра отуруп, билектеринен карыштыра кармады. Бири Күрөңбай эле. Канымдын,–мындан

көрө сууга ыргытып же зым карагайга асып таштагылачы,–деп өксөп ыйлаганы эч кимисине таасир этпеди.

Күрөңбайдын атасы Сагаалы Улуу Ата Мекендик согушта окко учуптур. Энеси Шакен улуу баласы Черик тың чыккандыктан оокаттуу туручу. Канымды көрөсала: «Сөөгү таза, сулуу кыз тегин жерден чыкпайт. Берметим жаңылбаптыр»– деп ойлоду. Ошол эле замат белдүү туугандарынан төрттү ээрчитип, кулдугун айтып, ачуу басарга аянбай келди. Көкүлүнө кебез байланган балпайган бээ, эки ирикти Маматтын кошуналарынын оозун ачырды. Мамат менен зайыбына жабылган ичиктерге суктанышты. Маматтын туугандары,–Канымдын бактысы ачылыптыр,– деп өз ара кеп жүргүзүп атышты.

Шакен байбиче күйгөнүн билгизбей «душман көзүнө» сөөлөттүү отурду. Балээнин баары үйүнө барганда башталды.

– Кудагый сөрөй ууртунан асмайын чубурткан болумсуз экен. Итинен башка түгү жок көрүнөт,–деди Шакен байбиче үйүнө киресала.

Кудалардан кешик алып келет деп күтүп отурган жакындарына жарыялай текеберденип. Ичинен уулу Күрөңбайдын мажестигине капалана. Уулу түзүк болсо Канымды ошол замат эле көчөгө чыгарып коймок. Ушул күндөн баштап Каным өрт менен кармашкандай жашоо кечирди. Айлардын биринде Черик келди.

– Каным,–деди Черик тамактанып отурушканда,–Үй тиричилигин мыкты өздөштүрүпсүң. Эми чүнчүбөй элге аралаш. Апам айкөл киши. Жок дебейт. Мектептин китепканасын карма. Ал иш сага жагабы?– Черик жооп күтө карады Канымды. Каным кызарып-бозоруп, жашылданып туруп, тамга тааныбасын айтты.

–Чынбы?–деп жиберди Черик чочуй.

Аксаргыл ирeңин ажарланткан көгүлжүм карегинен жаш тоголонгонун Каным сезбеди.

Күрөңбай кыбасы кана каткырып атты.

Шакен байбиче Чериктен жазгангандыктан тилин тишине катты. Ошентсе да Каным эликтей чүйрүйдү.

–Басыл!–деди Черик Күрөңбайды жекире карап.

–Келесоолугунан окуган эмес да,–деди Күрөңбай ыкшыңдап.

–Согуштун кесепетинен мектепке тартылбай калгандар болгон. Окуган сен эмнени кыйраттың? Апа, келиниң баркыңа жетет. Таарынтпа. Мен жөнөйүн,–Канымга карады.–Тамга таанybаганың кемчилигиң эмес. Татына, таза жансың.

Жети атасы эл бийлеп өткөн Мамат дилинде Кеңеш өкмөтүн жактырчу эмес. Ошондуктан балдарын советтик мектепке жолотпогон. Кызын көргүсү келип, кудагыйынан жазганса да уулдарынан келген катты шылтоолоп учурашмакка барды.

–Кудагый,–деди бакчасынан чыгып, көрмөксөн болуп үйүн көздөй баскан Шакенге,–эсенчиликте турасыңарбы? «Куда болгончо кулу-бийиңди сураш, куда болгон соң кул да болсо сыйлаш» демекчи учурашканы келдим.

Шакен мелтейе токтоду.

–Ата, кайдан жүрөсүз?!–Огороддун чөбүн чаап аткан Каным жүгүрүп келип, атасын аттан түшүрдү.

–Сагындым Каныкейим,–Мамат кызынын туурулган колунан өөп, карегине жаш толо кудагыйына кылчайды.

–Үйгө киргиле,–Шакен зирпилдей унчукту,– алдагы «тулпарды» тышкы мамыга байла,–Канымды жекире тиктеди.– Бакчаны мойсоп жиберет.

–Алыш-бериш сыйы качпас кудагый,–деди Мамат дасторкон четинде коомайлана отуруп,– Манаптын тукуму элек. Малайлар заман ээси аталып, чарыктарын мен сыяктууларга ыргытты. Минип жүргөн аргымагым атамдын жылкыларынан калган жалгыз туяк. «Мээнетиңе да, дөөлөтүңө да ишенбе» деген сөз таамай айтылган чындык экен,–тыныга оор улутунду.

Шакен ак да, көк да дебеди.

–Атамды кайда айдаганын, денеси кайсы талаада калганын билбейм,–күрсүнүп алды.–Энем акылы менен элге алынып, Акжибек сулуу атыккан киши эле.

Шакен көзүн алайта кудасына тигиле калып, кайра тескебер томсорду. Акжибек сулуунун даңазасын тестиер чагында угуп, көргүсү келип куштарланганы менен жардылыктын айынан жакындай алган эмес.

–Каным чоң энесине окшош,–Уулдарым; «Аскердик мөөнөт бүттү, бирок жакшы жумуш таптык. Ирденгенче Алтайда калабыз",–деп кат жазыптыр. Алар келгенче жашаймынбы, жокпу аны Теңирим билет. «Чөптү кор тутса көзгө түшөт» деген нуска айрымда акылыбызга келтирет. Кандай ойлосоңуз да Каным баркыңарга жетет,– чыныны алып, муздаган чайдан уурттаган болду.

–Сүйлөп бүттүңөрбү?–деди Шакен чукчуңдай чыртылдап.

–Ошондой го,–деди Мамат,–сөз да сууга окшош, суунун ташка сиңбесин билесиз.

–Суунун жайын сугатчылардан сурагыла. Шакыйым кармап, табым жок,–деди да Шакен чапчаң туруп, ичкиүйүнө кирип кетти.

–Убалың мага жетсин балам! Кетейин,–Мамат жер таяна очорулду. Каным көз жашын шыпыра атасын узатты.

Атасы экинчи жолу келди. Бул ирет да Шакен кудасынтпады. Күрөңбай салам айткандай мыңк этип, короодон чыгып кетти. Каным өлбөй жүргөндүгү үчүн ичинен боздоп, атасын аяды. Атасы үчүнчү жолу келди. Тынчсызданып көчө жакты карай берчү Каным атасынын астын тозо чуркап: «Атакем ай, булар киши санабаган сон эмнеге келесиң?! Мен өлбөйм. Сагынсам өзүм барам. Экинчи келбечи! Келип көңүлүңдү бузгандан көрө ден соолугуңду сакта!» –деп кулагына шыбырай, тумардай колтугуна катып жүргөн акчасын атасынын күрмөсүнүн чөнтөгүнө сала койду. Акчаны кайынагасы Черик келген сайын: «Керектүүлөрүңдү ал»–деп апасы менен Күрөңбайдан көмүскө берчү. Каным өзү үчүн эч нерсе албай бардыгын «атакеме»–деп катчу.

Ата ошол боюнча кайрылбады. Каным көз жашын төгө жакшылыктан үмүт этип жүрүп, балалуу болду. Барыбир жолу ачылып, атасына баралбады. «Байкуш атакем ай, жүдөп жүргөндүр»–деп кусалана ойлогондо, чүрпөсүн бооруна кысып, түн ката атасынын жанына кеткиси келет. Бирок элдин сөзү атасынын үйүнө батырабы, жокпу бул жагын сарсепке салганда көзү караңгылайт. "Батырбайт го»–дейт жүрөгү ачыша.

Апрель, 2011.

# *КАРГАШАЛУУ КҮН*

Шаардагы орус тилиндеги мектепте окуган Шамшы жайкы эс алууга тарап, үйүнө келген. Ата-энеси айыл ичиндеги тойго жөнөп атып, он жашар Шамшыга бир топ иш тапшырды. Бул чакан үй-бүлө жаздан күзгө чейин күзөтчүлүктү аркалап, сарай, мончосу менен малчылар үчүн салынган тоо этегиндеги үйдө жашачу.

Ата-энеси кетээр замат ач талаада калгандай кооптоно түштү Шамшы. Элтеңдей теребелге көз жүгүрттү. Койбагар боортоктой бөжүп, жыш өскөн алтыганандын арасынан көнүмүшүндөй чычкан аңдып атыптыр.

–Эй Койбагар, Койбагар дейм, кел мага?–деди үнү өзүнө тааныш эместей чыйпылдап.

Дөбөт тоошабады. Шамшы үйгө кирип, сүлгү жабылган чакан табакты алып чыкты.

- Эй Койбагар, куймак же!

Дөбөт таноолорун дердеңдете жыт искей, Шамшыны көздөй илең-салаң басты.

–Чурка дейм, куймак муздайт,– Шамшы куймакты жапкан сүлгүнү алып, каалганын туткасына кыстарды. Мурдуна ширин даамдын илеби даана урунганда дөбөт өңкөңдөй желди.

–Сеники курсак чоң, сугун, –Шамшы шыйпаңдай жетип келген дөбөткө куймактан ыргытты. Дөбөт куймакты жерге түшүрбөй тосуп, бурчамга келтирбей жутту. Шамшы улам бийиктетип, буйтактатып, куймактан ыргытып атты. Дөбөт тилине тийэр замат жута берди.

– Ух сугалак, мени же деп койбойт,– Шамшы акыркы куймактын теңин жеп, теңин,–мечи!–деп умсуна караган дөбөткө ыргытты да табак менен сүлгүнү алып, үйгө кирип, кайра чыкты.

– Жумушту кандай баштайлы?– дөбөттүн башын сыйпалай кеңешкенсиди–, аа–а таптым,–деди анан сүйүнө,– адеп үңкүрдөгү койду тойгузалы жүрү,– кампа тамдан чөп орчу орокту алып, ат кулактын арасындагы көктөмгө барды. Чөп тутамдаган сол колунун манжаларын орок менен чалып таштачудай алектенип атып, биртике чөп орду. Чөп көзүнө чөмөлөдөй көрүнүп, кулачын кере кубана көтөрдү. Оруму кыска чөптөр жерге себеленип атканын

байкабады. Сарайга чукул, жардын көбөтүндөгү кой байланган үңкүргө ашыга келди. Үңкүрдүн оозу кууш болгону менен ичи кенен эле. Шамшы үңкүргө жеткенде атасынча үч бүктөлө калып, үңкүргө да атасынча кырдана кирди. Алгачкы эки кадамды беймарал шилтегени менен чөбү колунан ыргып, үңкүрдөн бакырып чыкты. Бакырган боюнча безбелдек атып баратып, бетинен көмөлөндү. Тура калчудай бутун солбуй баш көтөрүп, ошол эле замат түйүнчөктөй түйүлдү. Тулабою диртилдей, оозунан илээшкен ак көбүк акты. Диртилдеп атып, буту-колу бүрүшө чалкасынан түштү. Кошо чуркап келип, карап турган дөбөт баланы батынбагандай жыттады да таноосундагы, ууртундагы илээшкен көбүктөрдү жалай баштады. Шамшы оор дем ала көзүн ачты. Дөбөт куйругун шыйпактата жалаганын токтотту. Шамшы эмнеге бул жерде жатканын түшүнбөдү. Үңкүргө киргенин эстеди. Денеси кайрадан калтырап, кан тамырлары түйдөктөшө сөөктөрү зыркырады. Манжалары таштай түйүлдү. Биртикеден кийин денеси жайылып, жаны сеп ала түшкөнсүдү. Шалкайган манжаларын ачыпжума көз токтотту. Алакандары кан экен. Эмне болгонун, эмнеге бул жерге жатып калганын эстей албады. Жер көчкөндөй башы айлана сулк жатты. Тердиктей буурул булут күн бетин чүмкөй салып майда тамчыларын дыбырата себеледи. Мелүүн жел жүрдү. Аздан соң өткүн өз милдетин өтөгөндөй өтүп кетти. Шамшы сергий түшкөн эле. Эгер өткүн дыбырап, жел жүрбөсө бала чыйралат беле, жок беле ким билет. Шамшы алакандарына тырмактары батканын түшүндү. Бирок, эмне үчүн батканы табышмактанып атты. Чочугандай туруп, чөлкөмдү биринчи көрүп аткандай сыдыра тиктеди. Көзүнө үңкүр урунганда буту-колу түйдөктөшүп, кескин жыгылды. Оозунан дагы ак көбүк буртулдады. Дөбөт башын кыйшаңдата карап туруп, туура жакты көздөй жөнөдү. Ал тараптан Шамшынын ата-энеси келаткан.

Шамшыга караңгы үңкүрдөгү кара койдун көзү ажыдаардын от бүркчү оозундай тирукмуш көрүнгөн. Койду атасы касапка союш үчүн байлап аткан эле. Аттиң, ошентип Шамшы бөөдө жерден талма оорусуна жолукту.

08.04.2011.

## *КУРМУШУ*

–Карышкыр уулуп атабы?–деди кичинекей Абыл уйкуга карамыга төшөктөш жаткан чоң атасына бышылдай ыктап.

–Жок.– Чал небереси алаксыбай уктасын деген ойдо кыска жооп берди.

–Аю уулуп атабы?

–Жок.

–Чөөбү?

–Жок.

–Анда эмне уулуп атат?– Небере төшөктөн туруп кетчүдөй ойдолоду.

–Замандын ээсимин деген былгытма, тынчтан.– Чоң ата көйүндө турган балээни айтып жиберип, бармагын тиштеди.

–Замандын ээси ким? Жомоктогу баатырбы, же чын баатырбы?– Уйкусу качкан Абылдын кызыгуусу күчөдү.

–Укта,–деди чоң атасы,– жумуштан чарчаган агаларыңды ойготосуң. Ким экенин эртең жарыкта айтып берем. Узун сабак кеп. Караңгыда чечмелесем коркосуң. Атаң да жумушта.

–Коркпойм,–деди Абыл көшөрө,– эртең унутуп каласың. Азыр уулуп атат, ким экенин азыр айт? Корксом сени бекем кучактап алам.

–Анын колу баарына жетет. Чеги жак узун,– чоң ата жообунан чочуду.

–Эшикти бекиткенбиз. Терезелердин сыныгын атам оңдогон, бүтүн. Бизге эч кимдин колу жетпейт,–деди Абыл.

–Анын тиши курч. Куу! Жыгачты, темирди, цементти, айнекти бардыгын жеп жиберет,–чоң ата ушинтип айтты да «эмнени дөөрүдүм?.. Мээме жакшы нерсе толбоду го,»–деп ичинен өзүн жемеледи.

–Менин тишим аныкынан курч! Аны жеп коёт,–деди Абыл.

–Курмушунубу?– Чоң ата небересинен таң кала сурады. Токсондон ашып, бала кыял чагы эле.

–Замандын ээси ошолбу? – Абылдын үнү чырылдай ызалуу чыкты. Апасы: «Замандын ээси өңдөнүп, карапайым элди тебелей, балкылдагандар да курмушудай курушаар. Курмушулар жоголбосо заман оңолбойт!»–дечү. Ошентип апасы үй-бүлө тиричилигин жөнгө салалбай жанын ташка уруп жүрүп, алыскы өлкөгө кеткен. Кетээринде: «Курмушу казан-аякты какшытты. Түзүгүрөөк өмүр сүрүшүңөр үчүн тыйын издеп жөнөп атам. Атаңарга огожо болгула,»–деген. Чоң атасы айткандай мээнеткеч апасы чет жактан да чекеси ысыбай, арманына уугуп жүрүп, кете бергендир. Сөөгүн каражаттын жоктугунан алып келалышпады. Абыл селейе түшүп, чоң атасынын колтугуна жабыша,–Апа! Апа!–деп шолоктоп жиберди.

–Курмушу тишиңдин курт жеп түшкөн кетигинен айлансын,–деди чоң атасы баланы кучактай бооруна кысып.– Ал өзүнөн-өзү жоголот. Ыйлаба. Замандын ээси сенсиң. Ыйлаба.

–Качан жоголот?–деди бала солуктай.

–Жакында,–чалдын үнү ишенимдүү чыкты.

Кыштакты өчү бардай каптаган кышкы бороон, турак жайлардын жыртык–тешик чатырларын чакмак алчудай жойлоп, жашоосу бүтүп бараткандай уулуп-уңшуп атты.

21.05.2011.

## *КИМ БИЛЕТ*

Түнү бою жааган кардын калыңдыгы таң атаарда тизеге жетти. Бирок, бул бийиктик борбор шаардын жашоочулары үчүн маанилүү эмес. Анткени, айылдыктар айткандай оттору жагылуу, суулары алынуу, жолдору күрөлүү. Жорголору даяр. Мал сугарып, малына чөп салып, короо-сарайларын тазалап чамынбайт. Ошентсе да Саматтын үй-бүлөсү кадимки тейптериндей эрте турду. Самат кийинээрден мурда терезенин түбүнө келди. Кар дагы эле жаап атыптыр.

–Зейнеш,– үн сала ашкананы көздөй басты,– күрмөмдүн үзүлгөн топчусун кададың беле?

–Ооба,–деди чайнекке суу толтуруп аткан Зейнеш,– жуунганыңча чай кайнайт, тезирээк кыймылда.

– Бүгүн жолум болот,– муздак сууга жуунуп, сергий түшкөн Самат ашканага көңүлдүү кирди, –берген убадаларынын жок дегенде бирин аткарат. Акчалуу, машинелүү болсок балдарды алып келели. «Көлдүн жээгиндеги айылдардан үй да сатып берем»– деген.

–Балдарды чарпылтпайлы. Быйылкы окуу жылын Жеңиштен аяктасын,– деди Зейнеш.– Кыш күрөөдө чоң ата, чоң энесине деле кол кабыш зарыл. Андан көрө аларды чай, туздан кемитпейли. Дагы алданасыңбы деп чочуйм.

–Алданбайм. Баардыгы колго тиет,–деди Самат чайын шашпай ууртап, кушубактана.

–Айтканың келсин,–Зейнеш арсарсып турса да эрин кубаттай, бирок эскерте сүйлөдү.– Үрөй учурган имиштерди чындыкка айландырган жанкечтилер көбөйдү. Ошондойлор менен башчыңдын супарасы бир дешет. Эл ичинде эсен болсок экен. Жолукпай эле койсоңчу.

– Кылдай кара санабай күн-түндөп иштеп, бизнесин өрчүтпөдүмбү. Акчанын күчү менен максаты ишке ашып, олчойгон министрликти ээледи. «Кызматыңды баалайм Самаке» деп турат. Абийиринен ажырай элек.

–Ай, ким билет,–деди Зейнеш чыны, тарелкаларды чогултуп атып,–туш тарабы кыбыла, мөөнү толгон эргул жазгырып кетээр.

–Мени жазгыралбайт,– Самат отургучтан ашыккандай турду,– жардамчысы баягы мен жетелеп жүрүп, практикадан өткөргөн бала. «Тогуздан кечикпей келиңиз, андан соң карматпайт» деген. Чыгайын.

– Кечикпейсиң. Али эрте, –деди Зейнеш,– мен да сени менен басып, троллейбус күтүп калчылдабай, ишке жөө барайын.

Самат шампан-шарап комбинатында башкы эсепчи болчу. Союз таркаардан эки жыл мурда комбинат акыркы үлгүдөгү сапаттуу жабдуулар менен жабдылган. Жумушчулар иш өндүрүмдүүлүгү өсүп, айлык акылары жогорулаганына кубанган. Кирешенин эсебинен эмгек жамааты үчүн беш кабат үйдүн пайдубалы түптөлгөн. Так ушундай учурда чагылган тийген дарактай Союз жалп этти. Комбинаттын директири иштерман, чыныгы коммунист эле. Союзчул аталып, бурчамга келбей иштен ыргыды. Жаңы талап боюнча комбинаттын башкы деректири президент аталмай болуптур. Президентикке жоон топ жаңычылдар аркан тартышып атканы эмгек жамаатына маалым болду. Жыйынтыгында кесиби боюнча курулушчу ыпылдаган жаш жигит баардыгын оодара тартты. Аны мамлекет башчысынын бөлөсү экен дешти. Бул «даңазанын» чынтөгүнүн тастыктаган эч ким болбоду. Алибетте, мамлекет башчысына барып,–«Сиздин бөлөңүзбү?»–деп суроого ким батынат. Табылгыс кадр аталып, алаканга салынып атты. Бухгалтерияда ички жана тышкы эсеп пайда болду. Тышкы «так» эсеп боюнча жабдуулар эскирип, комбинат чөгө баштады. Этектен тарткан бул эски нуктагы жагымсыз жагдайдан чыгуу үчүн жаңы жетекчи «күйүп-быша» чуркап атты. Көп өтпөй комбинаттын жабдууларын тез арада оңдоп-түзөө зарылдыгы жаралды. Сапаттуу оңдотуш үчүн жабдууларды кенен, ыңгайлуу жайга көчүрүү маселеси да токтоосуз чечилди. Жабдуулар кароосуз калган кайсы бир базага жеткирилди. Комбинаттын өндүрүмдүүлүгүн арттыруу үчүн күрөшүп көнгөн иштерман кызматкерлер да президенттин буйругу менен жаңы конуштагы цехтен иштөөгө которулду. Алардын бири Самат эле. Самат бухгалтердик адистигин мыкты өздөштүргөндүктөн ал жүргүзгөн эсеп-кысаптан кыпындай

кынтык чыкчу эмес. Уюштуруучулук жөндөмү да жетишээрдик болчу. Ошондуктан президент аны колунан чыгарбады. Самат ошого сүйүндү. Анткени, «Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет» болуп, мамлекет жардыланган сайын жумушсуздук күч ала баштаган. Көчүрүлгөн цех эч кандай оңдоп-түзөөсүз кирешелүү иштетилди.

– Самаке, Кудай кааласа эмки кварталда сага машине миңгизем. Жыл жыйынтыгында көлдүн жээгиндеги айылдардан үй сатып берем. Азыраак күтүүдөн жыйынтык чыгат. Канатыбызды жая түшөлү. Убадам ар дайым күчүндө,– дечү президент эсеп-кысаптагы кирешенин суммасын өнтөлөй карап.

Жетекчинин сөзүнө эриген Самат кирешени арбытуунун өзгөчө ыкмаларын табууга сөз берчү.

–Ырахмат, Самаке, ырахмат,–деп бапырандачу президент,–сен баардык ишти жиликтей билген уникалдуу адамсың. Эмгегиң кайтат.

Жетекчинин бал тилине магдыраган Самат эмгеги кайтаарына ишенип, кечинде үйүнө жетиналбай келчү.

–Ишенбей коё тур,–деди аялы бир ирет.– Комбинатка адеп келгенинде,–мурдакы жетекчибиздей катаал эмес, кичипейил, иштерман жигит экен. «Комбинатты башка ишканалардай бүлүндүрбөйм», деди деп ишенгенсиң. «Уулуңа бир бөлмө квартира сатып берем»– дегенде да ишенгенсиң. Анан эмне болду? «Эл үчүн» менчиктештирип алган базасы саймадай түрлөнүп атат.

–«Башкы комбинаттын имараты чириптир. Каражат ошону оңдоого жумшалат. Чыдай туралы»–деген. Ишенгеним ырас. – Самат ич күптүсүн аялына билгизбөөгө аракеттенип, өзүн да жайгара сүйлөдү.

– Ошол учурдагы мага тиешелүү акча менин эсебимде үстөгү менен туруп, цехтерди кеңейтүүгө жумшалган.

–Кайдагы үстөк? Үстөк түгүл үлдүрөгөн тыйын жок,– аялы муңайым кулумсүрөдү,–күтө турсаң сага самолёт сатып берет. Аны айдатып алып, жер таанысың.

–Койчу тамашаңды,– Самат чычалай кызаңдады,– чогуу иштешкен сон түтүшкөн жакшы.

– Түтөгой,–деди аялы кашын серпе,– ал шамал, сен камгаксың, чимире берет.

–Болду эми,– Самат кыжаалаттана сустайды.

– Болдум, эскерттим,–деди аялы жаакташуудан пайда жок деген таризде,– ишке жөнөөргө убакыт жетти. Чыгалы.

Экөө катар басып келатты. Көз оттору бирин-бири жооткотуп, кабактарын ачса да санаалары сапырылып, бет алдылары тумандай калып атты.

Жаңы цехтен даярдалган шампандар чет өлкөлөргө агылды. Президенттин арааны ансайын ачылды. Жогорку кызматтарды көксөдү. Тез эле тепкичтен тепкичти аттап, министирлик орунду ээледи. Ушунун баарында Самат маңдай терин сыдырды. Чыгымдардын ордун толтурду. Улам кийинки кирешеге бел байлады.

Жетекчиси министирлик даражага да алымсынбады.

Саматтын чыдамы кетти. Тобокелге сала жетекчисине атайылап барып, жарыбаган эмгек акы тиричилигине жетпей кыйналганын айтмак болду. Эгер мурдагыдай ай болжоп, оозун куу чөп менен аарчыса, чечкиндүүлүк кылып, иштен кетүүнү туура тапты. Бирок, иштен кетсе кайда барат?.. Жашы да өйдөлөп калды. Бул жагын ойлогондо кендири кесиле түшөт. «Мүмкүн бүгүн кабыл албас»–деп ойлоду Самат. Анткени, «элдик иштерден» чолоосу тийбеси бышык. Балким кабыл алаар... Дагы күттүрөөр... Кантсе да адам эмеспи, мүдөөнү чечээр...»–Саматты ушул ойлор тытып келатты.

Министринин кабылдамадан кандай чыгаарын, эртеңки ишти кайдан баштаарын элестете албады. Алдануудан артык кордук жок экенин айгине түшүндү. Зейнеш айткандай, – Ким билет?.. Мүмкүн иш оңунан чечилээр.

24–25.12.10.

## *КАРЕК*

Мукаш көлдү белинен ашыра кечип барып, чөмүлөөрүндө маңдайында бажырайган карек пайда болду. Жүрөгү алкымына тыгыла айланкөчөк атканы менен качалбады. Себеби, кайсы тарапка бурулбасын карек жолун тороду.

–Сен көктөн түштүңбү же жерден, суудан чыктыңбы? – Мукаштын үнү корккону нан кысыла, дирилдей чыкты.

–Чочуба,–деди карек мээримдүү тиктеп, – жамандыкка барбайм. Бирок, мамилеңе жараша өрт чыгышы мүмкүн.

–Денең кайда? – Мукаштын үн ыргагы саал чыйралды.

–Денем суудан көрүнбөйт. Сууга окшош,–деди карек.

–Ие,– Мукаш согончоктой артына жылды.

–Коркуп атасыңбы?–Карек муңайым чайпалды. – Сенин бармагыңдан кичинемин. Колумдан эмне келет? Ишенбесең алаканыңа салып көр же жалтанбай тике кара.

Мукаш тунук, сулуу карекке апкаарый, сактана тигилди. Карек тааныш да чоочун туюлду.

–Шайтансың!–деди Мукаш онтолой. – Карагым келбейт!

–Өзгөрбөпсүң, жок дегенде азыр жигитче тур,–Карек жылбырска майда толкундун ой-кырында чайпала сүйлөп атты,–менин жашоом жандырмаксыз табышмакка айланган. Көз жашымды көлдөтүп, деңиздин түбүнө чөгөм. Кайра деңиз бетинде калкыйм. Жээктей саякаттайм. Кыскысы сары санаам тынчтык бербейт. Бая түпкүргө кайтып баратып, сени көрүп токтодум.

–Көрсөң эмне экен, токтобой кете бербейт белең,–Мукаш кабаарый силкинди. Безгиси келгени менен тарамышы түйүлө карышкан буттары шилтенбеди.

–Башканы эмес сени көрдүм дебедимби,– Карек кейиштүү тартты.–Баса, бул жээкке эмнеге келдиң? Ресторан, кафе, четтин музыкасы жок. Ээн. Көңүлсүз, туурабы?

–Адам каалаган жагына барып, каалаганын жасайт. Каалadым. Келдим. –Бутунун оруганына чыдабаган Мукаш тиштиге сүйлөп, токойдон чыккан жүлгөлө жолду кыя карады.

–Эмне калп айтасың, күткөнүң бар эмеспи,–деди Карек түпкүрүнө кайтчудай терeңдей сүзүп.

–Калп айттымбы, жокпу ишиң болбосун!–Мукаш кагына кекечтенип, жүлгө жолду дагы тиктеди.

–Мага кунт коё карачы,–Карек өтүнө, жумшак сүйлөдү.

Мукаш көз токтото карап алып, селт этти.

–Чочуба,– деди Карек бажырая,– болгону сени кечээ кезигүүгө чакырган бийкеч менби же башкабы ошону айт?

Мукаштын тизелери калчылдап, муун-жүүнү бошоду.

–Бул жолу да өз кызыкчылыгыңды көксөп, убадага бекем сыяктанып атасың,–деди Карек. –Эми менин ким экенимди эсте. Элестет.

Карек тике өйдө ыргыганда көл бетинде чачы сеңселген, узун ак көйнөкчөн, буралган сулуу кыз пайда болду.

–Шайгүл!–Мукаш зоңк эте кумсарды.

–Ооба, Шайгүлмүн,–кыздын үнү Мукаштын кулагына канжардай сайылды. Качууга ыңгайланганы менен турган жеринен ийнедей тепчилип калгансыды. Көзү караңгылап, кареги чанагынан куюлуп бараткансыды.

–Эсиңди жый!– Үн жумшак жана талаптуу чыкты. Куту кача делдейген Мукаш төбөсүнө шыргалаң суу төгүлгөндөй, башын силке алактап, эки жагын карады. Шайгүл көрүнбөдү.

Карек селкинчек тепкенсип, жыбырска жылма толкунчада беймарал экен.

–Жан таттуу! –Карек көзгө илээшпеген секирикте Мукаштын алаканына жабышты. Мукаш колун денесинен жулуп ыргытчудай тытынганы менен Карек алаканынан түшпөдү.

–Сазайыңды берем желмогуз!–Мукаш калчылдай кыйкырып, көл бетине чапкылап атты.

–Көлдүн ортосун кара, эс аласың,–жагымдуу үн күңүрт угулду.

Мукаш көл ортосун карай салып, кескин селейди. Чакан кайыкта кыз, жигит отуруптур. Жигит тура калып, кызды чапчаң көтөрдү да көлгө таштап жиберди. Кайыкты чимирилте жээкке бурду.

Кыздын ак көйнөгү көл бетинде уюлдана калды. Тынымдан соң уюлча көөлгүй жазылып, кайыктын артынан түштү. Кайыкка жакындап баратты. Жигит жалгыз калагын кайыктын эки жагына алмай-телмей чапкылап жанталашты. Бир калагы кызды ыргытканда кыйшая түшкөн кайыктан суурула көлгө чулп эткен. Жаман-жакшыны башынан нечен кечирген эски кайык сыңар калакка баш бербей, тегерене калдактап атты. Кыз кайыкка жетүү үчүн жандалбастады. «Кайыкка тырмагым эле илинип, жээкке жакындасам болду. Эч кимге, эч качан дооматым жок»–деп чымыркана сүзүп келатты. Суугa сүзүүнү мыкты өздөштүрбөгөнүнө өкүндү. Баласын жоготуп алуудан чочуду.

–Токто? Токтоп койчу? Кайыкка эле сүйрөлүп алайын? Алсырап барам,–деп суугa чакай өтүнгөнү жигиттин кулагына илинбеди.

–Көрүп атасыңбы?! – деди Карек, – чындыктын бул сүрөтү балам экөбүздөн сага белек.

–Белекке таңсык эмесмин,–деди Мукаш үрпөңдөп.

Көл жарыктык бул жолу Мукаштын безип кетишине мүмкүнчүлүк бербей, оордошо көөлгүп, кысып турду. Баш катаар жай таппаган Мукаш опоосуз көрүнүштү карап турууга аргасыз болду. Жалгыз калакты иретсиз пайдаланган жигит кара терге түштү. Кайыкка жете келген кызды чочуй карап, калак менен башка чапты. Кыздын ак көйнөгү уюлгуй түшүп жок болду. Айды булут басып, көлдүн бети каралжын тартты. Бош ийнине батпаган сокур чычкандай дүмүрөңдөгөн жигит жээкке жакындаганда кайыктын тумшугун тескери бурду. Марага жеткендей көлгө боюн таштап, токойду тиктей чабак урду.

–«Сүйү кайыгындагыларды» тааныдыңбы? – Үн Мукаштын үрөйүн учурду. Селт эткен боюнча селейди. Теребел койумаарек тарта дымып жатты.

–Болгону анда түн болчу,–деди Карек.– Жылдыздар көлгө төгүлө бизди туш тараптан курчап турган. Сени жылдыздан да, көлдөн да кызгангам. Сен үчүн жылдыз да, деңиз да болгум келген. Азыр сени жек көрөм.– Үн алыстагандай болду. Алаканы муздай түштү. Карады. Карек

жок экен. Ажалдын чеңгелинен чыккандай, жээктин кумуна таманы тийип-тийбей учуп баратты. Көзүнөн жаш төгүлдү. «Ооба,–деди мууна,–кутулдум!»

–Кутулган жоксуң,–деди үн,– Кунөөңдү сезе элексиңби? Болгону анда башка жээкте элек. Эс алууга келгенбиз.

–Өткөн кайрылбайт, – Мукаш безилдей чуркап баратып, энтиге бакылдады, – Жабышпа! Уктуңбу? – Каршыга таңганы менен элестер аба толкунундагы үнгө өтмө катар жуурулушуп, курчап келаткансыды. Тааныш жаңырыктан кулагы дүңгүрөдү.

–Бүгүн жылдыздарды кайык менен аралап, көл бетинде таң атыралы. Макулсуңбу?– Кайыкты жыбылжыта айдаган Мукаш Шайгүлгө жадырай карады.

–Алибетте макулмун. Жаратылыштын бул берешендигин экөбүздүн келечегибиздей элестеттим,– кыз бактысына мас боло эргиди.– Өзүң турганда төрт жагым төп. Эч нерседен коркпойм.

–Сүйүктүүм, сүйүү кайыгынан тоскон ажайып таң сага берген белегим. Ыраазысыңбы?

–Ыраазымын,–кыз өрөпкүй сүйлөдү,– менин да белегим бар.

–Кандай белек?–Жигит ашыга сурады.

–Баардык баалуу нерселерден артык,–кыз уяң жылмайды.

–Кана, кана көрсөтчү? Алтын саатпы?–Жигит чыдамсызданды.

–Муке, кош бойлуумун. Перзенттүү болобуз,– Шайгүл колдоо күтө жоодурады.

–Койчу,–жигит кагына чочуду.

–Ишенбей атасыңбы? Догдур үч ай болуптур деди,– Шайгүлдүн толкунданганы сезилди.

– Баланын кереги жок.–Жигиттин ачууланганы байкалды.

–Бала сүйүүбүздүн уландысы,–деди Шайгүл Мукаштан бул мамилени күтпөсө да жаракөрлөнө,– тоскоол болот деп кабатырланба, сен аспирантурага өтүп, окуй бересиң. Мен төртүнчү курстан отпуска алып, окуумду кийинчерээк улантам.

–Баарыбызды ким багат? Ушуну ойлодуңбу?– Мукаш кыжырдана күпүлдөдү.

Шайгүл Мукаштын түрпөтүнөн тайсалдаса да аны ынандырууга аракеттенди.

–Бала төрөлгөнчө убакыт бар. Тиричиликти пландаштырабыз. Наристе бакыт гана алып келет. Бактылуу жашайбыз.

–Андай бакыттын мага кереги жок! Уктуңбу? – Түн кереметине Мукаштын жапайы үнү жик салгансыды.

–Сенден мындай мамилени күткөн эмесмин. Сүйүүң жалган тура,–деди Шайгүл шаабайы сууй, жүрөгү сыздап.

–Эгер сенин мага болгон сүйүүң жалган болбосо алдагыны тез жогот. Шартым ушул. – Мукаш кабаарый буюрду.

–Түркөйлүгүңдү мурда байкабаптырмын –Шайгүл бир эсе өзүнүн баёлугуна ичи каарылды,–Ушул ажайып дүйнөдө таза жашайбыз деп ойлогом. Аттиң, көкүрөгүң көө тура,– карегинде калкыган көз жашын чыгарбоого аракеттенди.

–Жойпуланба! Жоготосуңбу? Ошону айт!– Мукаш кара беттигине тартты.

–Жок,–Шайгүл ызалуу бүлк этти.

–Сүйүү тиричиликтин кулу,–деди Мукаш күрсүлдөй,– сенин тазалыгың бир чагым ширеңкеге татыбайт. Ачык айтайын, үйлөнчүм башка. Кааласам сени таанибайм. –Мукаш түтөгө чыңалды.

–Тааныйсың,–Шайгүл чыйрала түштү. –Балаңды көтөрүп, үйлөнүү тоюңа барам.

–Азыр эле бара бер!– Мукаш тура калып, Шайгүлдү чапчаң көтөрө, көлгө таштады.

Аба толкунундагы ушул элестер менен үндөр Мукашты желкелей кубалап келаткансыды. Маңдайынан Шайгүл көрүндү.

– Өлгөн жок белең?–Мукаш үздүгө кекечтенди.

–Сени төрт жыл күттүм,–Шайгүлдүн үнү жай бирок, каардуу чыкты,– Күткөнүм жарык дүйнөнү көрбөй жайраган баламдын өчүн алайын дедим. Алдым. Эми өзүңдү-өзүң өлтүрөсүң.

–Былжыраба! – Мукаш калчылдай энтеңдеди.

Шайгүл заматта көздөн кайым болду.

Карек алаканына кайра жабышты. Мукаш каректи ташка чачырата чапмакчы болуп, таш издеп жээкти бойлой жиникти.

–Таш тапканга жардамдашам,–деди бир оокамда ага толкунундагы үн.

–Каңгыраган акмак, баятан эмне айтпайсың же алдап атасыңбы? – Мукаш энтиге өпкө кагып, toктой калды.

–Алдамчыларды жек көрөм. Алар өтө зыяндуу макулуктар,–деди үн.

–Айтканың туура,–Мукаш үндү алдап, Каректен кутулмай болду.

–Туура десең азыр оңго бурул,–үн таасирдүү, жумшак чыкты.

Карек Мукаштын алаканынан эзели түшпөстөй, бактылуудай бажырая жылмая берди.

Үн,–таш алды жакта, өтүп кеттиң, оңдо-солдо,–деп Мукашты тили оозуна барбай калганча жиниктирди.

–Өзүң көрдүң жээкте бармактай таш жок экен,–деди үн чарчагандай.– Өлүштү каалабасаң токойго кирели.

Мукаш дикилдей токойго бурулду. Жээктин токойу тикенектүү жана жыш эле. Денесин тикенектер тытып, кызыл жаян болгонуна кайылдана башмалдак атты. Акыры бутун шилтөөгө шаасы жетпей боюн таштады.

Карек Мукаш токойго бурулганда эле асмандагы жылдызына учуп кеткен.

Токойчу чал түлкү кубалап кеткен тайганы ичип-жеп үрө бергендиктен үн улай келип, өлүктү көрдү. «Кайдагы неме?» деген ойдо өлүктүн жерге ныгырылган төшүнүн астына таягын сойлото чалкасына оодарды. Бети канга боёлуп, күпчөктөй күлкүлдөгөн өлүк таанылбады.

– Токойго тынчтык бербеген жин-шайтан го бул, – чал жакасын кармана кобурады. – Не бар, не жок токой башчысына кабарлайын. – Чал тайганын ээрчите ылдамдай басып баратып, колундагы таягын жийиркене карап, ыргытып жиберди.

07.06.14.

# АЛАЙ КҮНДӨЛҮГҮ

(Күндөлүк 1982–жылы «Алай күндөлүгү» аттуу жыйнагымдан жарык көргөн. Ошол мезгилдин талабына жараша саал кыскартыла оңдолгон.
Бул жыйнакка толук берилди.)

*20–август, 1964–жыл.*

Ош жергесине кечээ келдим. Биринчи жолу 1960–жылы студенттер жамааты менен Арабан районуна пахта теримине келгем. Пахтаны биринчи көргөндөрүбүз чанагынан чачырай, баржайган аппак булага суктанып, кол тийгизгенибизде, тикенеги манжалрыбыздын учтарын сайып, чыңыра чочуганбыз. Анан каткырганбыз. Колхозчулар пахта терүүнүн ыкмасы бар экенин айтып, кантип терүү керектигин көрсөткөн. Үйрөнгөнбүз.

Пахта талаасындагы кырмандын сарайында саман төшөнүп жатсак да эч кимге таарынган эмеспиз. Институтту сыйлайлы, жетекчибизди сөзгө сындырбайлы деп манжаларыбыздын жарылганына, бетибиздин туурулганына кайылданып иштегенбиз. Жетекчибиз Москвадан окуусун жаңы эле бүткөн хормейстр Б.Малдыбаев эле. Колхоздун алчы-таасын жеген башчылары жаш окутуучуну колдон келет кылып, бизди сарайга таштаганы бат эле билинген. Болот Абдласовичти биз менен кошо ачка-ток болуп, түйшүгүбүздү тартышкан ак ниеттүүлүгү үчүн сыйлачубуз. Айтор, институтту бүтүп атып, бай романтикамдын негизинде,– республикабыздагы алыскы, муктаждыгы көп мектептен иштейм,– деп Лейлек районундагы Кулунду орто мектебине жолдомо алгам. Кандай чөйрөгө түшөөрүмдү, кандай мугалим болоорумду ойлоп, тынчсызданып атып, күндөлүк жазууга кириштим.

*Гулчө. 23–август. 1964–жыл.*

Мугалимдердин Алай райондук конференциясы өтүп атты. Конференцияда окутуу иштери боюнча айтылган бир

далай пайдалуу кеңештер күндөлүккө түшүрүлдү. Мугалимдер турак-жай менен жүз пайыз камсыз болгонун Райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы докладдында баса белгиледи. Тыныгуу мезгилинде мени менен таанышкан мугалимдердин айрымдары: «Чоң Алай жаштар байырлачу аймак эмес. Жашоо-тиричиликке каат, түнт, суук жер. Бир айга жетпей качасың. Андан көрө райондун борборуна же жакын арадагы мектептерден эртерээк орун таап ал. РайОНОго кайрылсаң жок дебейт. Түшүнөт,» – дешти.

Айрыкча мен баруучу Комунист орто мектебинин,– «окуу бөлүмүнүн башчысымын»,–деп таанышкан Кийизбаев Иса:

– Жетекчилик эмес, агалык кеңешим, айтар сөзүм, – деди жакынсый шыбырап,– Комунист орто мектеби гүл бураган жайлоодо эмес. Дараут Коргон деген кичинекей кыштакчада. Ал жерде жашоо өтө оор. Эмне үчүн барам деп калганыңызды түшүнбөйм. Анын үстүнө сизге тиешелүү сааттар жок. Башка мугалимдердин толук саатта иштешине кедерги болосуз, – деп кулагыма куйду да басып кетти.

Чөгө түштүм. Сыягы бул киши да туурасын айтты көрүнөт. Областтык элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы Саткыналиевдин үч күн мурда айткандары да жадымда. Бирок, аны бул киши кайдан билсин. Саткыналиевдин кабылдамасына төрт күн башбакканым менен өзүнө кирүүгө келгенде олку-солку болуп туруп, кетип калчумун. Мунун эки себеби бар эле. Биринчиси, ал кишиге кирип-чыккан мугалимдердин көпчүлүгү: «Жагдайды түшүнгүсү келбей, өкүрө берген жапайыдай киши экен. Бекер кириптирмин,» – деп өкүнгөндөрү эле. Экинчиси, институт тарабынан жогорку билимимди тастыктаган негизги документ кагаз акчам менен кошо сумкамдан уурдалып жоголгон эле. Ошондуктан киралбай жүрөксүп жүргөм. Акыры кирдим. Кызматына жараша сүрү бар кызыл жүздүү киши экен.

–Негизги документиңдин уурдутканыңа үч-төрт күн болупур, – деди таржымалымды чыдап уккан соң олуттуу тартып, – ошол замат келсең институттан күбөлөндүрчү справка суратмакмын. Эми кантебиз? Убакыт чукул.

Жолдонмосуз болбойт– Иш бүттү, барагой кыязында алаканын жайды.

–Сизге эчак кайрылмакмын, бирок киргендер: «Иштин көзүн таппай, өкүрө берген начар киши» – деп чыгып атышты. Ошондуктан кабылдамаңызга келгеним менен кирбей жүрдүм, – дедим отургучтан туруп баратып. Кабагын чытый, сөөлөттүү отурган Саткыналиев каткырып жиберген. Элтейе токтой калдым.

– Отур, – деди бет аарчысы менен чекесинин терин сүртө. Отурдум.

– Кандай киши экенмин? – Жылмая карап, бет аарчысын чөнтөгүнө ныгыра салды.

– Билбейм, – ыңгайсыздана түштүм. Болуптур дегенчелик жылмайып койду. Столундагы барактары ортолой ачылган калың дептерине көз жүгүртө мага карады.

–Жолдомону Лейлектен да алыс, тиричилиги өзүң издегендей катаал Чоң Алайдагы Комунист орто мектебине берейин. Ошого бар. Мугалимдер жетишпейт. Химия мугалими кыргыз тилден сабак берет, – деди. Макул болдум. Ошентип Гүлчөдө өтчү конференцияга катышууга укук алгам.

Баса, кечээ (22–августа) Оштон Гүлчөгө келгенимде КМУнун бүтүрүүчүсү Сүйөркүл Тургунбаевге мейманканага чукул жерден жолуктум. Аны билбейм, мен жолукканыма кубандым. Себеби, Ошко келгени бир да таанышты жолуктурбагам. Ал Гүлчөгө жакын мектептердин биринен иштегени келиптир. Чоң Алайга бараарымды укканда таң кала түштү. Бирок Чоң Алайдын тиричилиги жөнүндө ак да, көк да дебеди. Экөбүз Ысык Көлдө пионер лагерде практикада жүрүп таанышканбыз. Курсташтарым менен ынак болчу.

– Ыр жазып жүрөсүңбү? – дедим.

– Жазып жүрөм. Акын болуу максатым, – деди компоюп.

*24–август.*

Конференция түштөн кийин бүттү. Сүйөркул утурлай басып, мага татынакай бир тал роза берди. Иштечү мектебине кетип баратыптыр. Толкунданып турду. Эски досторчо бири-бирибизге жакшылык, ийгилик каалап, жылуу коштоштук.

*25–август.*

Конференция өткөн эки күндүн ара-чолосунда Дараут Коргонго кантип баруу керектигин сураштырып жүрдүм. Күткөн саат келип, жаңы тааныштарым Комунист орто мектебинин мугалимдери математик Өскөбай Бейшембаев, орус тилчи Сыдык Бакашов жана Жар Башы сегиз жылдык мектебинде иштеген эки мугалим почто тарткан машинанын кузовосуна отуруп, жөнөп калдык. Кыян жеген аңчөнөктүү жол томосунда ызгыган чаңга аралаш топтой эленип келаттык. Лакыйган машина улам бир капталына кыйшая, өпкө кага токтой калат. Бирде карчылдай чайпалат. Гүлчөдөн эртең мененки саат тогузда чыккан боюнча тынбай жүрүп, түнкү саат үчтө Дараут Коргонго жеттик.. Мени Ө.Бейшенбаев үйүнө түшүрдү. Колуктусу Айыке жаркылдаган жакшы келин экен.

– Бул эч нерсе эмес, – дешти кузовдо чачылып, чогулуп келатканыбызда орус тилчи С.Бакашов, – кышкысын жол жүрүп келатканда кокус бороон башталса, алай-дүлөй бурганакта аба жетпей, тумчуккан сыяктанасың.

– Моюнга албарсты минип алгансыйт, – деди жарбашылык.

– Жаңы мугалимди чочутпайлы, – деди математик, – чындыгын айтканда кышкысын жол жүрүү татаал. Мелтиреген күрткүдөн жол тоому билинбей ызгаар ышкырганда дарауттуктар чоң шаарларга түгүл коңшу айылдарга каттай албай калат. Мындай сезон эки–үч айга созулат. Газета–журналдардын кыш айларында чыккан сандарын жазында кучак толтура алып, марып калабыз.

Жол машинени секирте калчаган сайын ичегилеримдин түйүлө сыздаганын төбөдөн төгүлгөн тунук жылдыздар басаңдатып аткансыды. Сапарлаштарымдын айткандарын унчукпай уктум.

– Жергиликтүү шартта мектеп имараты талаптагыдай,– деди эртең менен мектепке келе жатканыбызда Өскөнбай математик. – Көзүңө чубалган жер там көрүнүп аткандыр. Алгач келгенимде мага да ошондой көрүнгөн. Шаарды эңсебей койгон жокмун. Турмуштун күнүмдүк кем-карчына, кыскасы бардыгына чыдадым. Чыдасаң чөйрөдөн басынбайсың. Эмгектик жеңиш өзүңдүкү. Ал үчүн чыныгы педагогдук милдетиңди өтпө, иштей билүүң керек. Ишти билбесең — чыдабаганың ошол.

«Иштей билбесең, – чыдабаганың ошол».

Бул насаатты мамлекеттик экзаменди тапшырып бүтүп, жер-жерлерге жөнөө алдында кураторубуз Карбоз Дыйканов да айткан. Ооба, Айбүбү Айдарбекова, Уултай Ботбаева, Мукаш Абдраев, Султан Юсуповдой чыгармачыл педагогдордон болуш кайда. Бул адамдар ишкердиги менен эмгектен натыйжа чыгарып, бир канча муунду тарбиялап коюшкан. Алар күткөндөй чыгаан мугалим болуш баарыбыздын эле колубуздан келбеси бышык. Бул жагдайда мен да өзүмдөн күмөн санайм.

Баса, биз түшкөн почтонун машинесин Сары Таштан жоокерлер токтотту.

– Бул чекара посту, – деди сапарлаштарым, – паспорт текшерет. – Чөнтөктөрүнөн паспортторун алып чыгышты. Мен да камдадым. Жоокер паспортумду шашпай барактап бүтүп:

– Башчыга жүрүңүз, – деп көзүн чекчейте тигилди.

– Эмнеге? – дедим.

– Паспортуңузда талаптагы белги жок.

– Кандай белги? – Кузовдон түшүп атып кыжаалаттана сурадым. Сапарлаштарым күбүрөшө түштү.

– Бул жер чет мамлекеттин босогосуна чукул, – деди жоокер, – жүргүнчүлөрдү талаптан тышкары өткөрө бербейбиз. Тактык жана жоопкерчилик керек. Тек жайыңыз такталганча постто кармалып калышыңыз ыктымал,– жоокер кабагын үйүрдү. Ичимден тынчсыздана түштүм. Посттун башчысы Токомбаев Тарас Аалыевич экен. Чоожайымды уккан соң чек ара тартибин дыкат түшүндүрдү. Паспортума тиешелүү белгини койбогон райондук кызма-

ткерлердин кайдыгердигине кейиди. Мага ишенээрин айтып, Дараут Коргондогу айылдык кеңешке тез арада барып, паспортко белги койдуруу зарылдыгын баса белгиледи. Ишиме ийгилик каалады. Ырахмат айттым. Чыксам посттун алдындагы жоокерлер капаста кармалбаганым үчүн куттук айтышты. Чоң Алайдын тузун ушинтип таттым.

*29–август.*

Бул күн сыягы эсимде түбөлүк калат. Ушул күнү кыштактын мага бекитилген бөлүкчөсүн түтүн калтырбай кыдырдым. Тапшырма боюнча мурдатан окуган жана биринчи класска барчу окуучуларды өз-өзүнчө тизмеледим. Тизмедегилердин керектүү окуу куралдары барбы же жокпу ошону тактадым. Калктын жашоо-тиричилиги менен да таанышкандай болдум. Көпчүлүгүнүн жашап аткан там үйлөрүнүн ичи кара шыбак боюнча экен. Дубалдарын актабаптыр. Каалга, терезе кашектери сырдалбаптыр. Терезелер да кичинекей. Айнектери сүртүлбөгөн. Бул көрүнүш мага өөн учурады. Кош көңүлдөнө алтынчы үйдүн босогосун аттадым. Үйдүн ичи койдун кыгы жыттанып, үп. Кире беришиндеги очокто жаш кыз казанга нан жаап атыптыр. Ал чочугандай тура калып, салам айткандай болду. Ичкерки бөлмөдөн орто жаштагы аял жулуна чыкты. Салам айтып, ким экенимди тааныштырдым. Ички бөлмөгө кирүүмдү өтүндү. Бири-бирибизден сөз күтө, коомайлана түштүк. Мектептин жумушу боюнча келгенимди кайталай айтып, көнүмүш суроомду бердим.

– Сиздин канча балаңыз окуйт?

– Бир кызым.

– Тышкы үйдөгүбү?

– Ооба, ал чоңоюп калды. Араң жетинчи класста. Чилистен болмок беле. Окуудан бошотуп койсоңор сообуна калат элеңер.

– Эмне үчүн бошотуш керек?

– Шашпай уксаң, кызым, – аял эчактан тааныш адамы менен сүйлөшүп аткансып, мага жакындай жыла отуруп, илбериңки боло түштү.

– Быйыл туура 18ге чыкты. Тоодо мал менен жүрдүк. Кеч окуду. Камылга даяр. Карачы,–жүк жыйылган тарапты жаңсады,– бардыгын өзүм күн-түнү тыным албай, көз курчу, кол учу менен бүтүрдүм, – үйүнүн ичин биринчи көрүп аткансып, тегерете, сыдыра тиктеди. Уккан кулагыма ишенбей дымый түштүм.

- Түшүнсөң, кызым, – деди мага жүткүнө калып, элпек сүйлөп. – Ал 18ге чыкты дебедимби. Өмүрүн бекер кеспегиле, кагылайындар.

Аял ички көйгөйүнүн ток этээр жерин толук айтып бүткөндөй жеңилдене түштү. Кабагында «сен деле макул болосуң» деген жапайы жоромол ойноду. Жалоorугандай анткор кылыйды. Ушул эле көз ирмемде мени жашсынта текебер тиктеди.

- Өмүрүн биз эмес, өзүңүз кесип атасыз, түшүнөсүзбү ушуга? – Үнүм эмнегедир таарынгандай чыкты.

- Апей ботом! – Аял чочугандай чалкалай түшүп, жоолугунун ээк байлоосун чечип, кайра байлады.

- Атасы экөбүздүн көзүбүз тирүү чагында өз теңине узаталы, адам болсун деген жазыгыбыз. Сен дагы куру кол калбастырсың, кулунум. Колуңдагы кагазга жазбай койсоң эле иш бүтөт.

Аял мени арзыбаган тыйынга сатып алган буюму сымал, эми кайда качмаксың таризинде жымыйды.

–Жетишет! – Каным бетиме тээп, ыргып турдум. – 1–сентябрь күнү кызыңызды окууга жибербесеңиз сот аркылуу сүйлөшөбүз! – Ачуум келгендиктен өктөм айттым. «Капырай, – деп ойлодум чыгып баратып, өзүмдү–өзүм сорото, – эмне мынчалык кызуу кандуулук кылдым. Сотко берем деп коркуткандай ал мага эмне кылды? Болгону бардык энелер сыяктуу кызына жакшы, жеткилең жашоо каалайт. Ага кызынын келечектеги үй-бүлөсүнөн ордун таап, жакшы турмушта жашашы үчүн билимдүү болушун гана түшүндүрүү керек эмеспи. Ата–энелер менен мындай орой сүйлөшүүнүн кандай кажети бар, педагог сөрөй?» – Сабырсыздыгыма оңтойсузданып, өзүмдөн–өзүм артык баш болдум. Ушундан улам мектепти беттей бир топ аралыкка бастым да кайрылып, кезектеги үйгө кирдим. Сакалы күмүштөй жаркыраган карыя тосуп алды.

- Уул, келиним мал багып жайлоодо. Үч неберем окуйт. Алар кечээтен бери жаңы окуу жылына даярдык көрүп атышат. Анча–мынча китеп, дептерлерин алышты. Өткөн жылы, ушуга жазып жүргүлө,– деп тиги сандыкты четке коюп берсем, (үстүнө жүк жыйылган, бооруна түрдүү айбанаттардын турпаты күмүштөн чегеленген олчойгон сандыкты көрсөттү) үстү томпок экен дешип болбой жерге жатып жазышкандыктан быйыл үстөл сатып бердим, маалим кызым. Китеп койчу жерлери тигине.– Карыя дубалдын боорунан оюлуп жасалган текчени көрсөттү. Текченин үстүңкү эки бөлүкчөсүнө идиштер коюлуптур. Астыңкы бөлүкчөсүндө эки-үч китеп, беш–алты дептер жатыптыр.

- Даярдык жакшы экен,–дедим башка үйлөрдөн мындай шартты көрбөгөн соң,–окуу куралдары дагы толукталат го.

–Ооба, ооба,–деди карыя,–жашым туура келсе мен да окуйт элем,–жүзүнөн чындап эле өкүнгөнү байкалды,– Совет жаңыдан чыкканда кер мурут жигит элем. Ошентсе да азыркы биринчи класстын балдарына окшоп, окусам дедим оюмда. Окууга чакырып да жатышты. Бардым. Адеп эле эки арип тааныганда басмачылар чыгып, алар менен кармашып жүрүп, эки арипти да унутуп койдум, – борсулдай күлдү.

– Басмачылыр менен кармашуу көпкө созулса керек, – дедим.

– Кандай десем кызым,– ойлоно түштү,– басмачылар Ата Мекендик согуш башталганда: «советтерди пашис тыяктан талкаласа биз бул жактан талкалайлы» – деп баш көтөрүшпөдүбү. Ал өзүнчө узун сабак таржымал. Шашылбасаң басмачылыктын башталышынан бир үзүм урунттуу учурду айтып берейин. Кеп башынан болсун, – мени угабы, жокпу дегендей карап коюп, таягын босогого жөлөй төргө барып отурду.

– Шашылыш эмесмин, – дедим ак сакалдын сөзүн жерге таштай албай. Ыраазы боло мулуңдады. Маңдай жагындагы жышыла жылтыраган жаргылчактын ташындай жыгачтын кесиндисине элпек отурдум.

– Оп балии–и, – деди канагаттана кеп баштап. – Ушул эле Дараут Коргонго кеч бешимде басмачылардын тобу

мейман сымал жай түштү. Кылычтары бел курларына кыстарылып, мылтыктары далысында экен.

– Сенин мылтыгың жок беле? – Небереси элтейе сурады.

– Чочуба, бар болчу, – баланы чекесинен сылай сөзүн улады.– Баскан- тургандары шаңдуу. Сүрдүү. Ошол күнү биздин күрөшчүл жигиттерге уруксат берилип, үйлөрүнө кеткен. Топтун кемендири мен элем. Күзөттө жалгыз калгам. Ичим каарыла өрттөнүп турдум. – Карыянын каары бетине чыгып, кабагы түйүлө түшүп оңолду.

– Басмачылар түндүктөн түшүп турган ошол мезгилде советчилдер бирдиктүү болбосок бириккен эл чарбасын сактай албайт болчубуз. Басмачыларды айылга жолотпой, тоо арасынан торочубуз. Ошол күнү чалгынчынын иши чала болуп калыптыр. «Туш тарапта кооптуу эч нерсе жок»–деп ал да үйүнө кеткен. Жалгыздыгыма шылтоолоп, баш каткым келбеди. Атымды Дара суусунун жогорку токоюна отко койгом. Күзөтчүлүктөн тышкары өз кызыкчылыгым да бар эле, – айтсамбы, жокпу дегендей токтоло калып, сөзүн улады. – Маркум байбичеме арзып жүргөм. Совет өкмөтү болбосо байкушума жетмек эмесмин,–тагдырына ыраазы болгону жүзүнөн байкалды,– Алардын үйүн да акмаламакмын. Анда Даранын суусу төө өркөчтөнө бууракапдап турчу. Колумда эндик чөптөн башка эч нерсе жок болчу. Курал-жарагымды да бөктөрүнчөгүмө бекитип, атымды отко койгон токойго калтыргам. Ал учурда кыз–келиндер айылдын жигиттери аңчылыкка бара жатса же мал карап, отун жыйнаганга чыкса, эндик ала келүүсүн суранышчу. Эми ойлосом эндик ошол кездеги кыз-келиндердин жалгыз жасалгасы экен.

– Эндик деген эмне? – Небере кызы сурады.

– Боёк.

– Момпосуй десем, – мурчуя туйт этти. Күлүп жибердим. Карыя да бырс күлдү.

–Эндик чөп болсо аны кантип пайдаланышкан?– Кызыга сурадым.

– Алибетте, эндикти билбейсиңер,–деди карыя,– эндикти жууп–тазалагандан кийин майга кайнатчу. Кайнатма даяр болгондо бармактай жаргак баштыкчага салып,

оозун бекем тигип алышчу. Эки-үч күндөн кийин баштыкчадагы эндик бетке сыйпаганга даяр болуп калчу.

–Эндикти жаргак баштыкчадан чыгарып алчу беле?– дедим.

–Чыгара турган болсо эмнеге баштыкчага бекитмек,– деди жылмая,–ошол баштыкча менен пайдаланышчу. Аны пайдаланган кыз-келиндердин бети алоолоно тамылжып калчу.

– Жакшы экен, – дедим карыянын бериле сүйлөгөнүнө кызыга, эндик жөнүндө биринчи уккансып.

– Ошентип кызым, – сөзүн кыялдуу жалгады, – жигиттер: "Эндиктүү тунук бетиңден, Эркелей чалган көзүңдөн,» деп ырдашчу. Калганы эсимде жок,–күрсүнүп алды. Этегин баса отуруп, чүкө өкчөп аткан небере кыткылыктады. Карыя ашыкча кеттимби дегендей тартына түшүп, бирок карылык тажрыйбасына сала, сыр билгизбей сөзүн улады.

–Болочок кайын атамдын үйү айылдан четирээк, тоонун түбүндө эле. Эндикти бет аарчыма таш кошуп түйүп, бөртө чукулдап, босогосуна түшчүдөй кылып ыргыттым. Анан буйткалай жинигип, атыма жеттим. «Эмне кылам?» Оюмда ушул суроо кайталана берди.

– Бүгүн тышка чыкпадыңыз, –карыянын эки кошунасы ызаат көрсөтө кирди.

–Келгениңер жакшы болду. Отургула бурадарларым, – аларга өтүнө карап, сөзүн жалгады.– Басмачылар тоюнуп алган соң адаттарынча айылдын күлүн көккө сапырып, талап–тоноп, кыз–келиндерди иле качаарын билчүбүз. Айлам түгөнө, ыңдыңым өчүп, капчыгайды өрдөп бараттым. Оюма бир нерсе кылт этти. Тизгинимди жыйра аттан түштүм. Колума тийген жыгачтарды чогултуп, айылга даана көрүнчү борчуктарга топ–топ кылып жыйнадым. Үстүнө арча, карагайлардын жаңы бутактарынан таштадым. Бул жумушум бүткөнчө түн коюланды. Чөмөлө жыгачтарды бир башынан тутанттым да – кызыл аскерлер келатат сактангыла. Ар бир отто жүздөн – деп айгай сала айылды аралай чаап, кайра шамалдай сызып, тоо аралап кеттим. Ошондо басмачылар ичкен аштарын таштай качыптыр.

–Зериккен жоксуңарбы?–Суроо жалпы болгону менен мага көз токтотту.

–Жок,–дедим. Жообума канагааттана сөзүн жаңылады..

– Эртеси жер айдоо боюнча обулустан өкүл келиптир. «Мындан ары жерди соко, күрөк колдонбой трактир менен айдайсыңар. Трактир абдан күчтүү машине. Ошондуктан уулдарыңардан шаарга жибергиле. Алп машинени башкарып, жер айдаганды үйрөнүп келишсин» – деди.

– Жейди масина эмес, тыйактий айдайт. Билбейсиңби? – Небере шылдыңдай күлдү.

– Бизге ошондой түшүндүргөн. Күлбө, – деди карыя. Анан мага карады.– Шаарга баласын эч кимдин жибергиси келбеди. Ошондо мен барам дедим. Ошол замат окууга алып кетишти.

– Окуганды билбейсиң,– деди неберелери дагы кыткылыктап.

– Ооба балам,– карыя небересине жооп айта сөзүн жалгай берди,– ал кезде жөө жүрсөк Ошко он, он беш күндө, ат менен бир аптада жетчүбүз. Айдаганды үйрөнүп бүткөндөн кийин Оштон трактирге минип, Дараутка шашпай бир айда жеткем. Жолдо келе жатканымда атчандардын аты үркүп, жөөлөрдүн өзү үркүп дегендей элдин бизден качканын айтпа. Мен колумду булгай,– бул тратир, адамдарга зыяндуу эмес пайдалуу. Жер айдап берет,– деп кыйкырып калам. Дарауттуктар трактирди көргөндө үйлөрүнө кире качты. Качан гана трактирди талаага алып чыгып жер айдай баштаганда анын асылдыгына түшүнүшүп, колдорун секин тийгизип көрүштү. Акырындап ар бир тетиктеринин аттарын сурашып, айдаганга кызыгышты. Менин жердештерим Орус Кара дешет балам. Анткени, трактирдин сураган тетиктеринин аттарын эптеп–септеп окшоштуруп атасам, бул таптакыр орусча сүйлөп калган турбайбы дешип, Орус Кара аталып кеткем. Орусча билгеним «хлеб, земля, дай, нет» деген эле сөздөр болчу.

Баарыбыз күлдүк. Айрыкча небереси тыбырчылай каткырды.

Ошентип, бул күн өкүнүчкө да, кубанычка да толуп, түйшүктүү да, натыйжалуу да өттү.

*30–август.*

Мектептен түштө үйгө – Өскөнбай математиктикине келатсам (Директор «ончакты күн Өскөнбайдыкына жашай тур. Кыздар интернаттан бир бөлмө ыйгарылат» деген) кошуна үйдө жашаган Зуура апа эшигинин алдында ийик ийрип отуруптур. Жергиликтүүлөрдүн тили менен айтканда аркалыктар экен. Саламдаша сүйлөшүп калдык. Дараут Коргонду туруктагандарына үч жылга аяк басыптыр.

– Бул чөлкөмдү жакшы билет турбайсызбы, – дедим.

– Жашаган үйүбүз тоо этектеп, дөңсөөдө тургандыктан, мынакей айыл ичи алаканга салгандай көрүнөт, – түйдөгү менен ийигин жанына коюп, айылдын жалпы көрүнүшүнө көз чаптырды. –Мындан тышкары калкайган тоолор менен тиктешем,–унчукпай калды.

Айыл күнгө жайылган килемдей күнөскө төшүн тосо, керилип жаткан эле. Этек-жеңден чойгулап, дегдеңдете берчү шамал ушул тапта дайынсыз болчу.

- Мындан ары да айылдар болсо керек, – дедим залкайган тоолордун ортосундагы кеңерсиген түздүктүн күрөө тамырындай бүлкүлдөй аккан Кызыл Суу дарыясын кызыга карап.

– Карамык, Чак, Жар Башы, Кара Тейит деген айылдар бар дешкенин угам, – күлүңдөй батышты жаңсады,– ушул тарапта, жакын эле аралыкта шаркыратма бар дешкен. Ошону да көрөлекмин.

– Жүрүңүз, көрүп келели, – дедим Зуура апага сый көрсөтүү менен шаркыратманы көрүүгө өзүм да куштарланып.

– Жакшы болот, – ийигин кармай элпек турду, – үйгө кирип, келинге айтып чыгайын. Баласын уктатып аткан,– тез эле чыкты. Жөнөдүк. Жанаша бастык.

– Өмүр бир куту ширеңкедей экен, – деди саал улутуна, – ширеңкени түгөнбөөчүдөй тал-талдап чага берип, бошогон кутуну ыргытып жиберебиз. Менин замандаштарымдын жаштыгын согуш кумга чачты. Кумдан жыйналганча карыдык.

– Азыркы сулуулугуңуз деле бир кыйла. Жаш кезиңизде Дараут суусунун форелиндей болсоңуз керек, –

дедим. Каткырып жиберди. Мен да каткырдым. Айтор көңүлүн көтөрдүм. Жакындаша түшкөндөй болдук. Тамашакөй, ачык сүйлөгөн киши экен. Ээн-эркин божурашып, ээн-эркин каткырдык. Жүрөгүндөгү сырын ачкан сайын датынан тазаланган күмүштөй ажарлана төгүлдү.

Форель демекчи Өскөнбай математик кечээ узундуктары карыштай кызыл, сары, жашыл темгилдүү кооз балыктарды алып келиптир.

– Сулуу балыктарды кайдан алдыңыз? Мындай сулууларды көрбөгөм, – дедим таңыркай.

– Дара суусунун форелдери. Орус тилчи Бакашов экөбүз кармадык, – деди математик. Куурулган соң балыкка табитим тартпасын айтып, жеген эмесмин. Себеби, сулуу балыктарды аёо сезимим күчүндө болчу.

Шаркыратма анча бийик эмес экен. Куюлуп түшкөн жери майда таштуу жайыкча кечип, агып кеткен же чөбөттөнгөн суу жок кургак экен. Шаркыратманын бул табышмагынын жандырмагын табалбадык.

– Борчуктун үстүндө да агып келген суу жок дешкен. Чын окшойт, – деди Зуура апа,–борчуктун боору кургак турбайбы.

– Үстүнө чыгалыбы? – дедим.

– Алдагы шибегең кантет?– Мыктай ичке узун такалуу туфлиме карады. Экөбүз тең күлдүк.

– Чечип алам, – дедим, күлкүмдү жыя, – бул така жайкысын шаардын асфальт көчөсүнө өчү бардай бата түшчү. Тоонун дыңын тоготподу же батынбай атат.

–Батынбаганы жакшы, сынбасын, – олуттуу тарты, – Ар бир куректын өз кийими бар,–мени жубата карап, сөзүн улады.– Шаркыратма түшкөн борчук тике жана тоого улаша эндүү тура. Айланып чыгышка каруубуз жетпейт го. Копурай,–чочуп алды,– сенин шаңында келе бериптирмин. Бутум союлган окшойт,– жер таяна отурду.

–Эс алыңыз,–дедим өзүмдү күнөөлү тута.

–Ушинтип тырыша калмайы бар,–деди Зуура апа бутун суна.–Ылдый түшөөрдө сенин мык такаңды кийип алам.

Экөбүз тең каткырдык.

Шаркыратманын шапатасы кыска кыркма чачым менен орто узундуктагы көйнөгүмдүн этегин терметип атканын көлөкөмдөн байкадым.

– Эс алдыңызбы?–дедим жанына отура калып.

–Ылдыйга жеңил томолоном,–деди, – шайырдана чарчасам да жаштыгыма кезиккендей курчуй түштүм. Ушул жашка келгенче табийгатта улуу касиет бар экенин сезбептирмин. Гөр тирликтин казанында кайнай берет турбайбызбы,–ойлуу тартты. Экөбүз тең жаратылыштын кол менен жасап бүткүс орошон сулуулугуна, табышмактуулугуна суктанып, шаркыратманын шапатасында отурдук.

*1–сентябрь.*

Менин да педагогикалык майдандагы эмгек чыйырым башталды. Мугалимдер жетпегендиктен 5–класстан 10–класска чейин кыргыз тил, адабият, тарых, география жана ырдан сабак бермей болдум. Бардыгы жумасына отуз алты саат болду. Чоң даярдык керек экенин түшүндүм. Керектүү адабиятты кайдан табам дегендей жүрөк оору пайда болду. (Ыр сабагынан атайын адистиктеги мугалим Алай району боюнча жалгыз мен элем.)

1–сентябрдагы биринчи сабагым V класста экен. Педагогикалык практикадан өтүп жүрсөм да: – Класска кантип кирем? Окуучулар менен кантип саламдашам? Сабакты кандай баштайм? – деп ойлоп апкаарыдым. Бирок, баардыгы жайында болду. Мектептин директору Искендеров Сати класска кошо кирип, кайсы сабактардан окутаарымды жана ушул класска класс жетекчи экенимди айтып, окуучулар менен тааныштырып кетти. Жаңы мугалим болгондугумданбы, айтор класс ичи дымырап, баарынын кареги мага кадалгансыйт. Акырындап окуучуларым менен тааныша баштадым.

Бул алгачкы 45 минута мен үчүн 3–4 саатка созулгандай сезилди.

*3–сентябрь.*

Бешинчи сабактан чыгып, мугалимдер бөлмөсүнө кирсем мектептин чарбалык иштерин башкарган Камбаралы аксакал күтүп отуруптур.

- Жүрү кызым, – деди тура калып, – кыздар жатаканасынан деректир сага сонун бөлмө даярдатты. Керектүүлөрдүн баары бар.

Колумдагы класстык журналды текчеге коё салып, ээрчий бастым.

Жатакананын Дарауттагы жакшы делинген, жөнөкөй үйлөрдөн эч айырмасы жок. Үстү жончолоно топурак менен жабылган, бүтүкүй терезелүү узунчараак там. Мурда кампа, кеңсе болгон дешет. Тургундардын үйлөрүнөн артыкчылыгы ичи-тышы акталган. Ооба, менин бөлмөм да так ушул жатакана аталган эски кампада экен. Тышкы эшиктен киргенде Камбараалы аксакал оңго бурулду. Беш-алты кадамдан кийин сол тараптагы кичинекей каалганы ачты. Терезе жыгачы менен каалгасы кайсы бир жылдары көк сыр менен сырдалса керек.. Узун, туурасы үч метрдей бөлмө экен. Жакшы жери сырлары сыйрылса да астанасы тактай экен. Оң капталында эски темир керебет. Үстүндө ошондой эле матрас, жууркан, жаздык, шейшеп жатат. Сол жакы бурчка кичиникей стол менен бир орундук коюлган. Бөлмөнүн ортосунда шыргыйдын чөркөсүндөй темир меш турат. Мештин керенейи жоон көрүндү. Терезеси класстык журналдан саал чоңураактай.

–Жактыбы?–деди Камбаралы аксакал жооп күтө карап.

– Жакты. Бүгүн көчүп келем, – дедим кубана.

*6–сентябрь.*

Бүгүн дем алыш. Адатымдай сураштырып тапкан адабияттар менен келчү жумада өтүлчү сабактарга даярданып, китеп окуп отуруп талыкшыдым. Кыздардын бөлмөсүнө баргым келди. Мүмкүн болушунча аларга жайдары көрүнүүгө аракеттендим.

Алар менен экинчи ирет (сабактан тышкары) баарлашкан атам.

–Саламатсыңарбы, кыздар? – Каалганы черте, шашпай кирдим. Тура калышып, уяң карап баш ийкешти.

– Отургула. Отура бергиле. Тынчсызданбагыла. Силер менен дагы тереңдей таанышып, убактыңар болсо жай отуруп аңгемелешейин деп келдим,–көңүлдүү сүйлөдүм.

Алар буттарынын учу менен басып, кроваттарынын четтерине аярдай отурушту. Ошентсе да биринчи жолугушууга караганда үйүр алышыптыр. Сегиз кыз бир бөлмөдө.

Алгачкылардан болуп интернатка жаткан ушул сегиз кыздын көңүлдөрүндө көп жакшы тилектер, үмүттөр бар экени каректеринен чачырап турат. Сегизинен кандай сөз, кандай айың чыгаар экен деп кулагын делдейте аңдыгандар да бар дешет. Ошондуктан өйдө–төмөн кептерге туруштук бере албай окууларын таштап кетишеби деп чочулайм. Мындай чочулоо окуу бөлүмүнүн башчысы Пари эжеде да бар. Кыздар өздөрүн эркин сезиш үчүн аларга курбалдаш өскөнсүп, сөздү жөнөкөй баштадым.

– Чаташтырбай тактап алайын. Сенин атың ким, өзүң айтып койчу?–Маңдайымдагы кызга карадым.

– Шайлоо,–кызара бүлк этти.

– Сен Калдарсың да?–Жанындагы кызга кайрылдым.

– Ооба, эже.

Ушинтип сөз башталды.

– Кана эми кыздар,–дедим,– кандай темада аңгемелешели? Жогорку окуу жайлары жөнүндө сурагыла. Анткени, быйыл жарымыңар онунчу классты бүтөсүңөр. Кандай да болбосун, өзүңөр сүйгөн кесипке ээ болушуңар зарыл. Кайсы окуу жайына баргыңар келсе, ошол жөнүндө сурагыла.

Бул жолу көздөрү бажырайган (мен кино актрисаларына окшоштурчумун) Карамат аттуу татына кыз суроону биринчи узатты.

- Көпчүлүгүбүздүн сиз окуган окуу жайдан окугубуз келет. Ошол жөнүндө айтып берсеңиз?

Ушул тапта менин көз алдыма студенттик бүт турмушум элестеди. Сулуулуктун кереметин өңдөнгөн Дзержинский бульвары. Анын боюнан орун алган В.В Маяковский атындагы менин сүйүктүү институтум. Институттун калгасын таң шооласындай жаркын тилек менен ондогон замандаштарым ачып, максатына жеткени республикага маалым. Себеби ар бир мектепте бүтүрүүчүлөрү эмгектенет. Мынакей, ар бир мүнөттү текке кетирбей көптү билүүгө ашыгып, билимге суктук менен кол сунган, окуу-

нун отличниги Токон. Жаш баладай кыялкеч Гуля. Китептин ар бир сөзүн жаттап окуган Жамал. Келечекте көп балалуу эне болгусу келген «Макаренкобуз» Апал. Чукугандай сөз тапкан Шарипа. «Эжекелерим ай, жөжөлөрүм ай» деп жалбарыңкы сүйлөгөн Ырыс. Деги койчу бардыгы көзгө элестеп, алар менен кайрадан бирге болгум келет. 80–аудиториядан чыкпай, семинарга даярдангым келет. Бирок биз ошол окуп жүргөн кездерибизде убакыт өтпөдү деп ушул мугалим болуп иштөөчү күндү эңсөөчүбүз. Анда бизге мугалимдик кесип жеңил–желпидей сезилчү. Бирок булардын бардыгын айта бербейм кыздарга. Алар менин сөздөрүмдү кызыктуу жомок угуп отурган наристелердей зор ынтаа менен тыңшайт. Өздөрү да менин курбуларым сымал окугулары келет. Жоодурай кыялданышат. Менин да билбегендерим, үйрөнчүлөрүм көп экенин жашырбадым. Колдогу алтын деп Пари эжени үлгү туттум. Кыздар «Баса, биздин Пари эже да ушинтип окуган турбайбы» – деп кубанышты.

Пари Кудайбергенова Чоң–Алай өрөөнү боюнча жогорку билимге ээ болгон биринчи карлыгач экен. Азыр ушул Комунист орто мектебинде окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары. Ал киши жөнүндө кеп болуп калганда жердештери — Пари эмес эле Пери, – деп калышат. Анткени, эже өң–түзүлүш, келбет жагынан да, адамгерчилик менен педагогикалык иш жагынан да мактоого татырлык адам. Бирок, жергиликтүү калктын жаман–жакшыны беш манжадай билип туруп, алигиче кыздарын окутууга эмне үчүн каршы экенине таң калам.

Мен педагогдук чыйырдын алгачкы алиппесин ушул Пари эжеден тааныдым же үйрөндүм. Темаларды сааттарга бөлүштүрүү, талапка ылайык план–конспектилерди түзүү жаш мугалим үчүн оор жагдай. Сабак берүүнүн татаал ыкмаларын кылдаттык менен өз ишине сиңирүү да оңой–олтоң иш эмес.

–Мугалим болуп иштеген алгачкы жылым эсимден чыкпайт, – деди Пари эже мугалимдер бөлмөсүндө экөбүз эле калганда. Кулак түрдүм. Мага ынталуу карап алып, сүйлөп атты.

– Ал жылдары сабак берүү менен гана чектелип, окуучулардын жан–дүйнөсүн, психологиясын таанып–билүүнү эсимден чыгарып коюптурмун. Менин түшүнүгүмдө мугалим деген тиешелүү саатын өтүп бүткөндөн кийин кадыр–баркын төмөндөтпөй окуучулардан оолак болуш керек эле. Ачык айтканда, ошол учурдагы пикирим боюнча мугалимге окуучулар даабай, сүрдөп турууга тийиш болчу. Бирок бул катамды акырындык менен сезип, ошондой эле акырындык менен оңдоого кириштим. Оңдоо кыйынга турду. Менден таптакыр окчун болуп калган окуучулар чакырсам да чоочуркай караштьı. Ошондуктан сабактан тышкаркы учурларда да мугалимдик милдетти таза аткарган абзел.

Эженин бул сөздөрүнүн мага да тиешеси бардай туюлду. Окуучулардын жан дүйнөсүнө аралашпасам, ишимден натыйжа чыкпасына ынандым.

*15–сентябрь.*

Түшкө чейинки сабагым бүтүп, мектептен чыксам атка, төөгө боз үй, чатыр, алачык сыяктуу эмеректерин жүктөп, көч келатыптыр. Көзүмө жылуу учурады. Анткени бала чагымда ата-энем малчы болгондуктан, көч арасында эсейгем. Жанымдан өткөн көчтүн ээлери жылмая амандашып, тоолуктардын салтын аныктап атышкансыды. Китептерин колтугуна батыралбай жүдөп, экинчи сменге окууга келаткан бешинчи класстын окуучусу Патилланы токтоттум. Тыпырайган сүйкүмдүү кыз. Сабакты жакшы окуйт. Врач болсом деген тилеги бар.

– Көч кайдан келатат? –дедим кызыга сурап.

– Жайлоодон. – Ошону билбейсизби дегендей жымыңдады.

– Эми кайда барышат? – дедим мен да жылмая.

– Ушул Дарауттагы тамдарына кышташат. Биздин айылдыктар, –Патилла экөбүздү курчай калган класста-штарынан кырдуусуна өзүн салаваттуу кармагысы келди.

– Аа, өзүбүздүн дарауттуктар турбайбы. Жөнөгүлө эми, сабактан кечигесиңер, – дедим окуучуларга. Тапырай чуркап кетишти.

Чоң Алайлыктар жаз көктөмү көтөрүлөөр замат кыш камылгасын көрүп, малын айдап жайлоого чыгат экен. Жайлоодон малын семиртип, карын-карын сары май, кап-кап курут даярдап, отун камдашат тура. Жайлоодон түшкөндөн кийин малынан сатып, данга ооштуруп, тиричиликтерин жөнгө салаарын билдим. Кышкысын курут, сары май катыктаган тамак-аштар топуктуу келип, адамды сууктан, састымоодон сактаарын айтышты.

*17–сентябрь.*

Ай айланып, жыл тегеренбей шаардын шаан-шөкөтүнө болгон сагынычтуу күндөр башталды. Мүмкүн бир кездерде жашоо шарты тажатма сыяктанган ушул учурду да сагынып жүрбөйүн. Бирок, окуучулар менен иштөө айрымда жеке кызыкчылыкты, сагынычты четке сүргөнсүйт. Анткени жасалма мамиле, шек санаган көз караштар жок. Ырас, башка маданий жайларды атабаганда да радионун үнү жетип-жетпей, мал туягын санагандан башка ырахат жоктой көрүнгөн жай чөйрөдө кыйынчылыктар алибетте бар. Жаңылыптырмын деп жол жабыла электе кетип калсам деле болот, бирок намыстанам. Мени бул жерге кыйнап жиберишкен эмес. Суранып, өзүм келбедим беле. Деканыбыз Жунушбаев: «Ойлон. Шаардагы мектептерде калсаң деле болот»–деп эки-үч курдай айткан. Эми ошол жалындаган демилгеңди тепселебе дейм өзүмө–өзүм. Мага берилген уя да жайлуу эмеспи. Ушул сыяктуу күнүмдүк тиричилик менен өзүмдү алаксытам. Бармактай чоюн мешимде арча отун чатырай күйүп атат. Отту биринчи жагышым. Ушул бөлмөнү ыйгарганда Камбаралы ака бир кучак арча отун алып келип, –«Эчкидей үшүкчөөл көрүнөсүң. Жагып тур. Силер үчүн суук башталды» – деп далиске таштаган. Чыгып баратып, – «эки жараңка үйүңдү үч көтөрө ысытат,» – деп эскертип койгон.

Отун демекчи бул жакта негизинен арча, шилби, көң жагылат экен. Булардын ар бир үйдүн жанында дөбөлөнө үйүлүп турганын көргөн киши кыштын катуу болоорун айттырбай сезээри бышык. Отундун кайсы түрү болбосун аны даярдоо жагдайы эр азаматтардын колунан келбесе

оңой–олтоң иш эместигин түшүндүм. Анткени, кууураган шилби, арча жана алардын дүмүрлөрүн адырлардын таштуу, буйтка, булуңдуу жерлеринен же карагандуу чер токойлордун арасынан гана табууга болот дешти. Суу жээгиндеги агындылар быкшый, кара түтүн чачаарын да айтышты. Көпчүлүк үйдө меш жок. Бурчтарында өздөрү каалаган формадагы ачык очоктор бар. Очоктон уюлгуган түтүн кара шыбак боюнча турган үйдүн ички дубалдарын огобетер көөлөрү бышык.

Кечээ Дара токоюнан тышкы очокко жагыш үчүн агынды, чырпык тергени бараткан келиндерге кызыкчылык үчүн мен да кошулдум. Утуру–тетири шуулдай соккон шамалдын агымына моюнсунбай үлбүрөй өскөн, (мурда кезиктирбеген) майда жалбырактуу, жапалак гүлдөрдү көрдүм. Аларды карап туруп Алай өрөөнүнүн жаратылышынын табышмактуу ажайып, сулуулугуна суктанасың. Жайдын толук мезгилин элестеттим. Кыштын узак болоору жүрөгүмдү тызылдаткан менен тамырын бекем жайган жапайы гүлчөлүк жокмунбу деп ойлодум. Келиндер гүлдөрдүн сейрек экенин, жоголуп бараткагын айтышты.

Ошентип, чоюн мешти жалмалай, чатырай күйгөн оттон рахат ала күндөлүк жазып отурам. Менден башкалар от жакты бекен? Жагыша элегин билсем да озүмдөн сурап койдум.

*20–сентябрь.*

Үч-төрт күн мурда төртүнчү сабактан кийин алтынчы сабакты күтүп, мугалимдер бөлмөсүндө отуруп, тышка чыктым. Кудайбак агай короо же аянтка окшобогон чакан тилкеде физкультура сабагын баштап атыптыр. Карап туруп, күлкүм да келди, ээним да кейиди. Он кызга бир шыпыргы карматыптыр. Кыздар кирпикке илинээр чөп-чар же чаң калтырбай шамал тасырайта үйлөп турчу тилкенин кайсы тарабын шыпыраарын билбей, топтошо ара-бери басат. Дарауттуктардан жогорку билимге ээ болгондордун саны беш манжага жетпейт экен. Ошол билмдүүлөрдүн бири физкультура мугалими Муратов Кудайбак. Сабакта

VI класстын окуучулары экен. «Жигиттерди» өзүнчө бөлүптүр.

– Экиден тизилгиле, – деди жай үндө. Бул киши дегеле спорттук кийим кийбесе керек. Окуучулар ыргылжың тизилди. Кудайбак агай сол алаканындагы буурчактай майда шагылдан алып, чүкө аткандай, тизилген окуучуларды көздөй чимирди. Таш катарга бутун түздөбөгөн окуучунун балтырына кадалды.

– Ох–хх, – деп секирген окуучу бутун катарга түздөй койду. Катардагылар бырс-бырс күлдү.

– Катарыңарды бузбай аянтты он айланасыңар, – Кудайбак агайдын үнү чыйрагыраак чыкты.

– Чымылдайлыбы же желелиби? – деди класском.

– Желгиле, – агайдын үнү буйруктуу чыкты. Кыздарга көз кыйыгын салганы менен үндөбөдү.

– Кар бат эле түшсө экен, – деди бир окуучу желип баратып.

– Ооба, мындан көрө кар күрөгөн жакшы, – деди экинчиси, – туз сураган койдой катарга тыгылышпай.

– Мага аркан тартыш жагат, – деди үчүнчүсү.

– Аркан жоголгон, ычкырыңды тартасыңбы, – деди төртүнчүсү.

– Тантыбагыла! – Ачууланган агайдын ташы катардан чыккан окуучунун шыйрагына кадалды.

– Киндик-сандык ойногула, –деди агай жоошугандай,– күчтүүңөргө беш, жармачыңарга эки коём!

– Учту, учту ойнойлу, – деди бир окуучу.

– Качма топ.

– Көз таңмай. – Окуучулар оюндардын атын атап, кыйкырып атты.

– Токтогула, – деди агай саатын карап, – сабак бүттү.

Физкультура сабагы ушул ыкмада гана өтөөрүнө ичим ачышты. Мүмкүн жакыңкы жылда спорттук залы, керектүү шаймандары бар мектеп ачылып, Кудайбак агайдын да, физкультура сабагынын да жылдызы жанаар.

*25–сентябрь.*

Эртеңки болуучу сабактардын расписаниесин карап, мугалимдер бөлмөсүндө отургам. Танаписке коңгуроо кагылып, V класстын окуучусу Насыровду жулкулдата желкелеп биолог Эрназаров кирип келди.

– Ой, деги ушунуку өттү. Сабакта бир мүнөт тынч отурсачы. Андай айтсаң да укпайт, мындай айтсаң да укпайт. Тур ушундай. – Насыровду бурч жакка итерип, мени карады, – Көрдүңүзбү турганын, чиренет.

Мугалим ашыкча кетип аткан соң унчукпадым.

– Ай түрү суук, чөнтөгүңдө алтын барбы, колуңду неге чыгарбайсың? – Эрназаров колтугундагы журналды текчеге коюп, Насыровдун колун жулка тартып, чөнтөгүн аңтарды. Таап алса керек чөнтөгүндө дат баскан кенедей маки бар экен.

– Бул эмне, ыя?! – деди Эрназаров макини көзүнө такап, – Жоопко тартыласың!

– Мына, мени мууздап сал, – Насыров башын артына чалкалата, мойнун созду, –кутуласың. Мууздa.

Анын ушул таптагы көрүнүшү күлкү келээрлик эле. Күлалбадым. Эрназаров делдейди. Ал да жаш мугалим болчу. Тентекти саал коркутуп коёун десе керек.

Кудай жалгап, мугалимдер биринен сала бири кирип, бака–шака түшүп калды.

- И, баягы ашынган Насыров дагы келген экен. Кайран «көзүр». Сенин көзүң тазаланса, мектептин иши оңолот эле, – деди тарбия иштери боюнча иштеген завуч Кийизбаев төр жактагы ордуна өтүп баратып.

- О, дагы беш жыл баш оорутпайбы,–деди тажрыйбалуу аталып, райондогу алдыңкы мугалимдердин катарына кошулган Мукамбетова. Бул киши зоболосун эсинен чыгарбай өзүн дайма салабаттуу тутуп, «насаатын» төгөт. Дагы төктү.

– Мен быйыл ушундан кутулгандыгым үчүн сүйүнүп жүрөм. Төрт жыл мээмди чакты го, чиркин. Тамганы толук таанибайт. Баса, муну тарбиялай турган мына бул жаштар. Окууну жаңыдан бүтүп, күчүн кайда үрөөрүн билбей турган чактары. Методиканын жаңы ыкмалары мына ушуларда. Биз биргадирдин атындай ташыркап

бүттүк. Токтоштун класс жетекчи болгонуна бир ай болду. Классында жакшылык жакка өзгөрүү жок. Баягы тентек балдар тентек боюнча. Иштесин ушулар, үйрөтсүн бизге дагы жаңы иш тажрыйбаларын, – деди мени мыскылдагандай, чолуй карап.

- Эмне турасың? Жогол! – деди Насыровду мугалимдердин бири.

Сабакка кайра кирүүгө коңгуроо кагылып, мен да VI класска кыргыз тил сабагын өтүүгө кирдим. Бирок болуп өткөн окуя көз алдымдан кетпей, сабакты кандай өткөнүмдү да билбей калдым. Ырас, беш жыл окуп, жогорку билимге ээ болдум. Бирок менде Мукамбетова айткандай педагогикалык практикада анча–мынча үйрөнгөндөрүм болбосо эч кандай тажрыйбалуулук же ишмердүүлүк жок эле.

Эртеси кандай пикир айтаар экен деген ой менен Искендеровдун кабинетине кирдим.

– Агай, мүмкүн болсо тажрыйбалуу мугалимдердин сабагына катышып көрбөсөм, иштөө кыйын болчудай, – дедим.

– Абдан жакшы, – Сати агай сунушумду илгиртпей колдоду. – Адегенде менин сабагыма кир. Эртең VIII класста экинчи сабагым бар, ошого кел. Кийинкисин дагы сүйлөшөбүз.

*26–сентябрь.*

Айтмакчы, мен жетектеген 5–класстын окуучуларынын теңине жакыны экинчи жыл ордунда калган жана сабакты начар өздөштүргөн, суу куйду аталган тентектер экен. Бул ыкма «тажрыйбалуу» мугалимдердин демилгеси менен ишке ашып, ал класска класс жетекчиликти мага жең ичинен ыйгарышыптыр. Бүгүн ушул өзүмдүн классыма сабак өтүп, өткөн темага жооп берген окуучуга баа койгончо класс ичи опур-топур түштү.

– Силерге эмне болду? – Отургучтан тура калдым.

– Ти-тиги, – деди бир-экөө экинчи, үчүнчү катардагы парталардын арасын ээк кага. Азимов сулк жатыптыр. Адеп тентектигин карматтыбы деп ойлоп жибердим. Се-

беби ал тентектердин да эркеси. Учуп жетип, колунан кармаласам денеси диртилдей баштады. Ирени көгөрүп кетиптир. Оозунан ак көбүк акты.

– Мугалимдер бөлмөсүндө ким болсо да чакыр, – дедим жанымдагы окуучуга. Окуучулар эшикти беттеп, топурабай, мени бучкактап, тынчып калды. География мугалими Полот келди.

– Мунун талмасы бар, – деп жүүртө басып, отура калып, Азимовдун кайчылаша жоон санына жабышкан буттарын укалады. – Алакандары ачык экен, азыр эсине келет, – деди.

– Ордуңарга отургула, – санаам тына окуучуларга кайрылып, терезени ачтым. Азимов эсине келди.

*28–сентябрь.*

– Жүрү, коргонго кирип чыгалы. Камал ака складын ачыптыр. – Айыке босогону аттап–аттабай ашыга сүйлөдү. – Бүгүндөн калсак ал киши карматпайт. Өскөнбай баргыла деди. Сүйлөшүптүр.

Көз ирмемге эки анжы боло түштүм.

– Окуучулар сочинение жазды эле. Текшерүүчү дептерлеримдин чети оюлбай...

– Азыр эле келебиз. – Айыке көшөрө сүйлөдү. – Бул жакта аба ырайы катаал. Кар тез эле жаайт.

Коргондун эски, оор дарбазасынын түбүндөгү карагай дөңгөчкө ныгырыла отурган эткээл кароолчу каш серпе мыскылдагандай карады. Сыягы силерге не жок дегендей түр көрсөттү.

Камал аканын дүр–дүнүйнөгө карк болуп, баркы көтөрүлүп турган учуру белем. Таңсык товарларга жык толуп, көк жыттанган складдын төр жагында манчыркай, текебер жымырылат. Алик албаса да салам айткан болдук. Шынаарлаша кысынган эки келин болбосо кезектегилер өңчөй эркектер экен. Айыке келиндердин медпункутта иштээрин шыбырады. Дегиңкисин жергиликтүү аялдар, кыз-келиндер соода жайларына бут таштабайт дешкен. Соода-сатыктын майдасынан чоңуна чейин үй-бүлөнүн башчысы эркек жүргүзөт экен.

– Мындан бер,– айылдык кеңештин төрагасы көтөрүңкү маанайда буюрду.

– Жудаа тандадыңыз, – Камал ака бүгүлө түштү. – Нахта жибек. Чоң жерге кетчү товар.– Шуулдата кездеп, төрагага көз кырын таштады. – Канча керек? – Урматтай сурады.

– Үч түрүнөн үч кезден! Эркектердин нейлон көйнөктөрүнөн үчтү кош, үчөө тең ак болсун. Кайындарга барам,–төраганын үнү саал өкүм чыкты.

–Балии–и, кайын-журттан артык чоң жер жок,–сөзүн түзөй купшуңдады,– Бул касиеттүү Чоң Алай жеринин пашаасы Алтын Мазар болсо, кездеменин пашаасы ушул, – ширин палоонун жытын искегендей шилекейин чубуртуп атып, төрагасынын каалаганын берип, өзү айткандай жуда– сонун узатты.

Айыл ичинде окумдуу, маданий чөйрөдөбүз дегендер Камал аканы көргөндө илбериңки учурашып, – «Кампаңыз толсун. Убадаңызды унуткан жоксузбу?» – дегендерине эми түшүндүм. Ошентип бизге да кезек жетти.

- Сизге не керек? – Камал ака колдон суурулган атласты медсестрага суна, жүлжүйө мени тиктеди.

Уурунукундай кылмыйган көзү итиркейимди келтирип, чыгып кетүүгө ыңгайлаштым.

- Бизге пальто керек. – Айыкенин үнү шаңк этти.

- Пальтобу? – Камал ака ойлонгонсуп, чекесин чүрүштүрдү.

– Ооба, пальто, – Айыке тамаша, чыны аралаш, талап коё сүйлөдү. – Кызыбыз Фрунзенин ысыгында ойноп жүргөн боюнча келе бериптир. Ал жактан кийими келгенче өзүңүз билесиз бул жакта кар жаайт. Пальтолор жашикте жата берсе курт жейт.

- Ие–е, де. – Камал ака манчыркай түштү. – Жайдан кийин кыш тураары бышык го, чолпонум! – Акыркы сөздү кыра айтты.

- Ошондой деңизчи, Камал ака. Бирок «бала, баланын иши чала» дегендей институтту бүткөнү болбосо сиздин Гулхандан кандай айырмасы бар. Анын үстүнө пальто издештиргенге сабактан колу бошобойт. Пари эже да ооруп калып, ал кишинин сабагы да мойнунда.

Кызынын атын укканда же Өскөбай математикке берген убадасы менен мектепте окуган балдарын ойлодубу, айтор, Камал ака жумшара түштү.

– Кайсы өлчөмдөгү пальто керек, кышкыбы, күзгүбү? – деди мурчуя.

– Албетте кышкы. Күзгүсү толтура. Өзүңүз эскерткендей босогодо кыш. – Айыке мени карап жылмайып койду.

–Жолуңар болчудай – деди кезектегилердин бирөө сүйүнө, – Камал ака накта асыл буюмдарын сууруп чыкмай болду.

Камал ака дөөлөттүү шашпай кыймылдап, чоң жыгач яшиктин ичинен эки пальтону коштой кармап келип, каалаганыңарды алгыла дегендей прилавкага таштады. Чындыгында экөө тең келишкен пальтолор экен.

– Бизди Москва тике тейлейт. Булар Германиядан алынган лама пальтолор. Фрунзенин жогорку чөйрөдөгү сулуулары кийелек, – деди Камал ака мага көз кырын таштай.

– Рахмат, – дедим унчукпай калбай, колума биринчи урунганы пальтонун пулун берип.

Пальтолуу болгонум менен Камал акага ыраазы болгон жокмун. Анткени, жеке менчигине алгансып, дүкөнгө чыгарылып, элге сатылчу товарларды складка басканы иренжитти. Өгүнү дүкөнчүлөр: «Склад башчысы кетпесе товарга жарыбайбыз. Көмүскө ашыкча баада сатылган товардын акчасын өз наркы боюнча дүкөнгө толук өткөрсө экен.» – деп ич күптүлөрүн күңкүлдөшкөн.

– Ээн жердин бөрүсү,– деди Айыке олжолуу чыкканга бир эсе кубанса, бир эсе наaразы боло. – Айла жоктон кээде күн түшөт.

– Саламдашчу киши эмес экен, – дедим ындыным өчө.

*01–октябрь.*

Улуу Октябрь Социалисттик революциясынын кырк жети жылдыгына карата дарауттуктар үчүн окуучулардын күчү менен концерт даярдоону туура таптым. Мектептин жетекчилиги кубаттап, бирок ишенбей тургандары байкалды. Өзүм деле ичимден кооптондум. Онунчу класстын алдыңкы окуучулары Калдар кыз, Курбаналы Азимов менен

Бакир Сарытаевге кеңеш сала, жардам сурап, пикиримди айтсам илгиртпей кубатташты. Окуучулардын ичинен ырга, бийге шыктууларды топтоону моюндарына алды. Ишти тез, сапаттуу уюштурууну чечтик.

*05–октябрь.*

Көчөдөн жолуккан ар бир алайлык мага түйшүктүү жана боорукердей туюлат. Улуулардын баарына жылмая салам айта берем. Кубана алик алышат. Адамдарга болгон ушул мамилем мүмкүн мени көп жагымсыздыктардан сактаар. Менин бөтөн кебетемди (кийим- кечемди, чачымды) өгөйлөбөй кабылдашат. Мен да ар бири жөнүндө билүүгө куштарланам.

– Саламатсызбы? – Чарба дүкөнүнө баратып, андан чыккан кишиге салам айттым.

– Саламатчылык карындашым, – Токтой калды. – Иштериң кандай?

–Рахмат. Жакшы.

– Кем-карчтар болсо уялбай, эжеңе айтып тур. Жарайбы, – суроолу карады.

– Жарайт.

Башын ийкегилей жолун улады. Дүкөндөн бычак сатып алып, бат эле чыктым. Окуучулардын идеял туткан мугалими, орус тилчи Сыдык Бакашов келатыптыр.

– Тиги киши ким? – дедим чоң жолду көздөй бурула жай басып баратыптыр.

– Курманбай. Пари эженин жолдошу.

Таңкала түштүм.

– Көрүнүшү жупуну болгону менен жандүйнөсү таза киши, – орус тилчи «кантип» деген оюмду илип алгандай сүйлөдү. – Ишенбей атасыңбы?

– Андай деле эмес, – дедим кайпактай, – башкача элестетчүмүн. – Көз отума улуу В.Шекспирдин Отелосу менен Дездомонасы төнө түштү.

*10–октябрь*

Эки күн мурда Дараутка жумуштап келген Жар Башы сегиз жылдык мектебинин мугалими Ыйманкожо менен отун жөнүндө сүйлөшкөм. Себеби, качан отун берет деп мектеп менен

совхоздун дирекциясын күтө берүү ыңгайсыз сезилди. Ыйманкожо: «Жар Башыда отунчу киши бар. Сатылгандан калганы бардыр, суйлөшөйүн» деген. Сүйлөшүптүр. Бүгүн эртең менен келип, унаа да тапканын айтты. Даңкайган жүк тарткан машине экен. Кабинасына отуруп, жөнөп калдык. Дарауттан жогору жакка биринчи чыгышым. Кызыл Суу дарыясынын көпүрөсү жөнөкөйлүгү, кем-карчы менен сүрдүү көрүнсө да Ааламдын алаканында алчактоочудай толкунданып бараттым. Тышкы турпаттары жүдөңкү, байоо жарбашылыктар кабинадан түшөөрүм менен ооздорун ача сустайды. Этибар албадым. Отунчуга учураша сүйлөшүп, айткан акчасын карматаарым менен уулдары отунду машинеге жүктөөгө киришти. Ыйманкожо шашып, сабагына кетти. Жарбашылыктар ордунан жылбай мени дагы эле карап турушту.

– Булар Фрунзеден чоң окууну бүткөн мугалим кыз келет экен. Көрөбүз, учурашабыз деп чогулушкан, – деди отунчу бутумдун башынан төбөмө чейин сыдыра карап.

– Эсенсиздерби? – дедим тургандарга жылмая чукул келип, – Баятан көрдүңүздөр бошобой аттым. Кийимдерим гана башкача. Болбосо силердей элемин. Чоң Алайдын бороон-чапкыны чабалыраак адамды учуруп кетет деп угуп, ушул мык такалуу бут кийим менен эки карыш көйнөктү кийдим эле. Такам жерге сайылып, көйнөгүм далпактабай турса шамал учура албайт да, – дедим. Күлүп атышты. Алардын күлгөнүнө сүйүнүп, мен да күлдүм. Ымалаша түшкөндөй тегерек тарта туруп, аркы-беркини сүйлөштүк.

– Гүлчөгө кайтышым керек. Жүктөп бүтүштү, – деди айдоочу үнүн көтөрүңкү чыгарып. Жаңы таанаштарым менен коштошо баштадым.

– Айланайын, жакшы кыз экенсиң, – деди бир аял сунган колумдан тарта бооруна кысып, чекемден өөп, – Алымдуулугуңдан минтип өз оокатыңды жасап жүрөсүң. Ата-энеңе да жардамдашасыңбы?

– Жардамдашам, – дедим ата- энеме бир дем алыш мурда посылка жибергениме ичимден ыраазы болуп.

– Кийимдериң бизге өөн учураса да чочубай калдык. Бир гана чоң кемчилигиң чачыңды кырктырып коюптурсуң, – деди аял.

– Өстүрөм, – дедим.

– Ошент, – деди кубана.

Жаңы тааныштарым биринен сала бири мейманга чакырышты. Жылуу коштоштук. Чачымды институттан Лейлек районун тандап алгандан кийин, айрым ээнбаштардан өзүмдү коргош үчүн кестиргем. Кыскасы биздин улуттан чач кестиргендер жокко эсе.

Кабинада келатып, негедир ыйлагым келди. Өзүмдү-өзүм түшүнгөнүм жок. Дарауттан анча-мынча эле чакырым алысыраак айыл, маданий жана социалдык жактан, дарауттуктардан бир топ төмөн экенин сезилди. Дараутту Чоң Алайдын борбору деп айтышканы тегин эмес тура.

Интернатка чукул келгенибизде мектептин тегерегинде жүргөн окуучулар кабинадан мени көрүп, машине токтоор замат чуркап келишти. Отунду бат эле түшүрүштү. Өз ара шыбыраша, бири үйүнөн балта, бири араа алып келип, отунду жакканга ылайыктай ырасташты. Ордун такташып, далистин сол жакы бош бурчуна тыпыйта жыйнап коюшту. жыйнап коюшту. Тышка кар басып, алып жагуга оорчулук болоорун айтышты.

Окуучуларым менен кошо шатыра-шатман түшө отун жыйып, көңүлүм көтөрүлдү.

*15– октябрь.*

Дүкөнгө барсам нан жок экен.

– Жүрөгой, нанды мен берем, – деди туз сатып алып аткан аял. Дүкөнгө кирип, соода жасаганына караганда байы же уулдары жок экенин болжодум.

– Кечээ Талдыкка (ашуу) кар оор түшүп, жол жабылыптыр,–деди аял дүкөнчүгө карап,–Сарык Моңолдогу күйөө балам келип кетти. – Мага жүз бурду,– Нан көпкө болбойт. Жыл сайын ушундай.

– Туура, жол ачылганча бөлкөнү көрбөйбүз, – дүкөнчү аялдын сөзүн ырастады.

– Жүрөгой, – аял чыгып баратып, мага кылчайды. Жолдун жабылаарын мурдатан угуп жүрсөм да ишенип-ишенбей, «али эрте го»–деген ойдо эки анжы болуп тургам. Кыйыла ээрчий бастым.

– Атым Аксаамай, – деди аял, – бүлөм чакан. Уулум армияда. Кызым турмушта. Көп болсо казанга жапкан нандан бир-эки күндө бирди жээрсиң. Уялбай алып тур.

– Макул, – дедим пейилине ыраазы болуп. Эшигинин кулпу салчу шакекчесине жыгач кыстарып коюптур. Аны алып, каалганын баш жагына, кашектин үстүнө койду.

–Минтип бекитип койбосом, шамаал жүрсө эшик ачылып, ит-мышык үй ичин жойлоп кетеби деп чочуйм,–бекиткендиги үчүн уяла жылмайды.

Үйүнө кирдик. Үйүнүн ичи көпчүлүк үйлөр сымал ыш жыттанат. Очоктогу оттун чогун суу сээп өчүрсө керек, көмүрү ным тарта карарып жатат. Көмүрдү тегерете, апакай чай чыныдан төртү күлгө көмкөрүп коюптур. Бул кандай ырымы деген ойдо чыныларга карегим байлана түштү.

–Эки күн мурда көң жыйнап атсам таар машине келип токтоп, андан сомодой төрт жигит чыкты. Саламдашты. Жанагы,–чекесин чүрүштүрө тына калды,– атын унутуп койдум, ичимдик дегенин куюп иччү идишти сурашты.

– Стакан.

– Ийе, ошо. Жергиликтүүлөр андайды кармабайт, жок дедим. «Чак менен Кара Тейит мектебинде иштөчүбүз. Жашоо оор экен, көздөп келген көп маянадан ашакечтик. Кетип баратабыз. Билесиз, жол алыс. Жериңизден кечирим сурап коштошолу. Машинени досубуз Гүлчөдөн атайын биз үчүн айдатып келди. Сизге мейманбыз» – дешти. Кысылып туруп ушул төрт пияланы үйдөн алып чыгып бердим. Үчөө ичти. Алар кеткен соң күлдөп жуудум. Анан үч күн жатып адалдансын деп күлгө көмкөрүп койдум. Ой, бабырап жибердим. Отурчу, атала ичели, –челектин оозуна жабылган суулукту ала койду.

– Рахмат апа, азыр сабагым башталмак, кечикпесем экен деп тынчсызданып атам, – дедим.

– А катыгүн, сени кармап бабырай бериптирмин да, – текчедеги баштыгынан бир нанды ала коюп, кармата салды.

– Мындан кийин сизден нан алып турайын, – дедим да бир сом сундум. Дүкөндөгү бөлкө сегиз, тегерек чоңу жыйырма тыйындан ашпайт. Аксаамай апаны жупуну турмушу үчүн аядым.

– Кокуй, бул эмнең?! – деди чочуй, – бизде нан менен ак сатылбайт.

– Нан үчүн эмес, эмгегиңиз үчүн. Эмгекти баалоо милдет,– – дедим.

– Мурдакы ырым-жырымдардын баары өзгөрүп атпайбы, – деди ойлуу, – ким билет, мүмкүн айтканың туурадыр.

Апанын үйүнөн жайдарылана чыкканым менен жүрөгүм ачыша бетим дуулдады. Алибетте, апа менен түзүлгөн алгачкы байланышым үчүн эмес, акча үчүн келген алиги мугалимдер үчүн сындым. Бул жакта эмгектенгендердин маянасына канча бир пайыз кошулаарын келген соң билгем. Бирок, актангансып, акча кубалап келбегендигимди эч кимге айтпадым.

*05–ноябрь.*

Курбаналы, Бакир, Калдар төртөөбүздүн аракетибиздин жыйынтыгы бүгүн чыкты. Совхоздун клубуна коюлган майрамдык концертибиз жакшы өттү. Концертке совхоздун деректири баштаган активдер келди. Концерттин аягында деректир окуучулардын арасында таланттуулар бар экенине кубанганын айтты. Ырдаган кыздардын костюмдары мыкты экенин баса белгиледи. (Өзүмдүн майрамдык кийимдеримди кийгизгем.) Аккардеонду жакшы ойноорумду айтканда уялганымдан бетим тултуюп, жонумдан тер кетти. Анткени ырдагандарды эптеп коштогонум болбосо жакшы ойной албайм. Клубка жыкжыйма толгон эл бизди алкап атты. Курбаналы менен Бакир өздөрүн бийик чокуда тургандай сезди. Жакшы сөзгө шыктанган биз дагы бир концерт даярдоо жөнүндө сүйлөштүк.

*11–ноябрь.*

Үйдөн посылка алдым. Посылканы басканы олуттуу олбурлуу, кабак астынан караган, орто жаштагы киши алып келди.

– Токтош сенсиңби? – Мугалимдер бөлмөсүнө кире сала өктөм сурап, мугалимдерге салам айтты.

– Ооба, менмин, – тура калдым. Окуучулардын жат жазуусун текшерип отургам.

– Муну сага Гүлчөдөн бери алып келатам, – деди посылканы столдун четине коюп, – кызы ата-энең жиберген го.

– Сизге чоң ырахмат! – Колум өзүнөн-өзү посылканы сылап-сыйпап жиберди. Уяла түштүм, бирок ата-энемдин жыты искелгендей жаадырадым.

– Гүлчөнүн почтосуна жумушум менен кирсем, башчысы жол буулгандыктан посылканын жыйырма жети күндөн бери жатканын айтып наалыды. Ой, мен Дараутка совхоздун техникасына керектүү шаймандарды жүктөп, ЗИЛ менен баратам. Бер, ээсине тапшырам дедим,– тыштан улам кирген мугалимдердин саламын да баш ийкей кабылдап атты, – тапшырдым, эми кайтайын. – Бурула басты.

– Жакшы барыңыз, – мугалимдер урмат көрсөтө карады. Мен узатып чыктым. Кезиккендер да ал кишиге ийиле учурашып атты. ЗИЛин мектептен окчунураак токтотуптур. Жүгүн түшүрелек экен, айдап кетти.

– Сага ким посылка алып келгенин билесиңби? – Шарипа эже кызыга сурады.

– Билбейм,–дедим.

– Бул киши Курманжан датканын небереси, – ызааттай айтты. Ушундан улам алай элинин өткөн тарыхты өзгөчө урматтаарын түшүндүм. Посылкада энем өз колу менен тиккен кочкул жашыл баркыт тышталган ак көрпө ичик, тыбыт жоолук бар экен.

*10–декабрь.*

–Сизге Ташкенттен келиптир,–почточу киши артымдан жете келип, көгүш конвертти сунду.

– Ташкенттен бекен? –таң кала да кооптоно конвертти ыкчам алып, чуркаган боюнча бөлмөмө кирдим. «Табып айтты»– деген сөздөр эсиме түшүп, оюм талаалады. Ичимден «аман болсо экен» деп ойлоп, эшикти шаша жаптым. Көзүмө тамгаларын шурудай тизип, таза жазган Б. Жээнчороевдин (аты, фамилясы өзгөртүлдү) сочинениеси элестеди. Мындан эки ай мурда V класстын окуучуларына үйдөн жазып келүү үчүн «Биздин үй–бүлө» деген темада үй сочинениесин тапшыргам. Эки күндөн кийин класском Токтосунов додолонгон дептерлерди мага берген. Кээ бир окуучулардын сочинениеси дептердин бир бетине толбосо, кээ биреөлөрүнүкү үч–төрт бетке чейин барган. Көңүлүмдү өзгөчө бурган Бекиштин сочинениеси болду.

«Үйгө барганда эртеңки сабакка даярдангандан айбыгам, – деп баштаптыр ал сочинениесин. – Себеби, Нурдин

маңдайыма отуруп алып, кыжырдангандай карайт. Анан менден: «Эмне деген китепти окуп жатасың?» – дейт.

– Физика, адабият, же орус тил, – дейм доошумду акырын чыгарып.

– Анда эмнелер жөнүндө жазат? – дейт ал. Мен түшүндүрө баштайм. Бирок ушунубузду атам же апам угуп калса анда бизде күн жок.

«Э, жубарымбек, – дейт апам, – Окусаң өзүң окуй бербейсиңби, ыя? Баланын башын айландырбай.»

Анан экөбүздү эки бөлмөгө камап коёт. Нурдинди билбейм, менин ичим ачышып, анын манжаларын сенек кылып койгон кудайды каргай берем. Аны апам төрөлгөндө эле майпар болчу дейт. Окуган сабактарым да эсимден чыгат. Бүткүл оюм ал жөнүндө болуп калат. Нурдин менден эки жаш улуу. Эгер окуса VII класс болмок. Мен 1–класска киргенде аны да окусун деп мектептен мугалимдер келген. Бирок атам менен апам макул болгон эмес. «Табыпка дем салдырып жатабыз, жакшы болсо барар мектебиңерге» деп коюшкан. Нурдин көңүлү ачык боло калган күндөрдө: «Менин атым кандай жазылат, ыя?» – деп калат. Колумдан келишинче сулуулап жазып берем. Ал аны көпкө тиктеп отурат да:

«Өткөндө мындай эмес эле го?» – дейт.

Көрсө тамгаларды көркөм болсун деп жатып, ар күнү ар башкача жаза берсем керек. Кээде Нурдин байкемди мектепте окуп жүргөндөй элестетем. Ал окуунун отличниги. Сборлордо, салтанаттуу линейкаларда чыгып сүйлөйт. Өз классын даңктайт. Бирок азыр ал катардагы бөлмөдө бүк түшүп ыйлап жатканын ойлогонумда менин да окугум келбей, маңдайымдагы китептерди жек көрөм. Эмне үчүн мен дагы бир жеримден майып болуп калбадым экен деп өкүнөм.»

Сочинениеси мени өзгөчө ойго салды. Көз алдымдан муңдуу, майып баланын элеси кетпей тынчымды алды. Мугалимдердин: «Мейлиң барып көр. Бизден көңүлүң калбасын. Ата-энесине нечен курдай барып, түшүндүрө берип тажаганбыз», – деген сөздөрүнө ынансам да Бекишти ээрчип, алардын үйүнө бардым.

- Жок, болбойт, – деди апасы менин Нурдинди окутуу жөнүндөгү оюмду угаар замат. – Белдүү табыпка көрсөткөнбүз. Ал киши баланы окутуп кыйнасаңар башына доо кетиши мүмкүн деген. Анда биротоло жинди болуп калат. Догдурлар да келеберчү болду. Сакайышы бир кудайдын колунда, – деп таптакыр мойноп койду. Айылдык врачтарга сүйлөшсөм: «Ташкенттеги санаториядан сакайышы мүмкүн экен. Ушул айдын аягында жөнөтөбүз. Ата-энесин эпке келтиребиз»– дешкен. Кат ошол Нурдинден келиптир. Ата-энесине бир жолукканым болбосо, алибетте эмгегим өткөн эмес. Бирок сүйүндүм. Катты тарбиячысы орусча жазыптыр. Мааниси:

«Санаторияда абдан көңүлдүү. Кашыкты өзүм кармап, тамакты өзүм иче баштадым. Тамгалардан таанып калдым. Энеме, атама, Бекишке менден салам айтып коюңуз.»

*15–декабрь.*

Мугалимдердин жалпы чогулушу болду. Күн тартибинде эки маселе бар экен. Биринчиси, биринчи жарым жылдыкты ийгиликтүү аяктоо милдеттери. Экинчиси, кышкы каникул учурунда сабактан жетишпеген окуучулар менен күнүнө бир-эки сааттан иштөө.

Экинчи маселе биринчи маселе менен эле катар чечилип калаарын тажрыйбалуу мугалимдердин жарыш сөзгө чыгып, сүйлөгөндөрүнөн түшүндүм. Алар өздөрү өткөн сабактар боюнча начар окуган, тактай айтканда чейрегинен «2» чыкчу окуучу жок экенин сайрашты. Жандарын үрөп окутуп аткан соң, берген билимидерин начар аталган окуучу да толук «үчкө» өздөштүрөөрүн тайсалдабай тастыкташты. Ошентип начар окуган окуучу да, жеткиликтүү сабак өтпөгөн мугалим да жок болуп чыкты.

Деректир жыйынтык сөзүндө биринчи жарым жылдык жакшы аяктаарына кубанганын айтты. Ошондой болсо да айрым окуучуларга назар салуу зарылдыгын эскертти.

Жыйналыш бүттү. Бирок айрым мугалимдердин Насыров сыяктуу, өздөрү айткандай, «тамга таныбаган дөдөйлөрдү»– «калкалаганына» таң калдым. Өпкөлөп аты-

шты. Өздөрүнө жеңилдик издеп, "үч" деген бааны коё беришээрине толук ишендим. Бул ыкманы четке сүрүү зарылдыгын ойлоно баштадым.

*20–декабрь.*

Бүгүн шаарда иштөө үчүн калган курбумдан кат алдым. Ал: «Өзүң билесиң окууну бүткөнүбүзгө жыл ортосу болсо да оюмдагыдай, абройлуу иш табылбайт. Мугалимдикке же анча–мынчага баргым келбейт. Зеригип бүттүм» деп жазыптыр. Студент кезинде: «Айылга барсам жапайыларга окшоп жок болом» дечү. Тамашадай кабыл алчумун. Азыр анын ушул сөзүнө да, ошондогу өзүмдүн эңөөлүгүмө да күлдүм. Катынын аяк жагында: «Ишиң майдай болгондо да Чоң–Алайда кантип жүрөсүң? Жардам керек болсо кат жаз» дептир. Мага боору ооруганын да унутпаптыр. Дагы күлкүм келди. Ага кат жазып убара болгончо, эртеңки сабакка даярданып, окуучулардын сочинениесин текшерейин деп чечтим.

*30–декабрь.*

Жаңы жылдык балатыны коюш үчүн мектептеги кенен аталган класстын парталарын башка класстарга ооштурдук. Балатыны бир топ кыйынчылык менен тоодон алдырганын С.Искендеров ширесин чыгара айтты. Камбаралы аксакал баш болуп, балатыны класстын так ортосуна орнотушту. Балаты бийик болбосо да бутактары кол менен жасагандай тегиз, жыш эле.

– Эми шөкөттөй бер, – деди Искендеров мени жылмая карап,– балаты болобу деп түшүмдө да сурадың.

Тургандар күлүп жиберди. Бетим дуулдап, тултуя түшкөнсүдү. Адеп деректир, анан ал кишинин артынан акырындап баары чыгып кетти. Мектепте оюнчук жок экенин түшүндүм. Дүкөндө жаңы жылдык оюнчуктар сатылбайт экен. Ойлоно, ойлоно аптекага жөнөдүм. Аптекарь бүгүн эртерээк турса керек, ачык экен. Беш кез даки, беш жүз граммдан престелген эки ором пахта алдым. Акчасын төлөдүм.

–Той бересизби? – Аптекарь кошо чыкчудай камына, чылпагы сүртүлбөгөн көгүш көзүн сүзө мылжыйды.

– Ооба. Эртең мененки саат алтыда бетиңди самындап жууп алып, башкы врачтын кабинетине бар. Тойго чакырылгандар ошол кабинетке чогулат. Кассаңды чогулт, –деп чыгып кеттим. Айрымда жолумдан чыгып: «Деги качан бошойсуз?» – деп туурула кесилген жаагын тырмалап калат. Жергиликтүүлөр «аркалык» атап, жактырбай тергешет.

Дүкөнгө кирип, сыя соргучтары кызыл, көк, сары, жашыл түстөгү жыйырма дептер, ийне, жип алдым. Балаты коюлган класска башталгыч класстардын орус тил мугалими Шарипа эже, пионер вожатый Бурулкан дагы эки-үч мугалим келип, сүйлөшүп турушуптур. Шарипа эже С. Искендеровдун жубайы. Жакшы адам.

– Тумардай бапестеген оюнчуктарымды алып келдим, – деди жаркылдай сүйлөп, колундагы жыгач кутучаны терезенин астыңкы тактайына коюп. Тегеректей түштүк. Ар бири өзүнчө чүпөрөккө оролгон ай жана жылдыз формасындагы беш–алты жалтырак оюнчук экен. Кубанып жаттык.

– Дараут боюнча жалгыз ёлка ушул. Ошондуктан муну көрүш үчүн ата-энелер да келет. Оюнчуктарды Саты агайыңар үч жыл мурда Фрунзеден алып келген. Ошондон бери пайдаланууга мүмкүнчүлүк болбоду. Эми учуру келди, балдардын көзү кубансын.

Шарипа эженин сөзүн кубаттай балатыны жасалгалоого кириштик. Пахтадан үзүп-үзүп жипке тизип, терезе айнектерине, шыпка, балатыга илип, самралай жааган кардын элесин бердик. Балатынын түбүнө дакиден күрткү жасадык. Сыя соргучтардан ар кандай гүлдөрдү, оймолорду жасадык. Ушуларды балатыга илген соң Шарипа эженин оюнчуктарын урунттуу жерлерге бажырайта жайгаштырдык. Дубалдын үч капшытына атлас ленталар менен «Жаңы 1965–жылыңар кут болсун!» деп жаздык. Математик Өскөнбай аяз ата болоорун айтты. Ураа–а дедик.

*1965–жыл, 05–январь.*

Окуучулар каникулга тарагандан бери мугалимдер мектепке кезектеше кирип–чыгып калды. Мен «Мен да сагындым», «Качкан жылдар» аттуу аңгемелерди жаздым.

Буга чейинки жазган аңгеме, ырларымды жана тарткан сүрөттөрүмдү өрттөп таштадым. Кайра оңдогондон көрө жаңысын жазган жакшы деп ойлодум.

*07–январь.*

Класстарыбызды бүгүн түшкө чейин мугалимдер айткандай, «тилибиз менен жалап», мизилдете жууп-тазалаган соң пионер вожатый Бурулканды конокко чакырдым. Кичи Алайдан. Туугандары менен жашайт. Орто мектепти бүтүптүр. Ошондуктан иш боюнча өзү деле пионерге өтөм деп даярданып жүргөн октябряттай. Жогорку билимдүү болгусу келет. Ичинде кири жок баёлугун жактырам. Чечиле сүйлөшүп, чер жаздык.

*08–январь.*

Кар бороонго аралаш уйгу-туйгу түшө, бурганактай жаап жатат. Бороон тыныга калгансыйт да заматта жаңы карды чимирилте куюндатат. Куюн түркүн кубулушта, түркүн сүрөт тартат. Бирде сүрөт жомоктордогу ханышаны көркөм, сулуу элесин чагылдырат. Бирде күмүш соот кийген жоокердин турпатын туйлатат. Кайра чимириле аппак бугуну закымдатат. Бирде сүрөт саманчынын жолундай көөшүй жайылат. Алыстайт. Жакындайт. Ириминде тоо, талаа куюлушуп кеткенсийт. Асман, жердин ортосу бир карыштай сезилет. Бул карекке илинип-илинбеген түркүн сүрөттү көрүш үчүн атайын даярдык көрөм. Бүгүн да бөлмөмдөн капшыя кийинип чыгып, интернат имаратынын жаракасын тиреткен пакса тиркеме менен негизги дубалдын колтукчасына бардым. Колтукча болбосо, бороон чимирген куюн кулак түбүмдөн «жагалданбай», мени да кар бүртүгүндөй шыпырып кетмек. Мындай учурда көчөдөн жан көрүнбөйт. Дүкөндөр да бек болот. Бирок чыгармачылыктагы адамдын күнү туушу ыктымал. Усталар көөрүкканасынан чыкпай ырахаттана узанаар. Энелер кыздарына сеп даярдаар. Кыз-келиндер курак курап, сайма сайаар. Жигиттер ат жабдыктарын жаңылаар. Айтор менин кыялым дагы куюн менен кошо чимирилип карга, гүлгө айлана берем.

*13–январь.*

Суу алганы чыккам. Бир келин тизесине чейин күрткү кечип, коргондун жырылган урандысындагы карды калагы менен шилеп атыптыр. Кудай жалгап, бороон–шамал жок эле. Саламдаша токтодум.

– Жардамдашайынбы? – Аны көздөй кадам шилтедим.

– Жок, – деди келин, – бир кеседей эле тупурак керек.

– Аны эмне кыласыз? – Кызыга сурадым.

– Кайыненемдин буту ооруп атат. Ысытып туруп, таманына басыш керек экен.

– Айыктырабы?

– Кайыненем жаш чагында да азыркыдай сыркоолоп, ушул касиеттүү коргондун тупурагынан сакайыптыр.

– Шыпаасы тийсин, – дедим да Дараны көздөй бастым.

– Өзөндөгү суу алчу оюкка муз тоңуптур. Эмеле Чырмаш ака талкалап, тазалап кетти, –деди келин,–азырынча бүтөлбөйт.

–Чырмаш акага ырахмат,–дедим сүйүнө. Бир ууртам да суум жок болчу.

Кылымдарды башынан кечирген коргон жөнүндө түркүн уламыштар бар экен. Биринде (Орус Каранын айтымы боюнча) он сегизинчи кылымдын башында Чоң Алай өрөөнүнөн Сыдык бий – баатыр чыгып, ушул коргонду салдырыптыр. Максаты, жамаатташ мамлекеттерден баймабай жүрүш жасаган талоончулардын мизин кайтаруу экен. (Кийинчерээк дагы бир Сыдык атту киши коргонду өз кызыкчылыгына пайдаланган экен.) Коргондун төрт бурчундагы бийик шакекчеде (мунарада) жигиттер күзөттө туруптур дешет. Сыдык баатыр коргондун коопсуздугун бекемдөө үчүн тышынан курчай, тереңдиги жана эни эки кезден аңгек (канал) каздырып, ага суу толтуртуп койчу экен. Азыр курчама каналдын арыкчаланган нугу жатат. Коргондун ичинде баатырдын турак-жайы жана кампалар болгон экен. Кампаларда жоокердикке тиешелүү курал-жарактар, азык-түлүктөр сакталыптыр. Кампалар азыр да өз милдетин өтөйт. Болгону сакчылар мунарада эмес, дарбазанын жанында отурат. Мурда мунарада турган күзөтчү жигиттер шектүү жүрүш жасагандарды кармап, Сыдык бийге кабар-

лашкан дешет. Негизи элдин тынчтыгын сактап, кыз–келиндерди зомбулуктан коргогонун айтышат карыялар. Себеби Сыдык бийдин кызы да уурдалган экен. Өз заманында коргондун мунараларында ак түстөгү асабалар коюлуптур дешет. Коргонду айланчыктап туруууга тыйуу салынганын айтышат. Ошондуктан Дароо Өт коргону аталган экен.

Марча түспөл пакса дубал коргондун топурагында кандай касиет бар деп ойлодум. Бирок оюмдун жыйынтыгы чыкпады.

*05–февраль.*

Чаңырган бороондун үнү Ааламдагы кокустуктардан кабар бергенсийт. Тилин түшүнчүдөй тыңшай калам. Бирок, тыңшоодон кулак тажайт. Себеби ач карышкырдай уулуп-уңшуйт. Эшик, терезени тытат. Ыйлайт. Каткырат. Асманды азуусунда чайнап чачып жиберчүдөй сапырылат. Созула бураңдайт. Касаба, күрткүлөрдүн берметтей чачылышын каалайт. Тим эле жазыла элек поэзия.

Сабак өтүп атып, ушул сулуулукка терезе аркылуу суктана калып аттым. Окуучулардын кулагы менде. Түшүмдүү тынчтыкты буза каалга шарт ачылып, бейтааныш киши шуулдай кирди. Артында деректир менен дагы эки чоочун бар экен.

– Эмне үчүн ушундай кир мектепте сабак өтүүдөсүң? – деди биринчи кирген киши атырыла сурап.

–Аймактын шартындагы жакшы мектеп. Кир да эмес, – дедим.

–Жакшыны тааптырсын. Шыпты, булуң-бурчту көрбөйсүңбү?!– Үтүрөңдөй зирпилдеди. Унчукпадым. – Класс кир экенин сиз да көрбөй турасызбы?!–Деректирге олунду.

– Сабакты токтотууга же тоскоолдук кылууга эч кимдин акысы жок,–дедим шөлпөйө түшкөн деректирге ичим ачый.

– Дагы сүйлөшөбүз. Иш бул боюнча калбайт. Мугалимдерди ордуна коюш керек.– Мени зекий карап, кандай кирсе ошондой чыгып кетти. Директор чыгып баратып, мени кылчая карап койду. Жүзүнөн айтышпачы деген өтүнүчтү туйдум.

–Текшерүүчүнү райондук жетекчилер коштоп жүрүптүр, – деди Сати агай танапис мезгилинде мугалимдерди чогулта калып, –совхоздун деректирин кошуп алышып, кыштоодогу малчыларды кыдырып кетишти. «Класстарыңар мох экен» – деп бүрсүгүнү бизге кайрылаарын айтты. Актайлы.

Мугалимдер тунжурай Сати агайды элтейе тиктешти. Ыңгайсыз паузаны тарыхчы Зуура бузду.

– Ушул суукта кантип актайбыз? Материал да жоктур.

– Сабак үзгүлтүккө учурайбы? – Мугалимдер биринен сала бири тарыхчыны коштоду.

– Класстар таптаза. Мохту кайдан көрүптүр?

– Кайдан келген текшерүүчү экен?

– Сабакка кирип келип, окуучулардын көз алдында үксөңдөйт!

– Чш–шш, чуулдабагыла, – деректир сактана сүйлөдү, – кандай ыкмада болсо да айтканын аткарууга тийишпиз. «Чалкан» журналынан экен. Чагым жасап, чагып кетсе бүт Кыргызстанга уят болобуз. Камбаралыда жайкыдан кичине акиташ калыптыр. Ошону менен босоголорду, мештердин от жаккан капталдарын актап коёлу. Сабак үзгүлтүккө учурабайт. Кенедей нерсе үчүн республикага чуу салбайлы.

Ошентип, параллель класстарды бир класска бириктирип сабак өтүп, терезе айнектерин жууп, актоо иштерин жүргүздүк. Тышка коё койгон чакадагы суу тоңуп турган учур эле.

*08–февраль.*

Текшерүүчү түштөн кийин келди. Чогулуш өткөрмөй болуптур. Баарыбыз чогулдук.

–Чоң Алайдын суугу Сибирдикинен күчтүү экен, – деди текшерүүчү. – Гүлчөдөн кийинтишпегенде тоңуп калмакмын. (Тон, тумак, кийиз өтүк кийип жүргөн.) Малчы байкуштардын жашаган жайы начар экен. Айрымдарында ун, айрымдарында отун жетишсиз, – күпүлдөй сүйлөдү, – Совхоздун деректири жайлы жайлай эшек такалабай камсыздаш керек эле. Эми уйкудан чочуп ойгонуп, кечээтен бери

баарын камсыздап жатат. Кандай камсыздаганын эртең кайрадан кыдырып көрөм. Силер да шыпыргыңарды жуупсуңар. Азыр сабагыңарга кирем. Кандай мугалим экениңер тастыкталат. Начарлардын кереги жок! – Баарыбызды сыдыра тиктеди. – Чогулуш бүттү,–столду алаканы менен тарс чаап, чыгып кетти. Биз да чыктык. Сабагы барлар мугалимдер бөлмөсүн көздөй бастык.

– Өзгөчө жаш мугалимдердин сабагына кирем,–деди далисте келатып, жанындагы Сати агайга бакылдай. Сати агай мени жалт карады.

– Менин сабагым сегизинчи класста, – дедим, – кире бериңиздер.

– Канча жылдан бери бала окутасың?– Мугалимдигимден күмөн санагандай сурады.

– Ушул окуу жылынан баштадым.

– Жогорку билимдүү, – деди Сати агай.– Институтту бүтүп эле бизге келди.

– Мукамбеткалый агай ордундабы? – Кызыга сурадым. Себеби журналдын жайкы бир санында фамилясы жок болчу.

– Ал ким эле? – Мени жактырбай үстүртөн карады.

– «Чалкандын» жооптуу секретары Турсуналиевчи, – дедим тактай.

– Ой, – колун ыкчам серпип, билегиндеги саатына үңүлдү, – малчылардын бирине бармакмын. Совхоз директири баш болуп, баары ошол жерден күтмөк, – эшикти беттей ыкчам басты. Чыгаары менен шофёр сүйүнгөндөй машинесинин эшигин ача койду.

– Кызык киши экен, – деди Сати агай машинени узата карап, – аты-жөнүн да айта элек. Бул жактагыларды «Чалкан» журналынын кайсы бетине чыгараарынан өйдө тастыктап атат.

М.Турсуналиевди сураганым ал киши институтка келген. Адабий ийриминдеги студенттерди чогултуп, учурдун кемчилигин камтыган, курч макалала жана ырларды жазып, журналга берүүбүздү өтүнгөн. Азыр аны айтуунун орду жоктой туюлду. Эки анжы боло түштүм. Сабакка кирүүгө коңгуроо кагылды.

*13–февраль.*

Интернатта жаткан Айзада кыз келди бөлмөмө. Жүзү албырып, көңүлдүү экен.

– Сизден жардам керек болуп жатат, – деди карегi чачырай.

– Кел мындай отур, – столдун экинчи капшытындагы орундукту көрсөттүм. Жат жазууларды текшерип жаткам. –Кандай жардам? Айтагой.

– Кат жазыш керек болду, – саал ыңгайсызданды.

– Эмне кат? Кимге жазыш керек? – дедим эмнеге тата-алдантат деген ойдо.

– Мен... Мен – мукактана түштү,– бир жигитке жазат элем, – жер тиктеди.

– Жигиткеби? – Ойлоно түшүп сурадым. – Мага таанышпы?

– Жок, сиз таанЫбайсыз, Сарык Моңолдук.

– Окуйбу же иштейби?

– Иштейт. Айылдык клубдун башчысы.

– Окууңду улантkың келбейби?

– Жаман окуйм да,–жер тиктеди.

– Айтканың чын, – дедим көңүл улагым келбей, – бирок, курска барып, чач тарач, ашпоз, тигүүчүлүк кесиптердин бирине ээ болсоң жакшы эмеспи.

Унчукпады.

–Ата-энелер кудалашты беле? – дедим эч кандай адистикке кызыкпасына көзүм жете.

– Алар менин жообумду күтүүдө, – жандана түштү, – жигитке макулдугумду билгизсем, окуу аяктаар замат той түшөт. Жигит катты ушинтип жазыптыр.

– Айзада, мен сен болуп сүйлөй албайм да ошондуктан, жигитке оюңду өзүң билдир. Кандай билдиресиң, келечек үчүн эмнени айткың келет, ошолорду бир баракка жаз. Мен каталарын оңдоп, көркөмдөп берем. Көчүрүп жазып, жөнөтүп жибересиң. Мүмкүн эки-үч ирет көчүрөсүң.

– Макул, – деди жылмайып. – Эч кимге атпасаңыз? – Чыгып баратып өтүндү.

*15–февраль.*

«Текшерүүчү чалканчынын» түрмөдөн чыккан, эч жерде иштебеген аферист, зайпана экенин уктук. Келгендегисиндей эле алаканга салына кайтып баратып, Гүлчөдөн булганыч иш жасап, торго түшүптүр. Аты-жөнү Исмаилов Касен экен.

*23–февраль.*

Эл бар жерде адам зерикпейт. Күндө бир жаңылык болуп турат. Жаңылыктардын ичинен орчундуу деп эсептегенимди гана күндөлүккө түшүрөм.

Бул күн жергиликтүү калк үчүн башынан эле мааниге анча ээ эмес экен. «Ата Журтту коргоо уул баланын жаны менен кошо жаралган жигиттик парзы. Алмустактан келаткан жөрөлгө экени талашсыз. Эл тынч болсо күндө майрам»– дешти. Ошентсе да санаалаштарыма, окуучуларыма куттук айттым. Окуучуларым эр жете түшкөндөй кубанды. Аларды карап туруп, мен да кубандым.

*02–март.*

«Чалканчыдан» кийин Чоң Алай өрөөнүндө орчундуу жаңылык болду. Кыргызстан Лениндик Жаштар союзунун Борбордук Комитетинин биринчи секретары Сагын Наматбаев келди. «Ысык сүткө оозун күйгүзүп алып, айранды үйлөп ичет» болуп, райондук жетекчилер С. Наматбаевдин күбөлөндүрмө документин, паспортун жудаа–аа текшериптир. «Чалканчыдай» сууктан коргоп ичик, тон кийгизбептир. Мүмкүн С. Наматбаев өзү каалабагандыр. Жапаландай коштогондору да жок экен. Алардын «камкордугунан» да Сагын агай баш тартса керек деп ойлодум. Ушундай болуш керек. Жергиликтүү калк бир нече жылдан бери республикалык маанайдагы жетекчилерден эч ким келбегенин айтышты. Унутта калбагандыктары үчүн С.Наматбаев аркылуу мамлекет башчысына ыраазылыктарын билдиришти. Деги алайлыктар мамлекеттин чөнтөгүн жыртпай өз баштарын тытып жашаган топуктуу калк экен. Эч биринин оозунан тиричиликтен кыйналдык деген сөздү укпадым. Колдорунда эмне болсо ошого топук кылып жашайт. Босогосун

аттап, үйүнө кирген адамды урматтай дасторкон жайып, казанга жапкан нандарын болушунча жайнатат. Балдарын билимдүү болсо дегендери менен шаарга жибергилери келбейт. Жупуну жана мээнеткеч. Сагын Наматбаев да даттанууну жактырбаган жергиликтүү калктын адебине суктанды. Дараттан чыгып, Карамыкка чейин барып, карыялар, жаштар менен саламдашты. Пикирлешти. Кайтаарында: –Сен жөнүндө жакшы пикирлерди уктум. Азаматсың! – деп бир тууган агамдай саамайымдан сылады.

Чоң алайлыктарга С.Наматбаевдин ар бир ишти «кыйратам», «бүтүрөм» – деп төшүн какпаганы жакты. Кыдырдай узатышты.

*05–март.*

Алакандай бөлмөмдө отуруп, Ааламды сагынгандай тышка ашыга чыктым. Саат үчтө репетициябыз башталмак. Сегизинчи мартта концерт бермекпиз. Элди чакырып койгонбуз. Мурдагы концертибизди иргеп, жаңылап, толуктап жатканбыз. Чукул аралыкта айрым мугалимдердин тили менен айтканда бешинчи класстагы менин Азимовум алты-жети жаштагы балдардан төрт-бешөөнү тизип алып, физкультура сабагын «өтүп» жатыптыр. Кочушундагы шагылды таштап жиберип, мени көздөй чуркады.

– Сизге чүкө берейинби? – Күлмүңдөй жетип, капылтапыл сурады.

– Бер, – дедим.

– Ушуну алып туруңуз, – чөнтөгүнөн үч чүкө алып суна салды.

–Рахмат,–дедим. Чуркап кетти.

–Баарыбыз чогултабыз,–кайрыла калып, кубана кыйкырган боюнча жүгүрө жөнөдү. Оорукчан бала. Талмасы бар. Ар бир нерсенин ыгын таап, кеңешкенсип түшүндүрбөсө кескин каршы чыгат. Тилин тартпайт. Кээде тапан, таамай сүйлөйт. Айтор, бул окуучум жөнүндө да мага арызданган мугалимдер жетиштүү. Чүкөнү кайра өзүнө кайтаруунун ыкмасын ойлоп баратып, дагы бир окуясын эстедим. Өгүнү тарыхчы Зуура Молодогазиева тыштан мугалимдер бөлмөсүнө кире сала:

– Сенин Азимовуң көгөргөн маңкасын куюлтуп, мектепке келатат. Өтүп баратып: Ай, маңкаңды чубалтпай тазалабайсыңбы десем, «Эмне, сенин дасмалыңа түшүп жатабы? Жолуңду карап, кете бербейсиңби» – дейт.

Мугалимдер күлкүсүн тыя албады.

– Класс жетекчилик аккардеон чертип, окуучуларга хор ырдаткандай эмес. Күн-түндөп иштеш керек, – деди Кийизбаев мени үстүртөдөн карап, кабак үйрө.

– Ооба, ооба, – Мукамбетова чырагына май тамгандай жылмаңдады,– силердин жумшактыгыңарды пайдаланып, тийип-качып иштеген мугалимдер бар. Тизгинин тартып туруш керек.

– Агарып, көгөрөм деп ушул мектепте иштеп аткан соң, ушул мектептин окуучуларын бири- бирибизге түртө сал кылбай тарбиялаш баарыбыздын милдетибиз, – деди Пари Кудайбергенова кадимкисиндей салмактуу сүйлөп, – Ал класстын окуучуларынын теңинен көбү башталгыч класстарда, Турду Мукамбетовна, сизден тарбия алган, туурабы? Чогуу иштесек натыйжа чыгат.

Сабакка кирүүгө коңгуроо кагылды. Кийизбаев баш болуп, ушул учурду чыдамсыз күткөндөй баарыбыз тура жөнөдүк. Ичимден Пари эжеге ырахмат айттым.

*08–март.*

Бул майрам деле анча таназарга алынбады. Деректир гана мугалимдер бөлмөсүнө кирип; «майрамыңар менен кымбаттуу кыз–келиндер»–деген болду. Ошондой болсо да мугалим эжелерди, жергиликтүү аялдарды, окуучу кыздарды,–сегизинчи март майрамыңар кут болсун,–деп куттуктай бердим. Майрам сайын дубал газета чыгаруу керектигин ойлодум. Себеби окуучуларга ар тараптан натыйжалуу таасир калтыраары шексиз.

*15–март.*

–Быйылкы кыш узакка созулган жок. Жердин тоңу чыгып, теребел көк жыттанды. Жол кеңири ачылды, – деп бети-колду сыдырган сыдырымды этибарга албай, чоң алайлыктар жеңилдене кийинип калышты. Мен суук сөөгүмө сиңип калгандай дагы эле кышкы кийимдеримди

чечпей, үшүп жүрөм. Бул чөлкөмгө жаадыраган жаздын качан келээрин айтуу, Талым кыздын табышмагын чечмелөөдөн да татаал окшойт.

*29–март.*

Күндөлүктү кечигип жазуудамын, себеби акыркы күндөрү жазууга мүмкүнчүлүгүм болбоду.

Жол ачылгандан бери алты күндүк каникулду чыдамсыз күтүп жүргөм. Анткени, дагы төрт күндүк сабактарымды мугалимдерге сүйлөшүп (практикаланып жүргөндөй) ооштуруп, деректир улуксаат берсе Фрунзеге, андан ары ата-энеме учурашып келсем деген дегдөөм бар эле. Ал дегдөөм мугалимдердин билимин өркүндөтүчү республикалык институт тарабынан өзүнөн-өзү күтүүсүздөн ишке ашты. Себеби институттун чакырык кагазынын бири Комунист орто мектебине ыйгарылыптыр. Деректир мугалимдерди чогултуп: «Баарыңар мектеп деп жүрүп, чарбачылыгыбыз токтоду дейсиңер. Каникулда чарбаңарды тейлегиле. Институттун чакырыгына Токтош барат,» – деди. Ошентип, Фрунзеге жөнөп калдым. Институтка келсем; «сиз институтту жаңы бүтүпсүз бизге ончакты жылдан бери окутуунун жаңы методикасынан кабарсыз мугалимдерди жибериш керек. Сиз пратикадан өтүп иштеген жети айдын ичинде методика өзгөрбөдү. Каалasаңыз катышты деген справканы берели. Себеби шарты катаал өрөөндө иштейт экенсиз, эс алыңыз» дешти. Көктөн күткөнүм жерден табылып, айылыма барып, сагынычымды жаздым. Шаардан факультетибиз башка болсо да институтту чогуу бүткөн, бирок чектелген мектептерине барбай жүргөн экөнө жолуктум..

– Чоң Алайдан иштесең мындай болбойт элең. Чоң шаарлардын биринде болсоң керек – дешет таң калгандай.

– Силер башкача болуп калыптырсыңар – дедим.

– Кандай? – Экөө бири–биринин модалуу көйнөктөрүнө көз чаптыра бири-биринен өйдөсүнө сураштты.

– Биздин Чоң Алайдын айрым кемпирлериндей...

Кабактары чарт түйүлүп, жек көрө караштты.

Ошентип, таарынган бала кабактанып, удургуй түшкөн Чоң–Алайдын булуттуу асманы, колдо барына топук кылып, чеке тери менен жашаган, ачык маанай элди сагына кайра жөнөйм.

*01–апрель.*

Эртең менен ойгонсом саатым токтоп калыптыр. Биринчи сабагым бар эле. Кечиктим деп мектепке чуркап келип, журналды алмакка мугалимдер бөлмөсүнө ашыга кирдим. Башталгыч класстын мугалими Сайра эже отуруптур. Саламдаштым. Кол эмгек мугалими Багыш да кирип келди. Дубалдагы саат боюнча сабак башталаарына дагы он үч мүнөт бар экен.

– Эже, сиздердикине Почо ака келди окшойт,–дедим. Учуп туруп, жүгүрүп кетти. Заматта кайра келди. Үйү мектепке жакын эле.

– Эмне шылдыңдайсың? – деди зирпилдей. – Эч ким келбептир. Балдардын атасы үйдө отурат.

– Биринчи апрель. Унуттуңузбу?–дедим.

– Баса–а... – Багыш кандай тамаша айтаарын ойлонгондой жылмайды.

– Биринчи апрель экенин билем! Мен эмне мартта жашап жатыптырмынбы? Жогорку билимдүү болбосом да оозго алынган мугаліммин! – Кызалаңдай кекетти. – Аттуу-баштуу кишини мазактагандыгың үчүн Педсоветте жооп бересиң!

Сайра эжеден мындай мамилени күтпөгөндүктөн го жооп бере албай калдым. Багыш да жалдырады.

Бир-экиден келип атып, бөлмөгө мугалимдер толо түштү.

– Кечирип коюңуз? – дедим. – Бүгүн тамаша айтчу күн эмеспи.

– Быкы-чыкы менен ишим жок! Жооп бересиң, – деди түтөгө, – Почо аканын зоболосу тамаша эмес!

Мугалимдер күлүп жиберди.

– Сабак болбойт. Үйүңөргө кете бергиле,– Сати агай кире сала жарыялады.

– Жарайт! – Мугалимдер каткыра, текчеден класстык журналдарды алып атышты. Коңгуроо кагылды.

Мага таарынган эжеке танапис убагындабы, көчөдөбү, майрам же жыйындардабы, айтор Почо аканы ар тараптуу жомоктонтуп, тамшана айтат. Тилдин күчү менен Почо ака көптү көргөн, көкүрөгү таза көсөм аталардын бири деп ойлочумун. Көрсө ал киши партиянын Алай райондук комитетинин инструктору экен. Бул үй-бүлөнү колдоп жүрөөрүн айтышты. Кандай болсо да менин ал киши жөнүндө терс оюм жок. Кыскасы тамаша күнү мен үчүн таң калаарлык өттү.

*06–апрель.*

Суйдаң ак сакалы төшүн жапкан, кызыл көз чал күн жылымык тарткандан бери Дараутка көп каттачу болду. Жалгыз эмес. Учкаштырганы ак жоолугун саал ачыгыраак салынган, кара кыжымы чапан, саймалуу маасы кийген, он беш, он алты жаштагы сулуу. Бүгүн да аларды Аксаамай апаныкына нанга баратып, чукул аралыкта көрдүм. Апа бүгүн нанды тандырга жааптыр. Мени күтүп тургансып, чыгара баштады.

– Тиги чалдын учкаштырганы кызыбы же небересиби? – дедим.

– О кокуй,– каткырып жиберди,– кайын ата келинди учкаштырмак беле, никелешкен байбичеси.

–Эмнеге байбиче, жаш турбайбы?–дедим ишеналбай.

–Жаш болгону менен никеси чалга жүргөн соң байбиче аталат. Сыйлуу. Ошондуктан үлпүлдөтө кийинтип, ала көздөрдөн сактап, ээрчитип жүрөт,–олуттуу тартты.– Колунда жок жашка тийсе коолдоп жүрүп күн кесирмек. Заман торбосунда томолонбой кийинип, ичинип алсын.

–Бойлуураак окуучу кыздар менен жаш келиндердин айырмасын билбей калам. Баары эле жоолукту астына байланышат экен. Секелектер дагы,–дедим.–Чалдын байбичесин да четки айылдардагы мектепте окуучусу го дегем.

–Окугандын баары чилтен болмок беле,–Аксаамай апа суз тартты,– Булар Карамыкта турат. Чалдын биринчи байбичеси бир жыл мурда кайтыш болгон. Чал байбичесинин Памирдеги илик-жармасынан ушул кызды таап келиптир. Айтор, чалдын түбү да ошол жактан болсо керек. Кыз төрт классты бүтүп, окубай калыптыр. Жетим го. Ага-

жеңелеринин колунда окшойт, – тандырдагы акыркы нанды алып, дасмалга таштай сөзүн улады. – Чал малдуу болгону менен туяксыз. Памирине кетчүдөй. Дараутка келген сайын саткан малынын пулуна бир түрмөктөн кездеме алат экен.

– Байбичесин эмнеге дайыма учкаштырып жүрөт?

–Чалдан сурасак, эл таанытып, жер көрсөтүп жүрөм, дейт.

–Дараут менен Карамыктын ортосунбу?–дедим. Экөбүз тең күлдүк.

–Анан кайда барышмак эле, –деди апа,– көпчүлүгүбүздүн жашообуз деле ошол. Памирге бара калат дебедимби. Сыягы байбичесин үйүнө калтыргандан коркот го.

– Эмнеге коркот?

– Жаш, сулуу немени кызганат да. Жигиттер тартып кетсечи, – каткырып алды.

– Аа–а, – дедим оозум ачыла. Бирок кирпикке илинбегени менен тоо арасында советтик тартиптен тышкары да көмүскө тиричилик бар экенин билдим. Алибетте советтик мектеп, советтик жетекчилер бооруна тарта калкалап турганы менен карапайым калк эски арабасынан түшө элек экенин түшүндүм.

*25–май.*

Өгүнтөн бери окуучулар, борбордон келген акындардын туткунунда жүрөт. Аларды туурап басышат. Сүйлөшөт. Ыр саптарынан эстеринде калгандарын айтышат. Китептерден ыр тандашат. Пикирлешет.

Акындар келиптир деген кабарды укканда мен да – кимдер келди экен, – деп купуя кызыккам. Үчүнчү сабактан кийинки он мүнөттүк танаписте окуучуларга кошулуп тышка чыктым. Коргонду айланчыктап, чоочундар жүрүптүр. Арасында акын Нурпайыз Жаркынбаев бар экен. «Ленинчил Жаш» газетасынын кызматкери болчу. Газетага «Кат» деген аңгемем чыкканда жылуу пикирин айткан. Жетип бардым. Кубана учураштык. Жаш акындар экен. Дарауттуктар акындар тобун жиберген С.Наматбаевге ыраазылыгын айтышты. Жакшы саамалык дешти.

Акындарды мейман катары сыйлоо керектигин ойлодум. Алар коргондун ичи-тышына шашпай саякаттап, таржымалын укканча сабагым бүттү. Дара капчыгайындагы токойду көрсөттүм. Көк кашка суусунда форельдер ойноп, токойдогу жаз бөтөнчө сулуу эле. Тоонун шаңында бариктери жайкалган дарактар ууз жыттанып, табийгаттын түбөлүктүүлүгүн даңазалап турган чагы болчу. Таза аба. Жашылданган жыбыттарына кайбереңдин чыйыры түшкөн тоолор. Үлпүлдөй жылуу тийген күн. Түркүн тилде сайраган куштар. Көрпөлөнгөн, чаңсыз майсаң. Чалкыган тынчтыкка кимдин боору тартылбасын.

Ошентип, акындарга берген чайым, сыйым, урматым Чоң Алайдын айтып бүткүс керемет жаратылышы болду. Жаратылыш адам баласынын канаты экенин ушул саам айгине түшүндүм.

Алай жергеси күн сайын баскан жолду, күн сайын биринчи баскандай суктана карап, керектүү жемишти эл ичинен терип алууга үйрөттү.

*Май, 1965–жыл.*

# БАЛА. БЕЙИТ. СҮЙҮҮ

(Он сегизинчи кылымдын томдуктарынан
жарты барак)

Эшмурза жылмаңдаган байбиченин чеңгелди илип алчу жасалгалуу манжаларында тырпырап жүрүп, бешке толду. Баланын жазы маңдайын огобетер бийиктеткенсиген көгүлжүм каректери балбылдап сүйкүмдүү. Байбиче энесинин эмне үчүн киши жокто «көзүңө чок түшкүр»–деп жаткыра чаап, демитип тураарын бала билчү эмес. Билгенде кантмек, айтканын укпай ачуусуна тийсе, байбиче энеси жоруга жем кылаарын какшап, сөөмөйүн кезеп турат. Кээде аялдар байбичеге угузбай; «Токолдун баласы да байкуш. Кареги ошонуку»– деп күбүрөй, бетинен өөп, чекесинен сылайт. Мындай учурда көңүлү көтөрүлө эркий калат. Болбосо эрдин жымыра түнт. Эң башкысы Төрөбайдын баласы экенин билет, бирок эмнеге токолдун баласы дешээрин түшүнбөйт. Себеби, токол ким экенин, ал турмак токол деген сөздүн маанисин билбейт. Атасын алыстан издеп келген меймандар гана балага салттуу кайрылат.

–Баатыр, кимдин баласысың, атың ким?–дешет.

–Төтөнүн баласымын. Атым Эсмуйза,–дейт уяң жылмайып. Себеби, атасынын жана өзүнүн атын так айталбасын сезет. Чоң адамдарды туурап, атасын ата дебей Төрө–Төтө дейт.

Төрөбай манап желдең уруусунун уюткуларынын бири эле. Көңүлү чөккөн манап үзөңгүлөштөрүнөн, же ат коштоочуларынан ээрчитпей, байбичесиникине жалгыз жөнөдү. Ат басыгын бузбай келатып, ээр үстүндө эңкейип баратканын айгине сезди. «Элдин түйшүгү мезгилдин өткөнүн билгизбейт тура»– деп ойлоду. Түндүгүн өзү көтөргөн чакан айылга байбичесине учурашканы же мал эсебин алуу үчүн эмес, кенже уулу Эшмурзаны сагынып келет. Мал эсеби менен айыл тиричилигин айыл башчысы Бекеш суратпай кабардап турат. Бекеш эми да алыстан таанып, алдынан тозо чыкты. Кушубак саламдашып, жай су-

рашкан соң айылдын жаңылыктарын айта бастырды. Урматтай аттан түшүрдү. Манап колун жууганча эшик аччу жигитке коноктоо жагдайын табыштады. Бул чайга кимди чакыраа-
рын же чакырбасын манап өзү билет. Мүмкүн бир топ күн жүрүп меймандан мейман чакыраар. Андай ишке өз алдынча кеңеш берүү же киришүү Бекештин жолу эмес.

–Эшмурзам үч агасын тартпай кыраакы,–деди манап дасторкондон даам сызган соң Бекешке сыр чечкендей олуттуу карап,–балапан болсо да ак, карага назар салып баамчыл. Тайманбастыгы да бар. Табы жарашса журтка бел болооруна ишеничим бар. Жол таанытканга кубатым жетээр бекен...

–Өзүңүз баамдагандай эшик, төрдү боолголоп калды,– деди Бекеш туурасын айтууга ниеттенип,–өмүрдүн учу кирпикке илинбейт. Канжыга ээрге эмес, эрге керек. Ата тарбиясы Ааламдын көзүн таанытат демекчи көз отуңузда торолсо ишеничиңиз ишке ашат.

–Митаам,– байбиче үнүн кырааттанта баланын ким болоорун айтып койгонсуду.

Бекеш жүзүн үйрө ормойду.

–Акылдуунун экинчи аты митаам,–деди Төрөбай байбиченин кусаматы маанине ээ эмес экенин туйгузгандай,– Эр тайын тартат. Тайы касиеттүү Шапак баатыр. Эл ар качан баатырга муктаж.

–Төрө, ажыдаар жутканды билет. Түлкү кусканды билет. Жаманды да жакшыны сактоо зарылдыгы да бар. Уулга атадан артык устат жок, –деди Бекеш.

Байбиче Бекешти жазаңды берем дегендей омуроолой карады. Ушул тапта эшик ачылып, бая сырттан кол жуудурган улан табак көтөрүп кирди. Ызаат көрсөтө табакты дасторконго ортолой коё салып, иймене чыгып кетти. Табакта козунун табы менен бышырылган, балжууран эти чыпчыргасыз эле.

–Бүгүн мага мүмкүнчүлүк бер,–манап Бекешке кыңая карады,–этти мен устакандайын, сага көрсөткөн сыйым болсун,–жамбаштын бирин Бекештин табагына коюп, экинчисин өзү алды. Куймулчакты байбичесине сунду. –Пейилдеги киши менен ак дилден пикирлешүү көкүрөктү

ачат Бекешим. Ошондуктан мейман чакыртпадым. Өзүң меймансың.

Бекеш оң колун көкүрөгүнө коё ыраазылыгын билдирди.

–Төтө май?– деди Эшмурза.

– Шашпа уулум. Майды ысык жеген жаш адамдын жүрөгү ойноок болуп калат. Адеп кара кесектен жеп жүр. Анын үстүнө жаңы даамдан биринчи улуулар ооз тийет,– деди да жамбаштын этинен жукалай кесип, оозуна салды. Экинчи чоңураак кесимди Эшмурзага карматты.

–Пай-па–ай, быйылкы чөптүн ширеси учунан тамчылап тургансыйт,–деди Бекеш,–буюрса кыштан эсен чыгабыз. Элдин көңүлү да көтөрүңкү. Сиз жетелеген Кадыр менен Момбек ирденип, жаңы өргөө көтөрдү. Балдары да чыйрак. Жакында Кадыр уулун үйлөндүрөт шекилдүү.

–Болсун, болсун! Баш көбөйгөндөн артык кубаныч жок. Экөө тең өрнөк тутчу иштерман адамдар. Айылдын кулачы дагы узарат Бекешим,–Төрөбайдын жүзүнөн айылдын канат жайып баратканына каниетенгени байкалды.

Эшмурза этти таткана жеди да байбичени жалт карады.

Байбиче жапшыра чапчудай серпиле калып, дасторкондун четин оңдогон болду.

–Төтө май?–деди бала караганы менен байбичеден жалтанбай.

–Бали–ии,–деди Бекеш,–бүркүт майды жактырат. Ошондуктан куштардын сыртаны. Устуканымды сага берейин балам, келегой.

Эшмурза шарт туруп, жанына барды.

–Кудай жолуңду ачып, өмүр берсин,–деди Бекеш устуканын карматып атып,– Эми майынан сугунуп кой.

Эшмурза жамбашты эки учунан кармап, былкылдаган кыртышынан тиштеп алды.

–Баламдын оозу толду,–деди Төрөбай жылмая.

–Карышкыр!– Байбиченин үнү пас болгону менен өктөм чыкты.

–Карышкыр канды жактырат,–деди Төрөбай.

–Тойгонун билбейт, көзүнө чок түшкүр. Ач кирбесин деп бура сүйлөп коём,–көнүмүш каргышы оозунан ыргып кеткенин билгизбес үчүн жылмаңдай каш какты.

Төрөбайдын турпатынан кабатырланганы байкалды.

–Тайкынын сокур амалы башынан ашпайт,–деди Бекеш,– булактын көзүн ачпаган сууга зар.

Байбиче оозун жаппайсыңбы дегендей Төрөбайды сустая карады.

Улан тууралган этти алып келди. Байбиче уланга колун созо табакты ала койду.

– Балам, бул табактагы биздин устукан, алагой,–деди Төрөбай дасторконду жаңсай. Улан ыраазылыгын билдире табакты элпек алды.

Тууралган эт оозтийилген боюнча желбеди. Улан колго суу куйганы киргенде Төрөбай Эшмурзаны босого жакка тургузуп, бата тилетти.

– Эшмурзам,– Бекештин үнү таасирдүү чыкты. Бала элтейе карады,–Теңирим колдоп, тебетейиң башыңдан, бакытың мандайыңдан учпасын! Жериң жети атаңдын жүрөгү. Жериңди сакта! Ата – Ата Журтуң, атаңды урматта. Эне төргө төгүлгөн кут, энеңди унутпа. Ата- энеңди унутпаганың элиңди унутпаганың. Энеңдин аты Айкан! Төп бол балам!–деп бата берди Бекеш.

– Айкан,–деди бала көп нерсени эстей албай аткандай атасына карап.

– Ооба, энеңдин аты Айкан,–деди Төрөбай. Анан уланга кайрылды.– Кийин Эшмурзаңа үзөңгүлөш жүрүп, бел болчулардын бири сенсиң. Кол жуулган соң Эшмурзаңдын тайын токуй сал. Азыр өзүнүн чамасы жетпейт эмеспи. Жардамың керек.

–Кайда шаштыңар?– Байбиче өнтөлөй сурады.

–Үйгө барайын.

– Бул үйүңөр эмеспи?

–Ошондой болуп калды. Майдалай сурап, түшүнмөксөн болбо,–манап шашпай сүйлөдү,– үйүң үй, малың мал. Ушул айылдын алаканында болосуң. Тиричиликтен кар кылбайм.

Айкан акылы менен айылды алып, ичте, тышта төрөсүнүн көзү болгон мыкты зайып эле. Айкан үчүн манаптын жүрөгү дайымкысындай эле ачышып турду. Бир кезде өзү жабык башын алтын жип менен чыраштатып, ууктарынын алаканына күмүш чегеленткен шөкөттүү үйү чоочун көрүндү.

Ошол күнү Төрөбай жанына жакыныраак сезилген чоң айылындагы экинчи токолуна биротоло кеткен. Жолдон Айкандын бейитине кайрылган. Сакалынан жашын куюлта, Эшмурзаны алдына алып отуруп, куран окуган.

Эшмурза Төрөбайдын үчүнчү токолу Айкандан төрөлгөн. Айкан жазгы журт которууда, көч үстүндө түтөктөн каза болот. Үч жаштагы Эшмурза салт боюнча Төрөбайдын байбичесинин колунда калат. Байбиче Айканды жек көрчү. Өзгөчө бир чоң айыл Айкандын айылы аталганда күйбөгөн жери күл болгон. Маркумдун көзү өтелегинде; «жылаандын башына ойнотуп, чөбөттөй көзүн оюп алам»– деп даярдап жүргөн сабоолору бар эле. Бирок, Айканга тилин агыткан менен Төрөбайдан жазганып, кол көтөрө алган эмес. Өчүн кийин үч жаштагы Эшмурзадан алды.

Төрөбай жамаатташтарында, уруусунда билгилиги менен каркытталса да Айканы колунан учуп, эңшериле эзилип турган чагы эле. Бөксөсү толуп, бели бекичүдөй, Эшмурзасын ээрчитип, Айкандын бейитине барып боздочу. Теңирден Эшмурзага төп бакыт тилечү.

–Төтө ыйлабачы,–деп атып, Эшмурза да шолокточу. Арзуунун же сүйүүнүн ырахатынан азабы көп окшобойбу.

2.04.2011.

# ПАСПОРТ

Ыйман жети жыл мурда өзү туруктаган райондун борборундагы почтого чукул көчөдөн капчык таап алган. Салмактуу экен. «Байдан же бечарадан түштүбү, ким болсо да берейин»–деп ойлоп, тегерегин тепчий караган. Кол сумкасын колтугуна кыса, көчөнүн аягын беттей, шашпай бараткан аялдан башка жакын арада адамдар жок эле. Ыйман капчык ошол аялдыкы экенин сезди. Жүгүрүп жетип капчыкты,–Сиздикиби?–деп суна коюп, сүйүнткүсү келди. Ошондон кийин деле бүгүнкү максаты ишке ашаарын бөркүндөй көрдү. Желе басып, аялга жетти. Жакындай түштү. Кыңая карады. Терең карылыкка жетелек ажардуу кемпир экен. Кыялында туугандарына учурашып жүргөн кемпир жигиттин чукулдай кадам шилтегенин байкабады. Жигит капчыкты сунмакка кемпирдин жүзүнө экинчи ирет карады. Ошол көз ирмемде, «Мени кезитке ороп, көчөгө таштаган ушул»–деген ой капыл-тапыл келе калып, кабаарытып жиберди. Кемпирди тоголото коюп, өч алгысы келди. Тиштиге демиткени менен кол көтөрө албады. Чапчаң өтө берди.

Кемпир баш көтөрө антаңдай баскан жигитке учкай көз таштады. Ичинен; «Бүчүлөнбөй шамалга төш тоскон бул жигит да картайаар. Картайсын. Өмүрлүү болсун!»–деп алкап койду.

Силкине баскан Ыймандын күрмөсүнүн топчулары үзүлүп, сынып жоголгондуктан эки өңүрү делбирттей шамалдуу эле.

Кемпир жигиттин топурактай бозоргон туфлисинин жемирейген такасы көзүнө чалдыкканда: «Жармач тура,»–деп ойлоп, оор улутунду.

Ыйман көчөдөн кескин бурулуп, майда үйлөрдү аралай, башы оогон жакка кете берди.

Кемпирдин үйү өзү бараткан борбордук көчөнүн аягында эле. Ылдыйлаган сайын жазбай саламдашчу тааныштары арбыды. Эшигинин алдына келгенде ачкычын алмакка сумкасын ачкан боюнча аңкайды. Капчыгы жок. Делбирттей өтө берген жигит көз алдына тартылды. «Ошол,–деди ызалана, –заматта сызга отуруп калдым.

Кандайча илдирдим же түшүрдүм? Кемпай жаным?»–Сумкасынын ичин үчүнчү ирет аңтарып, көз жашын сүртө көчөгө чыкты. Тык токтоду. Акылын жыйды. Өзү менен кеңешти.»Жүзүн көрбөгөн соң кимди издейм? Делдектей баскан майрык такачандардан баш айланат го. Шаарча аталган бул райондук борборго күнүгө нечендеген адамдар келип кетет. Капчыкты кимисинен сурайм»,–деп ойлоп, шаабайы сууй шалдайды.

Кемпир кырк жыл орто мектепте физика мугалими болуп иштеп, эс алууга беш жыл мурда чыккан. Үч жылдан бери пенсиясын үнөмдөп почтодогу кассага сактачу. Максаты эри өлгөндөн бери катташпай калган кайын-журтуна бармак. Аларга деле таарынбайт, анткени бардыгы эптеп күн кечирет. Эми өзү да алардын кейпин кийгенсиди. Үйүнө киргиси келбей короосунда бир топко турду.

Ыйман сызылган көз жашын этибарга албай, бутуна урунган калай банкаларды, бөтөлкөлөрдү ыргыта тээп, буулугуп баратты. Тытылган багелегине чалынып жыгыла жаздады. Көөдөнүндө ымыркайында ыргыткан энесин көрдүм деген ишеним бар эле. Эми ошол «Уятсыз энесинин» капчыгы темтеңдетип аткандай кыжырданды.

Ыргытып жибермекчи болуп, чөнтөгүнөн алды. «Мүмкүн сүрөтү бардыр»–ушул ой кылт эте капчыкты калтаңдай ачты. Толтура экен. Жаба салып, жолунан кескин бурулду. Чуркап баратып, капчыкты дагы ачты. Кайра жапты. Ыргытып жиберүүнү унутту. Кармалап атты.

Капчыктын түп жагынан колуна катуу непсе урунду. Эки жагын алактай карап, капчыкты чөнтөгүнө сала койду. Түшүрүп алчудай колун чөнтөгүнөн чыгарбады. "Уятсыз энесинен» өчүн алгандай, көңүлү көтөрүлө түштү. Кайра кыжырланды. «Жаш чагында ыргыштаган сулуудур. Бала бакмак беле»–деп ойлоду. Белгисиз атасын сөктү. Туталанды. Кайрылып кемпирге жетип, капчык менен бетке ургусу келди. Бирок, анын жүзүн экинчи көрүүнү каалабады.

Кемпир почтодон чыгаары менен эти качкан бүйлөсүнө жуушпай шалкылдаган кийме тишин чыгарып

жүзачысына ороп, капчыгынын түбүнө салган. Тиш союздун мезгилинде жогорку сапаттагы алтындан жасалган эле. Байкуш кемпир капчыкты сумкасына жаздым салганын байкаган эмес. Кулагы да каңырыштап анча-мынча добушту укпаган деңгээлге жеткен. Карылыктын кемчиликтерине көналбай жүдөп да жүргөн.

Ыйман табылганы кантип пайдалануу керектигин ойлоштуруп атып, мурдагы «чечкиндүү» максатын эсинен чыгарды.

Токсон толгонуп атып, «энесине» экинчи жолуккусу келбей, чет мамлекетке кетүүнү туура тапты. Кетүү татаал болгон жок. Жумуш издеп агылгандарга кошулуп, Жаңы Зеландияга жөнөдү. Балдар үйүндө чоңойгондуктан ылым санаар тууганы жок эле. Ырас орто мектепти бүткөнчө турмуштун кермек даамы болоорун тарбиячылардан укканы менен таткан эмес. Колунда аттестат жана паспортунан башка байлыгы жок болчу. Базардан жүк көтөрүп тапкан акчасы жогорку билим алышына жетпеди. Райондун борборундагы акча төлөп баш каткан малканадай кепеден, ачкалыктан тажады. Капчыкты тапкан күнү чөнтөгүнө бир кулач кендир жипти салып алып, муунуп өлмөккө буйтка издеп жүргөн. Ашказаны какшана эшилип, өлүмдөн башканы ойлобой, мүрдүгүп турган чагы эле.

Жаңы Зеландия койумаарек көлбөрүп жылуу караганы менен мыйзам ченеминдеги талабынан жазбады. Мурдатан иштеп, ишти таза аткарып, ишенимге татыган жердештеринин колдоосунда асыл тукум жылкы өстүргөн фермердин короо жумушчусу болду. Ара–чолодо жылкычыларга кол кабыш кылып жүрүп, саяпкерликке ышкысы түштү. Үч жылдан кийин тилеги ишке ашып, саяпкердик даражага жетти. Маянасы да көбөйдү. Маянасын үнөмдөп жүрүп, эки жылдан кийин кожоюндан кулун сатып алды. Бул жөрөлгөсүн кожоюну чын дилинен жактырды. Арадан эки жыл аласалып, дагы бир кулун сатып алсам деп дегдеп турганында жылкы тумоосу чыкты. Күлүктөрдүн көбү, кыйсапыр болду. Алардын ичинде Ыймандын көзгө басаары да бар эле. Фермер: «жаңы ишти кантип, эмнеден баштоо зарылдыгын тактаганча» деп жумушчуларынын баарын таратты. Ыйманга өзгөчө мамиле жасап, аэропортко

жумушка орноштурду. Иштегенине жарым жылга чукулдап калган. Иш учурунда башы айланды көзүнө эч нерсе көрүнбөй тумандын арасында калгансыды. Колу көйнөгүнүн төш чөнтөгүндөгү паспортуна жабышты. Чекесине таш тийгендей чалкасынан түштү.

–Карагылачы, буга эмне болду?!–деди чогуу жүк ташыган жаш жигит жүрөксүй кыйкырып.

Үч-төртөө элтеңдей келишип, Ыйманды тегеректеди. Бири Ыймандын көкүрөгүндө жаткан паспортун кызыга карап, эжелей окуду.

–Кыргыз Республикасы.

–Кыргыз республикасы!

–Кыргыз республикасы! Улам келегендер паспортту үн чыгара окуп атты. Ар биринин үнүндө таң калуу да, кооптонуу да бар эле. Кайталана окулган ушул эки сөз Ыймандын кулагына үздүк-создук жаңырып атты. Жүзү жандана жүрөгүнүн кагышы калыптангандай, көзүн ачты. Так маңдайында сумкасын колтугуна кыскан ажарлуу кемпир тургансыды.

–Эне, кечир?–деди Ыйман демиге кекечтенип. Бая чакырылган «тез жардам» келди. Тегеректей тургандар докторлорго жол бошотту. Кайрадан эсин жоготкон Ыйман таңга маал ооруканадан эсине келди. Паспорту кроваттын жанындагы тумбочканын үстүндө жатыптыр.

08–09.04.12.

## ТАМЧЫ

Чомо кабыргасы кайышып отуруп, өкмөт башчысына төмөнкүдөй кат жазды.

«Союздун эмне үчүн жалп эткенин менден жакшы билесиз. Алибетте, союздун кулаганы өкүнүчтүү эмес. Өкүнүчтүүсү борбордогу мүлктөр «тейленип» атканын туюп, элетти иликтеген «чыгаандардын» купкургак жерден алтын балык кармап атканы. Алар адеп чач тарачтан мал сарайларга чейин кайырмактарына илди. Тегирмен тегеренген, мончо бууланган боюнча жараксыздыкка чыгарылып, колдон-колго өттү. Жер байкуш көмүскө жана көрүнөө кездемедей кескиленди. Көрүнөөсү баарыбызга маалым. Чеке терин жерге сүртүп жашаган, карапайым үй-бүлөлөргө берилген үлүш жер. Бул саамалыкты жандилимден кубаттайм. Көмүскөсү мурдатан кымтылып келген кыйык тилкелер. Ал тилкелердин чоо- жайын сиз деле билээрсиз. Мамлекеттик план, милдеттенмелерди ашыра аткарууда зор ролду ойночу. Себеби, эсептеги аянттарга эгилген дан эгиндеринин түшүмдүүлүгүн «жогорулатып,» тиешелүү көрсөткүчтү камыздап, жетекчилердин ажаатын аччу. Эгемендиктин шарданында деле ошол тилкелер элдин үлүшүнө кошумчаланбай, тымызын устукандалып атат. Бул көз таңмайды байкаган сайын ичимден кан өтөт. Жердин чегин, сырын беш манжадай билген мурдакы агроном катары Жерди коргоо, күтүү жөнүндөгү пикиримди, сунушумду жаңычылдар укпады. Менин кызыкчылыгым аларга окшоп жеке казаныма май кайнатуу эмес. Төмөнкүчө..." «Тулпар тушунду» дегендей, Чомо союз маалында өзү четин чыгаргандай район боюнча үлгү тутулган агроном эле. Жерди укумуна чейин саресепке салып, майын чыгара иштетчү. Союз олку-солку болуп турганда, жашы жетип, пенсияга чыккан. Арызчыл аталгысы келбей, токсон толгонуп жүрүп, акыры өкмөткө жогорку катын жазган. Каттын башталышы жайынча сыяктанганы менен аяк жагынан элдин үнү угулуп, курч эле.

Катты жиберүүдөн мурда, – «Кийин билбептирмин дебеңиз. Астыңыздан өткөнү келдим»,–деп райондун акимине кирди. Аким менчиктештирүүнүн артыкчылыгын

жана зарылдыгын айтып, сүр көрсөтө ормоңдоду. Ошол эле учурда Чомонун таамай, далилдүү сүйлөгөн тартынбастыгынан кооптонду.

–Эмне максатыңыз бар?–деди бир топ талаш-тартыштан кийин.–Катты жөнөтүп, ийгиликке жетем деп турасызбы?

–Максатым мыйзамды тебелебей таза жашоо,–деди Чомо.– Доор алмашып, элтейип турган элди алдабай, кыйык тилкелерди үлүш жерине кошумчалап бериш керек. Жемкорлордун тизгини тартылса ийгиликке жеткеним ошол.

–Кудай алдында мыйзам тебеленди деп айтыш күнөө,–деди аким Чомону эпке келтирүүнүн ыкмаларын ойлонуштура жумшак тартып,–ар ким өз шыбагасын алды. Такташтырып да атабыз.

–Такташтырган жакшы. Себеби коргошун куйса кокосу жабышпаган изи жоктор элдин шыбагасын талашып атпайбы.

–Кандай десем,– аким тынчсыздангандай кабагын чүрүштүрдү,–изи жок адам болбойт. Азыр эскиче ой жүгүртүп, эскиче жашоо мүмкүн эмес.

–Изи жок дегеним жүзүн өзгөртүп турган зайпаналар кемиктүү сөөк тиштеген соң четтебирээк барып, ачкасынат тура.

Аким селт эте көз айнегин оңдогон болду.

–Бактылуу жигитсиң,–Чомо айтчумду биротоло айтайын деген бүтүмдө сүйлөй берди.–Бут кийим фабрикасында кадрлар бөлүмүндө жүрүп эле биздин районду башкарып калдың. Азыркы түзүлүшкө таң калса болот.

–Түшүнүңүз, фабрика мыйзамдын кийинки талабы боюнча менчиктешкен. Ага тийешем жок. Мага иштерман жаш кадр катары көп жооптуу кызматтар сунушталган. Кудайдын буйругу экен, ушул районго туш болдум.

–Канаттуулар каалаган жагына учат. Учтуңуз. Келдиңиз. Талаш жок. Болгону алдыңыздан өтмөкмүн. Өттүм. Укпадым дебеңиз. Чыгайын,–Чомо турмакчы болду.

–Коё туруңузчу,–деди аким. – Жакында райондук парктын ыптасында мыкты ресторан ачылды. Жүрүңүз,

маселенин калганын түштөнүп отуруп сүйлөшүп, аягына чыгаралы?– Ыкчам турду.

«Ресторан өзүнүкү го» –деп ойлогон Чомо баш чайкабады. Божомолун бышыктагысы келди.

–Сизге ачуу тийсе да чындыкты айтайын,–деди аким орун алып отурушкандан кийин өтүнгөндөй,–сөзүмдү чыдап угуп коюңуз? Неберелериңиз сиздин ишмердигиңизди союздун мезгилиндеги жупуну жумушуңуз, тактай айтканда жупуну жашооңуз менен эмес, бизнесиңиз менен баланат. Кыймылсыз мүлкүңүз болбосо тукумуңуз үчүн эч ким эмессиз. Себеби коомдук багыт менен кошо аң-сезим өзгөрдү. Жашоонун жаңы формасы байлыкты талап кылат. Материялдык жеке базанын зарыл экенин моюнга алуу керек. Ушул ресторандын ээси сизге окшогон эле киши. Чочко фермасын менчигине алып, ошондон байыды.

Чомо эмгеги сиңген эски коомдун жана өзүн тааныбаган жаңы коомдун капшабында, астындагы аштан озтийе, чайналып отурду. Акимдин жыпылдаган сөздөрү кулагына бирде илинип, бирде илинбей, уй байлаарга жиби жок экенин эми сезгендей өзүн өкчөп атты.–«Жаңы коомдун жардыгы ушудур. Жулгандар жубардана бул дүйнөнүн бейишинде жашаар. Жулбагандар кулга айланаар. Баса, мен кат жиберчү өкмөт «жебеген жердин алдында» дебеди беле. Демек кан какшаган катымдан жыйынтык чыгаары күмөн. Сыягы баардыгы чырмооктой чырмалышыптыр.

Колумдан эмне келет? Байкуш экенмин.»

–Сизге ушул керекпи?–Ызаланган Чомо чоң үмүт менен жазган катын чөнтөгүнөн сууруп чыгып, акимдин маңдайында туталана тытты. Аким жайактай ыраазы болду. Тамагын балчылдата чайнап атып, жолун жасаарын айтты.

Чомо үйүнө максатынан кайткан болумсуздугу үчүн кабатырланып кайтты. Аким мактагандай көзү ачылдыбы же жокпу аны таназарга албады. Төбөсүнө муштум тийгендей кыйналып жүрдү. Эки күндөн кийин аким чакыртты. Чомонун айылында союз учурунда колхозго орчундуу киреше берген, жүз гектар жүзүм талаасы бар эле. Ээлегендер көп тараптуу айтылып, башы ачылбай, чалдыбары чыгып жатчу. Аким ошол жүзүм талаасынан төрт гектар аянтты,

күзөтчү үчүн салынган үч бөлмө тамды Чомонун менчигине ыйгарыптыр. –«Өзүңүз иштеткен жер экен,»–деп кызматкерлеринин катышуусунда кызыл китепчени тапшырды.

Чомо айкөлдүктүн артындагы табышмактын жандырмагын боолголой, райондук кызматкерлерге рахмат айтты.

Күзөтчү жашаган үйдүн эшик, терезе кашектери тонолуп, шыбактары түшкөн менен дубалы зымпыйып, бекем болчу. Чатырдын шифери да жыртык-тешиксиз көрүндү. Эшигин, терезе кашектерин жаңылап бат эле айнектетти. Жаз чыга балдарына шыбатып, актатып алды. Менчигиндеги талкаланган жүзүмдөрдү убаракерчилик менен иретке келтирди. Жүзүм жыгачтары калыбына келип бүчүрдөгөндө эмгеги кайткандай сүйүндү. Байбичеси айыл ичиндеги үйүнө кеткен күнү түштөн кийин жамгыр дыбырап, ак жаанга айланды. Чомо жүзүм аралай, суу жүртчү арыктарды тазалап, жырылган жерлерин бүтөп жүргөн. Жамгыр катуулаганда үйгө кирип, кийимин алмаштырды да терезенин түбүндөгү керебетине жатты. Жатаары менен магдырап, кирпиги жабышты. Оң ыптасынан жаткан. Бир оокамда чыкыйына мыктын учундай жагымсыз нерсе кадала түшкөнсүдү. Эмне экенин билиш үчүн көзүн ачууга ниеттенди. Ачалбады. Уйкуга жутулуп бараткансыды. Колу да көтөрүлбөдү. Алиги жагымсыз нерсе дагы кадалды. Козголо албады. Тамчы териси шөлбүрөй, эти качкан чыкыйга улам тездеп, балч... балч... балч таамп атты. Жылуулугу кайта баштаган чыкый адеп сыздоок чыккандай чыңала кызарды. Анан кара көк тарткан шишикче бетине жайылды. Ак жаан таң ата басылды. Тамчы да токтоду. Чомонун тамчынын суусуна чыланган денеси ушул жатышынан ырахат алгансыды...

Күн чыга келген ойноок небереси чоң атасынын мүшкүлүн көрүп, коркконунан бакырып жиберди. Үйүн көздөй чимирилди. Догдурлар Чомонун кан басымы кескин жогорулап, түн ортосу оогондо жүрөгү токтогонун айтты.

10–11.05.12.

# БӨБӨКТӨР ҮЧҮН ЫРЛАР

## ТЕЗ ҮЙРӨН

Окуганды тез үйрөн,
«Досум жок»– деп ыйлабай.
«Ойноймун,– деп ким менен,»
Ата-энеңди кыйнабай.

* * *

Жалкоо жана шок Такен,
Чоңойду тамга таанабай.
«Үйрөтпөйт,»– деп садиктен,
Чаңдатат көчө уялбай.

* * *

Китепке, сөзгө кулак тос,
Акылдуу, сергек баладай.
Ар бир тамга сага дос,
Ата-энең жана бабаңдай.

## КОНФЕТ ДЕП

Ый да, чыр да Канатта,
Конфет деп соруп топчуну.
Жутуп ийип заматта,
Ашказаны ириңдеп,
Жатат ооруканада.

## КИМИСИ ТУУРА

–Укмуш аю көрдүм,–деп,
Шаардык Шакир мактанат.
–Аю эмес ал торпок,–деп,
Айылдык Ажем каткырат.
Угуп турган достору,
Кимдин жообун жактырат?

## БИЛЕМ ДЕБЕ БИЛБЕСЕҢ

Жайдын толук маалында,
Шаардан келип айылга.
«Бул эмне?»–деп түпкүчтү,
Кайрылды Шамбет Айымга.

Билчү эмес атын Айым да,
Жооп берди минтип шашыла.
«Мүлкү бул чоң апамдын,
Отургучу казандын!»

Айтылган жооп туура эмес,
Акырында чатактуу.
Билбегеним бир топ дейт,
Адамдар да атактуу.

Билем дебе билбесең,
Билип айткан жооп жакшы.
Табылат чындык издесең,
Таза болсун жол башы.

## АЙТЫП БЕРЧИ

–Саламатсызбы?–деп турат,
Беш жаштагы Алина.
Жеткенин алы бетке урат,
Чатак салып Албина.
Кимиси жакты экөнүн,
Айтып берчи апаңа?

## ЭКИ ДОС

Сурады Кубан досунан,
Чырпык менен жер чийип.
–Кой жүдөбөйт эмне үчүн,
Бүт мезгилде тон кийип?
Шар жооп берди Баатыркан.
–Ооруганды суук тийип

Кой жактырбайт эч качан.
Жүнүн кыркат жаз, күздө,
Жуушаң менен чоң атам.
Аппагын кылды бир түстө,
Башыңдагы калпакты,
Чоң энекем жасаган.
Баштады Кубан кайра сөз,
–Жеңдирбеймин шахматтан.
Үйрөтөм эгер кааласаң.
–Үйрөнөм шахмат үйрөнөм,
–деп сүйүндү Баатыркан.

Достошкула силер да,
Бириңди-бириң үйрөтүп.
Бабалар да аста-аста,
Акыл-эсин маштаган.
Чыбык менен жер чийип,
Улуу көчтү баштаган.

## *МАЕК*

–Чоң эне,–дейт Өтөгөн,-
Боз үйүң тышы мөңгүдөй.
Ичине тарткан көшөгөң,
Парктын кооз гүлүндөй.
Жасалга мындай көрбөгөм,
Сахнанын төрүндөй.
–Ук,–дейт – балам,– чоң эне,
–Жашаган бабаң боз үйдө.
Киргенде тыштан боз үйгө,
Оң жагы эпчи– ашкана,
Күтчүбүз мейман күнүгө.
Колдонуп көөкөр, аякты,
Ийилип бакан май, сүргө.
Койчубуз дагы ун, шакты,
Керегенин түбүнө.
Ошолорду шөкөттөп,
Тартчубуз чыгдан түрдөнтө.
Ойлоп сени кичине,
Айтпаптырмын мурунтан,

Түйүп кой балам эсиңе,
Мунун аты кут чыгдан.
Бабадан калган чыгдандын,
Жасалышы төмөнчө;
Түстүү жүн чийге чырмалып,
Оюму ойго кыналып.
Колунан чыгып уздардын,
Кылымдар басты сыналып.
Таберик ушул мурасты,
Өткөрүп менден сен алып,
Ордун таап урунсаң.
Барктаарыңды тарыхты,
Айталасың ар качан.

## *СЕН ДА БААТЫР БОЛОСУҢ*

Эгер чындап коркпосоң,
Шамалдан да бакадан,
Чычкан менен жолборстон,
Ыйлабасаң бакчадан.
Сен да баатыр болосуң,
Үйрөн баарын МАНАСТАН!

## *ЖОЛДО ОЙНОП*

Тепкен жакка бойбойлоп,
Уччу тобу Жүкүнүн.
Машине жүргөн жолго ойноп,
Тебелеп кетип Мерседес,
Таппай калды күкүмүн.

## *ЖАРАШАТ*

Мактай берсе жарашат,
Беш жаштагы Сонунду.
Эрте туруп тишин жууп,
Ар бир иши орундуу.
Куурчагына эскертет,
–Таза күт– деп - колунду.

## *КИМ АЙТАЛАТ*

Өчүккөнсүп кимгедир,
Темир тентек, эң кежир.
Атайлап кечип баткакты,
Мактанып атты ал кейбир.

Тайгалана жыгылып,
Түшкөндөй орго бакырды.
–Көтөрүп ал мени!– деп,
Апасын ыйлап чакырды.

Темирдин кейпин сүрөттөп,
Ким айталат кепти төп?

## *ЧЫНБЫ*

Бурмаш минтип айтат кеп,
«Бүткүл денем башым да,
Үшүп кийим кийет,–деп.
Кар жаап, бороон урса да,
Коркпойт тоңуп калам деп,
Көзүм менин баатыр да!»

## *СЕРГЕК БАЛА*

–Терекпи же талбы?–деп,
Сурай берет Бүбүайым.
Бутактары бүлкүлдөп,
Күмүштөнсө ак кайың.

Калбагыла силер да,
Дарактарды тааныбай.
Сергек бала чөптү да,
Ажырымдайт так талдай.

## ЖАКШЫ ЭМЕС

Оюнчук, киймин тебелей,
Бүлдүрө берген жакшы эмес.
Сөз сураса жооп бербей,
Манжа соргон жакшы эмес.

Көчөдө, паркта жүрсө да,
Көтөр деген жакшы эмес.
Тамак ичпей бышылдап,
Тейтектеген жакшы эмес.

## АЙ БЕТИНЕ КОНОСУҢ

Онго чейин санасаң,
Бат эле онго толосун.
Тогуз ирет он кошсоң,
Жүзгө мейман болосуң.
Белекке алып балмуздак,
Ай бетине коносуң.

## КИМИСИ ТУУРА

Атай болуп күчүктүү,
Атап алды Буудайык.
Тегеренип күн кечке,
Жедире берет буламык.
Ээрчитип барса бакчага,
Жерге батпай кубанып.
Тарбиячылар эскертти,
«Сырттаны куштун Буудайык,
Күчүгүң аты Кумайык.»

## ЖООП

Кумурсканы миң түркүн,
Тарта берет Бекказы.
–Тарт,– деп адам өң-түсүн,

Кеңеш берет апасы.
Анда Бекен кобурайт,
Күнөөлүдөй жоодурайт.
–Кантип тартам мен сени,
Батпайсың да баракка?
Атам дагы пилдей чоң,
Тоюп алса тамакка.

## ЧОҢОЙГОНДО

Чоңойгондо атамдай,
Аял алам апамдай.
Кескенди кесме билбесе,
Байкушум, дейм, ашмалтай.

## КАЛБАЙЫН ДЕП УЯТКА

Эмгектенет Саадат кыз,
Р тамгасын кайталай.
Калбайын деп уятка,
Ата Журт деп айталбай.

## АЙРӨК

Чоң энесин этектей,
Сурады Минтип Үмөтөй.
–Эмне үчүн күн ысык?
–Жүрсүн дейт сени үшүбөй.
–Калабы түндө күн сынып?
–Билгиниң чүрпөм Үмөтөй,
Күн эч качан сынбасын.
Ал кетет башка өлкөгө,
Иштегендер жан үрөй,
Эс алсын деп түңкүсүн,
Ай чыгат анан күмүштөй.
–Эгер, эгер,эгер мен,
Күндүз дагы түнкүдөй,
Эс ала берсем не болот?
–Окуп, жазып үйрөнбөй,
Көөдөнүңө кир толот.

–Түшүндүм,–дейт түшүнбөй,
Жалкоо бала Үмөтөй.
Чарчагансып бурчуя,
Ушалап көзүн үлүңдөй.
Айрөк, айрөк Үмөтөй!

## *УЯТ*

Агасынан мурдараак,
Туулган күнү жана айы.
–Улуумун,–деп,–сенден мен,
Моюн бербейт Шераалы.

Жыл эсебин ай менен,
Үйрөнсөңчү Шераалы.
Шылдың айтып жүрүшөт,
Досторуңдун бир даары.
Уят, уят Шераалы.

## *ТҮШҮНГҮН*

–Суу ичем,– деп чакалап,
Чатак салат Кемелбек.
–Ичкендиктен сууну көп,
Терек өсүп кетти,–деп.

Айрөк, айрөк Кемелбек,
Сен адамсың түшүнгүн.
Жашылча да жемиш жеп,
Өсүп атат Келдибек.

## *ЖЕРДИН КҮЗГҮСҮ*

«Неге Күн дайым төгөрөк,
Айга окшоп ийилбейт?»
–деп сураса Эшимбек,
«Күн деген Жердин күзгүсү,
–деп жооп берди Эмилбек.
–Ийилсе эгер Айга окшоп,
Жер эмнеге көрүнмөк?»

# ЖАҢЫЛМАЧТАР

## *МЕНДЕ БАР*

Бал, бал, майдай бал,
Балдай боорсок менде бар.
Сен бойтогой тилимди ал,
Балдыркандуу чапка бар.
Балдыркандан бал соруп,
Бал ташыыр аары болуп кал.

## *БОЛОТ КАС*

Кызыл, жашыл карандаш,
Кыйыктансаң болот кас.
Кызыктыра түрдөнгөн,
Кыйма-чийме шаарды тарт.
Кызгылт, агыш гүл төккөн,
Беде деген чөптү тарт.

## *ТООГО ЧЫКСАМ*

Тоого чыксам топоңдоп,
Толорсугум түйүлдү.
Томолонуп түшалбай,
Топчусу тонум үзүлдү.

## *КАРАГАТ*

Кайкыда кара карагат,
Арасы толо кожогат.
Аралай түшсөң арылап,
Адырда чийе тогуз кат.

## ТУЛПАР БОЛА КАЛСАЧЫ

Бийик-жапыз аскалар,
Кырдагы кырчын арчалар,
Кыл аркандай эшилип,
Кыл торкодой чечилип,
Түймө куйрук, кыйма жал,
Тулпар болуп калсачы.
Колумдагы батбарек,
Туягына тулпардын,
Тыка-тука бап да бек,
Така болуп калсачы.

## АЛАБАШ

Апам куйган куймакты,
Алабаш күчүк жеп койду.
Алмабекке жеткирбей,
Алабаш ала топ болду.

## КОЗУЛАР

Кара козу, боз козу,
Арасында чаар козу.
Ак улактай ойт берип,
Секире албай бир жолу.
Арпа толгон аштоого,
Түшүп калды жоон тобу.

## СУГАЛАКТАР

Сугалактар суусарга,
Суук суктарын артышат.
Суусарга жетпей кумсара,
Суурга капкан салышат.

## ӨРӨӨНДӨ

Бүрдүү, чөлдүү талаалар,
Күлө, сүйө карашат.
Гүлдүү, таштуу өрөөндө,
Күлүк буту карышат.

## ЖАЛКООНУН ЫРЫ

Эжем куурай тергенде,
Кудуң-кудуң сүйүнөм.
Көңдү жыйыш дегенде,
Көкүлүм тытып күйүнөм.

## БААТЫРМЫН

Баатырсынып Төлөктөн,
Бөдөң-будуң басамын.
Бөдөнө көрсөм бөгөттөн,
Бөкөндөй бөжүп качамын.

# ТАБЫШМАКТАР

Көтөрүп турат.
Жүк түшпөйт эч бир жонунан.
Жактырбайт кабак түйгөндү.
Даам таттырып колунан,
Көтөрүп турат дүйнөнү,
(Жер )

Перинин кызы.
Бото көз сулуу, ай тамак,
Кумардан чыгат тикен жеп.
Уламышта айтылат,
Пери кызы экен деп.
(Төө)

Не кымбат
Жооп берчи не кымбат,
Хан таажысы,тактан да?
Баалуулугу ченемсиз,
Такты ээлеген баштан да.
( Эне тил кымбат)

## МАЗМУНУ

**ПОВЕСТТЕР**
БАЛА ЖАНА ААЛАМ ........................................ 4
АЧА ЖОЛ ........................................61
**ПЬЕСА**
КАЙРЫЛБАЙ КАЛГАН ОБОНДОР........................120
**АҢГЕМЕЛЕР**
БИР ТАЛ ЧАЧ ........................................144
ЖАШЫЛ ЧАК ........................................149
ТОКСОНУНЧУ ЖЫЛДЫН ПЕРЗЕНТИ ..................152
ЖАңЫЛАНУУ ........................................159
АТА ........................................161
КАРГАШАЛУУ КҮН ........................................170
КУРМУШУ ........................................172
КИМ БИЛЕТ ........................................174
КАРЕК ........................................178
АЛАЙ КҮНДӨЛҮГҮ........................................184
БАЛА. БЕЙИТ. СҮЙҮҮ ........................................234
ПАСПОРТ ........................................239
ТАМЧЫ........................................243
**БӨБӨКТӨР ҮЧҮН ЫРЛАР**
ТЕЗ ҮЙРӨН ........................................248
КОНФЕТ ДЕП ........................................248
КИМИСИ ТУУРА ........................................248
БИЛЕМ ДЕБЕ БИЛБЕСЕҢ. ........................................249
АЙТЫП БЕРЧИ ........................................249
ЭКИ ДОС. ........................................249
МАЕК........................................250
СЕН ДА БААТЫР БОЛОСУҢ. ........................................251
ЖОЛДО ОЙНОП. ........................................251
ЖАРАШАТ........................................251
КИМ АЙТАЛАТ ........................................252
ЧЫНБЫ. ........................................252
СЕРГЕК БАЛА. ........................................252
ЖАКШЫ ЭМЕС........................................253
АЙ БЕТИНЕ КОНОСУҢ. ........................................253

900 сом



КИМИСИ ТУУРА.........................................253
ЖООП. ...................................................253
ЧОҢОЙГОНДО .........................................254
КАЛБАЙЫН ДЕП УЯТКА ...........................254
АЙРӨК ...................................................254
УЯТ......................................................255
ТҮШҮНГҮН .............................................255
ЖЕРДИН КҮЗГҮСҮ ..................................255
**ЖАҢЫЛМАЧТАР**
МЕНДЕ БАР ............................................258
БОЛОТ КАС ...........................................258
ТООГО ЧЫКСАМ .....................................258
КАРАГАТ ...............................................258
ТУЛПАР БОЛА КАЛСАЧЫ..........................259
АЛАБАШ ................................................259
КОЗУЛАР ...............................................259
СУГАЛАКТАР .........................................259
ӨРӨӨНДӨ ..............................................260
ЖАЛКООНУН ЫРЫ ..................................260
БААТЫРМЫН...........................................260
**ТАБЫШМАКТАР** ....................................261

Терүүгө 18.01.16 ж. берилди.
Басууга 22.03.2016 кол коюлду.
Форматы 84х60 1/16. Офсет кагазы
Көлөмү 16,25 басма табак. Нускасы 1000 даана.

«Принт-Экспресс» басмаканасында басылды.
Бишкек ш., Профсоюзная көч., 49

## Автордун жарык көргөн жыйнактары

1. “Мен да сагындым.” Аңгемелер. – Ф.: Мектеп, 1977 ж.
2. “Алай күндөлүгү.” Аңгемелер. – Ф.: Кыргызстан, 1982 ж.
3. “Кырчын курак.” Аңгемелер. – Ф.: Мектеп, 1984 ж.
4. “Жээк.” Повесть жана аңгемелер. – Ф.: Мектеп, 1988 ж.
5. “Үчүнчү муун.” Повесть жана аңгемелер. – Ф.: Адабият, 1990 ж.
6. “Фронттон келген каттар.” Улуу Ата Мекендик согуштагы жоокерлердин каттары. – Кант, 1995 ж.
7. “Кыргыз элинин улуу комиссары.” Документалдуу баян. – Ф.:Кыргызстан, 2002 ж.
8. “Эне жана жер.” Повесттер жана аңгемелер. – Б.: Бийиктик, 2006 ж.
9. “Минордук ноталар.” Аңгеме=эсселер, ой толгоолор, ырлар, төп саптар. – Б.: Бийиктик, 2002 ж.
10. “Мээнет.” Публицистикалык деректүү баян. – Б.: Бийиктик, 2006 ж.
11. “Сүйүү тамырлары” Повесть, аңгемелер жана ырлар. – Б.: Бийиктик, 2011 ж.
12. “Ак Шоола.” Очерктер жана публицисткалар. Б. Маткеримова менен авторлош. – Б.: Турар, 2012 ж.